Т. Н. Өмүрбеков
Т. К. Чоротегин

# КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

# 8


*Ормон хан*


*Курманжан датка*


*Калыгул Бай уулу*


*Арстанбек Буйлаш уулу*


*Нурмолдо Наркул уулу*


*Тайлак баатыр*

Т. Н. ӨМҮРБЕКОВ, Т. К. ЧОРОТЕГИН

# КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

## XIX кылым

Жалпы билим берүүчү орто мектептердин
8-классы үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

Кайра иштелип, толукталып, экинчи басылышы

Бишкек
2009

Министерство образования
Кыргызской Республики
Ошская обл. Араванского р-на
Средняя школа
№ 12 им. М. КАДЫРОВА
19 г.
24

ББК 63.3 (2 Ки) я 721
Ө-99

***Биринчи басылышы 1998-ж. чыккан.***

***Жооптуу редакторлору:***
Тарых илим. док., проф., Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, КРУИА корреспондент-мүчөлөрү: Кушбек Үсөнбаев, тарых илим. док., проф., КР илимине эмгек сиңирген ишмер Өскөн Осмонов, тарых илим. док., проф. Аблабек Асанканов.

***Рецензенттери:*** тарых илим. док., проф., КР илимине эмгек сиңирген ишмер ***Закирбек Эралиев***, тарых илим. кан., доц. ***Аскар Беделбаев***.

ISBN 5–655–01472–6

© Т. Н. Өмүрбеков, Т. К. Чоротегин
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2009
© «Aditi» Б, 2009

# МАЗМУНУ

**I глава. Кыргыздар Кокон хандыгынын курамында..................................5**

§ 1. Кокон хандыгы жана Кыргызстандын түштүгүнүн хандыкка бириктирилиши..................................................5

§ 2. Кыргызстандын түндүгүнүн Кокон хандыгына бириктирилиши. Кыргыз-орус элчилик байланыштары........................9

§ 3. Кыргыздардын Кокон хандыгынын тушундагы саясий жана социалдык-экономикалык абалы.................................16

**II глава. Түштүк Теңир-Тоо элдеринин цинь-манчжур үстөмдүгүнө каршы боштондук күрөшү.....................26**

§ 4. Чыгыш түркстандык жергиликтүү калкты циндик бийликтердин улуттук эзүүсүнүн күчөшү.............................26

§ 5. Жааңгер кожонун (Жахангир) кыймылы жана кыргыздар. Суранчы.......30

**III глава. Кыргыздардын XIX к. орто чениндеги көз карандысыздык үчүн күрөшү. Феодалдык ич ара чыр-чатактар......................................37**

§ 6. Кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшү..............................37

§ 7. Кыргызстандын түндүгүндөгү уруулар аралык чыр-чатактар. Боронбай. Ормон хан..........................................43

§ 8. Кенесары Касымовдун (хан Кене) чапкынына каршы көз каранды эместик үчүн күрөш..................................49

§ 9. Кокондук төрөлөргө каршы 40-50-жж. кыргыздардын кыймылы..56

§ 10. Кокон хандыгында феодалдык ич ара жаңжалдардын курчушу..............59

§ 11. Кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышы........................63

**IV глава. Кыргыз элинин XIX к. биринчи жарымындагы маданияты.............................................68**

§ 12. Оозеки жана жазма маданият. Музыка..........................................68

§ 13. Элдик билимдер. Диний ишенимдер. Элдик оюн-зооктор. Заттык маданият...............................................75

**V глава. Кыргызстан Орусия империясынын колониясы......................83**

§ 14. Түндүк кыргыз урууларынын Орусияга каратыла башташы............83

§ 15. Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү кыргыз урууларынын Орусия империясынын кол астында калышы.........87

§ 16. Ички Теңир-Тоо кыргыздарын каратуу.........................................97

§ 17. XIX к. 60-жж. Түштүк кыргыздардын коомдук-саясий абалы...............103

**VI глава. Чыгыш Түркстандагы элдердин Цинь империясына каршы улуттук-боштондук кыймылы......115**

§ 18. Ганьсу, Шэньси, Синьцзян провинцияларындагы дунгандардын көтөрүлүшү. Йакуб бек жана анын «Жети шаар» мамлекети..............................115

§ 19. Дунган, калмак жана уйгур элдеринин Жети-Сууга журт которуулары. Бий Янху..............................................119

**VII глава. Кыргызстандын түштүгүн Орусиянын курамына бириктирүү....124**

§ 20. Кокон көтөрүлүшү (1873-1876-жж.)..................................124

§ 21. Элдик кыймылдын экинчи этабы..........................................131

§ 22. Кыргызстандын түштүгүн Орусияга каратуунун толук аякташы.......135

**VIII глава. Кыргызстан XIX к. акыркы чейреги – XX к. башында.......143**

§ 23. Падышалык Орусиянын административдик, агрардык жана алык-салык саясаты..............................................143

§ 24. Кыргызстандын Орусияга каратылгандан кийинки социалдык-экономикалык өнүгүүсү..............................148

§ 25. Анжиян көтөрүлүшү................154

**IX глава. Кыргызстандын калкынын XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы маданияты..................159**

§ 26. Оторчулук (колониялдык) доордогу кыргыз элинин салттуу маданияты..............................................159

§ 27. Маданияттагы жаңы көрүнүштөр..............................................166

Сөз аягы.............................................172

Хронологиялык таблица..................173

Класстан тышкары окуу үчүн кошумча адабияттар..................................175

# I глава. КЫРГЫЗДАР КОКОН ХАНДЫГЫНЫН КУРАМЫНДА

## § 1. Кокон хандыгы жана Кыргызстандын түштүгүнүн хандыкка бириктирилиши

**Кыргызстандын түштүгүн хандыкка бириктирүүнүн жүрүшү.** Кокондук бийлик эгелери кыргыз жерине көз артып, кыргыздардын үстүнөн үстөмдүгүн орнотууга умтулуп турушкан. Мындай максаттарын ишке ашырууну алар адегенде Коконго танапташ жаткан өрөөндөрдү жердеген кыргыздарга ыдык көрсөтүп, удаама-удаа жортуул-дарды уюштуруу менен башташат. Бирок кыргыздарды багындыруу оңой-олтоң ишке ашкан жок. Кыргызстандын түштүгүн баш ийдирүү үчүн күрөш узакка созулуп, дээрлик 60 жылга жакын убакытты камтыды **(1762—1821).**


**XVIII к. 60-жж. Ирдана бийдин** Ферганадагы ийгиликтүү согуштук аракеттеринин жана басып алуучулук тышкы саясатынын натыйжасында кокондуктардын ээлиги кеңейип, күч-кубаты артат. Ушундай кырдаалда Кокондун улугу кыргыз уруулары менен буга чейинки ынтымакты бузуп, аларды багындырууга жана кыргыз жерлеринин эсебинен өз ээлигин кеңейтүүгө жан үрөп киришкен. Кокон төрөлөрү менен кыргыз бийлеринин ортосундагы мамилелер жылдан-жылга курчуй берген.

**Кокондук аскерлердин алгачкы жортуулдары. Ажы бий.** 1762-ж. кыргыз улуктары **Маматкул бий**[1] менен **Арзымат бий** Кокон улугуна каршы чечкиндүү күрөш баштоого бел байлашат. Ушул максатта алар агаин-тууган сарыбагыш бийлери Черикчи менен Темиржанга жардам сурап кайрылышат. Бирок алардын ойлогон ою ордунан чыкпай калды. Анткени аталган бийлер ынтымакка келбей коюшат. Коконго кол салмак түгүл, ал кезде кыргыз бийлеринин башы бирикпей, ич ара чыр-чатактары ырбап турган эле. Мына ушундай абалдан пайдаланып, Ирдана бий 1762-ж. кыргыздарга тиешелүү Өзгөн жана Ош шаарларына жортуул уюштурат.

Жортуул учурунда Кокон аскерлерине ичкилик, адыгине, моңолдор урууларынын улугу **Ажы бийдин** колу катуу каршылык көрсөттү. Бир нече жолку салгылашуулардан кийин оор жоготууларга дуушар болгон кыргыз колу тоо тарапка чегинип кетет. Ошол эле жылы кушчу Нарбото бий Ирданага баш ийүүнү каалабай, ага каршы күрөшүүгө күчү жетишсиз болгондуктан, кушчу уруусун ээрчитип, Чыгыш Түркстанга журт которот. Ал тараптан Нарбото бий жаңы жоо – манчжурларга кабылып, үч жыл өткөн соң элин баштап, Ферганадагы өз ата конушуна кайтып келген эле.

1764-ж. Кокондун акими Хожентке жортуулга кеткенде, коргоосуз калган

[1] Маматкул бий - XVIII к. 20-30-жж. калмак хандарынын чапкындары өтө күчөгөндө Фергана, Гиссар, Гулябга оогон Аркалык кыргыздардын улугу. Бул кезде (50-жж. аягы — 60-жж. башында) ал 90го таяган эле.




*XIX к. башында Кокон хандыгынын күч алышы*

Кокон ээлигине Ажы бий капилеттен чабуул коёт. Ошондо Кокон аскерлери орто жолдон кайра тартып, кыргыздар менен согуша баштайт. Салгылашуу учурунда кыргыз колу жеңилип, Ажы бий туткунга түшөт. Бирок ал көп өтпөй туткундан кутулуп чыгып, кол курап, Кокон хандыгына каршы айыгыша күрөшүп жатып жеңишке ээ болот. Натыйжада Ош аймагы кайрадан кыргыздардын карамагына өтөт.

Кокондук төрөлөр кыргыздарды тынчтык жолу менен өз тарабына тартуу үчүн аларга кээде ар кандай чиндерди, мансап-мартабаларды ыйгарчу. Кээде алык-салыкты жеңилдетчү, жакшы жайыттарды убада кылчу. Андыктан айрым кыргыз уруулары өз ыктыяры менен хандыктын карамагына өткөн. Арийне, Түштүк Кыргызстандын көпчүлүк чөлкөмдөрү күч менен баш ийдирилгени талашсыз. Ал эми хан бийлигин каалабаган жана ага каршылык көрсөтүүгө дарманы жетпеген кыргыз уруулары Кыргызстандын түндүгүнө журт которуп кетишкен.

80-жж. карата Кокон хандыгы ферганалык кыргыздардын кыйласын, Чирчик суусунун аркы тарабындагы кыргыздарды багындырууга үлгүрөт. Бирок Ферганадагы тоо этектерин жердеген кыргыз уруулары менен алайлык кыргыздар өз алдынчалыгын сактап кала беришти. Аларды кокондуктар XVIII к. аягы XIX к. башы ченде түрдүү амал-айла, күч колдонуу аркылуу өз таасирине имере алды. Ал эми кыргыз калаасы Ош адеп багындырылганда Анжиян вилайетине кирген. Кийинчерээк Ош аймагы өзүнчө вилайет болуп бөлүнүп чыгат. Ош менен Алайда өз таасирин бекемдегенден кийин Кокон хандары Түштүк Кыргызстандын бөлөк чөлкөмдөрүнө жана аркалык кыргыздар тарапка баскынчылык аракеттерин улантышкан.

**Кетмен-Төбөлүк кыргыздарды каратуу. Сатыке.** Кокон хандыгы **Нарбото бий (1770—1800), Алим хан (1800—1809)** бийлик кылган жылдарда Кетмен-Төбө өрөөнүнө тез-тез жортуул уюштуруп, мындагы кыргыздарды кыйла жыл баш ийдире албай турду. Кетмен-Төбөгө **Омор** хан (1809— 1822) да сугун арткан. Кетмен-Төбөлүк кыргыздардын кокондук баскынчыларга каршы күрөшүнө **Сатыке** баатыр жетекчилик кылды.

1821-ж. кышында көчмөндөр үчүн өтө оңтойсуз учурда Омор хан Кетмен-Төбөгө аскер жөнөтөт. Кокон аскерине буга чейин далай ирет кыргыздарга кол салып, көчмөндөр менен согушуунун сырын мыкты өздөштүргөн аскер башчы, Наманган акими Сейидкул бек колбашчылык кылды. Баскынчылар Кетмен-Төбөдөгү кыргыз чеп-коргонуна капыстан кол салып, жеңишке жетишишкен.

Кокон хандарынын Кыргызстанды басып алуусун кыргыз уруу башчыларынын өз ара кагылышуулары, биримдиктин жоктугу кыйла жеңилдеткен. Кокондуктар аларды кайраштырып, бирин экинчисине каршы тукуруп турган. 1821-ж. күзгө жуук Омор хан кыргыздардын кутлук-сеит уругунун башчысы, ошол кезде Касан шаарынын акими катары ханга кызмат өтөп жаткан Бекназар бийди Ош — Кашкар аралыгында көчүп-конуп жүрчү кыргыз урууларына каршы жумшайт. Ал хандын ишенимин ойдогудай аткарып,

боордошторун талап-тоноп, туткундар менен кайткан. Кокон ханы айрым өзүмчүл, түшүнүгү тайкы уруу башчы бийлерге таянып, кыргыз жерлерин улам четинен басып ала берген. **Негизинен XIX к. биринчи чейрегинде Түштүк Кыргызстанды кокондуктар толук каратып бүтөт.**

**Кыргыздардын хандыктын саясий турмушуна катышуусу**. Кокон хандыгы кыргыздар менен өзбектер өңдүү тектеш элдер жанаша жашаган Фергана аймагында түзүлгөн. Ферғананын бир өңүрүн ээлеген кыргыз уруулары хандыктын саясий турмушуна активдүү катышканы анык. Алсак, ордодогу опурталдуу окуяларга, так талашкан күрөштөргө, хандыктын ички, тышкы саясатынын багыттарын аныктоого кыргыз мыктылары түздөн-түз аралашып турушкан.

Кокон хандыгы каратып алгандан кийин жергиликтүү мансапкор төбөлдөр жаңы шартка тез эле ылайыкташып кетишти. Ашкере тыңдары ордодон орун алууга, хандын олжолорунан өзүнө шыралга бөлдүрүүгө умтула башташат. Коконго жакын аймактарды жердеген айрым кыргыз мырзалары ордо кишилеринин катарын толуктаган. Андайлар жер-жерлерде хандын жарлык, өкүмдөрүнүн аткарылышын көзөмөлдөп, жан-дили менен анын саясатын жүргүзүп турушту. Атүгүл алар кокондук төбөлдөрдүн кийинки жылдардагы жортуулдарына катышып, али көз каранды боло элек кыргыз урууларын багындырууга көмөк көрсөтүшкөн.

Ошону менен бирге калк ичинде кадыр-барктуу кыргыз ак сөөктөрү хан бийлигине олуттуу коркунуч туудурушчу. Чыгаан инсандар ордодогу кагылыштарга дилгирлик менен катышып турушчу. Хан тукумунун ич ара чатагы ырбаган кезде кыргыз журт башчылары көбүнчө кыпчактар менен бирге болор эле. Кыпчактар негизинен өзбек урууларынын катарына кирчү. Кыргыздардын ичинде да кыргыз кыпчактары бар эле. Кыргыз, кыпчак уруу башчылары 1842-ж. тартып хандык такты, таажы тагдырын өздөрү каалагандай калчап турушту.

Кокон хандары насили өзбек тегиндеги миң тукумунан чыкканы белгилүү. Бирок кийинчерээк айрымдары кыргыз кыздарына үйлөнүп, балдары кыргыздарга жээн болуп, тууганда шып кетишкен. Мисалы, Шералы хандын энеси кыргыз кызы эле. Атасы Хаджи бек Кокондун улугу Нарбото бийдин бир тууганы болчу.

Нарбото бийдин бийлигинин акыркы жылдарында Хаджи бек кыргыз кайындарына жана казак төрөлөрүнө таянып, Кокон өкүмдарына каршылык көрсөтө баштайт. Бирок өлкөнүн калкынын басымдуу бөлүгү болгон өзбектер колдобой койгондуктан, ал бир тууганы менен элдешүүгө мажбур болгон эле. 1800-ж. Нарбото бий өлгөндө Кокондо ханзадалардын ортосунда бийлик талашкан күрөш башталат Акыры Алим хан жеңип, атаандаштарын өлүм жазасына тартат. Каардуу хандан Хаджи бектин өспүрүм балдары Шералы менен Улукбек качып кутулуп, кыргыздардын арасына баш калкалашкан. Куугундан кутулгандан көп узабай Улукбек көз жумат. Шералы кийинчерээк Таласка таякелерине барып туруп калат да, кыр-

гыз кызына үйлөнөт. Андан бала-чакалуу болуп, мал күтүп, тиричилик кылат. Кыргыздар кезеги келгенде **Шералыны** хан көтөрүп, ордодогу бийликти тартып алууну көздөшкөн. Ошондуктан аны Алим хандан жашырып, оңтойлуу учурду чыдамсыздык менен күтүп жүрүштү. Шералы Таласта Коён-Токой деген жердеги Жанболот бийдин ээлигинде (азыркы Бакай-Ата районунда) бир нече жыл жашаган.

Алим хан өтө аксым чыгып, элине жек көрүндү болот. Тынымсыз баскынчыл жортуулдарды уюштуруп, миңдеген бейкүнөө адамдардын канын төккөн. Ал бийлик кылган жылдарда Кокон хандыгынын ээлиги коңшу кыргыз, казак, тажик элдеринин эсебинен кыйла кеңейип, Фергана толугу менен Коконго кошулган. Кыргыздар ага атчан аскер берип турду («кыл куйрук»). Бирок кокондуктар кыргыздардын ички иштерине кийлигишүүгө батына алган эмес. Хан бийлиги салык алуу, кээде кол куроо үчүн жигит жыйноо менен гана чектелчү. Албетте, Кокон ханы өз таасирин чыңдоо максатында кыргыз мыктыларынан аскер башчыларды жана ордо кызматкерлерин дайындап, аларга **аким, паңсат, парваначы, датка, бек** ж.у.с. мансап-мартабаларды ыйгарып турган.

Кыргыз бийлери Омор хан менен Мадалы хандын (1822—1842) тушунда да кырдаалга жараша ордодогу окуяларга активдүү катышышкан.

Айрыкча хан сарайда так талашкан күрөш күчөгөн коогалаңдуу 40-жж. Кокондун саясий турмушунда кыргыздардын зоболосу аябагандай өсүп, бийлик убактылуу кыргыз бийлеринин колуна топтолот.

**Демек, кыргыздар Кокон хандыгында жеринен чечүүчү күч болуп, бийликтин бир ыптасын чоюп турушкан.**

### ? Суроолор:

1. Кокондук төрөлөр кыргыз жерине эмне үчүн кызыгышкан?
2. Маматкул бий, Ажы бий жөнүндө эмнелер эсиңерде калды?
3. Кокондуктар Түштүк кыргыздарды качан, кантип, кандай ыкмаларды колдонуп багындырышты?
4. Кыргыздар хандыктын саясий турмушуна катышканы жөнүндө айтып бергиле?
5. Шералы ханзада кыргыздардын арасында эмне үчүн жашады эле?

## § 2. Кыргызстандын түндүгүнүн Кокон хандыгына бириктирилиши. Кыргыз-орус элчилик байланыштары

**Кокондук аскерлердин XIX к. 20-30-жж. баскынчылык жортуулдары.** Кокон хандыгы XIX к. биринчи чейрегинин акырына карата Кыргызстандын түштүгүндө өз таасирин орноткон соң, эми аркалык кыргыздарды багындырууга аракет жасай баштайт. Өрүшү кенен, малга жайлуу, ажайып кооз Ала-Тоо аймагы, жергиликтүү элдин түмөндөгөн төрт түлүк малы кокондук төрөлөрдүн сугун арттырган. Алар кыргыздарга түрдүү салык салып, толгон-токой мал, эгин жана аскерлерге күч, унаа үчүн жылкы алып турмак.

Кокон хандыгы Түндүк Кыргызстанды багындырууну Чүй өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына кол салуу менен баштады. Хандыктын Ташкентти каратып алуу максатында жүргүзгөн согуштары дээрлик он жылга созулуп, XIX к. башында (1799—1809) жеңиштүү аяктагандан көп өтпөй, **1822-ж. Олуя-Ата чеп-коргону (Тараз)** курулат. Бул келечекте Чүйгө, Таласка жортуул уюштурууга алдын ала көрүлгөн камылга эле. Ал кезде сары өзөн Чүйдү мекендеген солто жана сарыбагыш урууларынын ич ара чыр-чатагы күч алып, кыргыздар менен Улуу жүз казактарынын кагылышуусу тыйылбай турду. Тоолуктардын ич ара доо-талаштарын өз кызыкчылыгына пайдаланууга жедеп маш болгон, өтө эпчил кокондук залимдер **1825-ж.** Чүйгө аскер жөнөтүшөт. 4 миң аскерден турган бул чоң кошуунга Лашкар кушбек колбашчылык кылган. Ички биримдиктин жоктугунан чүйлүк кыргыздар жоонун кысымына туруштук бере алышкан эмес. Душман менен бир нече жолку кагылышта кыргыздар жеңилүүгө дуушар болушту. Кокондук сарбаздарга бириндеп каршылык көрсөтүп, айбат кылуудан эч майнап чыкпасына көзү жеткен сарыбагыш, солто урууларынын бир бөлүгү хандын бийлигин таанууга, ага салык төлөөгө макулдугун билдирет.

Ал эми сарыбагыштардын экинчи бир бөлүгү баскынчыларга багынып берүүнү каалабай, **Атаке бийдин** балдарынын жолбашчылыгы астында Көл кылаасына журт которуп кетишет. Чүй өрөөнүндө өз таасирин бекемдеш үчүн кокондук акимдер ошол жылы Бишкек чебин курушкан. Көп өтпөй алар көлдүк кыргыздарга элчи жиберип, багынып берүүнү сунуш кылышат. Бирок ысыккөлдүк кыргыз уруулары хандыктын бул сунуш-талабына макул болушпайт. Уруу улуктарынын Жыргалаң суусунун боюнда өткөн жыйыны элчилердин сунушун четке каккан бүтүм чыгарат.

Кыргыздар оңой-олтоң баш ийип бербесине көзү жеткен Кокон ханы 1831-ж. жазында Ысык-Көлгө, Нарынга эки тараптан жортуул уюштурат. Кокон колунун Ташкент акими Лашкар кушбек баш болгон бир канаты Чымкент, Олуя-Ата, Чүй өрөөнү аркылуу Ысык-Көлгө бет алат. Ал эми миңбашы, хандын мыкты аскер башчыларынын бири Хак-Куланын сыпайлары Көгарттын белин ашып, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын, Жумгал жана Кочкорго бүлүк салып, андан ары Ысык-Көлдөгү кыргыз айылдарына чабуул коёт. Кокон аскерлери атүгүл, Иле чөлкөмүнө, Чыгыш Түркстанга чейин кирип барып, кытай бийлигине коркунуч туудурган. Кыргызстандын түндүгүнө жортуул маалында Улуу жүз казактарынын бир бөлүгүнө да Кокон хандыгынын таасири тараган болчу.

Жогоруда айтылгандай, кокондук баскынчылардын аз убакыт ичинде Теңир-Тоонун туш-тарабына аралай чаап, тез эле жеңишке жетишине кыргыздардын бытырандылыгы, өз ара ынтымагынын жоктугу оңтойлуу шарт түзгөн. Ал тургай, айрым түшүнүгү тайкы, өзүмчүл уруу башчылары башка урууларды багындырууга Кокон аскерине көмөкчү болгон. Ал кезде сарыбагыштар менен саяктардын, саяктар ме-


нен бугулардын, сарыбагыштар менен бугулардын бири-бири менен атаандашуусу аябагандай курчуп турган эле. Алардын чатагын душман өтө эпчилдик менен ого бетер ырбатып, четинен жалгыздатып багындырган. Кыргыз урууларынын ич ара үзбөй байланышып турушуна, жоого каршы жетиштүү сандагы бирдиктүү кол курашына ашуусу бийик тоолор да тоскоол болгон (бөтөнчө кыш мезгилинде). Кокондук сарбаздар аскердик тартиби, даярдыгы, курал-жарагы жагынан кыйла артыкчылык кылган. Алар мылтык, замбирек менен куралданышып, бир колбашчыга баш ийишчү. Кокондук баскынчылардын айрыкча кыш мезгилиндеги жортуулдары кыргыздарды кыйла кыйынчылыктарга кабылтчу. Кышкысын кыргыздар кыштоого түшүп келишип, жай мезгилиндегидей эки жакка жыла албай калчу.

Ошондой болсо да, кыргыздар кыйынчылыктардан эч тайманбай, колго курал алып, Кокон колунун жолун тороп турду. Элеттик эрендер «эл четинде, жоо бетинде» жүрүштү.

**Кокондук чептердин курулушу.** XIX к. 20-30-жж. Кокон хандыгынын күч-кубаты артып, ээлиги кыйла кеңеет. 1832-1834-жж. памирлик кыргыздар, Каратегин, Дарваз, Куляб аймактары багындырылат. Түндүк-чыгышта хандыктын таасири Балхаш көлүнө, Иле өрөөнүнө чейин тарап, чыгышта Кашкардагы саясий окуяларга кийлигише алган. Батышта Кокон ээлиги Жызак, Түркстанга чейин созулган. Зор аймакты каратып алган Кокон хандыгы жаңы ээликтерде үстөмдүгүн бекемдөө, чек араларды, соода кербендерин коргоо максатында жана кыргыздарды бийлептескеп туруу үчүн бир катар чеп-коргондорду курат. Алсак, Чүй өрөөнүндө Бишкек, Токмок, Ак-Суу, Чалдыбар, Кара-Балта, Мерке чептери түптөлөт. Ал эми Ички Теңир-Тоодо Ат-Башы, Куртка, Тогуз-Торо, Кочкор, Жумгал чептери, Көл боюнда Тоң, Жаргылчак, Тамга, Барскоон, Каракол чеп-коргондору пайда болгон. Куртка менен Бишкек кокондук бектердин турагы катары эсептелчү.

Чептерде сарбаздардан тышкары көптөгөн кокондук соодагерлер да жашачу. Чептердин бектери бул тарапка көчүп келүүгө ынтызар өзбектерге дилгирлик менен көмөк көрсөтүшкөн. Натыйжада Түндүк Кыргызстанга өзбек кол өнөрчүлөрү, соодагерлер агылып келе баштайт. Келгендер адегенде чептерде жашап турушат да, кийинчерээк кыштактарды негиздешип эгин эгип, багбанчылык кылууга киришишет. XIX к. орто ченинде Тогуз-Торо, Жумгал, Ак-Суу жана Кара-Балта чептеринин айланасындагы өзбек кыштактарынын ар биринде 100гө жакын үй-бүлө түтүн булатып турган. Токмокто 200 түтүн, Курткада 400дөй түтүн, Бишкекте 1000ге жакын түтүн өзбек жашачу.

Аталган чептердин эң ирилери Бишкек, Токмок жана Куртка эле. **Бишкек чеби 1825-ж. негизделген болчу.** Бул чеп мурдатан кербендер менен жолоочулар үзүлбөгөн чоң жолдун боюна курулган эле. Уламыш боюнча мындагы дөңсөөгө XVIII к. 70-жж. солтонун берени **Бишкек** баатырдын сөөгү коюлган. Ага арнап төбөсү бийик




*Кыргызстанды Кокон хандыгынын каратып алышы*

заңгыраган күмбөз тургузулган. Адегенде ал жер Бишкектин күмбөзү, бейити деп аталчу. Кийинчерээк Аламүдүн суусунун батыш тарабындагы көк майсаңдуу жашыл жайык, көк өтөк Бишкек деп аталып кеткен. Ошондуктан кокондуктардын жаңыдан түптөлгөн чеби дагы Бишкек деп аталып калат. Чүй өрөөнү кийин Орусияга каратылганда орус төрөлөрү Бишкекти өз тилине ылайыктап Пишпек деп өзгөртүп алышкан.

Бишкек чебинин улугу **бек** же **датка** наамын алып жүрчү. Ага Ак-Суу, Токмок чептери да баш ийчү. Адатта чепте 150-170 сарбаз турчу. Ал эми согуш маалында алардын саны 700гө жетчү. Чеп Аламүдүн суусунун сол жээгинде төрт бурчтуу кош кабат коргон сымак курулган. Сырткы дубалынын бир ыптасынын узундугу 150 саженге, бийиктиги 2,5 саженге, калыңдыгы 4 саженге барабар болгон. Аны айланта туурасы 2 сажень[1] келген терең аң казылган. Бишкек чеби кокондук төрөлөрдүн Кыргызстандын түндүгүндөгү башкы таянычы эле. Бүтүндөй Түндүк Кыргызстанды, атүгүл Иле чөлкөмүн ушул чептеги аскерлер көзөмөлдөп турушчу. Сарбаздардан тышкары Бишкекте кокондук аким, бектер, салык-зекет жыйноочулар, ташкенттик, намангандык, маргалаңдык, анжияндык соодагерлер турушчу. Алар кыргыз айылдарында соода-сатык кылышып, жергиликтүү эл менен өз ара карым-катнашта болушчу.

**Токмок чеби** 30-жж. башында курулган. Бул чеп дагы төрт бурчтуу болуп, түштүктөн түндүккө карай узундугу 75 сажень, батыштан чыгышка туурасы 30 сажень, бийиктиги 3,5 аршин[2] эле. Токмок чебиндеги сарбаздар (70 киши) Чүй суусунун төрүндөгү кыргыздар менен казактарды көзөмөлгө алышчу.



*Бишкек чеби*

Чүй боорундагы Ак-Суу, Ашмара, Мерке, Ит-Кечүү чептеринде да 50-80ден сарбаз турчу.

Нарын тараптагы чептердин чоңу **Куртка чеби 1832-ж.** Айгыр-Жал деген жерде Нарын дарыясынын оң жээгиндеги бийик секиге тургузулган. Чептин узундугу 200 саженге жетип, үч тарабы дубал менен курчалып, бир тарабы дарыяга такалчу. Куртка чеби кокондуктардын Ички Теңир-Тоодогу башкы чеби эле. Чептин бегине бул аймактагы башка чептер толук баш ийген. Чептин соода түйүнү катары да мааниси зор болгон. Куртканын базарында кокондук, кашкарлык соодагерлер ички теңир-тоолук кыргыздар менен алака кылышчу.

[1] Сажень – орустардын узундук чен-өлчөмү, 1 сажень 2,13 м.ге барабар.

[2] Аршин – орустардын узундук чен-өлчөмү, 1 аршин 0,71 м.ге (71 см) барабар.

**Кыргызстандын түндүгүнүн Орусия менен элчилик алакалары.** XIX к. биринчи чейрегинде Кокон хандыгы тараптан кол салуу коркунучу күчөгөн кезде айрым аркалык кыргыз урууларынын билермандары Орусия сыяктуу чоң өлкөдөн жардам алуу, калканч табуу үмүтү менен ал жакка элчи жөнөтө башташат. Буга Цинь империясынын душмандык аракеттери да түрткү болгон. Кыргыздар менен ымала кылууга Батыш Сибирдеги орус төрөлөрү да ынтызар эле. Анткени Кыргызстандын түндүгү аркылуу Чыгыш Түркстанга ж.б. өлкөлөргө өтчү соода жолунун бейкуттугун, орусиялык кербендердин коопсуздугун кыргыздар гана камсыз кыла алмак.

Орусиялык көпөстөрдүн Ала-Тоо аймагын аралап өтүшү үчүн кыргыздардын макулдугун алуу максатында орус улуктары Ысык-Көлгө бир нече (3) кербен жөнөтүп, бугунун бийлерине атайлап кат менен кайрылган. Алсак, андай кербендер 1811-1812, 1813-жж. жөнөтүлгөнү белгилүү. Кербендердин бирин Шералы бий жана Ниязбек бий меймандостук менен жылуу кабыл алып, сый-урмат көрсөтүшкөн. Бийлер орусиялык кербендердин коопсуздугун камсыз кылууга, Кытай чегине чейин өз жигиттерин кошуп берүүгө убада беришет.

**1813-ж. кеч күздө (21-ноябрь)** ысыккөлдүк кыргыздардын **Шералы бийдин уулу Качыбек, Ниязбек бийдин уулу Жакыпбек** баш болгон элчилери **Семейге** жол тартат. Элчилер **1814-ж. 5-январда** Семей чебине келип, Батыш Сибирдин генерал-губернатору Г. И. Глазенап менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт. Кыргыз элчилери өз эли Орусия менен соода-сатык жүргүзүүнү каалашарын, алардын мекени аркылуу коңшу өлкөлөргө орусиялык жолоочулардын бейкапар өтүшүн камсыз кылууга көмөктөшүүгө даяр экендигин билдиришкен. Элчилер өздөрүн Петербургта жөнөтүүнү өтүнүшкөн. Бирок алардын бул өтүнүчүнө Г. И. Глазенап макул болгон эмес. Ал падышанын ошол кезде борбордо жок экенин шылтоо кылган.

Орус төрөсү Орусия мамлекети кыргыздар менен экономикалык жана саясий карым-катнаштарды мындан ары улантууну, өнүктүрүүнү көздөөрүн билдирет. Кыргыз элчилерине падышанын атынан урмат көрсөтүлөт. Качыбекке алтын чен (медаль), Жакыпбекке каухар таш чөгөрүлгөн кымбат баалуу шакек тартуу кылынат. Мындан тышкары Г. И. Глазенап элчилерге капитан наамын, атайын аларга арналган кылычтарды ыйгартууга убада берет. Элчилер Омск ж.б. чептерде, Барнаулдагы заводдордо болушат. Ысык-Көлгө кайтканда алар Батыш Сибирдеги орус бийлигинен кат ала келишет.

XIX к. 20-жж. ысык-көлдүк кыргыздардын орус төрөлөрү менен саясий байланыштары кайрадан жандана баштайт. Буга кыргыз айылдарына келген орусиялык соодагерлердин ишмердиги да түрткү болгон. Алсак, Семейдеги орус көпөсү С. Поповдун кызматчысы казандык татар Файзулла Сейфуллин, Семейде жашоочу ишимдик мещанин Б. А. Пиленков жана казак султаны Галий Адыловдун төлөңгүтү Уйсунбай Шүкүров бугунун үч уругунун (желдең, арык, белек) бийлерин Орусияга элчи жиберүүгө көндүрүшкөн. Орусияга жаңы элчилик жөнөтүүгө Кокон хандыгынын баскынчылык аракеттеринин күч алышы, Кытай богдыханынын аксымдыгы, бугулардын саяк, сарыбагыш ж. б. уруулар менен чатакташуулары да себеп болгон.

Ысык-Көлдүк кыргыздар **1821-ж.** жана **1824-ж.** Омскиге элчилерин жөнөтүшкөн. ***Акылбек бий Олжобай уулу, Алгазы бий Шералы уулу, Алымбек***

***бий Жапалак уулу*** баш болгон кыргыз элчилери (12 миңдей түтүн элдин атынан) **1824-ж. декабрда Семейге, 1825-ж. башында Омскиге** келишет. Омскиде элчилер 25-майга чейин болуп, Омск облусунун акими С. Б. Броневский менен кезигишип, ага бугунун үч уругунун бийлеринин катын тапшырышкан. Кийинчерээк кыргыз элчилерин Батыш Сибирдин жаңы генерал-губернатору П. М. Капцевич кабыл алат. Элчилер орус төрөлөрүнөн коңшу уруулар менен кагылыштарда бугу уруусуна калканч болууну, колдоо көрсөтүүнү өтүнүшкөн жана орусиялык кербендерди Кашкарга, Ак-Сууга чейин коштоп барууга эли (бугулар) даяр экендигин билдиришкен.

Омскидеги орус бийлиги элчилерге кыргыздар менен мындан ары карым-катнаштарын жакшыртууга убада кылган. Урмат көрсөтүү иретинде элчи башы үч бийге алтын медаль ыйгарылат. Элчилер элине кайтканда 50 казак-орустан турган чакан кошуун коштоп, кыргыз жерин карай сапарга аттанган. Кошуунга адегенде подполковник Ф. К. Шубин, кийин хорунжий Т. В. Нюхалев башчылык кылат. Кошуун менен аскер дарыгери, теги поляк Ф. К. Зибберштейн кошо чыгып, жолдо көргөн жерлери, бугулар тууралуу кеңири баяндаманы жазып отурган. Ал кол жазма түрүндөгү баянында кыргыздардын чарбасына, коомдук түзүлүшүнө, турмуш-тиричилигине, саясий абалына, табиятына токтолгон. Орусиялыктар кыргыз бийлерине Омскидеги орус төрөсүнүн катын жеткиришкен.

1825-ж. августта элчилер Ысык-Көлгө кайтып келишет. Элчилик байланыштардын кыйла тереңдеген мезгили 40-жж. туура келет.

## ? Суроолор:

1. Кокон хандыгы Кыргызстандын түндүгүн качан жана кандайча каратып алган?
2. Кыргыз урууларынын ошол кезде өз ара мамилелери кандай эле?
3. Түндүк Кыргызстанда кокондуктар өз чептерин эмне үчүн жана качан курушкан?
4. Бишкек чеби курулган жер жөнүндө кандай уламыштар бар?
5. XIX к. биринчи чейрегиндеги кыргыз-орус элчилик алакалары тууралуу эмнелерди билесиңер?

## Документтик материалдар

**1824-ж. 6-декабрда Омскидеги орус акими С.Б. Броневскийге элчи Акылбек бий Олжобай уулу алып барган каттан:**

«Өткөн жылдарда Сиздердин соодагерлер сурангандай, биз Сиздерге өзүбүздөн өкүл жибере албадык, анткени Сиздер менен эч кандай карым-катнашыбыз жок болчу. Мындан үч жыл илгери Кашкарга сапар тартып бара жаткан көпөс Файзулла Сейфуллин аркылуу Сиздер берип жиберген катты алдык, бирок ал кезде Сиздерге өкүлдөрдү жөнөткөнгө убакыт болгон эмес. Быйыл (үстүбүздөгү жылы) бизге келген султан Галий Адыловдун төлөнгүтү Уйсунбай Шукуровдун, ошондой эле Файзулла Сейфуллиндин жана Петр Андреевичтин (Пиленков — семейлик көпөс) чакыруусу боюнча

биз өзүбүздүн өкүлдөрүбүздү падыша сарайына жиберет деген ишеним менен жөнөттүк.

Биз таазим кылып муну өтүнөбүз. Кашкар менен Ак-Суута сиздердин кербенди коштоп барууну каалайбыз. Бирок биздин Ордодо (аймакта) шок кыргыздар бар, аларды тескеп-тыюуга мүмкүн эмес, андыктан, аларды жоошутуп тынчытууга бийликти колдонуудан кайра тартпаңыздар...

Ал эми өзүбүздүн карамагыбыздагыларга биз кепил болобуз, бөлөк кыргыз уруктары бизди укпайт, анткени алардын султандары жок. Биз өкүмдар императордун букара кыргыздары (казактар) анын калкалоосуна таянып, тынч жашап жатканынан кабар алдык, ошондуктан биз өкүмдардын бизге калканч болуусун кааларыбызды билдиребиз...»

**Батыш Сибирь генерал-губернаторунун кыргыз бийлерине жооп каты:**

«Улуу урматтуу (ардактуу) бийлер, Сиздердин Кашкар менен Ак-Суута көпөстөрдүн кербендерин коштоп баруу тууралуу мактоого татыктуу сунушуңар орусиялык жогорку өкмөткө билдирилди жана зор кызыгуу, ыраазы болуу менен кабыл алынды. Силер менен биздин ынтымакты түбөлүккө бекемдөө үчүн Орусия сиздерге өзүнүн колдоосун, калкалоосун сунуш кылат, биздин соодабызга такай жана сөзсүз түрдө көмөк көрсөтүшөт, көпөстөрдүн кербендерин коштойт жана коргойт, каракчы кишилердин топторун тынчытат жана талоончулукту токтотот деп Сиздерге ишенет. Ушул ыйык ынтымактуу алака тынчтык менен бейкуттукка данакер болсун жана бак-таалай, бейпил турмуш орносун, кылымдарга аларды Силерге каалайм. Эгерде Силерге Орусиядан калканч зарыл болсо, анда бизге өз кишилериңерди жибергиле (элиңердин муктаждыгын ачык айткыла, талабыңар канааттандырылат)».

## § 3. Кыргыздардын Кокон хандыгынын тушундагы саясий жана социалдык-экономикалык абалы

**Эзүүнүн түрлөрү. Алык-салык системасы.** Кокон хандыгы үстөмдүк кылган мезгилде кыргыздар эзүүнүн көптөгөн жаңы түрлөрүнө кабылып, кыйла азап чекти. Айрыкча Коконго жакыныраак аймактардагы — Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздардын абалы өтө оор эле. Ал эми Түндүк Кыргызстанда, бөтөнчө алыскы тоолуу райондордо коңондуктардын бийлиги анча бекем болгон эмес. Ошондуктан Кокон акимдери бул тарапта атайын көптөгөн чептерди куруп, чептердеги аскерге таянып иш жүргүзгөн.

Жергиликтүү калкты былк эттирбей башкарып туруу жана алык-салыктардын өз убагында төлөнүп турушун камсыз кылуу үчүн аким, бектер чептерде кыргыз ак сөөктөрүнүн тукумунан аманат кармашчу.

Кокон бийлиги учурунда кыргыздарды эзүүнүн негизги түрү — **жер акысы (рента)** катары салык салуу болгон. Адатта хандыкка баш ийдирилген аймакта мал жайгандыгы үчүн көчмөндөр төлөөчү эң оор салык **кой-зекет** деп аталчу. Калыптанган каада-салт боюнча анын көлөмү малдын башынын $^1/_{40}$

бөлүгүнө барабар болмок. Арийне, иш жүзүндө ага эч ким көзөмөлдүк кылбагандыктан, зекеттин өлчөмү өсүп кетчү. Алгачкы жылдарда кыргыздар Кокон хандыгына негизинен **салыктын үч түрүн: түндүк-зекет** — ар түтүндөн бирден кой, **алал-зекет** — 50 жандык малдан бирден жандык, эгинчилер **хараж** — ар кырмандан үчтөн кой төлөп турушкан. Хараж эгин түрүндө алынса, түшүмдүн $^1/_{10}$ кээде $^1/_2$ бөлүгүнө тете болгон. Түшүмдүн $^1/_{10}$ бөлүгүнө барабар жер салыгы кээде **үшүр** деп да аталчу. Мөмө-жемиш багы бар багбандар менен жашылча эккендерге салынчу салык **танап-пулу** (танабан) деп аталчу. Кыргыздардан **аскер салыгын** шылтоо кылып мезгил-мезгили менен түтүнгө бирден **тилла** (алтын акча) же үчтөн кой алышчу. Мындан тышкары Кокон хандыгында эмгекчи элдин эсебинен салыктын көптөгөн бөлөк түрлөрү жыйналып турган. Алсак, солто жана сарыбагыш уруулары чептердеги Кокон аскерлерин жылыга 5 миңдей пуд буудай, тарую менен камсыз кылчу. Ошондой эле алар салык жыйноочу зекетчилерди да тоюндуруп турушкан.

Алык-салыктардынчен-өлчөмү кырдаалга жараша өзгөрүп, жылдан-жылга арбый берген. Адегенде салыктар натуралай алынса, кийинчерээк XIX к. орто ченинен тартып көбүнчө ***акчалай салык*** салына баштайт. Зарыл болгон учурда карапайым калк чеп-коргондордун, жолдун ж. б. курулушунда бекер иштеп берүүгө да милдеттүү эле ***(ашар, мардикер)***. Жер-жерлерде кокондук акимдер менен бектер өздөрүнө киреше жыйнап алууга укуктуу болгондуктан,



*Кыргыздар жайлоодо*

Средняя школа
№ 12 им. Ж. КАДЫРОВА

салыкты каалагандай сала беришчү. Атүгүл Кокон төрөлөрү камыш, куурай, чычырканак чогулткандардан да салык алып турган. Бөтөнчө 50-60-жж. Кудаяр хандын тушунда алык-салыктардын саны арбып (20 дан ашкан), эмгекчи элдин абалы өтө оордоп кеткен.

Кокон хандыгынын жер саясаты кыргыздардын турмуш-тиричилигин ого бетер оорлотту. Кокондук феодалдар, аскер башчылар, диниятчылар акырындап түштүк кыргыздардын дыйканчылык кылуу үчүн оңтойлуу конуштарын ээлеп ала башташкан. Мисалы, Омор хан байлыкка туйтунуу максатында Наманган чөлкөмүн мекендеген кыргыздардын суусу мол түзөң жерлерин алар менен макулдашпай туруп эле өзбек кардарларга сатып жиберген. Ойдуңдагы ата-конушунан ажыраган миң сан кыргыз тоо таянып, сүрүлүп кеткен эле. Фергана өрөөнүндөгү мыкты жерлеринен ажыроо кыргыздардын арасында жакырдыкты күчөтүп, алардын хан бийлигине наразылыгын ырбатты. Ошондуктан кыргыздар өтө активдүү күчкө айланып, кокондук төрөлөргө каршы тынымсыз күрөш жүргүзүшкөн.

Карапайым эмгекчи элди жергиликтүү феодалдык төбөлдөр да талап-тоноп турушкан. Патриархалдык-феодалдык мамилелер, уруу-уруктук байланыштар, ар кандай каада-салттар эзүүнүн маңызын бурмалап, кандаш кара букара калың элдин көзүн будамайлаш үчүн бай-манаптарга ыңгайлуу шарт түзгөн. Кыргыз феодалдарынын ыгым-чыгымы, керектөөлөрү үчүн букара калктан журтчулук, кошумча салык, союш, чыгым ж.б. жыйналчу.

Кембагалдар байдан алган согум, саан (уй, кой-эчки), күч (унаа, мингич — ат, өгүз) үчүн анын күтүрөгөн короокороо кой-эчкисин, үйүр-үйүр жылкысын багып беришчү. Атак-даңктуу адамдардын аш-тоюна сарпталган чыгымдарды чогуу көтөрүшчү. Мындай салтты бузгандар тогуз айыпка жыгылган (төө баштаган тогуз баш мал). Жатакчы эгинчилер үрөн, шайман, унаа үчүн бай-манаптардын аштыгын айдап бере турган. Түштүк Кыргызстанда феодалдык эзүүнүн түрлөрү катары чайрикерлик, шериктик, ортокчулук кеңири тараган (түшүмдүн бир үлүшү үчүн). Кыргыз феодалдары кээде жалчыларды да жалдап иштетишчү. Бай-манаптар бечара жетим-жесирлердин эмгегин пайдалануудан да кайра тартышпаган.

Адам чыдагыс оор турмуш, күндөнкүнгө күчөгөн эзүүнүн түрлөрү кыргыздарды Кокон хандыгына каршы күрөшкө түрттү.

**Кыргызстандын калкы.** Кокон хандыгынын тушунда кыргыз эли бабалардан калган Ата конушун толук ээлеп турду. Ал кезде кыргыздар данга бай, бышыкчылыктуу сары өзөн Чүйдү, мал киндиктүү Теңир-Тоонун чордонун, Көл кылаасын, төрүндө бетеге, тулаңы белден буралган, өрүшү кенен Алай, Аксы, Талас, Чаткалды колдон чыгарган эмес. Кыргыздын кыйласы Фергана өрөөнүндөгү Ош, Анжиян, Наманган вилайеттеринде жашаар эле. Хожент вилайетинде, Памирде, Бухара эмирлигинин ээлигинде жана Чыгыш Түркстанда да жоон топ кыргыз жашачу. XIX к. орто ченинде кыргыздардын саны болжолу 400 миң кишиден ашкан (айрым маалыматтар боюнча 800 миңден ашык).

Кыргыздар көп сандаган уруу, уруктардан турчу. Бугу, сарыбагыш, саяк, солто, черик, саруу, кушчу, басыз, мундуз, чоңбагыш, карабагыш, кыпчак, моңгуш, адыгине, азык, кыдырша, дөөлөс, бостон, тейит, кесек, каңглы уруулары кыргыз уруу бирикмелеринин эң ирилери эле. Алардын ар биринин өз улуктары боло турган.

Ал мезгилде Чүй боорунун борбордук бөлүгү менен батыш тарабы солто уруусунун (12—15 миң түтүн) турагы эле. Алардан чыгышты карай Чүйдүн төрүн, Кеминди жана Ысык-Көлдүн күңгөйүн сарыбагыштар мекендеген (10 миң түтүн). XVIII к. аягы — XIX к. башы ченде сарыбагыштардын бир канаты Ысык-Көлдүн батыш тарабына, Кочкорго, XIX к. 60-70-жж. Нарын, Ат-Башыга журт которгон (Эсенгул уругу — темир, болот, надырбек, черикчи). Саруу, кушчу жана кытай (6-7 миң түтүн), багыш уруусу Талас менен Чаткалды ээлеген. Саяктар (13 миң түтүн) Жумгал, Кочкор, Суусамыр, Кетмен-Төбө, Тогуз-Торону жердечү. Алар Нарын, Ат-Башы, Ысык-Көлдө да бар эле. Чериктер (5-6 миң түтүн) Ат-Башыда, Аксайда жана андан ары Кашкарга жакын аймактарда чоң багыштарга канатташ жашаган. Ысык-Көлдүн чыгыш тарабындагы Жыргаландан Кызыл-Сууга чейинки тескейинде бугу уруусу турчу (15 миң түтүн).

Кыргыздардын адыгине, муңгуш, ичкилик, кыпчак өңдүү ири уруу бирикмелери Түштүк Кыргызстанды ээлеп турган. Адыгине менен муңгуштар Алай өрөөнүндө (5 миңдей түтүн), ичкилик (14 миң түтүн), кыпчактар Ферганада жашашчу. Бул чоң уруулардан тышкары Ош аймагында найман, кытай, базыс, мундуз, төбөй, жедигер, жетиген, дөөлөс, моңолдор, азык ж.б. уруу-уруктар да жашай турган.

**Саясий абалы.** Арийне, кыргыз урууларынын ортосунда туруктуу, тыгыз экономикалык өз ара байланыштар, бекем биримдик болгон эмес. Ич ара феодалдык чыр-чатактар кыргыз элин алсыратып, бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшүнө кедерги болгон. Мындай абал коңшу өлкөлөрдүн кол салып туруусу үчүн оңтойлуу шарт түзгөн. Кыргызстанды каратып алууну жеңилдетүү максатында кокондук, кытайлык төрөлөр, кийинчерээк орусиялык төбөлдөр урууларды, алардын улуктарын кайраштырып, бирин экинчисине каршы тукуруп турду.

Кокон хандыгы Кыргызстанда өз үстөмдүгүн орноткону менен кыргыздардын ички иштерине кийлигише алчу эмес. Иш жүзүндө жер-жерлерде кыргыз бийлери, манаптары бийлик жүргүзчү. Алар хан бийлигине жарым-жартылай гана баш ийчү. Кокондуктардын Кыргызстандагы бийлиги негизинен салык алуу менен чектелген. Айрыкча жаратылышы, жолу катаал, алыскы тоолуу аймактарды турак кылган кыргыздардын билермандары Кокон чептеринин аким, бектерин тоготпой, элин өзү каалагандай башкарчу. Жергиликтүү ак сөөктөрдү («жакшыларды», «мыктыларды») өз тарабына тартуу үчүн Кокон ханы аларга ар кандай мансап мартаба-наамдарды (датка, паңсат, токсоба) ыйгарып, түркүн белек-бечкектерди тартуу кылчу.

Кыргызстандын түндүгүндөгү Чүй өрөөнү, Ысык-Көл ойдуңу негизинен

Ташкенттин беклербегинин бийлигине баш ийген. Чүй өрөөнүндөгү соода жолдорунун тоомунда, аймактын дал ортосунда жайгашкан Бишкек чебин хан дайындаган бек башкарчу. Чептеги бектин аскерлери Чүй менен Көлдөгү кыргыз айылдарын аралап, алык-салык жыйнай турган.

Алай менен Ош аймагы Анжиян вилайетине караган. Кетмен-Төбөлүк жана таластык кыргыздар Наманган вилайетинин карамагында турду. Ал



*Бай кыргыз аңчы-мүнүшкөрү*
*В. В. Верещагин тарткан сүрөт*

эми Ферганалын түштүк-батышындагы кыргыз жерлери Кокон вилайетинин бийлигинде болучу.

Ички Теңир-Тоодогу Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Жумгалды мекендеген басыз, саяк уруулары, ат-башылык чериктер, Нарын өрөөнүндөгү тынымсейит уруулары ж.б. Куртка бегине үстүртөн баш ийип, Анжиян вилайетинин карамагына кирчү.

**Чарбасы.** XIX к. биринчи жарымында кыргыздардын чарбасынын башкы тармагы көчмөн *мал чарбачылыгы* эле. Ал кезде кокондук баскынчылардын жортуулдары, зордук-зомбулуктары, феодалдык өз ара кагылышуулар, ички байланыштын начардыгы, кыргыз урууларынын ыркынын жоктугу өндүргүч күчтөрдүн тезирээк өнүгүшүнө кедерги болду. Ошондой болсо да көчмөн турмуш бир орунда туруп калган жок. Албетте, кыргыздардын кылган кесибинде, тиричилигинде, маданий турмушунда кыйла жылыштар, өсүп-өнүгүү байкалган. Кыргыздарда төрт түлүк малдын ичинен өтө көп таралганы жылкы менен кой болгон. Жылкыны унаа катары урунушуп, этинен чүйгүн тамактар — казы, карта, чучук, жал ж.б., терисинен идиш-аяктар — сабаа, көнөчөк, көөкөр, кайыш жасалчу. Байтал бээнин сүтүнөн ачытылган бал кымыз далай дартка даба болуп, адамдын күч-кубатын, дарамет-дарманын арттырган. Жал, куйругунан кыл аркан, чылбыр эшилген.

Койдун эти өтө жагымдуу азыктардан болгон. Анын жүнү көчмөн турмушта кеңири колдонулган. Жүндөн шырдак, таар, кийиздерди (үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик жабуу, жабык

баш, тизгич, кырчоо, желбоо ж.б.), кийим-кечелерди жасашчу. Сүтүнөн айран, каймак, эжигей, жуурат, сүзмө, курут сыяктуу күлазыктар даярдалган. Кыргыздар жылкы менен койдон тышкары уй, эчки кармашчу. Төө негизинен көчүп-конуу учурунда унаа катары пайдаланылган. Төөнүн чуудасынан жасалган буюмдар, кийимдер (төө чепкен) жогору (ак тайлактын чуудасынан токулган суп чепкен) бааланчу. Терисинен кайыш, шири тилинип, ээр капташа турган. Эти, өркөчүнүн майы ыйык тамак катары эсептелээр эле. Чууданы булчуң, тарамыш чоюлганда дартка даба дары катары тузга кайнатып таңышкан.

Алай менен Памирдин бийик тоолуу жайыттарында кыргыздар эт, майы жогорку сапаттуу, күчтүү келген топоз багышчу.

Ар бир үй-бүлөнүн менчик малы болуп, ар ким малына өз эн тамгасын салган.

Кыргыз уруу, уруктары айыл-айылга топтошуп чогуу көчүп-конуп жүрүшкөнү менен жайыттын жакшысы, күздөө менен кыштоонун мыктысы манап, бийлердин, байлардын энчисине тийген. Адатта бир айылга таандык жайытка бөлөк айыл мал жая алчу эмес. Бирок кез-кезде жайыт талашкан чатактар да чыгып турган.

**Дыйканчылыгы**. **Отурукташуу.** Ал кезде кыргыздар, айрыкча Фергана өрөөнүндөгү кыргыз уруулары аштык айдап, дыйканчылык кылуунун сырын үйрөнүп, жакшы өздөштүрүп алышкан эле. Ошто жана анын тегерегинде жашаган кыргыздар XVIII к. экинчи жарымында дан эгиндеринен тышкары шалы (күрүч) өстүрүшкөн. Кыргызстандын түштүгүндөгү дыйканчылыкка ыңгайлуу, суусу мол түзөң жерлерде, жылгаларда отурукташа баштаган кыргыздардын чакан кыштактары өсүп чыгат.

Багыш уруусунун жоон тобу XVIII к. аяк ченинде эле отурукташа баштап, ойдуң жерлерге бир нече арык тартып, суу чыгарышкан болчу. Кийинчерээк, XIX к. орто ченинде Жалал-Абадга жанаша (Хан-Абад), Сузакта (Жийделүү Могол) кыргыз кыштактары түптөлөт. Аларды карабагыш, тейит, могол, найман урууларынан чыккан эгинчи-жатакчылар негиздешкен.

Кыргыздардын бир бөлүгүнүн отурукташа баштышына, дыйканчылыкты кесип тутушуна ирегелеш жашаган өзбек, тажик калктары менен карымкатнаштар да түрткү берген. Кокон хандыгынын карамагына кирген коңшулаш бул элдер бири-биринен дан, мал багуунун сырын үйрөнүшкөн. Бири-бирине үрөндөн, шаймандардан (кетмен, күрөк, балта-чот, буурсун, орок, чалгы ж.б.), мал-жандан, ат-көөлүктөн каралаша турган. Кээде жайкысын өзбек, тажиктердин малы кыргыз жайлоолорунда багылчу. Ал эми күзүндө эгинди оруп-жыюу аяктаганда аңыздарга алардын малы чогуу жайылчу.

XIX к. орто ченинде Түндүк Кыргызстанда да дыйканчылык кылууга көбүрөөк көңүл бурула баштайт. Элет элинин, көбүнчө кембагалдардын эгинчиликти кесип тутушуна көчмөн турмуштун катаалдыгы, жакырчылык түрткү берген. Ошондой эле буга кокондуктардын чеп-коргондордогу сарбаздарды эгин-тегин, ун-талкан менен жабдуу, азык-түлүктөн, жем, чөптөн

тукулжуратпоо талабы да себеп болду. Жатакчы, гинчилердин катары негизинен малсыз же малы аз, жайлоого чыга албаган жакырлардын, кедейлердин эсебинен толукталып турган.

**Кол өнөрчүлүгү.** Кыргыздарды көчмөн турмушка ылайыктуу буюмтайымдар, эмерек, жарак-жабдык, кийим-кече менен ар кандай кол өнөрчүлөр — колунан көөрү төгүлгөн зергерлери, темир, жыгач усталары, ээрчилери, өрүмчүлөрү (кайыштан жүгөн, нокто, камчы, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл, чаболоң өрүп, канжыга, үзөңгү боо, тизгин тилип, булгаары менен ээр каптаган ж.б.), жарашыктуу кийим тиккен уздары жабдычу.

Эл ичинде боз үйдүн жыгачын — кереге, уук кынап, босого-таяк, каалга, түндүк, ала бакан жасаган усталар өтө баркталаар эле. Ат жабдыктарын жасаган усталар да алардан кем бааланган эмес. Кыргыздарга гана мүнөздүү кол өнөрчүлүктүн айрым түрлөрүнүн өнүгүшүндө, бөтөнчө жүн менен териден ар кыл буюмдарды камдоодо камбыл уз, иштүү зайыптардын эмгеги зор. Уз аялдар оюусун оюп, жөрмөгөн, кынаптап шырыган түркүн түстөгү шырдактар, кооз оймо басылган ала кийиздер, жабык баш, аяк каптар, кызыл-тазыл боёкко боёлгон, жүн менен чырмалган ажайып кооз чийлер, эрикпес көп эмгекти талап кылуучу өрмөккө кылдат согулган желбоо, тегирич, тизгич, кырчоо, таар, уук, үзүк, туурдук боолор, баш чалгычтар, илбериңки кызкелиндер шөкөттөп сайган саймалуу кооз көшөгө, тушт үктар жумурткадай аппак өргөөнүн жарашыгын арттырып, көркүнө көрк кошчу. Туштүктө көз тайгылткан түркүн-түстүү мыкты калы килемдерди токуу өздөштүрүлгөн.

**Кен иштетүү.** Кыргыздар Ала-Тоонун кен байлыктарын пайдалануунун жөнөкөй ыкмаларын билишкен. Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы (Балыкчыга жакын) темир кенинде кумдан темир ылгап эритүүчү устакана, чебер усталар болгону белгилүү. Таш-Көмүр менен Сүлүктүнүн көмүрү ошол кезде эле Кокондо отун катары колдонула баштаган. Кыргызстан кенге мол келип, ата журтубуздун ар кайсы өңүрүндө коргошун, калай, жез, күмүш, сымап алынып, алтын чайкалчу. Бөтөнчө кымбат баалуу таштар көп боло турган. Кыргыздар тузду да өз мекенинде өндүрүп, аны сыртка — канатташ калктарга сатыкка жөнөтүшчү.

**Соода-сатык.** Кокондук, кашкарлык соодагерлер кыргыз айылдарын аралап соода кылып турушкан. Алар кыргыздарга кездемелерди, чапандарды, бөз, эмерек, зергерчилик буюмдарын, мөмө-жемиш сатып, өздөрү мал, аң терилерин алышаар эле. Кээде кыргыз байлары Кокондун ичкерки шаарларына мал айдатып барып сатышчу. Соода-сатыкта акча бирдиги катарында көбүнчө кокондук, бухаралык алтын дилде, күмүш теңге, жез пулдарды жана кытай жамбысын (күмүштүн уютмасы, кытайча юаньбао) урунушкан.

**Феодалдык мамилелердин өзгөчөлүктөрү.** XIX к. биринчи жарымында Кыргызстанда негизинен патриархалдык-феодалдык мамилелер өкүм сүргөн. Коомдук мамилелердин өзгүн өндүрүштүн феодалдык ыкмасы түзгөнү менен али патриархалдык-уру-

улук уклад толук жоюла элек эле. Бул көчмөндөрдүн коомдук түзүлүшүнүн башкы өзгөчөлүгү.

Кыргыз жеринде Кокон хандыгынын үстөмдүгү орногон соң бул тарапта да хандыктын ичкерки аймактарында калыптанган жер ээлигинин түрлөрү *(амляк* — мамлекеттик жер ээлиги, *мүлк* — жеке менчик жер, *вакып-вакуф* — медресе, мечит ээлиги) тарала баштайт. Бирок элет элинде жер-сууну урунуу, ага ээлик кылуу адаттары кокондуктардын жол-жобосунан кескин айырмаланчу.

Сыртынан караган кишиге кыргыздарда жерге жеке менчик болбогондой, алар малды башкы байлык, негизги өндүрүш каражаты катары эсептегендей сезилиши ыктымал. Эгерде кыргыздардын өндүрүштүк мамилелерин терең иликтеп-изилдей келсек, *кыргыздарда деле жер ээлиги калыптангандыгы байкалат.* Жердин жогорку кожоюну Кокон хандыгы болгону менен, иш жүзүндө ал түпкү калктын ээлигинде кала берген. Бөтөнчө малжаны арбын кыргыз феодалдары кеңири жайыттарга, мыкты кыштоолорго ээлик кылышчу. Анткени кең-кесири жайыттарсыз күтүрөгөн көп малды кармаш эч мүмкүн эмес эле. Адатта, тигил же бул айылга, урууга, феодалга таандык журт, конушка бөлөк-бөтөн кишинин мал жаюуга, конуш алууга акысы жок болчу.

Ал эми дыйканчылык кылган кыргыздарда мындай мамилелер, жерге ээлик кылуу даанарак көрүнүп турчу. Демек, негизги өндүрүш каражаты **жер** болгон. Ошону менен бирге көчмөн жана жарым-жартылай көчмөндүү чарбада маанилүү өндүрүш каражаты катары **мал** башкы байлык эле. **Малды маанилүү өндүрүш каражаты катары кармоо — кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн дагы бир өзгөчөлүгү.** Түштүк Кыргызстанда, Ферганада жер-суу маселеси кыйла татаалдашкан болучу. Хандыктын борборуна канатташ жайгашкан кыргыз айылдарынын карамагындагы айдоо жерлерди, жайыттарды пайдаланууга хан тез-тез кийлигишип турaар эле. Хан кыргыздардын мыкты жерлерин күчтөп тартып алып, бөлөк бирөөлөргө сатып жиберген учурлар да болгон.

Кылымдарды карытып, көчмөн турмушка ылайык калыптанган адат боюнча **жалпы жер жамааттын — урук, уруунун энчисинде** турган. Бирок жайыттарды бөлүштүрүү, пайдаланууга көзөмөлдүк кылуу, көчүү-конууну тескөө манаптардын колунда эле. Жайыт маселеси боюнча доомат, талаштар манап, бийлердин тобунда талкууланчу. Кээде топко хандын өкүлдөрү да катышкан. Айрым урууларга, феодалдарга алардын ата-бабасы илгертеден ээлеп келген чакан аймакты, кокту-колот, капчыгайларды бекитип берүү жөнүндө өлкөнүн эгеси катары Кокон ханы буйрук чыгара алчу.

Кыргыздарда **жерге жеке менчик** калыптанганына **тосмолонгон коруктар** далил. Алсак, алайлык ири феодал Абдылдабектин Оштон Алайга келчү жол боюндагы Бешбулак деген жерде жеке менчик корук жери жана кыштоосу бар эле.

Түштүк Кыргызстанда отурукташкан кыргыздар өздөрүнүн карамагындагы жерлерди сатып тургандыгы же жер сатып алгандыгы тууралуу маалымат-



*Жети-Суулук болуштар жана көпөстөр*

тар көп эле жолугат. Айрым учурларда Кокон ханы мамлекеттик жерди пайдалануу укугу жөнүндө кыргыздарга атайын документ (васик) берип турган.

Жалпы-жонунан алганда кыргыздарда жер-сууну урунууда *феодалдык* мамилелер өкүм сүргөнү менен али **патриархалдык-уруулук түзүлүштүн** белгилери сакталып кала берген. Кыргыз журтчулугунун коомдук турмушунда тууган-туушкандык байланыштар, каада-салт, үрп-адат, нарк маанилүү роль ойноп, алардын тамыры тереңде жаткан. Таптык маңызы будамайланып-бурмаланган мындай түзүлүш букара калктын эмгегин өз кызыкчылыктарына пайдалануу үчүн кыргыз феодалдарына — манап, бий, байларга оңтойлуу шарт түзчү. Букара калк — кедей-кембагалдардан, жакыр, малай, аштыкчы, жатакчы, чайрикер, орток жана башкалардан турган.

Кедей-кембагалдар өз уругу, айылы менен бирге жайлоого чыгып, чогуу кыштоочу. Арийне, алар жайыт маселесинде өз уругунун билерманына, манап, бийлерге көз каранды болушкан. Кысталыш турмуштун айынан кембагалдар феодалдардан убактылуу уруунуп турганга саан уй, мингич ат алышчу, байдын малын багышчу. Кыргыз феодалдарынын койчулары, жылкычылары, уйчу, төөчүлөрү, үй кызматчылары көбүнчө кедей агаин-туугандарынан куралаар эле. Ал эми бөлөк уруктан келип жалчы жүргөн жардылар **малай** аталчу. Колунда кармаган менчик малы калбаган өтө жардылар **жакырлардын** катарын толуктап турган. Бай-манаптардын эгинин эгип, жайлата аны багып, күздө оруп, дан бастыргандарды **аштыкчы** деп коюшаар эле. Көчмөндүү турмуштан биротоло кол үзүп, дыйканчылык кылууга киришкендер түндүктө **жатакчы,** түштүктө **эгинчи** деген атка конгону маалым.

Кыргызстандын түштүгүндө ал кезде **чайрикерлердин** саны арбып бара жатты. Чайрикерлер (чейрек) бөлөк бирөөнүн жеринде анын шаймандa-



*Кыргыз көчү XIX к.*

ры менен эгин эгип, багып өстүрүп, оруп жыйнашчу. Алынган кызылдын (түшүмдүн) белгилүү бир бөлүгү чайрикердин үлүшүнө тийген. Аркалык кыргыздарда алар **орток** аталган.

Иш кызыган маалда, оруп-жыюу учурунда убактылуу же күнүмдүк жалчы жүргөндөрдү **мардикерлер** деп коюшчу.

Кыргыздын чоң манаптары кул, күң кармаганы да белгилүү. **Кулдар** негизинен ич ара чатактардын, согуштардын учурунда колго түшкөн туткундардан турчу. Манаптар кул, күңдөрүн кудалашууда калыңга төлөнгөн малга кошуп тартуу кылчу, байгеге сайчу, кааласа аларга эркиндик беришчү. Бирок кулчулук кыргыздарда кеңири тарала алган эмес. Анткени, көчмөндүү чарбада кул эмгегине муктаждык анчейин болгон жок. Демек, кыргыздардын коомдук турмушунун өзөгүн феодалдык мамилелер түзгөн. XIX к. алардын коомдук мамилелерин патриархалдык-феодалдык түзүлүш катары кароого толук негиз бар.

## Суроолор:

1. Кокон хандыгы кыргыздардан кандай салыктарды алып турган?
2. XIX к. биринчи жарымында кыргыздар кайсы аймактарды мекендеген?
3. Кыргыздардын чарбасына эмнелер мүнөздүү эле?
4. Кыргыздардын коомдук мамилелерине кандай өзгөчөлүктөр мүнөздүү болгон?
5. Калктын негизги социалдык катмарлары кандай аталган?

# II глава. ТҮШТҮК ТЕҢИР-ТОО ЭЛДЕРИНИН ЦИНЬ-МАНЧЖУР ҮСТӨМДҮГҮНӨ КАРШЫ БОШТОНДУК КҮРӨШҮ

## § 4. Чыгыш түркстандык жергиликтүү калкты циндик бийликтердин улуттук эзүүсүнүн күчөшү

**Цинь империясынын үстөмдүгүнүн орношу. Жергиликтүү калктын каршылыгы.** XVIII к. 50-жж. Цинь баскынчылары Жуңгар хандыгын талкалаган соң Чыгыш Түркстанды каратып алууга киришкен эле. Буга чейин Жуңгар хандыгына күнкор болуп келген Чыгыш Түркстандын элдери жаңы баскынчыларга дээрлик эки жыл катуу каршылык көрсөтүп, багынбай турду. Цинь аскерлеринин бул тараптагы согуштук аракеттери 1757-ж. аяк ченинен 1760-ж. башына чейин созулат. Ал кезде Чыгыш Түркстанда уйгурлардан тышкары кыргыздар, казактар, өзбектер да жашачу. Кыргыздын чоңбагыш, кыпчак, жамантейит, черик ж.б. уруулары Кашкардын түндүк-чыгыш, түндүк-батыш тарабындагы аймактарды (Какшаал, Кызыл суу, Акчий, Улуу чат ж.б.) ээлеп турган. Ал эми Чыгыш Түркстанга жанаша жаткан Алай, Алайкуу, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүн адыгине, тейит, саяк, басыз, черик, тынымсейит, моңолдор ж. б. уруулар мекендечү. Теги бир жалпы түрк элдери бири-бири менен үзбөй катташып, чарбалык, саясий алакада болушкан.

XVIII к. аягы — XIX к. биринчи жарымында Түркстан элдерине Цинь мамлекетинин баскынчылык аракеттерине жана үстөмдүгүнө каршы биргелешип күрөшүүгө туура келди.

1758-ж. жазында манчжур аскерлеринин бир түмөнү (10 миң жоокер) Куча, Үч-Турпанды ээлеп, күзүндө Жаркентти камалай баштайт. Кийинки жылы жай айларында Хотан менен Кашкар душмандын колуна өтөт да, Чыгыш Түркстанды жана Жуңгарияны кытай баскынчылары «Синьцзян» (Жаңы жер, Жаңы чек) деп атап коюшат.

**Жергиликтүү элди башкаруу системасы. Таранчы.** Жаңы ээликте өз үстөмдүгүн бекемдөө максатында Цинь империясы 1763-ж. Иле дарыясынын жээгиндеги мурда жуңгар хандарынын ордосу турган жерге Хойюань-чэн (Кулжа) калаасын курушкан эле. Аймакты башкаруу милдети генерал-губернаторго (цзян-цзюнга) жүктөлгөн. Ага эки нөкөр кеңешчи вице-губернатор (хебеанбань) көмөк көрсөтмөк. Нөкөрлөрдүн бири Тарбагатайда, экинчиси Чыгыш Түркстанда турмак. Бирок жергиликтүү калк тынымсыз катуу каршылык көрсөткөндүктөн, Цинь төрөлөрү бул чөлкөмдө бийликти толук өз колдоруна топтоого батына алышкан эмес. Ошондуктан ички башкаруу өзгөртүлгөн жок. Алык-салыкты өз убагында жыйнап алуу, тартипти, коопсуздукту сактоо үчүн алар ири шаарларда аскер кармашчу. Чек араларды коргоо үчүн кароолдорду коюшчу. Кат-кабарларды

тез жеткирип туруу үчүн жер-жерлерде бекеттер курулган.

Аскерлерди азык-түлүк менен камсыз кыла турган жумушчу күчү катарында Иле чөлкөмүнө Кашкар, Жаркент, Хотан, Ак-Суу ж.б. аймактардан XVIII к. 60-жж. 6 (12) миңге жакын түтүн уйгурлар көчүрүлгөн. Алар дың жерлерди өздөштүрүп, арык тартып, суу чыгарышкан. Эгин эгип, дыйканчылык кылышкан, кыштактарды, сепилдерди, жолдорду, көпүрөлөрдү курушкан. Аларды манчжурлар ***таранчы*** (дыйкан) деп аташчу. Таранчы деген атка конгон уйгур дыйкандары аскерлерди тамак-аш, ун-талкан менен жабдууга милдеттүү эле. Ар бир түтүн казынага белгилүү өлчөмдө кызыл (дан): күрүч, таруу, буудай жана конок тапшырчу. Алар казынадан буурсун, тырмоок жана өгүз алып турушмак. Бирок өкмөт ар дайым эле убадасында турган эмес. Иле чөлкөмүндө таранчылар жан башына 16 таар кап (1 кап — 4 пуд[1]) арпа, буудай, таруу, конок төлөчү. Кээде кен байлыктарына да (алтын, күкүрт ж.б.) салык салынчу. Чыгыш Түркстан чөлкөмү ири шаарлар чордону болгон бир нече аймакка бөлүнгөн. Аларды жергиликтүү төбөлдөр — *хакимбектер, бектер* башкарчу. Кытайлык аскер бийлиги аларга көзөмөлдүк кылган. Хакимбек, бектерди *хебе-анбань* дайындап, *богдыхан* (император) бекитчү. Хакимбектер менен бектердин *эшикагабек* (тартипке көз салчу), *казыначы* (салыкчы), *мутавали* (үй сатууга көз салуучу), *муфтишафу* (динчилерге башчы), *дугуан* (аскер, почта башы), *казий* (сот) ж.б. өнөктөрү бар эле. Алардын бардыгы Цинь төрөлөрүнө баш ийип таазим кылууга, буйругун аткарууга милдеттүү болчу.

Түркстандын бектери жыл аягында Пекиндеги ордого өз чиндерине жараша белгилүү өлчөмдө белек-бечкек тартуулашчу. Албетте, андай тартуудан Жаркентте жашоочу Чыгыш Түркстандын улугу цзян-цзюнь, *хебе-анбань,* ар аймактын амирлери болгон *анбандар* да куру калчу эмес (Хебе-анбань — вице-губернатор, анбань — округду башкаруучунун мансап мартабасы).

**XVIII к. 50-60-жж. кыргыз-кытай мамилелери.** Кытай төрөлөрү коңшулаш казак, кыргыздарга кысым көрсөтүп, аларды өз тарабына тартууга, колдон келсе баш ийдирүүгө умтулган. Цинь империясы өзүн Жуңгар хандыгынын мураскору катары жарыялап, калмактар убактылуу ээлеп алган казак, кыргыз жерлерине көз арткан. Алгачкы жылдары кытай баскынчылары кыргыздардан жылкыны өтө арбын алып, эл арасында нааразылыкты туудурган. Кыргыздар менен мамиленин курчушунан айбыккан император алардан аткөөлүк алууга тыюу салып, айырбаштоого гана уруксат берген эле.

Кытай бийликтери Чыгыш Түркстандын шаарларында соода кылган соодагерлерден да салык алып турду. Алсак, Кашкарга орто азиялыктар, Теңир-Тоолук кыргыздар ж.б. чет жерликтер сатыкка айдап келген малынын $^1/_{30}$ бөлүгүн *базар акысы* катары төлөчү. Ал эми жергиликтүү калк $^1/_{20}$ бөлүгүн берчү.

[1] Пуд – орустардын салмак чен-өлчөмү, 1 пуд — 16,3 кг га барабар.

Цинь төрөлөрүнүн ар кандай мансап-мартабаларды ыйгарып, белек-бечкектерди тартуулап, кыргыз бийлерин өзүнө имерүү аракетинен эч майнап чыккан эмес. Эркиндик үчүн эч нерседен жалтанбаган элет эли Цинь империясына күнкор болуп, багынып бере койгон жок. Кыргыз бийлери тең ата элдин улуктары катары Пекиндеги богдыхандын ордосуна элчи жиберип турушканы белгилүү. Кытай бийлигине кыргыз урууларынын кандайдыр бир салык төлөгөндүгү тууралуу маалымат жок.

Чыгыш Түркстандагы кытай чек ара кароолдору кыргыз конуштарынан кыйла алыс тураар эле. XVIII к. 60-жж. башында Цинь бийлигине белгилүү 20 кыргыз уруусунун 10унан гана Пекинге элчилер барса, 1763-ж. тартып, мындай элчилер таптакыр каттабай калган болчу.

Цинь империясы менен кыргыздардын өз ара мамилелеринин эң талуу жери чектеш аймактар тууралуу маселе эле. Император Хун Ли 50-ж. аягы 60-ж. башында Ысык-Көл, Ат-Башы, Нарын, Чүй, Талас өрөөндөрүнө кароол коюп, ээлеп алуу боюнча Синьцзяндагы генерал-губернаторуна (цзян-цзюнга) бир нече ирет көрсөтмө берген. Бирок анын ойлогон ою ордунан чыккан жок. Цинь төрөлөрү көзөмөлдөп кыдыруучу аскерлерди кыргыз жеринин чет-жакаларына гана жиберүү менен чектелген. Цинь бийлиги Синьцзянга жанаша жаткан кыргыз конуштарына жер чалып кыдырып чыгуучу аскерлерди жиберүү аркылуу ыдык көрсөтүүнү, ыңгайы келсе ал жерлерди каратып алууну, кыргыздардан салык жыйноону, сүр көрсөтүүнү көздөгөн. Оңтою келгенде көзөмөлчү кытай аскерлери анык каракчыларча кыргыз айылдарына дүрбөлөң салып, мал-мүлкүн талап алышчу. Тынч жаткан элдин тынчын алган кытай аскерлерине кыргыздар чечкиндүү каршылык көрсөтүп, өзү катылган жоонун катыгын берип турушкан. Алсак, 1760-ж. сарыбагыш бийи Черикчинин курал-жарагы шайма-шай жигиттери Ат-Башыга кирип келген кытайлык кошуундун жолун тороп, катуу каршылык көрсөтүшкөн. 1764-ж. кыргыздар Иледен келген кытай колуна кол салып, жоонун бир нече жоокерин жок кылышкан.

Цинь-манчжур баскынчыларынын кордугу, зордук-зомбулугу кыргыздардын, жалпы Чыгыш Түркстан элдеринин боштондук күрөшүнүн күчөшүнө себепкер болду. XIX к. башында жергиликтүү элдердин социалдык-экономикалык жана саясий абалы өтө оордоп, улуттук эзүү күчөгөн. Катаал турмуш, зар заман чет элдик эзүүчүлөрдүн чеңгелинде калып, айласы куруган элди эркиндик үчүн күрөшкө түрткөн.

**Зия ад-Диндин көтөрүлүшү жана ага кыргыздардын катышуусу.** XVIII к. учу-кыйырына көз жетпеген мейкиндикти ээлеген Цинь империясы үчүн келерки XIX к. кыйын кезеңдин, күч-кубаттан тайый баштоонун мезгили болду. Өлкөнүн экономикалык жана ички саясий абалы кыйла начарлаган. Капиталисттик өлкөлөр Кытайдын өзүнө чыгыш, түштүк-чыгыш тараптан кол салып турган. Кытай өкмөтүнө европалык өлкөлөрдүн баскынчылык аракеттерине каршы көп күч жумшоого туура келди. Ошондуктан Цинь бийлиги Синьцзянда мурдагыдай өтө активдүү

саясат жүргүзө албай калды. Арийне, Чыгыш Түркстанга ээлик кылуу, аны кармап туруу өтө кымбатка турган. XIX к. башында ал жакта жергиликтүү калктар Цинь үстөмдүгүнө каршы биринен сала бири тынымсыз көтөрүлүш чыгарышат. Ал көтөрүлүштөрдү басууга кыйла каражат, ири аскер күчтөрү колдонулган.

*Чыгыш Түркстан элдеринин Цинь-манчжур үстөмдүгүнө каршы кыймылынын алгачкысы **Зия ад-Диндин** жетекчилиги астындагы көтөрүлүш болуп эсептелет.* Кашкардан 180 чакырым аралыктагы Ташмалык кыштагында 1814-1816-жж. чыккан бул көтөрүлүшкө «Ысхакийа» сопулук агымынын («Кара тоолуктар») өкүлү ахун Зия ад-Дин жетекчилик кылган. Көтөрүлүшкө уйгурлар менен бирге чыгыш түркстандык кыргыздар активдүү катышкан. Атүгүл, адегенде көтөрүлүшчүлөрдүн ооругу да кыргыздардын тоо арасындагы конушунда жайгашан.

Зия ад-Дин кыргыздардын арасына келип, кыймылга толук камылга көрүп бүткөндөн кийин гана көтөрүлүш баштайт. Ал аз убакыттын ичинде кыргыздардын колдоосуна ээ болуп, өз тарабындагылардын санын арбытууга, курал-жарак топтоого үлгүргөн. Көтөрүлүшкө чыккан уйгурларга кошулган кыргыздардын башында кыпчак уруусунун бийи Турдумамбет турду. Көтөрүлүшкө жамантейит, чоңбагыш уруулары да катышкан. Кашкардын хаким-беги Юсуптун ач көз аксымдыгы, зордук-зомбулугу көтөрүлүшкө шылтоо болгон.

Көтөрүлүшчүлөр Кашкарды ээлеп алууну, Кытай төрөлөрүн, алар дайындаган хаким-бекти кууп чыгып, чет жерликтердин бийлигинен кутулууну самашкан. Зия ад-Динге кошулган уйгурлар менен кыргыздар Цинь кароолдоруна бир нече жолу кол салып, көптөгөн аскерлеринин көзүн тазалашат. Цинь бекеттерин жана Кашкардын чет жакасындагы жылкы заводун кыйратышат. Кыргыздар көтөрүлүшкө катышкандыгы жөнүндө кабар ордого жеткенде богдыхандын аябай ачуусу келип, көтөрүлүштү тезирээк басып, ага катышкандарды аёосуз жазалоону буюрган.

Көп өтпөй Синьзяндагы кытай улугу Сун Юнь богдыхандын буйругун аткарууга чечкиндүү киришет. Саны, курал-жарагы жана даярдыгы жагынан артыкчылык кылган Цинь аскерлери көп күч жумшап, акыры көтөрүлүштү басууга жетишкен. Көтөрүлүштүн жетекчилери Зия ад-Дин менен Турдумамбет бий өлүм жазасына тартылып, кескиленип өлтүрүлөт. Зия ад-Диндин уулу Ашряб бек уланткан күрөш да жеңишке жетишкен жок. Кийин колго түшкөндө аны дагы кыйнап өлтүрүшкөн.

Көтөрүлүш жеңилип калганына карабастан, боштондук күрөшүнүн андан ары күч алышына түрткү болду. Жергиликтүү элдердин чет жерликтерди жек көрүү сезими ого бетер курчуп, аларды жаңы көтөрүлүштөргө шыктандырган. Көтөрүлүш учурунда душман бир топ жоготууларга дуушар болуп, бийлиги бошоңдой түшкөн эле.

Кыргыздар көп өтпөй Кашкар аймагында Цинь-манчжур бийлигине каршы күрөшкө кайрадан жигердүү аралаша башташкан.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Чыгыш Түркстанда Цинь империясынын үстөмдүгү качан, кандайча орногон?
2. Циндердин жергиликтүү элди башкаруу системасы кандайча уюшулган?
3. Таранчылар деген кимдер эле?
4. Кыргыз-кытай мамилелери тууралуу айтып бергиле.
5. Зия ад-Диндин көтөрүлүшү жөнүндө эмне билесиңер? Ага кыргыздар катышты беле?

## § 5. Жааңгер кожонун (Жахангир) кыймылы жана кыргыздар. Суранчы

**Жааңгер кожо.** XIX к. биринчи жарымында цинь-манчжур үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдери жүргүзгөн күрөштүн өтө күчөгөн учуру ***Жааңгер*** *кожонун* кыймылы. Бул кыймыл 20-жж. болуп өткөн. Жааңгер кожо Чыгыш Түркстандын бийлик эгелеринин бири, «Ышкийа» сопучулук агымынын өкүлү Аппак-кожонун урпагы, Бурханиддиндин небереси эле. 1758-ж. цинь-манчжур баскынчыларына каршы кармашта Иледеги цзян-цзюн Чжао-хойдун аскерлеринен жеңилип калган Бурханиддин Бадахшанга кире качкан болчу. Бирок Бадахшан акими Султан шах аны өлтүрүп, башын кытай төрөлөрүнө тартуу кылат. Бул кылыгы үчүн ал бүткүл мусулман дүйнөсүнө жек көрүндү болуп, каргышка калган. Бурханиддиндин уулдарынан өспүрүм баласы Сарымсак гана араң качып кутулган. Сарымсак кожо узак жылдар бою Орто Азиянын ар кайсы аймактарын кыдырып жүрүп, акыр аягында карып-арыган чагында Кокондо жашап калат. Акырындап Кокондо Сарымсак кожону пир туткан кашкарлык качкындар топтоло берет. Кожонун үч уулунун эң кенжеси Жааңгер 1783-ж. жарык дүйнөгө келген. **Жааңгер** жаштайынан тың, чыйрак чыгып, жакшы тарбия алат. Ал өзүнүн акылынын курчтугу, жөн билгилиги, көрөгөчтүгү менен элге таанылып, Ата Журт эркиндиги үчүн күрөш баштоого бел байлайт.

**«Суранчы бийдин (буруттун) козголоңу».** 1820-ж. жайында жакшы санаалаш шериктери коштогон Жааңгер кожо Кокондон кыргыздарга жардам сурап келип, кол куроого киришет. Кашкардагы кытай үстөмдүгүн кулатуу үчүн күрөштө ага саяк уруусунун бий, билермандары Жаңгарач, Байкабас, Мендылак, Тайлак, кыпчак Турдумамбеттин туугандары, чоңбагыштардын бийи Суранчы көмөк көрсөтүүгө даяр экендигин билдиришкен. Жааңгер кожого көп өтпөй Маматкул баш болгон моңолдор уруусу да кошулат.

Кытай баскынчылары менен айыгышкан айкаштарда бөтөнчө **Суранчы бийдин** колу эчен ирет эрдик көрсөтүп, даңкы чыккан.

1820-ж. күзүндө Жааңгер кожо кыргыздардан куралган бир нече жүз жоокерин ээрчитип чек арадан өтүп, Кашкарды көздөй жол тартат. Ошол эле учурда Суранчы бий Устун-Артыш айылында

топтогон 300 жигити менен Кашкарга келип, калаага жанаша жайгашкан кыштактардагы кытай аскерлерине кол салат. Анын жигиттери салгылашууларды биринде Кашкардын чет-жакасындагы кытай кароолун талкалашат. Жааңгер кожонун кыймылынын алгачкы этабы кытайлык маалыматтарда бекеринен **Суранчы буруттун козголоңу** деп аталып калбаса керек.

Бирок Жааңгер кожо менен Суранчынын колу душмандын арбын аскеринин кысымына туруштук бере албай, чегинүүгө аргасыз болду. Цинь төрөлөрү Кашкарга кошумча аскер жөнөткөн эле. Алар кыйла кыйынчылыктар менен Кашкарды курчоодон куткарып калды. Чегинип кеткен көтөрүлүшчүлөрдү биротоло талкалоону көздөп, алардын артынан сая түшкөн жазалоочу аскерлер Суранчынын Кеншибай деген жердеги эски журтуна келип, орула элек эгинди, 30-дан ашуун өргөөнү өрттөшөт. Андан соң жоон топ кыргызды туткундап, алардын 20-дан ашыгын мыкаачылык менен өлтүрүшкөн.

Ошону менен бирге Цинь төрөлөрү кыргыздарды чатактан алыс болуп, тынч жашоого, тополоңго аралашкандан көрө Суранчыны кармап берип, чоң сыйлыкка ээ болууга үндөгөн. Ар кандай коркутуп-үркүтүүлөргө карабастан, кыргыздар өз жолбашчысын душманга кармап беришкен жок. Тескерисинче, эл арасында Суранчы бийдин кадыр-баркы ого бетер арткан.

**Жааңгер кожого алайлык кыргыздардын колдоо көрсөтүшү**. 1821-ж. Жааңгер кожо Кашкарга экинчи ирет жортуул уюштуруп, жеңишке жетише албаган соң Алайга чегинет. Мындагы, кыргыз айылдарында ал 2-3 жылча тынч туруп калат. Алайлык кыргыздар ага жылуу мамиле кылып, кошуун топ-топ беришкен.

1824-ж. кышында Жааңгер кожонун көпчүлүгү кыргыздардан куралган колу Алайдан Кашкарды көздөй жылып, Улугдагы кытай кароолуна чабуул койгон. Айыгышкан кармашта эки тарап тең бир топ жоокеринен ажыраган. Салгылашуу учурунда айтылуу Турдумамбеттин эң жакын жардамчысы жамантейит уруусунун бийи Шергазы эрендерче кармашып жатып көз жумат. Сан жагынан кыйла артыкчылык кылган кытай аскерлери акыры Жааңгердин колун Кашкар аймагынан сүрүп чыгып, чек арага жакын кыргыз айылдарын талап-тоногон. Кашкардагы кытай улугу (анбань) Юн Цин кийинки жылдары дагы Жааңгер кожону жана анын жан-жөкөрлөрүн кармап берүүсүн өтүнүп, кыргыз бийлерине тыңчыларды тез-тез жөнөтүп турду. Кыргыздарды бөлүп-жарып, Жааңгер кожону негизги таянычынан ажыратуу үчүн богдыхан 1825-ж. бир нече бийге мартаба-наам, кымбат баалуу сыйлыктарды ыйгаруу жөнүндө атайын буйругун жарыялаган.

**Нарындык кыргыздардын кыймылга катышуусу. Атантай. Тайлак баатыр.** 1825-ж. тартып Ички Теңир-Тоодогу ак-талаалык саяктардын билермандары Атантай, Тайлак айылы Жааңгер кожонун оорук-турагына, цинь-манчжур баскынчыларына каршы кыймылдын чордонуна айланат. Саяктар сыяктуу эле кожого черик, басыз ж.б. уруу-уруктары колкабыш кылышкан.

Ошол жылы күзүндө Жааңгер кожо келип турган Тайлактын Ак-талаадагы айылына Кашкардагы кытай төрөсү (анбань) Юн Цин, Баянбату баш болгон 500 жоокерди шашылыш жөнөткөн. Кытай кошууну Торугарт, Чатыр-Көл аркылуу түнкүсүн гана жол жүрүп, Курткадан төмөнүрөөк Нарын дарыясын жээктей конгон Тайлак менен Атантайдын айылына капыстан кол салат. Бирок Жааңгер кожо, Тайлак, Атантайлар жоо чабаардын алдында бөлөк айылга мейманчылап кетишкен эле. Издегенин таба албай кыжыры кайнаган Баянбатунун колу коргоосуз калган айылды тыптыйпыл кылып кыйратып, 100-дөн ашык аял, бала-бакыраны кырып салып баса беришет.

Эли кызыл кыргынга кабылып, бейкүнөө жапа чеккени тууралуу кабар жетээри менен Тайлак баатыр жоонун артынан сая түшүп, тез эле жете келет да, жоону тар капчыгайга камап, чабуул коёт. Ошол айкашта басыз уруусунун бийи Чыбылды душмандын далай аскерин мертинтип, жигиттерине үлгү болгон. Эки тарап эрегише салгылашып, кан суудай аккан айкашта кыргыз кошууну жеңип, жоонун жалгыз жоокери араң качып кутулат. Кытай аскери түгөл кырылып, атүгүл колбашчы Баянбату жортуулдан кайтпай калган. Айкаш маалында Жааңгер кожо Тайлак баатыр менен бирге жүргөн.

Ушул жеңиштен кийин Жааңгер кожо Кашкар тарапка жаңы казат уюштурууга камына баштайт. Ал Коконго, Оро-Төбөнүн акимине, кундустун эмирине, тажиктерге, өзбектерге, казак, кыргыз урууларына жардам сурап чабармандарды жөнөткөн.

1825-1926-жж. күз, кыш айлары Жааңгер кожо Ак-Талаа, Тогуз-Тородо кыргыз айылдарын аралай өргүп, чечүүчү кармашка даярдык көрөт.

**Элдик кыймылдын күч алышы. Чечүүчү кармаштар.** 1826-ж. жазында (май) Жааңгер кожонун колу Ат-Башыдагы Ак-Бейиттин белин ашып, Арпа, Аксайга түшөт. Андан ары чек арадагы Ислык, Тешик-Таш кароолдорун жарып өтүп, Кашкар багытына сапарын улайт. Жааңгер кожо Чыгыш Түркстанга келээр замат жергиликтүү элдер цинь-манчжур бийлигине каршы жаңы көтөрүлүш баштакан. Бул Жааңгер кожонун жетекчилиги астындагы элдик кыймылдын чечүүчү этабы, өтө күч алган учуру эле.

Жааңгер кожонун колу менен кытай аскерлеринин ортосундагы алгачкы ири салгылашуу Кашкардын чеке-белиндеги Аппак кожо мазарына жакын жерде болду. Ошол кезде ал кыргыз кошуунун Үч-Турпанды душмандан арылтуу үчүн жөнөткөн. Көп өтпөй кыргыздар ал калаага барчу жолду ээлеп алышат. Тайлак, Атантайдын жигиттери Барчандагы кытай кароолун кыйраткан.

Жааңгер кожонун башкы күчтөрү орношкон Башкирим кыштагына Кашкар дубанындагы бөлөк кыштактардын калкы агылып келип жатты. Ал кийинчерээк Түмөн суусунун оң жээгиндеги Давлетбах түзөңүндө илилик цзянцзюндун аскерлерин талкалап, жоонун курал-жарагын олжо кылат.

Кашкарды камалоодо тажиктер бөтөнчө эрдиктин үлгүсүн көрсөтүшкөн. Узакка созулган салгылашуулардан соң Кашкардагы кытай аскери сепилге бекинген. Ал эми калаанын калкы




*Кыргыздардын көз карандысыздык үчүн Цинь империясына каршы күрөшү. XVIII к. аягы — XIX к. башы*

Жааңгер кожонун кошуунун кубанып утурлап тосуп чыгат. Шаан-шөкөт менен калаага кирген кожо[1] сеид[2] Жааңгер султан мартабасын кабыл алды.

Көп узабай Жаркент, Хотан, Яныcардын калкы козголуп, шаарлардагы цинь аскерлерин, сепилдерди талкалап Кашкарга жөнөшкөн.

Жааңгер кожонун көтөрүлүшү дээрлик 1828-ж. чейин созулуп, Чыгыш Түркстандагы көпчүлүк шаарларды, кеңири аймакты камтыган. Ч. Валиханов жазган кабарга караганда көтөрүлүшкө 200 миңге жакын адам катышкан. Көтөрүлүшчүлөр союл, айры, чалгы, кылыч, найза, мылтык менен куралданышкан. Алар кытай аскерлеринен бир нече замбиректи (төө замбиреги) тартып алышкан эле. Көтөрүлүштө айрыкча кыргыздар эр жүрөктүүлүктү көрсөтүшүп, зор роль ойношкон. 1827-ж. мартта кыргыздар менен уйгурлар Хотанда ири кошуун топтошот. Кыргыздар чалгынга чыгып, кытай аскерлерине капилеттен тополоң салып, азык-түлүк, ок-дары тарткан кирелерин тартып алып турушкан. Ал эми кыргыз билермандарынын бири Атантай Жааңгер кожонун эң жакын кеңешчиси эле. Бекеринен ага Жааңгер кожо Кашкардын мурдагы хаким-бегинин кызын тартуулабаса керек.

**Элдик кыймылдын жеңилиши, анын себептери жана мааниси.** Бирок курал-жарак, ок-дары менен жакшы жабдылбаган, аскердик даярдыгы начар, карапайым калк Кытайдын ичкери жагынан келген ири аскер күчтөрүнө туруштук бере алган жок. 1827-ж. эрте жазда Жун-тан колбашчылык кылган 70 миң аскер Кашкар, Жаркент, Хотанга чабуул койгон. Душман мыкты куралданган эле. Алар көтөрүлүшкө чыккан калк кошөкөрлүк менен жан аябай коргогон калааларга мылтык, замбиректерден окту мөндүрдөй жаадырышат. Жааңгер кожо Кашкарды ээлегенден кийин түзүлгөн оңтойлуу кырдаалды кылдат пайдалана алган жок. Ал Ак-Суу, Кулжа өңдөнгөн цинь-манчжур бийлигинин Синьцзяндагы негизги таяныч борборлоруна тезинен чабуул коё албады. Анын ордуна Орто Азия элдеринен жаңы жардамды күтүп, жайбаракаттыкка жол берген да, убакыттан уттуруп койгон. Натыйжада Чыгыш Түркстандын зор бөлүгү кытай төрөлөрүнүн карамагында кала берди. Ошондуктан душман тез арада Кулжага көп аскер топтоого үлгүргөн. Кожонун жакын жардамчыларынын арасындагы ич ара талаш-тартыш, ырктын бузулушу да кыймылга терс таасир эткен.

Кашкардын жанындагы чечкиндүү кармашта калаанын коргоочулары жеңилип калып, Жааңгер кожо калааны калтырып кетүүгө мажбур болот. Кытай бийлиги дайындаган Кашкардын жаңы хакимбеги амалкөй Исак-ван

[1] Кожо – (ходжа) – диний ардак наам (мартаба).
[2] Сеид – Мухаммед пайгамбардын урпактарынын ардак наамы.

чет жерлик төрөлөргө берилгендигин далилдеш үчүн ар кандай айла-амалдарды колдонуп, элдик кыймылдын сүйүктүү жолбашчысын алдап, кытайларга кармап берет. Аны Пекинге алып барып бир нече жылдан кийин өтө коркунучтуу козголоңчу катары кескилеп өлтүрүшөт.

Ошентип, Жаанҥер кожо баштаган жалпы элдик кыймылдын акыркы чечүүчү этабы 9 айга созулуп, Чыгыш Түркстандагы кеңири аймакты кучагына алса да, акыры жеңилиш менен аяктады.

*Жеңилип калганына карабастан, бул кыймылдын Чыгыш Түркстан элдеринин боштондук күрөшүнүн тарыхында мааниси зор.* Кыймылдын жүрүшүндө түпкү калк кыйла такшалды, эркиндикти эңсөөсү, ага умтулуусу ого бетер күчөдү. Цинь-манчжур баскынчылары олуттуу жоготууларга дуушар болуп, алардын Синьцзяндагы үстөмдүгү бошоңдой түштү. Боштондук кыймылын биротоло басып коюуга алардын дарманы, чамасы жеткен жок. Цинь үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдеринин эгемендик үчүн күрөшү кийинки жылдарда да улана берген. Алардын бардыгына кыргыздар активдүү катышып турду. Алсак, 1839-ж. Жусуп Кожонун көтөрүлүшүн саяк Атантай, Тайлак баатыр, басыз, кыпчак, чоңбагыш уруулары колдоп чыгып, Кашкарды камалоого катышышкан.

1845-ж. чыгыш түркстандык кыргыздар кайрадан козголуп, Жаңы-Гиссар аймагындагы цинь кароолун талкалашат. Ал эми кийинки 1846-ж. алар Кашкар дубанындагы кароолдорго жортуул уюштурушкан. 1847-ж. Кашкарда циндерге каршы кожолордун жаңы кыймылы башталганда Алым бий менен Кыдыр бий аны колдогон. Атүгүл, 1851-ж. Кашкарга жортуул жасаган Валихан төрөнүн кошууну көбүнчө кыргыздардан куралганы белгилүү.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Жааңгер кожо жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Суранчы буруттун козголоңу тууралуу айтып бергиле.
3. Жааңгер кожого алайлык кыргыздар кандайча колдоо көрсөтүшкөн?
4. Нарындык кыргыздардын кыймылга катышуусун эсиңерге бек түйгүлө.
5. Атантай, Тайлак баатырлар кандай эрдиктерди көрсөтүшкөн?
6. Элдик кыймыл кандайча күч алган?
7. Ал эмне үчүн жеңилип калды?

## Документтик материал

**Жааңгер кожонун кыймылы жөнүндө Ч. Валиханов жазган маалымат-баяндан үзүндү (Чыг. 3-том, 140-145 - беттер).**

... 1822-ж. Жааңгер Кокондон кыргыздардын конуштарына (айылдар конгон журт) качып келди жана ошол жерде Кашкарга жортуул жасоого камына баштады...

... Чоңбагыш уруусунун улугу Суранчы шаардын (Кашкар) чет-жакасына кирип келип, айланадагы кыштактарга дүрбөлөң салды... Нарын дарыясынын төрү, кыргыз конуштарынын чордону кожонун туруктуу турагына айланды... Жааңгер саяк, басыз жана каба уруу-уруктарынан куралган өзүнүн көчмөн партизандары менен бирге Кашкарга бир нече жолу чабуул койгон...

... Кытайлар өздөрүнүн тынчын алган чабуулдардан биротоло кутулуу үчүн анбань колбашчылык кылган 500 кишини (аскер) Атантайдын айылына капыстан кол салып, Жааңгерди туткунга түшүрүү үчүн жөнөтүштү...

Басыз уругунан чыккан Чыбылды бий аларга ушунчалык катуу чабуул койгондуктан, жалгыз бир кытай араң качып кутулуп, калганы өздөрүнүн генералы менен чогуу кырылды...

... 1826-ж. жазында (майда) Жааңгер өзүнүн колу менен... Түмөн суусунун оң жээгинде, Давлетбах түзөңүндө кытайларды... тыптыйпыл кылып талкалады.

Жааңгердин колуна эмне тийсе ошону менен куралданган 200 миңге жакын кишиден турган колу, кытайлардан тартып алган бир нече замбиреги, мылтыктары бар эле...

... Кыргыздар чалгынды камсыз кылышкан, алардан кытайлардын азык-түлүк, жем-чөп, ок-дары тарткан киресин тоноо үчүн партизандык отряддар түзүлчү; алардын жолбашчысы Атантай Жааңгер кожонун кеңешчилеринин ичинен өтө барктуусу болчу, ал (кожо) ага мурунку хакимбектин кызын берген...

... Сентябрь айында Ак-Сууга 70 миң кытай келди, аларга Жун-тан колбашчылык кылган. Февралга чейин кытайлар Ак-Сууда турушуп, жаңы жылдан кийин гана Кашкарга жол тартышты. Кашкар, Жаркент жана Хотан калааларынын күч-кубаттуу кошуундары, орто азиялык волонтёрлор, кыргыздар, Кундуз, Оро-Төбөдөн келген көмөкчү отряддар менен тажиктер кытайларга каршы жөнөштү...

# III глава. КЫРГЫЗДАРДЫН XIX К. ОРТО ЧЕНИНДЕГИ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮ. ФЕОДАЛДЫК ИЧ АРА ЧЫР-ЧАТАКТАР

## § 6. Кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшү

**Кыргызстанда Кокон аким-бектеринин эзүүсүнүн (залимдигинин) күчөшү.** Көчмөн кыргыздарды хан салыктарынын түрлөрүнүн күндөн-күнгө көбөйүшү нааразы кылган. Алгачкы жылдарда кыргыздардан негизинен салыктын башкы түрү катары *зекет* (мал салык) алынса, кийинчерээк бөлөк түрлөрүн да төлөөгө мажбурлашат. Хандын казынасына кыргыздар шарият боюнча 40 баш майда жандыктан бирди ($^1/_{40}$ кой-эчки), 40 жылкыдан бирди, 30 баш бодо малдан (уй) бирди ($^1/_{30}$) төлөшчү. Эгерде зекет төлөгөн адамдын жылкысы 40тан көп болсо, анда ал ар бир ашык баш жылкысы үчүн 40 тыйын төлөмөр болгон. Төөсү бар бардар кишиден беш төөгө бирден кой алышчу. Салыктын өлчөмү тез-тез өзгөрүп турган. Алсак, кээ бир жылдары кыргыздарды малынын $^1/_{20}$ бөлүгүн зекет үчүн төлөөгө мажбурлашкан.

Мал салыктан тышкары көчмөндөр *түндүк зекет* — ар өргөөдөн (түтүн, үй) бирден кой, *алал-зекет* — 50 баш малдан бирди төлөшкөн. Эгинчилик кылып жакада калгандардан *хараж* — жер салыгы алынчу. Мезгил-мезгили менен кокондуктар *аскер салыгы* деген шылтоону бетке кармап, түтүнгө *бирден тилле* (алтын тыйын) же *үчтөн ирик* салык салышкан. Салык жыйноо учурунда зекетчилер менен бектердин зордук-зомбулугу ашынып, салыкты ашыра жыйнашчу, толгон-токой белектерди берүүгө элди мажбурлап, оңой олжого туйтунушчу. Алар карапайым элдин бирин-экин мал-мүлкүн талап-тоноодон да кайра тартышчу эмес. Ордодон жиберилген **элбегилер** кыргыз айылдарын аралап, элге көз салып турган.

Чептердин бектери кыргыз манап, бийлеринин топторуна (жыйын) катышып, бүтүм кабыл алууга кийлигишчү. Андай жыйындарды чептерге жакын жерге өткөзүүнү талап кылышчу. Кокон хандыгында кийинчерээк кара букара калктан салыктын 20га жакын түрү алынган. Ар кандай салыктарды төлөө менен бирге элет эли чептердеги кокондук **сарбаздарды**, азык-түлүк, унаа ж.б. каражаттар менен камсыз кылышчу. Түштүк Кыргызстанда Кокон ханы суусу мол, дыйканчылык кылганга ылайыктуу жайык төрлөрдү, түзөңдөр менен ойдуң жерлерди тартып алып, кыргыздарды тоо-ташка сүрүп чыгууга аракет жасаган. Таластык, анжияндык, аксылык жана алайлык кыргыздар хандын карамагына ат-көөлүгү, курал-жарагы шайма-шай жигиттерден (кыл куйрук[1]) кошуун курап жөнөтүп

[1] Кыл куйрук – Кокон ханынын талабы боюнча жортуул учурунда кыргыздардан куралчу кошуун.



*Тайлак баатыр*

туруунга милдеттендирилген. Кокондуктар кыргыздын өңдүү-түстүү кыз-келиндерин күчкө салып хан ордосуна алып кетишээр эле.

Адам чыдагыс оор турмуш, Кокон хандыгынын көрсөткөн кордугу, аксым аким, бектердин зордук-зомбулугу, кыргыздарды өз ата журтунда күнкор кылууну эңсеген баскынчыларга каршы көз каранды эместик үчүн күрөшкө түрттү.

**Кокон хандыгына каршы Атантай менен Тайлак баатырдын көтөрүлүшү.** Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү XIX к. 30-40-жж. күч ала баштаган. Ал жылдарда кокондук баскынчыларга Нарындын төрүн жердеген саяк уруусу бөтөнчө катуу каршылык көрсөтүп турду. Саяктар буга чейин Чыгыш Түркстандагы цинь-манчжур бийлигине каршы кыймылга, Жааңгер кожонун Кашкарга жасаган жортуулдарына такай катышып турушкан. Ошол күрөштөрдүн жүрүшүндө алар аскердик уюмдашуу жана курал-жарак топтоо жагынан кыйла такшалып калышкан. Ошондуктан саяк ж.б. уруулар хан бийлигине баш ийбей, тез арада куралдуу көтөрүлүшкө чыга алышты. Көтөрүлүшкө айтылуу ага-ини Атантай менен Тайлак баатыр жетекчилик кылышты. Ага Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Нарын, Ат-Башыдагы кыргыздар жигердүү катышкан. Элдик кыймылдын жаңы толкунуна кокондук аскерлердин 1831-ж. жортуулу учурундагы аёосуз талап-тоноолор, баскынчылардын адам чыдагыс зөөкүрдүктөрү, зордук-зомбулуктары себеп болду.

Ага-ини Атантай менен Тайлактын атасы Ырыскул чоро уругунун чоңу – баатыры эле. Ал оң менен солго аттын кашкасындай таанылган атактуу атасы Жанболот бийдин заманында (XVIII к.) кытайлар менен айкаштарда кол баштап жүргөн.

**1831-ж.** жазында Кокон ханы Нарындын төрүндөгү кыргыз айылдарына жортуул уюштурат. Ал эми кийинки жылы (1832) Хаккула кол башынын 7 миң жоокери Ак-Талаадагы саяк уруусунун айылдарын кыйратышат. Алардын бийлери Атантай менен Тайлакты туткунга түшүрүп, Коконго алып кетишет да, элге оор салыктарды салышат. Туткундан кутулган соң Атантай, Тайлак Кокон ханына баш ийгилери келбей, Иледеги Улуу Жүз казактарына көчүп кетишкен. Бирок казак феодалдары

мал-мүлкүн талап, тынч жашоо бербей коюшкандыктан, алар кайрадан өз Ата Журтуна кайтып келишип, Кокон бийлигине каршы күрөштү улантышат.

1832-ж. Нарын дарыясынын боюндагы оңтойлуу жерге Куртка сепили курулган. Хан бийлигинин Ички Теңир-Тоодогу негизги таянычы катары түптөлгөн бул чепте ал кезде 1000ге жакын кокондук сарбаздар турчу. Курткадагы бекке кыргыздар түрдүү салыктарды, анын ичинде *улфан* аталган салыкты — 10 кап буудайдан бир кап буудай жана дагы *зекет* — 80 койдон 2 кой төлөшчү. Мындан тышкары кыргыздар Кокон бегине желдей сызган жүрүшү мамык суу чайпалбас жорголорду тартуулап турууга милдеттүү эле.

Акыры хан бийлигинен калайыкка эч кандай кайрымдуулук, адилеттик болбосуна көзү жеткен Атантай менен Тайлак баатырлар албарс кылыч, бөрү тил найза колго алып, ак келтени ай далыга асынып, боштондук күрөшүн башташат.

А. Чоробаев «Тайлак баатыр» поэмасында эл камын жеген эрендердин ой-максаттарын төмөнкүдөй баяндайт:

Элдин баарын чогултуп,
Эрте кабар кылайын,
Көк чапандуу Кокондун
Көөдөнүнө чыгайын,
Бектер менен желдеттин
Бейбаштыгын тыяйын.

Тайлак тез арада кол топтоп, Куртка сепилиндеги сарбаздарга кол салат. Кармашта кыргыздар жоону жеңип, чептеги терең ор-зынданда зарыгып жаткан туткундарды бошотушат. Эл кокондук төрөлөр тартып алган мал-мүлкүнө кайрадан ээ болуп, салык төлөөдөн карманча баш тартат. Көп өтпөй Ички Теңир-Тоодогу көптөгөн кыргыз айылдары күрөшкө көтөрүлгөн.

Күндөн-күнгө күч алып бара жаткан жаңжалдан чочулаган Куртка беги ордого шашылыш чабарман чаптырып кабар айттырат. Тайлактын «кылмыштуу кылыгы» тууралуу кабарды угаар замат Кокон ханы Мадалы кыргыздардын кыймылын тезинен басуу үчүн Ак-Талаага Арап баатыр колбашчылык кылган 500 жоокерди жөнөткөн. Тайлак баатырды колго түшүрүп, кыргыздарды экинчи баш көтөргүс кылып жазалоону көздөгөн Кокон колу Көгарт ашуусу аркылуу Тогуз-Торого келгенин Тайлактын чалгынчылары баатырга билдиришет.

**Быча салгылашуусу. Куртканы ээлөө.** Тогуз-Тородогу Быча деген жайыкта Тайлактын жигиттери Араптын колунун жолун тороп чыгат да, эки тарап беттешет. Айыгышкан салгылашта акыры кыргыздар жеңип, талкаланган жоо чаң-тополоң түшүп, чегинүүгө аргасыз болот. Ошол айкашта душман оор жоготууга учурап 400дөй аскеринен айрылган. Бир аз сарбазы менен качып жөнөгөн колбашы Арапты кыргыздар артынан сая түшө кууп жөнөшөт. Тайлак баатыр качкан жоонун калдыгына белди ашып кетээрде кууп жетип, Арапты мерт кылган. Арап набыт болгон ошол бел кийин *Араптын бели* аталып калды.

Ушул жеңиштен соң Тайлак баатыр Куртка чебин ээлеп, туткунга түшкөн кокондук 60 мырзанын үчөөнү хандын ордосуна жөнөткөн. Алар ханга Тайлактын төмөнкүдөй талаптарын айтып

барышмак: *«Силердин бектериңер ар түрдүү салык алып, кыргыздарды талап-тоноду: бизден жылкы, төө алышты, бизден зекет менен улфан алышты. Кокондук төрөлөр биздин асыл буюмдарыбызды да койбоду. Биздин алтын, күмүшүбүздү жана кымбат баалуу аң терилерибизди тартып алышты. Мындан тышкары келишкен сулуу кыздарыбызды тартып кетишти. Ушул мүлктү, айтылгандарды кайтарып бергиле. Эгерде кайтарып бербесеңер, анда туткунга түшкөн кокондук мырзаларды бүт кырып салабыз».*

Талапты аткарбаска чамасы жок Мадалы хан аргасыздан эпке келип, ордодогу олжо кыздарды элине кайтарган.

**Тайлак баатырдын өлүмү.** Ички Теңир-тоолук кыргыздарды биротоло багындыруу үчүн кокондук төрөлөр ар кандай айла-амалдарды пайдалануудан да кайра тартышкан эмес. Хан эбин таап элдин сүйүктүү жолбашчысынын көзүн тазалоо максатында Нарындагы кыргыз айылдарына табып кейпин кийген тыңчысын жиберет. Тыңчы табып бир нече жыл айылдарды аралап, дарыгерлик кылып, элдин ишенимине кирет. Акыры ал оңтою келгенде сыркоолоп калган Тайлакты ууландырып коюп баса берген. Баатыр **1838-ж. 42 жаш курагында көз жумган.**

Туу туткан баатырынан айрылып мүңкүрөй түшкөн элди багынтуу үчүн Кокон ханы Нарынга эки ирет атайын аскер аттандырып, Тайлак талкалаган Куртка чебин кайра курат. Узак жылдарга созулган тирешүүлөрдө кыйла жоготууларга дуушар болуп алсыраган кыргыздар бу жолу убактылуу багынып беришти. Көтөрүлүш жеңилгени менен элдин кыймылы биротоло тыйылган эмес. Элет эли боштондук күрөштү кийинки жылдарда да уланта берген.

**Тайлак баатырдын жетекчилиги астында Кокон хандыгына каршы боштондук кыймылы элдин эсинде түбөлүккө сакталып калды.**

**Жер-жерлердеги элдик көтөрүлүштөр.** 30-жж. аяк ченинде көз каранды эместик үчүн күрөшкө Бишкек чебине жанаша жаткан аймакты жердеген кыргыздар көтөрүлгөн. Аларга Улуу жүз казактарынын бир бөлүгү кошулган болчу. Кокон ханынын 300 сарбаз жандаган зекет жыйноочу элбегинин зордук-зомбулугу, залимдиги калктын кыжырын кайнаткан. Хан бийлигине каршы көтөрүлгөн букара эл кокондук бул кошуунду тыптыйпыл кылып талкалап, салык жыйноочу элбегинин өзүн да өлтүрүп коюшат. Ташкент акими көтөрүлүштү эки жолку жортуулдан кийин гана араңдан зорго баскан.

40-жж. кыргыздардын көз каранды эместик үчүн кыймылы кайрадан күч алып, Кыргызстандын түндүк, түштүгүндөгү зор аймакты каптаган. Алсак, 1842-ж. Ысык-Көл өрөөнүндөгү кыргыздар Каракол, Барскоон, Коңур-Өлөң чептеринен кокондук сарбаздарды кууп чыгышкан.

Ал эми 1845-ж. алайлык кыргыздар жана Ош аймагында ферганалык кыргыздар хан бийлигине каршы күрөшкө көтөрүлүп, ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурган. Ошондуктан Ошко Кокондон Мусулманкул колбашылык кылган көп аскер шашылыш жөнөтүлгөн. Кыргыздар жоонун жолун



*Памир кыргыздары XIX к.*

тороп, катуу каршылык көрсөтүшөт. Бирок курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, баскынчылык жортуулдарда такшалган кокондуктардын жер жайнаган колунун кысымына, чабуулдарына туруштук берүүгө мүмкүн эмес эле. Душмандын бир нече жолку чабуулунун мизин кайтарып, жан аябай кармашкан соң көтөрүлүшчүлөргө чегинүүгө туура келди. Акыры Мусулманкул көтөрүлүштү күч менен басып, Ошто туруп калат да, көтөрүлүшкө чыккан кыргыздарды аёосуз жазалайт.

40-жж. аяк ченинде нарындык кыргыздардын кыймылы кайрадан жанданат. Кыргыздар кокондук бекке баш ийбей, Куртка чебине улам-улам кол салып, чабуул коюп турушкан. 50-жж. черик уруусунан чыккан **Турдуке** баш болгон Атбашылык кыргыздар Куртка бегине салык төлөөдөн ачык эле баш тартып, эркиндик үчүн күрөшкө чыгышкан. Кыргыздарды тынчытууга кудурети жетпесин түшүнгөн Куртка беги Мамаразык үч жыл бою Анжиян бегинен кошумча 700 сарбаз сураган.

Нарын аймагында **Табылды баатыр** (тынымсеит) жетектеген элдик кыймыл да эки жылга созулуп, кокондук төрөлөрдү көп жоготууларга дуушар кылган.

**XIX к. биринчи жарымында кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшүнүн тарыхый мааниси.** Элдик кыймылдын күч алышынын натыйжасында баскынчылар жергиликтүү элдин катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылып, көп аскеринен айрылды, чыгашасы арбып, бийлиги бошоңдоду. Кыргыз элинин боштондук үчүн күрөшү

Кокон хандыгын кыйла алсыратты. Кыргызстанда кокондук бектер менен сарбаздар туруктуу жана бекем бийлигин орното алышкан жок. Элет элинин көз каранды эместикке умтулуусу ого бетер күчөдү. Кыргызстандын ар кайсы аймактарын мекендеген кыргыз урууларынын саясий жактан биригүү аракетинин белгилери небак эле калыптана баштаган. Атантай менен Тайлактын көтөрүлүшүнөн кыргыздарды саясий бир бүтүндүккө, ынтымакка чакыруу демилгесин байкоого болот.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. XIX к. 20-30-жж. кыргыз элинин абалынын оордогону жөнүндө айтып бергиле.
2. Кокондук төрөлөр кыргыздардан салыктын кандай түрлөрүн алып турушкан?
3. Атантай менен Тайлак баатырдын көтөрүлүшү качан, кайда болду эле?
4. «Тайлак баатыр» дастанын окуп, анын мазмунун кыскача айтып бергиле.
5. Көтөрүлүштүн тарыхый мааниси кандай?
6. Кыргыз элинин XIX к. 40-50-жж. боштондук күрөшү жөнүндө эмне билесиңер?

## Документтик материал

**Кокондуктардын кыргыз элине көрсөткөн кордугу жөнүндө элдик арман ырдан үзүндү**

Көчүк жакты сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды.
Тегереги кыргыздын
Темирден соккон тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын
Кырк кулач зындан ор болду.
Кокондуктун бийлиги
Маңдайга бүткөн шор болду.
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Кокондуктун кордугу
Өткөрө өттү зордугу.
Айгыр ат менен атан төө
Алып турат кокондук.

Азаматтын башына
Аябаган бүлүктү
Салып турат кокондук.
Жазыгы жок адамдын
Башын жарып оруна
Салып турат кокондук.
Тандап туруп кыргыздан
Оймоктуудан уз алды,
Каркырасын сайдырып
Беш көкүлдүү кыз алды,
Карыштатып кулагын
Зекетине кой алды,
Каржалдырып жигитти
Кызматына бой алды.

## § 7. Кыргызстандын түндүгүндөгү уруулар аралык чыр-чатактар. Боромбай. Ормон хан

**Уруулар аралык чыр-чатактар-дын себептери жана салакалары.**

XIX к. биринчи жарымында кыргыз урууларынын ортосунда жоокерчилик заманга мүнөздүү феодалдык согуштар тез-тез болуп турду. Айрыкча бугу менен сарыбагыштын чатагы узакка созулуп аркалык кыргыздарды аябай алсыратткан. Уруулар аралык жаңжалдардын максаты жана мүнөзү ар кандай болуп, ички, тышкы шартка, тарыхый кырдаалга жараша өзгөрүп турган. Адатта мындай согуштар көбүнчө коңшу уруунун жылкысына тийүү, малын айдап кетүү, барымта кылуу, туткун менен олжого туйтунуу үчүн жүргүзүлчү. Кийинчерээк жер, жайыт талашкан чатактар көбөйүп кеткен. Ошондой эле айрым феодалдык төбөлдөрдүн өздөрүнүн саясий үстөмдүгүн кеңейтүү жана бекемдөө аракети менен байланыштуу саясий мүнөздөгү себептер ири жаңжалдарга түрткү берген. Алсак, сарыбагыш уруусунун чоң манабы ***Ормон Ныязбек уулу*** **(1791-1855)** бүткүл түндүк кыргыз урууларынын үстүнөн бийлик жүргүзүүгө, кыргыз хандыгын түзүүгө умтулуп кыйла аракет жасаган. Ормондун кыргыз жерин саясий жактан борбордоштуруу, бириктирүү демилгесин адегенде айрым кыргыз урууларынын манаптары колдогон жок. Ошондуктан ага тең ата уруулардын өз алдынча болуусуну эңсеген, анын бирдиктүү бийлигине караганда бытырандылыкты артык көргөн бийлери менен чатакташууга туура келди. Мындан тышкары Ормон Цинь империясы менен Кокон хандыгынын бөлүп-жаруучулук аракеттерине жана улам жакындап келе жаткан Орусиянын кыйды саясатына кабылды. Алардын ар биринин жашыруун максаттары бар эле. Ал өлкөлөрдүн тыңчылары кыргыз урууларын кайраштырып чатак чыгаруудан, кыянаттык кылуудан кайра тарткан эмес. Анткени ыркы кетип, ынтымагы бузулган элди багындыруу оңой болмок.

**Сарыбагыш - саяк чатагы.** XIX к. биринчи чейрегинде сарыбагыш, саяк, бугу, солто уруулары кайра-кайра кагылышып турду. Солто менен сарыбагыштын 20-жж. башындагы чабышы ошондой кагылышуулардын алгачкысы эле. Бул чатак Чүй боорун Мадалы хан каратып ала баштаган учурга дал келип, аймакта Кокон үстөмдүгүнүн орношун кыйла жеңилдеткен. 30-жж. орто ченинде сарыбагыш, саяк уруулары жоолашат. Эки уруунун чоң манаптарынын өз ара таарынычы, текеберлиги менменсинип бирин-бири кемсинтүүсү, намыска тие шылдыңдоолор, буга себеп болду. Албетте, айрым түшүнүгү тар, ниети бузук адамдар ортого от жаккан. Эрегиште эр өлүп, эки ортодо бейкүнөө эл азап чекти.

Сарыбагыштын чоң манабы Ныязбектин тууганы Айдаке баатырды саяктын чоро уругунан чыккан Жанболот бийдин жылкычылары намысына тие шылдың кылганда ал Ныязбекке даттанып барат. Урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай эсирип араң турган



*Сартай — сарыбагыш уруусунун манабы*
*Ч. Ч. Валиханов тарткан сүрөт*
*Акварель 1856-ж.*

башка манаптар сыяктуу эле Ныязбек дагы от менен ойноду. Ал чоро, курманкожо уруктарынын чоң манаптары Качыке баатыр менен Медет даткага жигиттерин жиберип, Жанболот бийди айыпка жыгууну талап кылат. Эгер антишпесе, анын айылын чаап алам деп коркутат. Акыры чатак ырбап, жаңжал чыкты.

Ныязбектен кордук көрүп, көңүлү чөккөн Качыке баатыр Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Тородогу саяктардан кол курап, эки жыл даярданган соң, Жумгалдан Чүйдөгү сарыбагыштарга каршы жортуулга чыгат. Ал кезде Желаргы-Тайгак деген жердеги Ныязбектин айылы жортуулдан эч кабары жок, көктөмдө мал көктөтүп, жаңыдан жележе кулун илип, бээ байлап жайбаракат камырабай жаткан эле. Капилеттен кол салган Качыке баатырдын кошууну айылды чаап, мал-мүлкүн талап, жылкысын айдап кетет.

Ныязбек шашылыш сарыбагыштардан жигит жыйнап, саяктардын артынан жөнөйт. Бирок «Ныязбектин сегиз беги» деген атка конгон анын уулдары жетектеген сарыбагыш колу Шамшы капчыгайынын оозундагы айкашта саяктардан жеңилип калат. Эки тарап жапырт беттешерден мурда Ныязбектин Ормон жана Субанбек деген уулдары сайышка түшүп, саяк баатырлары Эралы менен Кожобердиден жеңилип кайтышат. Тополоңдо сарыбагыштар көп жоготууларга дуушар болуп, Ормон туткунга түшөт. Ал 8 ай бою саяктарда туткунда жүрүп, араң качып кутулган.

Саяктар менен сарыбагыштардын чабышы кокусунан болгон эмес. Таймаштын тамыры тереңде жаткан. Эң башкы себеби, ошол кезде Ныязбек Эсенгул уулу башында турган сарыбагыш манаптарынын Кочкор жана Жумгал өрөөндөрүндөгү мыкты жайыттарды ээлеп алуу жана чоро, курманкожо, кулжыгач сыяктуу чачкынды саяк уруктарын, Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы саяктарды өз бийлигине баш ийдирүү аракетине байланыштуу болгон.

**Бугу - саяк чатагы.** Ошол эле 30-жж. саяк менен бугу урууларынын ортосунда ич ара талаш-тартыштар күчөйт. Бытыранды болуп, ар кайсы аймактарда жашаган саяктардан саны арбын бугу уруусу үстөмдүк кылып, чатакта көбүнчө жеңишке жетишип турду. Алсак, бугунун баатыры Ногой бир жолку жортуул учурунда Медет датканын айылын чаап, мал-мүлкүн талап-тоногон. Ошол чабышта Медет датканын уулу Айтак баатыр көз жумат. Көкүрөгүн күйүт чалган

датка кокондуктардан жардамга аскер сурап алып, бугуларды Текеске чейин сүргөн соң, көксөөсү бир аз сууган эле. Олжо, туткундарды ал кийин баласы Айтактын ашында байгеге сайган.

Мындан көп өтпөй бугуларга саяктардын дагы бир чоң манабы Качый кол салат. Кокондук кошуун колдогон саяк колунун чабуулуна туруштук бере албай, бугулар Каркыра, Текеске чегинген. Бирок Качый бугулардын капысынан уюштурган чабуулуна кабылып, Керойт баатырдын колунан өлөт. Ошондон кийин колбашчысынан айрылган саяктар кайра тартууга мажбур болушкан. Бугулар да жөн жатып калган жок. Бугулардын саяктарга каршы жортуулдарынын бирине айтылуу **Балбай баатыр** жетекчилик кылган. Эч нерседен жалтанбас эрдиги, көк жалдыгы менен даңкы чыккан Балбай баатыр курманкожо уругунун чоң манабынын сай күлүк атына, Медет датканын Акзыйнат аттуу келбети келишкен сулуу кызына көзү түшүп, аларды колго тийгизүүнүн эбин таппай жүргөн. Ай чырайлуу Акзыйнат ал кезде агасы Дөөлөт баатырдын колунда болучу. Өз оюн ишке ашырууну көздөп, Балбай баатыр Жумгалдагы Курманкожо, Кулжыгач айылдарына жортуул уюштурат. Бирок анын башкы максаты оңой олжого, жаңы жайытка ээ болуу, бугу уруусунун манаптарынын саясий таасир чөйрөсүн кеңейтүү эле. Бугунун чоң манабы **Боромбай Бекмурат (Меңмурат)уулу** бекеринен бул жортуулга катышпаса керек.

Балбайдын жортуулга чыкканы жөнүндө алдын ала кабар алган Дөөлөт баатыр кармашка жакшылап камынганга үлгүрөт. Бугулар Жумгалга келгенде саяктардын катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылып, Балбай өзү чалгынга чыкканда колго түшөт. Саяктар анын кулагын кесип, узак убакыт туткун катары кармашкан. Кийин туугандары көп мал берип жатып, аны араң куткарып алышкан. Кетпес кеги калган Балбай баатыр өч алуу үчүн саяктарга кайра-кайра кол салып турган.



*Боромбай — бугу уруусунун чоң манабы*

**Ормондун хан көтөрүлүшү.** XIX к. экинчи чейрегинде сарыбагыштын чоң манабы **Ормон Ныязбек уулу** атасынын ордун басып, уруусун бийлеп калат. Ормон сарыбагыштын жардамына муктаж болгон саяктардын курманкожо, кулжыгач уруктары менен ынтымак түзүп ымала кылган. Өзүнө жакын тууган уруктардын коштоосунда Көлдүн күңгөйүндө, чыгышта Чарын, Челек, Ке-



*Ормон хан*

генге, батышта Кочкорго чейин көчүп-конуп жүрчү. Акырындап анын таасири Жумгал, Нарын, Тогуз-Торо, Ат-Башы, Ак-Талаага чейин тараган. Ормон бугулардын саяктарга каршы жортуулдарын токтотуп, аларды өз тарабына тарта алды. Балбай баатыр Ормондун айылын чапканы келгенде колго түшүп, кышы, жайы менен колу-бутуна кишен салынып ордо отурду. Алдан тайып калганда аны бугулар Ормондун бугу ичиндеги кыйышпас дос-тамыры аркылуу аргымак ат тартуулап, куткарып алышкан.

XIX к. 40-жж. башында Ормон аркалык кыргыз урууларынын бирикмесин түзүүгө жетишип, саяктар менен бугулардын бир бөлүгүн өз бийлигине имере алды. Бул уруулардын чоң манаптары жарым-жартылай ага баш ийип беришкен эле. Эл оозунда айтылып калган тарыхый кабарга караганда Ормон сарыбагыш, саяк, бугулардан тышкары солто, азык, черик, чоңбагыш, кушчу, саруу ж.б. түндүк кыргыз урууларын бириктирүүгө көп күч жумшаган. Көздөгөн максатына жетиш үчүн ал 1842-жж. баш ченинде (Белек Солтоноевдин жазганына караганда Ормон 1830/31-жж. Орто-Токойдо хан көтөрүлгөн) Балыкчыга (айрым маалыматтар боюнча Орто-Токойго) атайын топ (курултай) чакырат. Бугу, саяк, сарыбагыш, солто, саруу, кушчу, черик, азык ж.б. уруулардын бий, билерман, аксакалдары, «жакшылары» жыйылган ошол топто 9 ак боз бээ союлуп, ак кийиз жайылып, Ормон хан көтөрүлгөн экен. Хан бийлигинин белгиси катары ага кызыл тебетей (төбөсү кымбат баалуу кызыл кездеме менен капталган суусар тебетей) кийгизишиптир. Ошондон тартып Ормон хан аталып, өзүн кыргыз ичинде жогорку бийлик эгеси, өкүмдар, журт атасы катары сезип калган.

Ал Жантайды кеңешчиликке, Төрөгелдини черүү башылыкка дайындайт. Калыгул олуя хандын кадырлаган акылгөй кеңешчиси эле. Ормон хан адатка таянып, эл ичинде тартипти чыңдаган. Анын жарлыгы боюнча уурулук кылган киши мал башына бир тогуз айып төлөмөк. Кыз ала качканга 40 жылкы айып, эрдин куну үчүн 300 жылкы, аялдын куну үчүн 150 жылкы белгилеген. Хандын 30-40 мылтыкчан мергени, жигиттери, алтын, күмүш, сансыз көп мүлкү, 4-5 миң кою, 2 миң жылкысы болгон. Келген соодагерлерден, элден салык алып турган. Кийинчерээк Кенесары менен кармашта жетишкен жеңишти Ормон хан өз бийли-

гин чыңдоо үчүн пайдаланды. Ал Кокон ханын тоотпой, өз бетинче бийлик жүргүзүп, түндүк кыргыз урууларынын арасында таасирин кыйла бекемдеп алган болучу.

Тилекке каршы, Ормон хан канчалык жан үрөп аракет кылганы менен кыргыз урууларын саясий жактан толук бириктире алган жок. Ал кезде өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүү үчүн өтө зарыл ички жана тышкы саясий шарттар жетишсиз эле. Ич ара феодалдык жаңжалдар, Кокон хандыгынын кыянаттыгы кыргыз элинин кендирин кесип турду. Кытай богдыханы менен орус падышасы дагы кыргыздардын күч алышын, бирдиктүү мамлекетке биригишин жактыра бербеди. Ал өлкөлөрдүн баары тең Кыргызстанды каратып алууну, кыргыз элинин үстүнөн өз үстөмдүгүн орнотууну самаган. Буга казак султандарынын жоолашуусу кошул-ташыл болуп, кыргыз элин кыйла жоготууларга дуушар кылды.

50-жж. орто ченинде бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосунда жаңжал башталып, ал Түндүк Кыргызстан Орусиянын карамагына толук киргизилгенге чейин (1868-ж.) басылган эмес. Ордо оюну жана мал барымталоо шылтоо болгон ошол чабыштардын биринде Ормон хан колго түшүп, колтукка найза жеп, оор жараттан өлөт (1855). Ормондун кунун кууган сарыбагыштар кайра-кайра жортуул уюштуруп, бугулардын тынчын алган. Боромбай баш болгон бугунун бир топ айылы Каркыра менен Текеске чегинет. Боромбай калканч издеп кытай төрөлөрүнө, орус бийликтерине кайрылууга аргасыз болгон. Бугу уруусу Орусиянын карамагына толук өткөндөн кийин гана орус төрөлөрүнүн кийлигишүүсү менен жаңжал басаңдай баштайт.

---

**Боромбай Бекмурат (Меңмурат)** уулу бугу уруусунун XIX к. орто ченindeги чоң манабы. Болжолу 1784/85-жж. туулуп, 1858-ж. көз жумган. Ал жаш чагынан өз башынан көп окуяларды өткөргөн, турмуштун ачуу-таттуусун далай ирет таткан, дасыккан акылман жол башчы эле. Боромбай ата-бабалардан калган каада-салтты бекем сактаган. Нарк-нусканы, элдик үрп-адаттарды, макал-лакаптарды, насыят, накыл кептерди, санжыраны мыкты билген. Атүгүл ал жамакчы да экен. Ыр менен айткан, «Боромбайдын керээзи» али элдин эсинде сакталып келет. Замандаштары, кыргыздын ошол кездеги ири инсандары Ормон хан, Алымбек-датка, Жаңгарач, Жантай, Ажыбек баатыр, ж. б. аны сөздүн баркын билген, кеп жеген сөөлөттүү киши катары жогору баалашкан. Жоокерчилик заманга жараша айрым жылдары таарынышып, каршылашып турганы менен алардын өз ара мамилесине ынтымакка келүү, туугандык карым-катнашты чыңдоо, кудалашууга, достошууга умтулуу мүнөздүү. Буга Боромбайдын байланыштары күбө. Алсак, ал Ормон хандын кудасы болчу. Боромбайды черик Ажыбек баатыр, солто манабы Жаңгарач, сарыбагыш манабы Жантай, саяк манабы Алыбек баатыр ж. б. жактырып, жакшы мамиле кылышкан. Кийин чатак чыгып, уруулар аралык чабышта Ормон хан курман болуп, эл ынтымагына доо кеткенде Боромбай «олдо чунак Балбай ай» деп өтө кейиген экен. Кеч болсо да ынтымакка ылаажы табууга далалат кылыптыр.

Көбүнесе ушундай чыр-чатактар аны Кытай, Орус мамлекеттери менен жакындашууга түрткөн. Арийне, Көл кылаасындагы кыргыздарды өз бооруна тартууга кытайлыктар да, орус падышасы да көбүрөөк кызыкканы талашсыз. Ошондуктан Кытай императору 1850-ж. Көлгө элчилерин жөнөтүп,

Боромбайга мандарин мартабасын, анын баш кийимге тагылчу белгиси — кымбат баалуу томолок кызыл ташты тартуулаган. Сырт, Сары-Жаз, Текес, Музарт, Даванда жайлоонун бейкуттугун камсыз кылуу үчүн Боромбай Кулжадагы кытайлык цян-цзюн — генерал-губернатор менен ымала кылып турчу.

Орус генералдары дагы Боромбайга көбүрөөк көңүл бөлүп, аны эртерээк колго алууга аракеттенишет. Буга белгилүү өлчөмдө Ысык-Көл ойдуңунун стратегиялык мааниси, 20—40-жж. элчилик байланыштар да түрткү болгон. Бугу уруусу Орусияга кошулганда орус бийлиги Боромбайга подполковник наамын ыйгарып, акчалай маяна бере баштаган. Ал Орусия тарабынан үч ирет ардак чапанга, атайын тартуу кылычка жана алтын медалга арзыган, 10 миң түтүн бугу уруусунун расмий түрдөгү чоң манабы аталган.

Боромбайдын дагы бир көсөмдүгү анын сарамжал чарбачылыгынан даана байкалат. Элинин турмушун оңдоо үчүн ал калкын эгин, жер-жемиш эгип, бак-дарак тигүүгө, дыйканчылык кылууга үндөгөн. 1843-ж. Жуукуга эки коргон (Кызыл Үңкүр) курдуруп ордо кылган. Ойго кашаа тостуруп эгин эктирген, алма, өрүк, алмурут, жүзүм тиктирген, коон-дарбыз ж. б. айдаткан. Боромбай илим-билимдүү адамдарды абдан урматтачу. 1856-ж. Чокон Валиханов анын айлында көп күн жүрүп, баалуу маалыматтарды жыйнаган, Боромбайдын сүрөтүн тарткан. Айтор ал ар тараптуу инсан эле. Эң башкысы, эл үчүн кам көргөн, анык элдик киши болчу.

*Ч. Валихановдун*
*ж. б. маалыматтары колдонулду.*

---

**Медет датка.** XIX к. биринчи жарымындагы кыргыз элинин чыгаан инсандарынын бири **Медет датка Байтүгөл уулу.** Ал болжолу 1768-70-жж. туулуп, 1838-39-жж. көз жумган. Түпкү атасы Түгөл бий, чоң атасы Келдибек бий, аталаш агасы Нүсүп бий эзелтен Кочкор, Жумгалды жердеген саяк уруусунун билермандары болушкан. Элдик



*Медет датка*

санжырага караганда Медет датка бала чагында эле баамчыл, кут конгон, өтө шок бала болуптур. Кийин бойго жеткенде өзүнүн шык, жөндөмүнүн, акылмандыгынын аркасында көпчүлүккө таанылат. Акырындап эл ишенимине арзып, калктын мүдөө-тилегин канааттандырган калыс бий болот. «Көпкө эмес, азга канагат кылган топуктуулугу, ачууга жеңдирбей, ар ишти кылдаттык менен чечкен токтоолугу бар. Адамга жаман айтпаган айкөлдүгү бар. Кек сактабаган кенендиги бар, капилетте акыл тапкан чебердиги бар! «Ат качырбас боз айгыр — деген ушул!»— деп аны сыймыктана сынаптыр атактуу агасы Нүсүп бий.

Мындай адам менен мамилелеш болууга Кокон ханы кыйла кызыккан. Анткени эл туткасын колго алуу элди колго алуу дегендикке жатмак. Ошондуктан Омор хан Кокондогу ордосуна Медет бийди башка кыргыз бийлери менен бирге атайлап чакыртып сый-урмат көрсөтөт. Ошондо Кокон ханы Медет бийге датка наамын ыйгарып, атайын жасалган туу жана артыкча укуктарга ээ

жарнама тартуулаган. Анын акылмандыгына, таамай айткан сөзүнө ыраазы болгон Омор хан Кокондо «ак үйлүү аманатта» кармалып жүргөн кыргыз бийлеринин 21 баласына эли-жерине кетүүгө уруксат берет. Медет датка ар дайым чыр-чатакка жол бербөөгө, доо-талашты тынчтык жолу менен чечүүгө аракет жасачу, элчилик өнөрдү да мыкты өздөштүргөн. Кытай бийлигинен Жанболот бийди кылдаттык менен куткарып келген. Жалган жалаа жабылып, Кокондо зынданда жаткан Алдаш баатырды өлүмдөн куткарган. Ушундай эмгеги үчүн Медет датканы Алдаш баатырдын туугандары, найман, бостон, тейит уруулары урматтап, туугандык карым-катнашты чыңдашкан.

Медет датка кыргыз урууларын ынтымакка чакырып, эрегишкен урууларды элдештирип турган. 1820-жж. сарыбагыш менен солтонун жайыт талашкан чатагын токтотууга салым кошкон. Ал Кетмен-Төбөлүк саяктар менен таластык кушчу уруусунун ортосундагы чыр-чатакты басууда да зор роль ойногон. Ошондуктан карапайым, элге күйүмдүү, сылык-сыпаа жана адилет датканы кыргыз урууларынын жолбашчылары — бий, манаптары абдан сыйлашчу. Хандан алган атайын жарнамасы бар датка кээде зордукчул кокондук бектерди, зекетчилерди да тескечү. Өз ара ынтымакты чыңдаш үчүн көпчүлүк манаптар менен үзбөй катышып, куда-сөөк, дос күткөн. Алдаш баатыр досу эле. Жантайга саяктан тандап кыз берген. Өзүнүн кызы Сайкал кетмен-төбөлүк чоң манап Рыскулбекке күйөөгө чыккан. Медет датканын айылына Кашкардан, Коконлон ж.б. жактардан соодагерлер каттап турушчу...

*Ж. Кенчиев. Медет датка. Бабалар баяны. Б., 1996.*

?

## Суроолор:

1. Уруулар аралык чыр-чатактарга эмнелер себеп болгон жана ал чатактар коомдук өнүгүүгө кандай салакасын тийгизген?
2. Сарыбагыш-саяк чатагы кыргыз элинин ич ара ынтымагына, өсүп-өнүгүшүнө кандай салакасын тийгизген?
3. Бугу-саяк чатагы тууралуу эмнелерди билесиңер?
4. Ормон хан кандайча хан көтөрүлгөн?
5. Ормон ханга, анын өз алдынча мамлекет түзүү аракетине кандай мүнөздөмө бере аласыңар?

## § 8. Кенесары Касымовдун (хан Кене) чапкынына каршы көз каранды эместик үчүн күрөш

**Кенесарынын баскынчылык жортуулдарынын себептери жана өбөлгөлөрү.** XIX к. 40-жж. Кенесары Касымов баш болгон казак феодалдары Кыргызстандын түндүгүнө талоончул жортуулдарды уюштурду. Буга ошол мезгилдеги татаал тарыхый кырдаал, Казакстанды толук каратууну эңсеген Орусия мамлекети менен Орто Жүз казак султандарынын ортосундагы мамилелердин курчушу, жоокерчилик заман өбөлгө түзгөн. Казак, кыргыз феодалдарынын узак жылдардан бери жайыт талашкан чатактары да канатташ калктардын кандуу кагылышына себеп болду.

Арийне, алар ар дайым эле чатакташып турган эмес. Жанаша жашаган тектеш эки элдин ортосундагы мамилелерге көбүнесе тыкыс карым-катнаш, чарбалык-маданий байланыштар, чет жерлик баскынчыларга каршы күрөштөрдө калыптанган ынтымакымала мүнөздүү. Айрыкча XVII-XVIII кк. калмак коңтайшыларынын жортуулдарынын маалында казак-кыргыз ынтымагы кыйла чыңдалган.

Кыргыздар менен казактар патриархалдык-феодалдык коомдук мамилелердин деңгээлинде туруп, саясий жактан чачкынды бойдон кала беришкен. Мындай шартта бытыранды калктардын ич ара чыр-чатагы тыйылбай, айрым казак хан, султандары менен кыргыз манап, бийлеринин ортосундагы феодалдык согуштар эки элди тең алсыраткан. Бийликке жутунуп, оңой олжо, байлыкка туйтунууну эңсеген феодалдык төбөлдөр кээде кан төгүүдөн да кайра тартышчу эмес.

Бейкүнөө далай кишинин өмүрү кыйылган ошондой оор согуштун бири — **хан Кененин 1845-1847-жж. чапкыны.** **Кенесары Касымов** (1802-1847) Абылай хандын небереси, Касым султандын уулу, казак хандарынын тукуму эле. Анын 6 миңдей жылкысы, 2 миңден ашуун кою, толгон-токой дүнүйө-мүлкү болгон.

Алгач Кенесары Орто Жүздө XVIII к. 70-жж. чоң атасы Абылай хан түзгөн хандыкты калыбына келтирүүнү жана өзүнүн чексиз жеке бийлигин орнотууну эңсеген. Ошондой эле ал Казакстанда Орусия империясынын үстөмдүгүнүн орношуна жол бербей тоскоол болууну көздөп, чечкиндүү түрдө падыша аскерлеринин жолун торогон. Дээрлик 10 жылга созулган хан Кененин кыймылы (1837-1847) кийинчерээк зордук-зомбулук, талап-тоноолор, жөнү жок кан төгүүлөр, орду толгус жоготуулар менен коштолду.

**1841-ж.** султандардын, уруу ак сөөктөрүнүн курултайында Кенесары хан көтөрүлөт. Хан Кененин ордосу ал кезде Иргиз, Тургай өрөөндөрүндө жайгашкан болчу. Алгачкы жылдарда Кенесарынын колу падыша аскерлерине каршы айкаштарда ийгиликтерге жетишип, боштондук кыймылы кеңири аймакты кучагына алат. Акырындап ага катышкан казактардын саны арбыган. Анткени алар чет жерлик төрөлөргө күнкор болгондон көрө Ата Журт эркиндиги үчүн күрөштө жанын курман кылууну артык көрүшкөн. Бирок керт башынын кызыкчылыгын ойлогон өзүмчүл султандар менен бийлердин биримдиги анчейин бекем болбой, алардын ыркы кетип, кыймыл алсырай баштайт. Натыйжада падышалык аскерлердин Казакстандын ичкерки райондорун көздөй жылышы оңойлоду. 1845-ж. Урал, Оренбург тараптан падышалык аскерлердин кысымы күчөгөн эле. Ошол жылы генерал-майор Вишневский колбашчылык кылган орус жоокерлери Кенесарынын артынан сая түшөт. Кунанбай, Барак, Нуралы өңдүү кээ бир казак султандары Вишневскийдин колуна кошулуп кетет.

Абалы начарлап, аскерлери суюлган хан Кене Борбордук Казакстанды калтырып, Сары Аркадан Улуу Жүз казагынын журту Жети-Сууга конуш ко-

торууга мажбур болот. Жаңы конушта ал Улуу Жүз казагы менен ала-тоолук кыргыздарды багындырууну жана аларга таянып падыша аскерлерине, Кокон хандыгына каршы күрөштү улантууну көздөгөн. Бирок анын ойлогон ою ордунан чыкпай ойрон болду. Анткени анын акыркы жылдардагы талоончул согуштары элди иренжитип, калктын кыйла бөлүгүн, султан, бийлердин бир тобун кыймылдан четтеп кетүүгө түрткөн. Алсак, 1846-ж. карата Кенесары кыргыздарга чапкын уюштуруп, бүлгүн салганда, бул жортуул түпкүлүгү жакшылыкка алып келбесине көзү жеткен Орто Жүздүн Аягуз, Каркаралы, Көкбекти округдарынын айрым султандары өлөрман хандан четтеп кетишет. 1846-ж. Улуу Жүз казак султандары менен бийлеринин көбү Орусия тарабына оойт. Атүгүл, Ата Журт, эл тагдырына караганда керт башынын кызыкчылыгын артык көргөн, бийлик, байлыкты эңсеп жутунган андай феодалдык төбөлдөр Орусия төрөлөрүнө жагынып, «ак кызмат» кылуудан да кайра тарткан эмес.

Бирок абалы начарлап бара жатканына карабастан, Кенесары кыргыз жерине чапкын баштоого камынат. Ал Улуу Жүз казак султандары менен кыргыз феодалдарынын ортосунда жоокерчилик заманга ылайык жылкы тийүү, айылдарды чаап алуу учурунда тутанчу жоолашууларды өз максатына пайдаланып, кээ бир «кекчил» султандардын колдоосуна ээ боло алды.

Казакстанда орус аскерлерине каршы кармашта алдан тайып, түштүктү көздөй сүрүлгөн хан Кене кыргыздарды каратып алып, салык, аскер алууга үмүт кылган. Кыргызстан жоого каршы чечкиндүү күрөштү улантуу үчүн кам көргүдөй эң оңтойлуу оорукка айланмак.

**Элчилердин иш-аракети. Кыргыздардын хан Кененин талабына жообу.** Кенесары адегенде кыргыздарды тынчтык жолу менен кепке, эпке келтирип багындырууга аракеттенет. Бирок кыргыздар анын өз ыктыярыңар менен баш ийип бергиле деген талабына көнүшпөдү. Кыргыздардын оңой жоо эместигине көзү жеткен соң хан Кене аларды күч колдонуп каратууга, чаап алууга бел байлайт. Ал өзүн буга чейин кыргыздардан «ыдык көргөн» казактардын калкалоочусу катары көрсөтүп, кыргыздарга көптөгөн дооматтарды койгон. Кыргыз айылдарына кол салуу үчүн ага шылтоо гана жетишпей турду. Атүгүл, ал атасы Касым менен чоң атасы Абылайдын «эски доосун» бетке кармагандан да кайра тарткан жок.

1845-ж. күзүндө Кенесары кыргыздарга (Ормон, Жантай, Жаңгарачка) элчи жиберип, алардан баш ийип берүүнү, хандын бийлигине таазим этип, зекет төлөөнү талап кылат. Кыргыз манаптары өз ара кеңешип, эки эл бириксе «хан бийлигин сакалдуу эмеспи, Ормон ханга ыйгарганыбыз оң, ал эми калган иштерди Кенесары билсин» деп орто заар жооп айттырышкан.

Кенесары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн Калыгул бий баштаган өз элчилерин жөнөткөн соң Ормон хан, Жантай, Жаңгарач бугу, сарыбагыш, солто, саяк, черик, саруу, кушчу ж.б. уруулардын билермандарын хан Кене-

нин талабын талкуулоо үчүн атайын топко - жыйынга чакырышат. Ошол топто кыргыздар Кенесарынын талаптарын аткаруудан баш тартып, согушка камынуу, өзү катылган жоонун катыгын берүү жөнүндө чечим чыгарат. Кыргыз урууларынын мындай чечимге келишине Кокон хандыгындагы ич ара чатактын ырбашы ыңгайлуу шарт түзгөн. Ордодогу окуяларга алагды болгон кокондуктар бул учурда Түндүк Кыргызстандын калкынын турмушуна кийлигише албай калган эле. Иш жүзүндө Кыргызстандын түндүгү көз каранды эместикке жетишкен болучу. Кокон чептеринде аз сандагы гана аскерлер туруп, алар кыргыз элинин үстүнөн хан бийлигин толук камсыз кыла алышкан эмес. Ушундай кырдаалда аркалык кыргыздар жаңы баскынчы Кенесарыга каршы күрөшкө жапатырмак көтөрүлүштү. Касташкан жоо менен кармаштын жүрүшүндө Чүй, Талас, Ысык-Көл, Ички Теңир-Тоону мекендеген кыргыз урууларынын саясий жактан биригүүгө умтулуусу күчөгөн.

Ормон хан, Жантай жана Жаңгарач сыяктуу чоң манаптар хан Кенени жортуулдары күч алган кезде кыргыздардын душманга каршы күрөшүн уюштуруу демилгесин колго алып, эл башында болушту. Ири феодалдар экендигине, эл ичинде өз беделин, кадыр-баркын арттырууну эңсегенине карабастан, биз алардын Ата Журт алдында сиңирген эмгегин тана албайбыз. Албетте, бул кыймылга тарыхый баа берүүдө эмгекчи элдин чечүүчү ролу көңүлдүн борборунда болушу абзел. Ансыз анын маани-маңызы, элдик мүнөзү толук ачылбай калышы ыктымал. Дагы бир айта турган нерсе – кыймыл маалындагы кыргыз-орус мамилеси. Падышалыктын зордук-зомбулугунан, аксым, залимдигинен, Орусия империясынын далай элди сыздаткан колонизатордук тышкы саясатынан али кабары жок элет эли Орусияга дурус мамиле кылган. Ошондуктан кыргыздар Кенесарынын Орусия үстөмдүгүнө каршы кыймылын колдошкон эмес.

Тескерисинче, хан Кененин аскерлеринин бейкүнөө элге көрсөткөн кордугу, каракчыларча талап-тоноолору, зордук-зомбулуктары, мыкаачылыгы мүлдө кыргыз журтунун кыжырын кайнатып, көз карандысыздык үчүн күрөшкө түрттү. Караламан калың журт түп көтөрө жоого каршы жапа тырмак аттанды.

**Хан Кененин чапкыны. Жортуулдун башталышы, Жаманкара баатырдын өлүмү.** Чүй өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына Кенесары 1845-ж. аяк ченинде эле кол сала баштаган. Ошол жылкы жортуулдар учурунда ал Ит-Кечүү жана Мерке чептериндеги кокондук сарбаздар менен кагылышып, Ит-Кечүү чебин талап алат. Ал эми Мерке беги белек тартуу кылып жатып, кыйроодон араң кутулган. Чүй боорундагы кокондук бөлөк чептердин сарбаздары да Кенесарынын чабуулдарына айбат кылып, тоскоол боло албады. Келерки 1846-ж. эрегишкен жоо солто уруктары: жайыл, талкан, бөлөкбай, сарыбагыш уругу — тынай айылдарын чаап ала баштайт.

Солтонун атагы чыккан баатыры **Жаманкара** душмандын колунан каза

болот. Улуу Жүз казагынын баатыры Шоорук хан Кененин берген кеңеши боюнча Жаманкара баш болгон кыргыздын белгилүү 13 баатырын кепке, сөзгө келели, элдешели деп алдап чакыртып алып, жүзүкаралык менен өлтүрүп салган эле. Шейит болгон 13 баатырдын кунун кууган кыргыздардын чакан кошууну Челектеги канкор Шооруктун айылына кол салып, анын жигиттерин жана өзүн жайлап, жылкысын айдап кетет. Бул коогаландуу окуяны Кенесары кыргыздарга жаңы жортуул уюштуруу үчүн шылтоо катары пайдаланды.

Казак конуштарынын колтугунан орун алып, айылдарынын көбү жолго жакын кокту-колот, жайык-төрлөрдө жайгашкан солто уруусунун абалы өтө оор болучу. Алар жоонун алгачкы соккусуна кабылмак. Муну туюп баамдаган солтонун чоң манабы **Жаңгарач** (1801-1864) **Эшкожо** уулу элин кызыл кыргындан сактап калуу максатында Кенесары менен тынчтык келишим түзүү үчүн ага Тынай бий баштаган элчилерин жиберет. Бирок жортуулга камылгасы шайма-шай хан Кене тынчтык сүйлөшүүлөрдөн баш тартып, сарыбагыш айылдарына чабуул коёт. Адам каны суудай агып, кара жер канга жуурулган ошол айкашта айрыкча тынайлар азап чеккен. Алардын Калпак, Ормонбек, Суванбек өңдүү баатырлары жоонун күргүштөгөн көп колунан таймандбастан салгылашып жатып курман болушту.

1847-ж. жазында Кенесары кыргыз айылдарына чечкиндүү чабуул баштайт. Бирок бул кезде кыргыздар Батыш Сибирдеги орус төрөлөрү менен ымала түзүүгө үлгүрүп, өздөрүнүн абалын бир топ оңоп алышкан эле. Орус бийлиги кыргыздарды Кенесарыга каршы күрөшүүгө үндөп, зарыл болгондо кол кабыш кылабыз, аскер, курал-жарактан каралашабыз деп убада беришкен. Мындай убада кыргыздардын демине дем кошуп, чечкиндүү кармашка шыктандырды, жеңишке жетишээрине ишенимин арттырды.

Кыргызстанга кайрадан кол салганда хан Кененин карамагында 10 миңден ашуун аскери, 1500 мылтык жана 2 замбирек болгон. Жоонун колу жакындап калганда чүйлүк кыргыздар Чүй дарыясынын төрүнө тоо этектеп чегинип кетет. Ал эми Бишкек менен Токмоктогу кокондук сарбаздар кыргыздарга жардам берүүнүн ордуна душманга даай албай, чеп-коргондоруна корголошкон. Болгону Бишкектин беги Алишер кыргыздарга 2 замбиректи гана ыраа көргөн экен.

**Ормон хандын согуштук искусствосу. («Ормон опуза»).** Кенесарынын колу адегенде ийгиликтерге ээ болуп, көп сандаган кыргыз айылдарын талап-тоноп, жүздөгөн бейкүнөө адамдарды жайлашат. Канкор колбашчылар чал-кемпирлерди, бала-бакыраларды да аяшпастан бет келгендин баарын мойсоп жүрүп отурушту. Албетте, кыргыздар да жөн эле туруп берген жок. Чабармандар алыскы айылдарды аралай чаап, калкка канкор хан баштаган жаңжалдан кабар беришти. Эл бийлеген билермандар, эл ичинде баркы бар баатырлар тез арада кол курап келип, душман менен жан аябай баа-

тырларча салгылашты. Көп өтпөй Чүй өрөөнүнүн күн чыгыш тарабына жыйналган кыргыз кошуундары Токмок чебинин түндүк-чыгыш жагындагы бөксө тоо этегиндеги оңтойлуу жерден орун алышат да, душманга чечкиндүү сокку урмай болушат. Ошондо **Ормон ханга** кыргыз колуна колбашчылык кылуу, башына каран түн түшкөн элге башкөз болуу милдети жүктөлгөн. Ормон (Ормон хан Ниязбек уулу 1791-1855) мындан бир аз жыл мурда – 1842-ж. хан көтөрүлгөнү белгилүү.

Аркалык кыргыздардын ханы катарында Ормон хан алдыда боло турган чечүүчү салгылашууларга камдана баштайт. Ал согуш өнөрүн, жоо менен кармаштын сырын, душмандын талуу жерин таап, оңолгус сокку уруунун айла-амалын жакшы билген шыктуу, мыкты колбашчы катары өзүн калайыкка таанып алды. Айкаш башталаардын алдында Ормон хан түнкүсүн кыркырларга алоолото от жактырып, жер жайнаган аскер келип калгандай сүр көрсөтөт. Күндүзү атайын таңгакталган тал, чычырканактарды атка сүйрөтүп, кыр ылдый өйдө-төмөн чапкылаган жигиттер уюлгуган коюу чаң чыгарып, түмөндөгөн кол топтолгондой түр көрсөтүп, жоонун жүрөгүнүн үшүн алган. Ормон хандын мындай аскердик айла-амалы эл ичинде **«Ормон опуза»** деп айтылып калды. Чынында эле Ормон кыйла аскер жыйнаган болуш керек. Анткени Кенесарыга каршы күрөшкө көтөрүлгөн кыргыздардын жалпы саны (сарыбагыштар 10 миң түтүн, бугулар 15 миң түтүн, солто 15 миң түтүн, саяк 10 миң түтүн, черик 6 миң түтүн, кушчу, саруу 2 миң түтүн) болжол менен 50 миң түтүндөн кем эмес экенин эске алсак, ар түтүндөн бирден жигит жоого каршы аттанса да, кеминде 50 миңдей аскер жыйналмак. 100 миң аскер жыйналган деген так эмес маалымат да бар.

**Май-Төбө, Мыкан салгылашуулары.** Хан Кененин аскери менен Ормон хандын колунун ортосундагы чечүүчү салгылашуу **1847-ж.** апрелде башталып, бир нече күнгө созулган. Эрегишкен эки тарап бирин-бири жеңе албай, далай ирет тирешкен бул уруш **Май-Төбө — Текеликтин (Кекиликтин) сеңиринде**[1] жүрдү. Жүрөгүндө жалы бар, эл, жер дегенде өлүмдөн кайра тартпаган, арстандай айбаттуу берендери баштаган кыргыз колу баатырларча кармашып, эрдиктин үлгүсүн көрсөттү. Эгерде ич ара биримдикти бекемдеп, чечкиндүү аракеттенишсе, бөлөктөрдүн көмөгүсүз эле ээликкен жоону жеңээрине кыргыздардын көзү жетип, ишеними артты.

Мунун тескерисинче, урушта кыйла аскеринен ажыраган Кенесары арттан жаңы толуктоолор келбеген соң, кайратынан жанып, мурунку өктөмдүгү басаңдап, өтө зарыл болгондо гана душманга капысынан ат коюп керекке жарачу, айкаштан четте кармаган кошуунун майданга алып кирүүгө батынбады. Аскерлерин канчалык

[1] Май-Төбө-Текеликтин сеңири (Кекиликтин сеңири) – Токмоктун түндүк-чыгыш тарабындагы бөксө тоонун этегиндеги жайык жер. Чүй суусунун оң жээги.

күргүштөтүп кармашка айдап турганы менен ал көксөгөн мүдөөсүнө жеткен жок. Көп өтпөй кыргыз колу коргонуу мүнөзүндөгү уруштан чабуул коюуга өтүп, жоого оң-сол канаттан дембе-дем сокку уруп, жүдөтө баштайт. Душмандын аскери тамак-аштан өксүп, алдан тайыды. Көңүлү чөгүп, ындыны өчтү, ат-көлүгү жем-чөп жок тукулжурады. Үч күн, үч түнгө созулган каргаша бороон да буга кошул-ташыл болуп, Кенесарынын аскерлеринин айласын куруттту.

Ал эми кыргыздар айылдарына жакын тургандыктан, муктаждыктарын өз убагында камсыз кыла алчу. Ооруктагы калк эл четинде, жоо бетинде жүргөн жигиттерди аттан, тондон өксүтпөй, күлазык менен үзбөй жабдып турду. Кыргыздар жердин уусун (сырын) мыкты билгендиктен, кокту-колот, капчыгайлардагы тар жол, тайгак кечүүлөрдө оңтоюн келтирип кармаштын ыкмасын тез-тез өзгөртө алышчу. Согуштук аракеттер өтө курчуган кезде Батыш Сибирь генерал-губернатору жиберген орус аскерлери Кенесарыга келе турган кошумча кошуундун жолун торогон. Анткени, Кенесарынын тезирээк жеңилиши орус аскерлеринин Орто Азияга жылышын жеңилдетмек.

Кезектеги салгылашуулардын биринде кыргыз колу жеңишке жетишип, хандын аталаш иниси Кудайменде колбашылык кылган 5 миң аскерди тоо арасындагы тар капчыгайда таш-талканын чыгарып талкалайт. Кармашта колбашчы Кудайменде туткунга түшүп, өлүм жазасына тартылат. Мындан ары Кенесары кыргыздардын артыкчылык кыла баштаганына көзү жетип, чабуул коюу-га батына алган жок. Ал аскерлерин бир жерге топтоп, бир топ күн кошумча аскердин, жаңы толуктоонун келишин чыдамсыздык менен күтүп жатты. Бирок көп күттүргөн толуктоо келбеди.

Кенесарынын абалы оорлой баштаганын көрүп, Улуу Жүздүн ага кошулган султандары ханды калтырып кете баштащат. Илелик казактардын жоон тобу Илеге кетти. Рүстөм султан жана Супатай бий алдын ала кыргыз манаптары менен жашыруун макулдашып алышып, ханга билгизбей түн ичинде жылт коюшат. Кыргыздар алардын колуна тоскоолдук кылбоого, кол салбай өткөзүп жиберүүгө убада беришкен.

Жакын жан-жөкөрлөрү таштай качкан хан Кене эртеси урушту улантуудан айбыгып, түн жамынып чегинүүгө мажбур болду. Мурдатан душмандын аскери улам суюлуп бара жатканынан жакшы кабары бар (тыңчы аркылуу) Ормон хан чамасы чак жоонун колуна ат коюуга кошуундарын даяр кармап турган. Артка кайтканда Кенесары аскерине ээ боло албай калат да, кошуундары туш келген жакка дүрбөлөң түшүп, удургуп качып жөнөшөт.

Кыргыз колу башаламан качкан жоонун артынан калбай кубалап, **Мыкандын** кара сазына камайт. Ушул жерде эки тарап акыркы жолу беттешти. Айыгышкан айкашта Кенесарынын колу биротоло талкаланып, өзү нөкөрлөрү менен бирге туткунга түштү.

Далай адамдын бейкүнөө канын төккөн, таш боордугу жана канкордугу менен кыргыздардын жек көрүндү душ-

манына айланган хан Кене жана анын баш кесерлери өз кылмышына тете жазасын алып, жандары тынды.

Ошентип, хан Кененин кыргыз жерине жасаган жортуулдары анын жеңилиши, ойрон болушу менен аякталды. Ата Журттун көз каранды эместиги үчүн күрөштө далай эр бүлө кылгындөй өмүрүн кыйды. Кыргыз элинин майтарылгыс кайрат-деми, өзү катылган жоо менен жалтанбай таймашып кармашуусу жеңишке жеткирди. Кенесарынын талоончул жортуулдарынын учурунда аркалык кыргыз урууларынын саясий жактан биригүү аракети күч алды. Бирок кийинки 50-жж. ички, тышкы мамилелердин чиелениши, өз ара мансап талашып эрегишүүлөр, коңшу өлкөлөрдүн кыйды, айлакер саясаты, татаал тарыхый кырдаал буга жол берген жок. Кыргыз эли көп өтпөй кезектеги дагы бир мүмкүнчүлүктөн, саясий жактан биротоло биригүү, өз алдынча мамлекетин түзүү мүмкүнчүлүгүнөн кол жууп калды.


?

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Кенесары хандын баскынчылык жортуулдарынын себептери жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Элчилердин аракети тууралуу айтып бергиле.
3. Хан Кененин чапкыны кандайча башталды?
4. Ормон хандын согуштук искусствосу жөнүндө айтып бергиле.
5. Май-Төбө - Кекиликтин сеңириндеги, Мыкан салгылашуулары кандайча аяктады?
6. Душман эмне үчүн жеңилип калды ?
7. Жеңиштин маанисин ачып бере аласыңарбы?

## § 9. Кокондук төрөлөргө каршы 40-50-жж. кыргыздардын кыймылы

**Ысык-Көлдөгү Кокон чептерин талкалоо аракеттери.** 40-жж. кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көз каранды эместик үчүн кыймылы күчөйт. Акыры ал Кыргызстандын түндүк-түштүгүндөгү кеңири аймакты камтыды. Буга 1842-ж. ордодогу козголоң жана Мадалы хандын өлүмү оңтойлуу шарт түзгөн. Анткени козголоң чыгарган феодалдык топтордун чыр-чатагы, бийлик талашкан ич ара күрөшү хандыкты алсыратып, күч-кубаттан тайыткан. Ордодогу окуяларга алагды болгон кокондук төрөлөр кыргыз элинин боштондук кыймылын тез арада басып коё алмак эмес жана ага кудурети да жетпеди. Айрым аймактарда бул жылдары кыргыздар кокондук чептерди кыйратууга аракет жасашат. Бөтөнчө ысык-көлдүк кыргыздардын кыймылы баскынчыларды кыйла кыйынчылыктарга, зор жоготууларга дуушар кылды. Көл кылаасындагы көтөрүлүш 1842-ж. башталып, ага көпчүлүк айылдардын калкы катышты.



*Эски Ош калаасы (XIX к.)*

Элдик кыймылды кан буугандай токтотуп коюуга чептерде кокондуктардын жетиштүү сандагы сарбазы жок эле. Ал кезде Каракол, Барскоон жана Коңур-Өлөң чептеринде 40-60 гана сарбазы бар чакан кошуундар турган. Сарбаздар соода кербендерин кайтарышчу жана зекет жыйноо маалында зекетчиге көмөк көрсөтүшчү. Алар кыргыздардын кысымына туруштук бере алышкан жок. **1842-ж.** кыргыздар кокондук кошуундарды, зекетчилерди Ысык-Көл өрөөнүнөн кууп чыгып, алардын чептерин талкалашат. Натыйжада Ысык-Көл ойдуңунда Кокон хандыгынын үстөмдүгү жоюлган. Ошол жылы аркалык кыргыз уруу башчыларынын курултайында Ормон Ныязбек уулу хан көтөрүлдү. Анын ордосу Ысык-Көлдүн күңгөй бетиндеги Байсоорундан орун алган.

Ушул окуяларга удаалаш Чүй боорундагы кыргыз калкы да убактылуу көз каранды эместикке жетишет.

**Алай, Ош аймагындагы элдик кыймылдар.** **Ал** эми **1845-ж.** түштүктө алайлык кыргыздар хан бийлигине каршы күрөшкө көтөрүлөт. Көп өтпөй элдик кыймыл Ош аймагына чейин кулач жайып, ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурду. Ошондуктан Ошко **Мусулманкул миңбашы** көп аскер менен шашылыш түрдө жөнөгөн. Алай менен Ош аймагынын көтөрүлүшкө чыккан түпкү калкы — кыргыздар — кокон аскеринин жолун тороп, катуу каршылык көрсөтөт. Бирок курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, далай жортуулдарда такшалган, атайын даярдыгы бар, жоонун жер жайнаган колунун чабуулдарына туруштук берүү эч мүмкүн эмес эле. Душмандын бир нече жолку чабуулдарынын мизин майтарып, жан аябай кармашкан соң чегинүүгө туура келди. Акыры Мусулманкул көтөрүлүштү күч менен басып, Ошто туруп калат да, кыймылга катышкан кыргыздарды аёосуз жазалайт.

**Нарындык кыргыздардын кыймылы.** 40-жж. аяк ченинде нарындык кыргыздардын Кокон хандыгына каршы кыймылы кайрадан жанданат. Элет эли 50-жж. кокондук бекке баш ийбей, Куртка чебине кайра-кайра кол салып, камалап турду. Эбин таап элди тынчытуу максатында Куртка беги Мамразык жергиликтүү манаптарды амалкөйлүк менен өз тарабына тартууга аракет жасаган. Алсак, анын сунушу боюнча Тайлак баатырдын уулу *Осмонго* датка наамы ыйгарылган. Бирок бектин айла-амалынан майнап чыккан жок. Караламан калың журт, бий билермандардын көбү «койнунда котур ташы бар» бектин «таттуу» сөзүнө муюбады, убадасына көнбөдү. Айрыкча, ат-башылык 6 миң түтүн чериктер Курткадагы сарбаздарга катуу каршылык көрсөтүп, баш бербей турду. Черик айылдарына көз салып, доо-талашты териштирүү, күнөөлүүлөрдөн айып жыйноо милдети жүктөлгөн Асанбай элбеги айбыгып алардын айылдарына жолой албаганы белгилүү. Ал эми Турдуке (Турдумамбет) Тоймат уулу баш болгон чериктер 50-жж. Кокон ханына зекет төлөөдөн баш тарткан. Кыргыздарды тынчытууга өзүнүн кудурети жетпесин баамдаган Куртка беги Мамразык үч жыл бою Анжиян акиминен кошумча сарбаздарды жиберүүнү өтүнүп турган.

50-жж. Нарын өрөөнүндө **Табылды баатыр** (тынымсейит) жетектеген элдик кыймыл да эки жылга созулуп, кокондук төрөлөрдү көптөгөн жоготууларга дуушар кылган.

**Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү элдик кыймылдар.** 40-жж. аягы - 50-жж. **Чүй, Талас** өрөөндөрүндө кокондуктар жергиликтүү калктын катуу каршылыгына кабылат. Кенесары менен кармашта оор жоготууларга дуушар болгон кыргыздарды аяк-башын жыйганга үлгүртпөй, баш көтөргүс кылып багындыруу максатында Кокон ханы 1848-ж. сары өзөн Чүйгө көп аскер жөнөтөт. Ошондо *Ормон хан* менен *Жантайдын* колу кайрадан куралып, душмандын чабуулунун мизин майтаруу менен гана чектелбестен, жоону чектен алыс сүрүп чыккан. Ошол эле жылы күзгө жуук кокондуктар дагы бир ирет кыргыз айылдарына кол салат. Бирок бул жолку жортуулда да баскынчылар жеңе алган жок. Катуу кармаштардан кийин гана кыргыздар жоонун мыкты куралданган, камылгасы шайма-шай көп аскери менен узакка теңтайлашууга дарманы жетпесине ынанып, кайрадан Кокон ханына баш ийип беришет. Чындыгында бул убактылуу гана баш ийүү эле. Кокон бектеринин Чүйдөгү бийлиги али бошоң бойдон кала берген. Атүгүл, кийинки 1850-ж. жайында кыргыздар Бишкек чебине кол салып, бир топ күн аны камап-матап турду. Андан көп өтпөй Ормон хандын буйругу боюнча кыргыздар *Балыкчы* чебиндеги сарбаздарды талкалап, чепти кыйратышат.

Кокон ханы өз бийлигин бекемдөөнү көксөп Чүй бооруна, Ысык-Көлгө, Ички Теңир-Тоо, Таласка дембе-дем сарбаздарды жөнөтүп жатты. Алсак, 1851-ж. жазында кыргыздарды баш көтөртпөй кармап туруу үчүн Бишкекке 7 миң аскер келген. Алар менен кармашта солто уруусуна сарыбагыштар көмөк көрсөткөндүктөн, хан бул тарапка жаңы жазалоочу кошуундарды жөнөтөт. Жөө тумандай самсыган кокон колу «козголоңчу» айылдарды аёосуз жазалап, мал-мүлкүн талап-тоноду.

**Кыргыз-казак кыймылы.** 50-жж. боштондук кыймылынын эң ириси казактар менен кыргыздардын 1857-ж. биргелешкен көтөрүлүшү болуп эсептелет. Бул сапар Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы адегенде Улуу Жүз казактары күрөш баштады. Көп өтпөй аларга Талас менен Чүйдүн кыргыздары кошулду. Көтөрүлүшкө ташкенттик хаким Ахмед мырзанын зөөкүрлүгү, залимдиги, зордук-зомбулуктары жана салыктын арбын алынышы себеп болгон. Мындан бир аз мурдараак кокондук төрөлөр кыргыз, казактардан хан салык үчүн 100 койдон 3 кой талап кылган.

Эзүү жанына батып, кордукка чыдабаган жамаатташ эки эл чечкиндүү күрөшкө көтөрүлүп, айрым ийгиликтерге жетишет. Кудайберди диванбеги колбашчылык кылган көтөрүлүшчүлөр Чүйгө жете келген кокон колун тыптыйпыл кырып салышат. Көтөрүлүш кийинки 1858-ж. уланып, кеңири аймакты камтыган. Кыргыздар менен казактар душмандын сарбаздарына үстөкөбосток сокку урушат, Бишкек, Олуя-Ата чептерин курчоого алып, кокондуктарды бир топко камап турушкан. Кудайберген жетектеген казактар Ахмед мырзага жардамга келген сарбаздардын жолун тороп, Олуя-Атага жолотпой коюшат. Кийин Кокон ханы Олуя-Атага көп аскер жиберип, Ахмед мырзаны араңдан зорго курчоодон куткарып алды.

Кокон хандыгына каршы элдик кыймыл кийинки жылдары да токтогон жок. 60-жж. башында Кыргызстандын түндүк, түштүгүндө боштондук күрөшү ого бетер күч алган.

### ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Ысык-Көлдөгү Кокон чептерин кыргыздардын талкалоо аракеттери жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Алай, Ош аймагындагы элдик кыймылдар жөнүндө айтып бергиле.
3. Нарындык кыргыздардын кыймылы жөнүндө айтып бергиле.
4. Чүй, Таластагы элдик кыймылдар жөнүндө эмнелерди билесиңер?
5. 50-жж. кыргыз-казак кыймылы тууралуу айтып бергиле.

## § 10. Кокон хандыгында феодалдык ич ара жаңжалдардын курчушу

**Хандыктагы ич ара жаңжалдардын өөбөлгөлөрү жана себептери.** Учукыйыры Орто Азия, Казакстандын кыйла жерин камтыган Кокон хандыгы көп улуттуу калкы бар феодалдык мамлекет эле. Бирок хандыкта бекем ички саясий биримдик болгон эмес. XIX к. орто ченинде ал 15 бектикке бөлүнүп, аларды адатта ири феодалдардан дайындалчу бектер башкара турган. Кокон калаасынын айланасындагы аймак, Маргалаң, Шадихан, Анжиян, Наманган, Суг, Махрам, Булак-Башы, Балыкчы, Чаартак, Ноокат, Касан бектиктердин өтө бараандуулары болучу. Хан сарайда жана чет-жакалардагы ээликтерди башкарууда Ташкенттин хан дайындаган улугу — *беклербеги* (бектер беги) маанилүү роль ойночу.

Бектер, айрыкча Ташкенттин беклербеги зор бийликке ээ болуп, өзүлөрүнө тапшырылган аймактарды каалагандай башкарышкан. Атүгүл, кээде алар ханга акаарат айтып, ордого каршы күрөш жүргүзүшчү. Кокон хандыгы бирдиктүү мамлекет болгону менен иш жүзүндө феодалдык бытырандылыктын белгилеринен толук арыла алган эмес. Бийлик үчүн тынымсыз күрөш жүргүзгөн ири феодалдар ханды тез-тез алмаштырып, такка өздөрүнө жаккан ханзааданы отургузуп турушкан. Хандыкка караштуу аймактарда ар түркүн калктар: өзбектер, тажиктер, кыргыздар, кыпчактар, Улуу Жүз казактарынын бир бөлүгү жашачу. Ар элдин феодалдык төбөлдөрү ич ара жаңжалдарга ар дайым аралашып, ордодогу орчундуу орундарды энчилеп алууга умтулушкан.

Тынымсыз феодалдык жаңжалдардан, феодалдардын зомбулугунан биринчи кезекте эмгекчи эл жабыр тартчу.

**Хан сарайындагы так талашкан чыр-чатактын 40-жж. күч алышы.** 40-жж. тартып кыргыз, кыпчак феодалдары ордодо чечүүчү роль ойногон.

1842-ж. Мадалы хандын аксымдыгына нааразылык аябагандай күчөгөн кырдаалда анын жан-жөкөрлөрү менен динчилер ханга каршы козголоң уюштурушкан. Зөөкүр хандын каада-салтка, шариятка сыйбаган кылык-жоругу козголоңго шылтоо болгон. Анткени, Мадалы хан эже-сиңди эки кызга нике кыйдырганы аз келгенсип, өгөй энеси, атасы Омор хандын ай чырайлуу жесир токолуна жашыруун үйлөнүп алган эле. Хандын мындай исламга жат, аттуубаштуу киши даабай турган бузук ишке барышы ордодогуларды жана көпчүлүк калкты иренжитти. Козголоңчулар ошол кезде Орто Азия мусулмандарынын диний калкалоочусу катары эсептелген Бухара эмири Насруллага кайрылышат. Көп өтпөй Мадалы хан Бухара эмирине каршы согуш баштайт. Бирок ал согушта жеңилип калып, эмирге багынып берүүгө мажбур болгон.

Натыйжада калктын наразылыгы ого бетер күчөп, **1842-ж. Кокондо көтөрүлүш чыгат.** Ошондо оңтойлуу кырдаалды колдон чыгарбаш үчүн эмир



*Кокон ханынын ордосу (хан сарайы)*

Насрулла көп аскери менен келип Коконду ээлейт. Мадалы ханды, анын бир тууганын, аялын, тун уулун өлүм жазасына тартат. Бухара эмирлигине каратылган Коконду мындан ары эмир дайындаган улук башкармай болуп, калааларга бухаралык төрөлөр жөнөтүлдү. Бирок Бухара эмиринин Кокондогу бийлиги узакка созулган жок. Үч ай өтүп-өтпөй Кокондо бухаралык улуктун зордук-зомбулугуна каршы көтөрүлүш чыгып, Бухаранын үстөмдүгү кулатылат. Көтөрүлүшкө чыккан калкты кыпчактар менен кыргыздар колдогон.

**Шералы хандын бийликке келиши**. **Нүзүп миңбашы. Ажыбек датка.** Бухаранын үстөмдүгү кулатылгандан кийин феодалдык топтордун арасында Кокон ханынын тактысы үчүн күрөш башталат. Бийлик талашкан бул эрегиште кыргыз феодалдары жеңишке жетишкен эле. Кыргыз, кыпчак феодалдары өз ара кеңешип, Алим хандын аталаш иниси **Шералыны** (1792-1845) хан көтөрүү жөнүндө бүтүм кылышат. Ал айтылуу Нарбото бийдин бир тууган иниси Хаджи-бектин чаткалдык кыргыз зайыбынан төрөлгөн уулу болучу. Кезинде Шералы Алим ханга каршы козголоңдон соң адегенде Чаткалдагы кыргыз тайкетайларына жашырынып качып барып, баш калкалаган. Кийин Кокондон алысыраак Таласта туруп калган. Таласта ал кыргыз кызына үйлөнүп, очор-бачар болгон.

**1842-ж.** кыргыз төбөлдөрү Шералыны элүүдөгү курагында ак кийизге отургузуп хан көтөрүшөт. Шералыны хан көтөрүүдө кыргыз феодалдары **Нүзүп (Йусуп) миңбашы** менен **Ажыбек датка** зор роль ойношту. Алар Талас өрөөнүндө элдик кошуун түзүшкөн жана Бухара эмиринин аскерлерин талкалоого активдүү катышкан. Нүзүп бий Наманган вилайетиндеги кыргыз феодалдарынын жөн билгилиги менен алдыга суурулуп чыккан чыгааны болгону маалым. Кыргыз, кыпчакка аттын кашкасындай таанымал эле. Анын ордодо опол тоодой баркы бар болчу. Мадалы хандын маалында ал миңбашылыкка чейин көтөрүлгөн. Кийин кайра Маргалаңдын акими болуп дайындалып, мансабынан төмөндөтүлгөн.



*Өзгөн болушу уулу менен XIX к. аягы*

1842-ж. жайында таластык, чаткалдык кыргыздардан жана кыпчактардан куралган колдун коштоосунда Шералы хан Коконго келип такка отурат. Бала чагынан кыргыздардын арасында чоңоюп, көп жакшылык көргөн, атүгүл алардын кийлигишүүсү менен хан ордосун ээлеген жаңы хан эми кыргыз бий, мыктыларын ордодо өзүнө жакын

кармап, маанилүү мансаптарга дайындайт. Алсак, аксылык Нүзүп бийге миңбашылык, аскер ишин мыкты билген таластык *Сейдалы бекке* колбашылык мансабы ыйгарылган.

Адегенде Шералы хан кыргыз, кыпчак феодалдарынын айтканына көнүп, аларга жаккыдай иш кылып турду. Бирок Талас менен Алайдан жана башка алыскы айылдардан келген кыргыз кошуундары баш калаадан чыгып кетээри менен кыргыз феодалдарынын ордодогу таасири бошоңдой баштайт. Ордодогу козголоңдордун учурунда Нүзүптү кыпчак төбөлү Мусулманкул тындым кылдырган. Хан сарайда бир аз убакыт теги тажик Шады бийликти колго алган болучу. Ал эми жалпы хандыкта бул кезде кыпчактар чечүүчү күчкө айланган. Салыштырмалуу түрдө саны арбын, борборго жакын аймакта чогуу жашаган кыпчактар Кокондогу хан бийлигине ар дайым кысым көрсөтүп, таасир эте алышчу.

**Мусулманкулдун аталык аталышы. Кудаяр хандын такка отургузулушу.** Бухара эмирине каршы күрөштө зоболосу өсүп, кадыр-баркка ээ болгон кыпчак ак сөөктөрүнүн жолбашчысы **Мусулманкул (1794-1852),** ордодогу өтө таасирдүү кишилердин бири эле. Кокон ханы кыпчактарды хан сарайдан четтете баштаганда ал ханга каршы кыймылдын башында турду. Ал өзүнүн жакшы уюшулган, даярдыгы мыкты кыпчак колу менен Шады миңбашы баш болгон Кокон аскерине каршы аттанып, аны талкалайт да, 1844-ж. аягында ордо шаарды басып алат. Кармашта каза болгон Шады миңбашынын ордуна Мусулманкул өзүн миңбашы жарыялап, бийлик жүргүзө баштайт. Шералы хан тактыны сактап калганы менен анык бийлигинен ажырап, миңбашынын кол жоолугуна айланган. Көп өтпөй бийликтен четтетилген кыргыз, өзбек төбөлдөрү 1845-ж. Мусулманкул Ош тарапта башталган кыргыздардын көтөрүлүшүн басканы кеткенде козголоң уюштурушат.

Козголоңчулар Шералы ханды тактан кулатышып, Алим хандын уулдарынын бири Мурадды хан көтөрүшөт. Бирок ал өлкөнү болгону 11 күн гана бийледи. Мусулманкул Коконго көп аскер менен келип, Мурад ханды өлтүрүп, Шералынын 13 жашар өспүрүм уулу Кудаярды тактыга отургузат. Ошондон кийин ал өзүн аталык атап, хандыкты жеке өзү башкара баштаган. Кыпчак бийлермандары бийликти колго алган соң ордодон өзбек, кыргыз саясий ишмерлерин куугунтуктай баштаган эле. Жаш ханды биротоло өз таасиринде кармап туруу максатында Мусулманкул ***Кудаярды*** кызына үйлөндүрүп, күйөө бала кылып алат. Кудаяр хандын энеси таластык кыргыз кызы болгон. Ошондуктан ал тайке-тайлары, кыргыз феодалдары менен байланышты үзгөн эмес. Атүгүл, Мусулманкулдун аялы дагы Кетмен-Төбөдөгү чоң манаптын кызы болчу.

**Кудаяр хан жана анын аталык менен мамилесинин курчушу.** Жаш хандын аны бийликке ээ кылбаган аталыкка нааразылыгы акырындап арта берген. Акыры ал бойго жеткенде, 1850-ж. кайнатасына каршы күрөшүүгө бел байлап, күч топтоого киришет. Адегенде ал Ташкент беги Нурмагамбетке жардам сурап, куш тилиндей кат жиберген. Нурмагамбет хандын өтүнүчүн канаат-

тандырып, Коконго аскерин женөтөт. Мусулманкулдун колу менен кармашта Ташкент бегинин аскери жеңилип калып, Кудаяр хан туткунга түшкөн. Бирок аталык качкын хандын күнөөсүн кечирип, ага тийген эмес.

1852-ж. октябрда Кудаяр хан кайрадан кайнатасы Мусулманкул менен жоолашып, чечүүчү кармашка камынат.

Кыпчак аскери менен хандын жоокерлери 8-октябрда Былкылдама деген жерде беттешти. Кырчылдашкан бул кыргында Кудаяр хан тарабы жеңип чыкты. Жеңилген жоого, колго түшкөн туткундарга кечирим, эч аёо болбоду. Канкор, мыкаачы Кудаяр хандын буйругу боюнча Кокон колу мен кыпчак дегенди түтүндү түрө кыдырып кармап, кызыл кыргын, кара сүргүн кылды. Кан суудай акты. Мусулманкул Наманган аймагындагы Уйчи кыштагында колго түшүп, Кокондо дарга асылды.


Ошентип, оор согуштардын натыйжасында ордодогу кыпчак феодалдарынын таасири жоюлду. Эми Кокон хандыгында саясий бийлик убактылуу өзбек төбөлдөрүнүн колуна өтөт. Бирок кыргыз, өзбек, кыпчак феодалдык топторунун ич ара бийлик талашкан жаңжалы ушуну менен эле тыйылып калган жок. Алсак, 1858-ж. Кудаяр хандын агасы Малабек кыргыз, кыпчак феодалдарынын колдоосуна таянып, жаңы чатак чыгарат. Алайлык кыргыздардын улугу Асан бий, анын уулу Алымбек датка, Кара-Суу, Анжиян аймактарындагы кыргыз төбөлдөрү андан жардамын аяган эмес. Айрыкча Анжияндын мурдагы акими Алымбек датка Малабекке активдүү колдоо көрсөттү. Саманчыдагы айкашта Кудаяр хандын аскери жеңилип, хан Бухара ээлигине кире качты. Жеңишке жетишкен кыргыз, кыпчак феодалдары ханзаада *Малабекти (1858-1862)* хан көтөрүп тынышат. Жаңы хандын тушунда алайлык *Алымбек датка* вазирлик кылган.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Кокон хандыгындагы ич ара жаңжалдар жөнүндө айтып бергиле.
2. Ордодогу бийлик талашкан күрөштө кыргыз ак сөөктөрү кандай роль ойногон?
3. Нүзүп миңбашынын саясий ишмердиги жөнүндө айтып бергиле.
4. Шералы хан кандайча бийликке келген?
5. Мусулманкул кандайча аталык аталган?
6. Кудаяр хандын тактыга отурушу тууралуу эмнелерди айта аласыңар?

## § 11. Кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышы

**Бугу уруусунун Орусияга ык алышынын себептери.** XIX к. биринчи чейрегинде бугу уруусу Орусия империясынын Батыш Сибирдеги төрөлөрү менен элчилик алака кылып турган. 40-50-жж. мындай байланыштар андан ары уланган. Орусиялык соодагерлер кыргыз жергесинде ээн-эркин соода-сатык иштерин жүргүзүшүп, ал аркылуу Чыгыш Түркстанга каттап турушчу.




***Орусия империясынын аскерлеринин Орто Азияга басып кириши***

Кашкар тарапка каттаган соода кербендеринин коопсуздугун камсыз кылуу милдетин кыргыздар өз моюндарына алышкан. Ошол кездеги эң татаал тарыхый кырдаал, коңшу уруулар менен ич ара чыр-чатактын ырбашы, Кокон хандыгынын, казак султандарынын кысымы, Кытай богдыханынын амалкөй аракеттери бугуларды Орусия мамлекетине калканч издеп кайрылууга мажбур кылды. Кокондуктар сыяктуу эле Кулжадагы кытай бийлиги дагы көлдүк кыргыздардан жылына салык алууга аракет жасачу. Айрыкча сарыбагыш, саяк феодалдарынын жортуулдары бугулардын чарбасын бүлүнтүп, оор жоготууларга дуушар кылган.

Канатташ казак калкынын конуш-журттары Капал, Иле чөлкөмдөрүн орус аскерлеринин ээлеши жана Верный (Алматы) өңдөнгөн калаа, чептердин курулушу, алардагы падыша аскерлеринин жылдан жылга арбышы да түндүк кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышына түрткү болду. Казакстан аркылуу Орто Азияны каратып алууну көксеп жутунган Орусия империясынын мыкты куралданган кошуундары бул кезде Кыргызстандын колтугунда, көлдүк кыргыздардын ирегe-босогосунда турган. Кыргызстандын түндүгүнө, Ысык-Көлгө келген татар соодагерлери кыргыз айылдарын аралап бий, манаптар менен жакшы мамиле түзгөн соң, аларды өзүлөрүнө имерип, Орусияга кошулууга үгүттөшкөн.

**Бугу уруусунун Батыш Сибирдеги орус бийлиги менен элчилик байланыштары.** 1844-ж. кокондуктар менен Кытай төрөлөрүнүн кысымынан тажаган, уруулар аралык чабыштардан азап чеккен бугулардын чоң манабы Боромбай Бекмурат уулу Батыш Сибирь генерал-губернаторуна атайын кат менен кайрылат. Катта Боромбай коңшулардын кол салууларынан бугуларды калкалап калууну, орус падышасы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн кыргыз элчилерин ордо шаарга жиберүүнү өтүнгөн. Ошондой эле Орусия менен ынтымак-ымала кылуу, келечекте анын карамагына өтүү ниетин билдирген. Бирок орус төрөлөрү аралыктын өтө алыстыгына байланыштуу кыргыз элчилерин борборго жөнөтүүгө макул болгон эмес.

1847-ж. Кенесарынын чабуулу өтө күчөгөн кезде сарыбагыштын чоң манаптары Ормон хан менен Жантай жана солтонун чоң манабы Жаңгарач түздөн-түз өздөрү бийлеген 40 миң түтүнгө жакын кыргыздын атынан орус бийлигине жардам сурап кайрылышат. Ошондо Кенесарынын кыймылын биротоло талкалап, Казакстанды толук каратууну самаган падышалык төрөлөр кыргыздарга аскерден каралашууну туура көргөн.

1848-ж. бугунун чоң манабы Боромбай кайрадан Батыш Сибирь генерал-губернаторуна кат менен кайрылат. Ал Көл кылаасында орус чебин куруп, дуван (область, округ) түзүүнү жана уруулар аралык чабыштарды тыйып, элди тынчытууга кийлигишүүнү өтүнгөн. Генерал-губернатор П. Д. Горчаков Боромбайга жиберген жооп катында анын өтүнүчүн кезеги келгенде аткарышарын билдирген жана баалуу белектерди жөнөткөн.

Батыш Сибирдеги орус бийлиги өз өкмөтүнүн Орто Азияга карата саясатына, түпкү максат-мүдөөсүнө ылайык иш жүргүзүп, кадыр-барктуу манаптарды, ажаат ачаар жөн билги аксакалдарды Орусияга ык алдырууга аракеттенчү. Андыктан падыша сардарлары алардан ар кандай сыйлыктарды, түрдүү белек тартууларды аяган эмес. Феодалдык бытырандылыктын, тынымсыз ич ара согуштардын шарттарында, коңшу өлкөлөрдүн кысымынан арыла албай турган кыйын кезеңде айрым уруу башчылары орус төрөлөрү менен ымала кылууга бел байлашты. Алар Орусия сыяктуу зор өлкөдөн таяныч, калканч табууга, анын колдоосуна ээ болууга ниеттенишкен эле. Мындай аракет ошол кездеги катаал шартта тынчтыкты эңсеген караламан калың элдин мүдөө-тилеги менен дал келди. Падыша өкмөтүнүн Орто Азия тараптагы саясатынын түпкү максатынан кабары жок калк анын кийинки зордук-зомбулугунан, колонизатордук аракеттеринен шек санабады.

50-жж. башындагы ич ара жаңжалдардан айрыкча бугу уруусу жабыр тартып, аябай алсыраган болучу. Аларга Кокон хандыгы да ар дайым коркунуч туудуруп турган. Ошондуктан бугулар Орусия менен жакындашууга шашылып, кайра-кайра Батыш Сибирдеги орус улугуна элчи жиберип жатты. 1853-ж. күзүндө (сентябрда) Боромбай Бекмурат уулу баш болгон бугунун чоң манаптары Батыш Сибирь генерал-губернаторуна кат жөнөтүшөт. Катта коңшу уруулардын кол салууларынан азап чеккен, кокондуктардын аксымдыгынан тажаган бугулар Орусия букаралыгына өтүүнү каалары жазылган. Анткени Ормон хан менен Боромбай бийдин эрегишүүсү себеп болгон бугу-сарыбагыш чатагы бугуларды кайгы-муңга кабылткан. Кокондуктар кыргыз манаптарын бири-бирине кайраштырып турушкан. Көлдүн түштүк-чыгыш тарабындагы Бугу айылдарына канат-таш казак төрөлөрү да тез-тез кол салып, тынчтык берген эмес. Ушундай оор тагдырга кабылган бугу уруусу орус бийлигине жогорудагыдай каттар менен кайрылууга аргасыз болгон.

Падыша өкмөтү бугулардын бул каты менен таанышкан соң, алардын өтүнүчүнө көнүп, Орусия империясына ант берүү үчүн элчи жиберүүнү сунуш кылат.

**Бугу уруусунун Орусия бийлигине баш ийүүсү. 1854-ж.** 26-сентябрда бугу элчиси манап **Качыбек Шералы уулу** 12 манаптын мөөрү менен тамгасы басылган ишеним катты алып, ант-ташуу үчүн Омскиге келет. Алдын ала эки тараптын милдеттери, ынтымактын шарттары такталып, макулдашылган соң, **1855-ж. 17-январда** ант берүү аземи болуп өттү. Ага Батыш Сибирдин улуктары, генералдар, Омскиге ардактуу мейман катары келген казак султандары катышты. Аземде манап Качыбек Шералы уулу бугу уруусу Орусиянын букаралыгына өтөөрү жөнүндө кепил катары куран кармап, ант берди.

Орус бийлиги Боромбайдын эмгегин жогору баалап, ага бугунун башкы манабы мансабын жана подполковник мартабасын ыроолоду.

Орусия империясынын карамагына өтүү бугуларды коңшу уруулар менен өлкөлөрдүн кол салууларынан



*Үкөк XIX к.*

коргомок. Бугуларды кошуп алуу Орусия үчүн өтө пайдалуу болду. Орусия мамлекетинин Түндүк Кыргызстанда өз үстөмдүгүн орнотуусу оңойлоду. **1856-ж.** борбору *Верный* (1854-ж. негизделген) болгон *Ала-Тоо округу* түзүлүп, Көл кылаасындагы бугулардын ата конушу (Жыргалаңдан Кызылсуу, Жуукуга чейинки) ага карады. Бирок Кокон хандыгы да тим жаткан эмес. Кокондук бектер Ормон хан менен Боромбайды кайрадан кайраштырып, сарыбагыш-бугу чатагын ого бетер ырбатышкан. Анткени Боромбай орус төрөлөрүн демөөр тутуп, Ормон ханды тоготпой калган эле. Буга чейин бугунун чоң манаптары белгилүү өлчөмдө Ормон хандын айтканына көнүп, кебине муюп, хандык бийлигин таанып турушканы белгилүү. Боромбай эми орус аскеринин жардамына таянып, Көл кылаасында жеке өз бийлигин орнотууну көздөгөн.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Бугу уруусу эмне үчүн Орусия менен ымала кылууга умтулган?
2. Бугу уруусунун коңшу өлкөлөр жана уруулар менен өз ара мамилелери жөнүндө айтып бергиле.
3. Бугулардын Батыш Сибирдеги орус бийлиги менен элчилик байланыштары жөнүндө эмнелерди айта аласыңар?
4. Орус бийлигинин кыргыздарды Орусияга ык алдыруу аракеттери кандай эле?
5. Бугу уруусу Орусия бийлигине кандайча баш ийген?
6. Боромбай бийдин ишмердиги, Качыбек Шералы уулунун элчилиги жана ант берүүсү жөнүндө эмнелер эсиңерде калды?

# IV глава. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН XIX к. биринчи жарымындагы МАДАНИЯТЫ

## § 12. Оозеки жана жазма маданият. Музыка

**Дастандар. «Манас эпосу».** XIX к. кыргыз элинин руханий маданиятынын өсүп-өнүгүшүндө оозеки чыгармачылык зор роль ойногон. Айрыкча «Манас» эпосу баш болгон чоң жана кенже эпостор элдин кан-жанына сиңген сүйүктүү чыгармалар эле. Мурдагы кылымдардагыдай эле элдик дастандар оозеки түрүндө айтылып, улам кийинки муунга мураска кала берген. «Манас» эпосу негизинен үч бөлүктөн турат. Алар: «Манас», «Семетей», «Сейтек» дастандары. Аталган чыгармаларда кыргыз элинин көз карандысыздык үчүн күрөштөрү, өз алдынча мамлекет түзүү, аны көздүн карегиндей коргоо аракети чагылдырылган. Ошондой эле кыргыздардын күндөлүк турмушу, жашоо ыңгайы, кылган кесиби, чарбасы, коомдук түзүлүшү кеңири баяндалат. Алардан элдин адат, нарктары, каада-салттары, курчап турган дүйнөгө карата көз караштары, диний түшүнүк, ырым-жырымдары да даана байкалат. Башкы кейипкер алп Манастын ата-бабалары, баатырдын төрөлүшү, торолушу, бала чагындагы жана бойго жеткендеги адам таң калаарлык эрдиктери, сырдуу касиеттери, Алтайдан Ала-Тоого көчүшү, хан көтөрүлүшү дастанда тарыхый чындыкка шайкеш сүрөттөлгөн. Айкөл Манастын эгемен элин бийлегени, чоң казаты кыргыздардын байыркы замандагы жана орто кылымдардагы оозеки тарыхы экени шексиз. Эпосто кыргыз элинин коңшу өлкөлөрдүн элдери кытай, манчжур, ойрот-калмак ж.б. менен мамилелери баяндалат. Ал эми «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндө тарыхый окуялар андан ары татаалдашып, ич ара чыр-чатактарды сүрөттөөгө көбүрөөк басым жасалган. Бирок Ата Журтту өчөгүшкөн жоодон коргоо идеясы баатырлардын башкы көздөгөн максаты бойдон кала берет. Эпостун 60тан ашуун варианты бар. Чыгыш Түркстандык кыргыздар Манастын 18 урпагына чейинки окуяларды дастанга айландырышканы белгилүү. Манасчы Саякбай Каралаевдин варианты эле 500 миң саптан турат. «Манас» эпосу көлөмү, мазмунунун байлыгы боюнча «Шах наме» «Махабхарата», «Рамаяна», «Илиада», «Одиссея» эпос, поэмаларынан бир нече эсе чоңдук кылат. Маселен «Манас» эпосу «Махабхаратадан» 2,5 эсе, «Шах-намеден» 5 эсе, «Илиада» менен «Одиссеядан» 20 эсе көп экени белгилүү.

**Кенже эпостор.** XIX к. «Манас» эпосу сыяктуу эле башка дастандар дагы дастанчылардын чыгармачылык дараметине ылайык көркөмдөлүп, андан ары байыган. Алардын катарына «Эр Төштүк», «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаңыл Мырза» ж.б. дастандар кирет. Мекенге болгон сүйүү, эл, жердин эркиндиги үчүн каармандык күрөштөр дастандардагы өзөктүү идеялар. Аларда XVI-XVIII кк. ойрот-калмактардын, Жунгар хандыгынын кыргыздарга кол салуулары,

душман менен айгышкан салгылашуулар камтылган. Эл биримдиги, ич ара ынтымак гана ар дайым жеңишке жеткирээрин аталган дастандар далилдеп турат. Дастандарда үй-бүлө, ата-бала мамилелери, баатырлар менен алардын зайыптарынын ортосундагы аруу сезим, тунук сүйүү, улуу, кичүүгө болгон урмат-сый, ызаат, эзелки каада-салттар көркөм чагылдырылган. Ала-Тоолуу Ата Журттун ажайып кооздугу, тоолору, токойлору, көлдөрү, өзөн-суулары, касиеттүү кайберендери өтө кызыктуу сүрөттөлгөн. Кыргыздын кыздары үзүлгөндү улаган камкор, сарамжал зайып эле эмес, кезеги келгенде ар-намысын алдырбай, элин жоодон коргогон эр жүрөк баатыр жоокер экенине айкөл Манастын замандашы Кыз Сайкал жана «Жаңыл Мырза» дастаны күбө. Ал эми «Кожожаш» дастаны Сурэчкинин өч алышы аркылуу табиятка, жапайы жан-жаныбарларга ар бир адамды аяр мамиле жасоого үндөп турат. «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан», «Эр Төштүк» дагы эл ичинде кеңири таралган чыгармалардан. «Олжобай менен Кишимжанда» кыз-жигиттин жаштарга үлгү болоорлук түбөлүк, таза сүйүүсү сүрөттөлсө, «Кедейканда» адилет хан, акыйкат бийлик, жаркын келечек тууралуу кыялдануу даана байкалат. Ал эми «Эр Төштүктө» кыргыздардын аалам, дүйнөнүн түзүлүшү, жер астындагы жашоо жөнүндөгү эзелки көз караштары, мифологиялык түшүнүктөрү чагылдырылган.

**Төкмө акындык өнөр.** Бөлөк тектеш көчмөн элдер сыяктуу эле кыргыздарда дагы төкмө акындык өнөр өтө жакшы өнүккөн. Табиятынан таланттуу, ырга шыктуу нукура элдик акындар айлана-чөйрө, адамдардын кулк-мүнөзү,



*Кыргыздардын музыкалык аспаптары*

жаратылыштын кооздугу, жан-жаныбарлардын өзгөчө касиеттери тууралуу алдын ала даярдыксыз, куюлуштуруп, төгүп ырдашчу. Андай акындар айрыкча аш, тойдун шаанисин чыгарышкан. Акылман адамдарга, баатырларга ыр түрүндө өтө так, таамай, мүнөздөмө беришчү. Аргымак аттарды, алгыр куштарды, ат таптаган саяпкер, куш таптаган мүнүшкөрлөрдү, көзгө атар мергендерди, эл намысына жараган эр жигиттерди, акыл-эстүү кыз-келиндерди уккандын моокуму кангыдай, ийине жеткизе уйкалыштырып ырдашкан. Мыкты акындардын ырлары мазмуну терең, насыят, санаттарга бай болор эле. Кыргыздын тили ырга ылайыкташкан тил экендигин, кыргыздар сүйлөгөндө ырдап жаткандай туюларын XIX к. экинчи жарымында В.В.Радлов баса белгилеген.

Акындар чоң аш-тойлордо айтышып, элдин сыноосунан өтүшчү. Айтыштар акындарды такшалтып, талантшыгын өрчүткөн. Алсак теги кыргыз **Каржабай уулу Жөжө (Шөже)** (1808-1895) акын өзүнүн таң калаарлык чеберчилиги менен казак элине таанылган.

**Обондуу ырлар. Музыкасы.** Кыргыздар заманга жараша обондуу ырларды да жаратышчу. Мындай ырлар жаш өзгөчөлүгүнө, кылган кесибине,



*Кыргыз оркестри*

жашаган жеринин шартына, социалдык абалына жараша ырдалган. Сүйүүгө арналган ашыктык ырлары (секетпай, күйгөн), арман ырлары, ар кыл кошоктор көпчүлүк учурда аны жараткан авторго таандык болбой, элдик ырларга айланып кетчү. Кыргыздардын эмгек ырлары да көп эле. Жайлоодо түнкүсүн короо кайтарган жаш келин, кыздар «Бекбекейди» созолонтуп көңүл көтөрсө, жылкычы жигиттер «Шырылдаңды» ырдашкан. Эгин оруп-жыюу маалында кырманда «Оп майда» ыры ырдалчу.

Кыргыздардын кылымдардан бери келе жаткан музыкалык аспаптары болгон. Алар комуз, темир, жыгач ооз комуз, кыл кыяк, чоор, чопо чоор, сыбызгы, керней, сурнай ж.б. Чоң комузчулар, кыякчылар, чоорчулар сезимдин тереңинен чыккан укмуштай уккулуктуу күүлөрдү жаратышчу. Күү аркылуу адамдардын асыл ойлору менен арманы, кубанычы менен кайгы-муңу, үмүт-тилеги менен азап-тозогу айтылган. Терең мазмундуу күүлөрдү **залкар күүлөр** деп аташчу. Андай күүлөрдө элдин тарыхы, олуттуу окуялар, көкөй кескен кайгылуу учурлар же жеңиштер менен жакшылыктын салтанат курушу, калайык калктын сайран турмушу шаңдуу, ыргактуу баяндалчу. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» деген макалдын маани-маңызы күүлөрдөн даана байкалчу. Күүнүн башы «Камбаркан», «Сынган бугу», «Кетбука», «Дөгөчү», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» сыяктуу кылым карыткан күүлөр уккан жанды тамшанткан. **Музооке Жаманкара уулу, Арстанбек, Бурулча, Белек** жана анын уулу **Күрөңкөй, Балдысан** ж. б. таланттуу өнөрпоздор Кокон доорунда кыргыздын музыкалык искусствосун кыйла өнүктүрүшкөн. Комузда «Тактеке» күүсү куурчак оюн сымал ойнолсо, бийчилер «калмак бийин» чеберчилик менен тулку боюн-денесин ийкемдүү, чимириктей ийилтип бийлешкен.

XIX к. биринчи жарымында кыргыздарда **коомдук-саясий ой толгоо (философия)** андан ары өнүктү. Айрыкча **Калыгул Бай уулунун** (1785-1855) кыргыз философиясынын өсүп-өнүгүшүнө салымы зор. Бекеринен ойчулду эл ичинде **Калыгул олуя** деп аташпаса керек. Манап тукумунан болгондуктан, ал эч качан комузда ойноп, акындык айтыштарга катышкан эмес. Бирок ошого карабастан аны Калыгул акын деп коюшчу. Анткени анын макалдашкан, орундуу сөздөрү уйкаштыгы менен айрымаланып турчу.

Калыгул Бай уулун совет доорунда кыргыз адабиятындагы **заманчылар** салтын баштаган акын катары сыпатташкан. Заманчылар бул дүйнөнүн опаасыздыгын, убактылуулугун, заман улам тарып баратканын диний жана философиялык терең маанидеги чыгармалары аркылуу баяндашкан. Калыгул олуя философиялык ой-толгоолорун ар кыл топ-жыйындарда, эл чогулган жерлерде акыл-насыят катары кыска, бирок нуска кылып айткан. Кээде оң же сол ийинин карап кандайдыр бир сыйкырдуу күчтөр менен кеңешкендей түр, сүр көрсөтчү экен. Ал жалаң гана коомдун келечеги тууралуу пессимисттик ой айтып чектелген эмес. Анын терең гумандуу, адамды алга сүрөөчү, демөөрчүл накыл кептери да арбын.

Аргымактын азганы
Аркы-терки басканы.
Азамат эрдин азганы
Көчкөндө жөө басканы.
Аргымакта жал жок деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Азаматта мал жок деп,
Жоого таштап кетпеңер, — деп Калыгул ар инсанды баалоого чакырган.

Ал тек гана насыятчы эле эмес, өз доорундагы саясий турмушка зордукзомбулукка каршы турууга, ынтымак-ырашкерликте жашоого чакырган инсан катары катышкан. Алсак, 1854-ж. бугу менен сарыбагыштын өз ара жаңжалын болтурбоо үчүн Ормон хан уюштурган айтылуу «от чыккан» ордо оюнун токтотууга чакырган. Ошол ордо оюнунда чыккан чыр, таарыныч кийинки тирешүүгө себеп болгону белгилүү.



*Калыгул Бай уулу — Калыгул олуя (1785 — 1855)*

Каз, өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып, — деген Калыгулдун сөздөрү коомдук турмуштун сабак болор тажрыйбасын чагылдырган.

Калыгул Бай уулу түздөн-түз таасир тийгизген ойчулдардын бири **Арстанбек Буйлаш (Бойлош) уулу** (1824-1878) болгон. Ал да заманчылар агымын улантып:



*Арстанбек Буйлаш уулу*

«Ушул азыр тар заман,
Азуулуута бар заман,
Бечарага зар заман», — деп ырдаган.

Арстанбек казак талаасындагы «заманчылардын» өкүлдөрүнүн (Мөңкө бий ж.б.) чыгармачылыгы менен да тааныш болгон. Кокон хандыгынын ири мамлекеттик ишмерлеринин бири Алымбек датка анын акындык өнөрүнө тан берген. Комуздагы күүлөрү менен да, обондуу ырлары менен да атыккан Арстанбек өз калкынын Орусияга каратылышын санааркоо менен кабыл алган:

«Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр ай,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келе жатыр ай.
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатыр ай».

Орус букаралыгына өтүүгө альтернатива катары Арстанбек Кашкардагы Жакыпбектин мамлекети менен ынтымакташ болууга чакырган:

«Казак, кыргыз жыйылып,
Бата кылып алсак бейм?
Кашкардагы Бадөөлөт (Бакдөөлөт)
Ата кылып алсак бейм?»

Жакыпбек (Мухаммед Йакуббек 1820-1877) түзгөн Жети-шаар мамлекетине карата жана саясий ынтымакташ катары казактарга болгон Арстанбектин мамилеси өз доорунун бир катар саясий күчтөрүнүн маанайын чагылдырган.

Кокон хандыгы доорунда кыргыз элинин **жазма маданияты** да жаңы баскычка көтөрүлгөн. Кокон дооруна чейин эле *араб арибиндеги чагатай* жазма салты кыргыздарга да таандык болгон. 1785-ж. Орусияга барган кыргыз элчиси ***Абдыракман Кучак уулунун*** (1789-ж. 20-июнда Омск шаарында мейман туткунда өлгөн) Орусияга, Кытайга жазган дипломатиялык каттарынын мисалында кыргыздар XVIII к. — XIX к. I жарымында орто азиялык жазма маданиятынын жергиликтүү үлгүсүнө ээ болгонун тастыктайбыз.

XIX к. Фергана өрөөнүндөгү сабаттуулук очогу катары таанылган окуу жайлардын бири Намангандагы *Молдо Кыргыз медресеси* болгон. **Алымкул аталык** Кара-Суута медресе курдурган. **Алымбек датка** да Ош шаарына чоң медресе куруп, анын карамагына Чын-Абад кыштагынан жер бөлүп бергени белгилүү. **Молдо Ыскак Асан (Хасан) уулу**[1] (1844-1876) сабаттуу кыргыз үй-бүлөсүнөн чыккан. Анын атасы Маргаландагы «Ак медреседе» мударрис (профессор, дарс окучу) кызматын

[1] 1873-1876-жж. Кокон көтөрүлүшүнүн жол башчысы айтылуу Пулат хандын азан айтып коюлган өз аты.



*Нурмолдо Наркул уулу*



*Молдо Нияз*

аткарган. 1873-1876-жж. **Пулат хан** катары таанылган **Молдо Ыскак** Ташкент, Жызак жана Фергана өрөөндөрүндөгү сабаттуу кыргыздардын бири эле. Ал эми ала-букалык **Нурмолдо Наркул уулу** (1838-1920) кыргызча ыр гана жазып чектелбей, жогорудагы Молдо Кыргыз медресесинде мударис кызматын да өтөгөн.

Кокон доорунда эле өз чыгармаларын нукура кыргыз тилинде жазган акындардын бири **Молдо Нияз** (1823-1896) болгон. Ал Оштун Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылында туулган. Ферганада эле эмес, Кашкар шаарындагы медреседе да билим алган. Өзү аралап, чыгармаларын окуп берген Ат-Башы, Нарын, Жумгал, Кочкор,



*Ош. Алымбектин медресеси*

Суусамыр, Чүй жана Түштүк Кыргызстан, Фергана, Кашкар өрөөндөрүн ал дурус билген. Кыргызча эле эмес, орток түркчө, арабча, фарсыча окуй алган. Молдо Нияз өмүр, өлүм, аалам, жакшылык, жамандык темаларын философиялык сопучул мазмундагы ырларында чагылдырган. Анын чыгармаларынан ошол доордо жер-суу аттарын, ошондой эле айрым тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүнө, кыргыздардын Кокондогу Алымкул аталык сыяктуу саясий ишмерлерине, кашкарлык Жакыпбекке, орусиялык оторчулардын Түркстанга илгерилешине карата берген баасын окуй алабыз. Негизги чыгармачыл ишмердүүлүгү XIX к. II жарымына таандык болсо да, Молдо Нияз XIX к. II чейрегинде жазмачы акындык өнөрү башат алган кыргыз новатор акыны катары каралат. Анын «Санат ырларынын» жети китепчеден турган кол жазмаларынын төртөө белгисиз калса да, илим чөйрөсүнө жеткен үчөө кыргыз жазма мурасынын олуттуу казынасын байытууда.

«Эркин эрмек кылсын деп,
Көңүлгө келген кептерди
Көп кылып койдум дептерди.
Саяпкер багат кептерди,
Санаттан кылдым дептерди», — деп

өзү жазгандай, Молдо Нияз өз чыгармаларын окурмандарга жайылтуу үмүтү менен дептерлерге толтура жазып чогултқан.

Кыргызстандагы соңку археографиялык экспедициялар аркылуу табылган бир далай эмгектер араб, фарсы, орток түрк тилдеринде жазылган. Бул китептер сабаттуу кыргыздардын билим куржуну улуттук жазмачы молдолордун эмгектери менен гана чектелбегенин айгинелейт. Бул кол жазмалар диний гана мазмундагы адабиятты эмес, тарыхка, санжырага, поэзияга, эсепке ж.б. тармактарга байланыштуу адабияттарды да камтыган.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Жаңы доордогу кыргыз маданиятынын эзелки башаттары жөнүндө эмнени айта аласыңар?
2. Оозеки элдик чыгармачылыктын кандай түрлөрү бар?
3. Дастанчылык жана кыргыз дастандары жөнүндө айтып бергиле. Кайсы дастандарды толук окуп чыктыңар?
4. Акындык өнөр, айтыш, обондуу ырлар, музыкалык мурас тууралуу эмнелер эсиңерде калды?
5. Калыгул Бай уулунун, Арстанбек Бойлош уулунун чыгармачылыгы жөнүндө айтып бергидей болгула.
6. Жазма маданияттын кандай мурастарын билесиңер?
7. Нурмолдо жөнүндө эмнелерди билесиңер?
8. Молдо Нияздын акындык өнөрү эмнеси менен айырмаланат?
9. Кыргыз элинин арасына кайсы тилдердеги адабияттар таралган?

## § 13. Элдик билимдер. Диний ишенимдер. Элдик оюн-зооктор. Заттык маданият

**Элдик билимдер.** Кыргыз эли жалпы Борбор азиялык көчмөн жана отурукташкан калктардын орток билим булагы менен шериктеш болуп, табигат таануу боюнча эмпирикалык (тажрыйбадан улам келип чыккан) билимдер жыйындысына ээ болгон. Албетте, орто кылымдардагы мусулмандык жазма билимдин таасири да астрономия, медицина сыяктуу тармактарда сезилээри анык.

**Астрономиялык билими** жагынан кыргыздар муундан-муунга өткөн бай тажрыйбага ээ эле. Белек Солтоноевдин маалыматында кыргыздар Үркөр, Толтойдун огу, Үч аркар, Чоң Жетиген, Кичи Жетиген, Алтын Казык, Сары жылдыз Чолпон, Балбылдак жылдыз, Күн сыяктуу жылдыз жана планета аттарын пайдаланышкан. Алардын пикиринде, Алтын Казыктан башка бардык жылдыздар жылып турушат. Ошондуктан өз багытын аныктоодо алар дал ушул бир калыптагы казыкка карап бүтүм чыгарышкан. Саманчынын жолу да убакытты, багытты аныктап тактоого жардамчы болгон.

Кыргыздар **жыл эсебин** жалпы түрк-монгол элдериндей эле *мүчөл* иретинде (он эки айбанаттын аталышы менен байланыштуу) күн календарына негиздеп жүргүзүшкөн. Мусулмандык ай календарына негизделген хижра жыл санагы диний турмуш үчүн жана расмий мусулмандык адабиятта, кат жазууда гана пайдаланылган. Он эки жылдан соң бир мүчөл болуп, кишинин жашы да жылы менен гана эмес, мүчөлү менен да аныкталган (жадыбалды карагыла). Эмне үчүн жыл эсеби чычкандын аты менен башталып калганы тууралуу аңыздарды XI к. **Махмуд Кашгари (Барскани)**, жакынкы доордо (XX к. башында) **Белек Солтоноев** жазып калтырышкан.

Элдик календарга ылайык, ар жылды кыргыздар он эки айга бөлгөн (жадыбалды карагыла). **Айлар** кайберендердин аттары жана тогуздан бирге чейинки так сандар менен аталган.

Муну табигатты байыркы аңчылык аркылуу үйрөнүүнүн таасири катары кароого болот. Жаңы жыл жалган куран (март) айы менен башталган.

Мусулманчылыкка ылайык ар **аптаны** кыргыздар орто азиялык түрк элдеринин жана тажиктердин салты боюнча: ишемби, жекшемби, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума деп аташкан. Сөөк коюу жөрөлгөлөрү үчүн жана ар апталык жума намазын, күндөлүк беш убак намазды окуу үчүн, ошондой эле орозо кармоо сыяктуу мусулмандык парзды аткаруу үчүн мусулман календарын да өздөштүрүп, пайдалануу олуттуу практикалык мааниге ээ болгон.

Борбордук Азиянын **географиясы** тууралуу кыргыздардын маалыматы да кеңири болгон. «Манас» жана башка дастандарда Борбордук Азиянын Каңгай, Оркун (Орхон), Ыртыш, Алтай (бул түшүнүккө Эне-Сайдын башаты болгон Саян тоолорунун аймагы да камтылат), Лоп (Лобнор), Көкөнор, Котон (Хотан), Тибет, Ооган (Афганстан), Памир, Бадакшан, Хожент, Самарканд, Бухара сыяктуу чөлкөмдөрү,

***№ 1 жадыбал. Кыргызча жыл сүрүүнүн азыркы календарга ылайык жадыбалы***

| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 1828 | 1840 | 1852 | 1864 | 1876 | 1888 | 1900 | 1912 | 1924 | 1936 | 1948 | 1960 | 1972 | 1984 | 1996 | 2008 | Чычкан жылы |
| **2** | 1829 | 1841 | 1853 | 1865 | 1877 | 1889 | 1901 | 1913 | 1925 | 1937 | 1949 | 1961 | 1973 | 1985 | 1997 | 2009 | Уй жылы |
| **3** | 1830 | 1842 | 1854 | 1866 | 1878 | 1890 | 1902 | 1914 | 1926 | 1938 | 1950 | 1962 | 1974 | 1986 | 1998 | 2010 | Барс жылы |
| **4** | 1831 | 1843 | 1855 | 1867 | 1879 | 1891 | 1903 | 1915 | 1927 | 1939 | 1951 | 1963 | 1975 | 1987 | 1999 | 2011 | Коен жылы |
| **5** | 1832 | 1844 | 1856 | 1868 | 1880 | 1892 | 1904 | 1916 | 1928 | 1940 | 1952 | 1964 | 1976 | 1988 | 2000 | 2012 | Улуу жылы |
| **6** | 1833 | 1845 | 1857 | 1869 | 1881 | 1893 | 1905 | 1917 | 1929 | 1941 | 1953 | 1965 | 1977 | 1989 | 2001 | 2013 | Жылан жылы |
| **7** | 1834 | 1846 | 1858 | 1870 | 1882 | 1894 | 1906 | 1918 | 1930 | 1942 | 1954 | 1966 | 1978 | 1990 | 2002 | 2014 | Жылкы жылы |
| **8** | 1835 | 1847 | 1859 | 1871 | 1883 | 1895 | 1907 | 1919 | 1931 | 1943 | 1955 | 1967 | 1979 | 1991 | 2003 | 2015 | Кой жылы |
| **9** | 1836 | 1848 | 1860 | 1872 | 1884 | 1896 | 1908 | 1920 | 1932 | 1944 | 1956 | 1968 | 1980 | 1992 | 2004 | 2016 | Мечин жылы |
| **10** | 1837 | 1849 | 1861 | 1873 | 1885 | 1897 | 1909 | 1921 | 1933 | 1945 | 1957 | 1969 | 1981 | 1993 | 2005 | 2017 | Тоок жылы |
| **11** | 1838 | 1850 | 1862 | 1874 | 1886 | 1898 | 1910 | 1922 | 1934 | 1946 | 1958 | 1970 | 1982 | 1994 | 2006 | 2018 | Ит жылы |
| **12** | 1839 | 1851 | 1863 | 1875 | 1887 | 1899 | 1911 | 1923 | 1935 | 1947 | 1959 | 1971 | 1983 | 1995 | 2007 | 2019 | Доңуз жылы |

***Тапшырма:*** *Кайсы бир датаны (ата-энеңердин туулган жылы ж. б.) мүчөлгө ылайык сүрүштүргүлө.*

## № 2-жадыбал. Кыргызча ай аттары*

| | |
|---|---|
| 1. ЖАЛГАН КУРАН (МАРТ) | 1. АЯК ООНА (СЕНТЯБРЬ) |
| 2. ЧЫН КУРАН (АПРЕЛЬ) | 2. ТОГУЗДУН АЙЫ (ОКТЯБРЬ) |
| 3. БУГУ (МАЙ) | 3. ЖЕТИНИН АЙЫ (НОЯБРЬ) |
| 4. КУЛЖА (ИЮНЬ) | 4. БЕШТИН АЙЫ (ДЕКАБРЬ) |
| 5. ТЕКЕ ЖЕ ТЕКЕ КАКШЫК (ИЮЛЬ) | 5. ҮЧТҮН АЙЫ (ЯНВАРЬ) |
| 6. БАШ ООНА (АВГУСТ) | 6. БИРДИН АЙЫ (ФЕВРАЛЬ) |

*** Эскертүү.** Европалык ай аттарына кыргыз айларын шайкештирүү академик Хусейин Карасаевдин жана башка илимпоздордун пикирине ылайык кабыл алынды. Григориан жана юлиан календарларындагы айырма сыяктуу эле, кыргыз айларын шайкештирүүдө Нооруздун 21—22-мартта белгилениши, жылдын ушул күндөн башталышы менен байланыштуу башкача сунуштар да айтылып келген.*



***Василий Владимирович Бартольд** 1869-ж. туулуп, 1930-ж. дүйнөдөн кайткан. Чыгышты изилдөөчү илимпоз, академик (1913). Орто Азия элдеринин тарыхына арналган эмгектеринин илимий жактан чоң мааниси бар. Алардын ичинен көлөмдүүсү «Кыргызы».*



***Чокан Чыңгысович Валиханов** (Мухаммед-Ханафия) 1835-ж. Аман-Карагай аймагынды Куш-Мурун чебинде (азыркы Кустанай ш. жакын) туулган. 1865-ж. Алтын-Эмел айылында дүйнөдөн кайткан. Орто Азия менен Казакстанда жашоочу элдердин материалдык жана рухий маданиятын изилдөөчү туңгуч илимпоз, демократ-агартуучу, этнограф жана фольклорчу, тарыхчы.*

географиялык аймак-алкактар чагылдырылган. XIX к. бир катар европалык изилдөөчүлөргө кыргыздар жол көрсөтүп, аларды алыскы аймактарга чейин коштоп барышчу.

Өздөрү жашаган тарыхый аймактын флорасын жана фаунасын (айбанаттарын, өсүмдүктөрүн) кыргыздар жакшы өздөштүрүп, ар бирине өзүнчө ат коюп, күндөлүк тиричиликте аларды пайдаланууга да умтулушкан. Табигат кубулушун **жайчылар**, **эсепчилер** алдын ала эсептеп айтып турушкан. Албетте, алардын сөзү чын чыкканда «карды жаадырып койду», «нөшөрдү токтотуп салды» деп алардын табигаттан тышкары сыйкырдуу күчүнө ишенген замандаштары да арбын эле. Иш жүзүндө алар эмпирикалык билимдерге таянышкан.

Элдик **дарыгерлер** дары-дармек чөптөрдүн сырын укумдан-тукумга үйрөтүп келген. Кесел адамдарды жыландын эти, кайберендин жана башка жапайы айбанаттын ар кыл дене мүчөсү аркылуу дарылоого умтулушкан. Түрдүү минералдык заттарды да пайдалана билишкен. Дары заттардын ичинде кара кочкордун жана тайдын терисинин, кийиздин да орду болгон. Түтөк, котур жана башка ооруларга, мал дарттарына даба болчу дары-дармектерди колдонушкан. Жоокердик замандарда, эр сайыштарда жана башка учурларда жарадар болгондорго хирургиялык жардам көрсөтүшөт. Малдын жана адамдын анатомиясын билген устаттар чыккан колду ордуна салган. Тарамыш чоюлуп-тартылганда төөнүн чуудасын туздуу сууга кайнатып таңышкан. Сөөк сынганда табыптар шакшак коё билген. Денедеги окту тинтүүр аспабы менен таап, жараатты тазалаган. Кай бири мындай аспапты койдун кар жилигинин укулук сөөгүн ичкертип жонуп, учтап алып колдонууну эп көргөн. Анткени ал денедеги окту издегенге ыңгайлуу келип, жарадар кишини тез сакайткан.

Арчанын түтүнү антисептикалык максатта сабаа, чаначтарды ыштоодо, боз үй ичин *аластоодо* пайдаланылган. Түштүк Кыргызстанда ушул эле максатта анардын кабыгынын тундурма суусу кеңири колдонулган. **Кан алуу, сүлүк салуу, тамыр кармоо** сыяктуу ыкмалар арбын колдонулган. Албетте, дуба окуу, дем салуу, эмдөө аркылуу кеселден арылтууга далалаттанган, «жин-шайтанды» кубалоого алпурушкан бүбү-бакшылар да болгон. Алардын кыраакылары көп жылдык тажрыйбасынан өздөрүнүн кайсы кыймыл-аракети кандай учурларда сыркоо адамга оң таасир тийгизерин баамдап, көңүлгө түйүп, ал ыкмаларын балдарына үйрөтүп келген.

Кыргыздар аралыкты эли, сөөм, карыш, тапан, кадам, саржан, чакырым, ат чабым ж.б. өлчөм менен аныктаган. Жер өлчөмү коңшу боордош калктардыкына окшош (теше, танап ж.б.) болгон. Тараза өлчөмү кайсы затты таразалоосуна ылайык калыптанган. Жоондукту, майда, суюк жана катуу затты өлчөө системасы пайдаланылган.

**Диний ишенимдер.** XIX к. кыргыздардын негизги дини *ислам* болгон. Атүгүл Чыгыш Түркстанда кыргыздардын айрым топторуна таянып, өз ара күрөш жүргүзгөн «ышкийййа» жана «ысхакийййа» сопучулук агымдары болгонун билесиңер. Окумуштуу В. В. Радлов да кыргыздардын өзүн мусулман катары эсептеген, ойротторго каршы боштондук күрөшүн «каапырларга каршы ыйык күрөш» катары баалаганына

күбө болгон. Бул кыргыз дастандарында, айрыкча «Манас» эпосунда дурус чагылдырылган. Кытайлык Алмамбеттин Манас менен дос болушунун негизги шарттарынын бири катары Алмамбеттин бутпарастыктан баш тартып, ислам динине өтүшү буга далил. Ал эми Жуңгариядагы калмак-кыргыз аттуу топтун дини *ламаизм* (бутпарастык агым) болгон.

Теңир-Тоодогу кыргыздар *исламга чейинки диний ынанымдын калдыктарын* да сактап калышкан. Бул калдыктар алардын мусулманчылыгына доо кетирбей синтезделген. Маселен, мусулмандык кудай Алла-тааланын синоними катары исламга чейинки түрк элдеринин кудайы «Теңир» сөзү пайдаланылып калган. «Теңир жалгасын, Теңир колдосун» деген алкоо, ант, каргыш сөздөр Караханийлер доорунан бери исламдык агымда пайдаланылган.

Кыргыз мифтеринде (аңыздарында) Теңир — бир эле учурда ааламдын жаратуучусу жана көктүн (асмандын) кудайы болгон. Андан тышкары Жерге жана Сууга сыйынышкан (орто кылымдардагы «Йер-суб» менен салыштыргыла). Жер Эне жөнүндөгү түшүнүктөн башка энелерди, бала-бакыраны корогон Умай Энеге ишеним да болгон. Балдарды эмдегенде «менин колум эмес, Умай Эненин колу эмдеп жатат» деп күбүрөшкөн эмчилер тууралуу кытайлык илимпоз Макелек Өмүрбай жазат.

Кыргыздар журт-конуштардын, кечүүлөрдүн, атүгүл айбанаттын *«ээси»* болот деп ишенишкен. Бир катар кыргыз урууларынын бугу, бөрү, багыш, илбирс (барс) ж.б. айбанат менен байланыштуу колдоочусу, ыйык тотеми болгон. Жылкынын ээси — *Камбар Ата,* төөнүн ээси — *Ойсул Ата,* койдун ээси — *Чолпон Ата,* эчкинин ээси — *Чычаң Ата,* ача туяктуу бодо малдын ээси — *Зеңги баба,* канаттуулардын ээси — *Будайык,* ит «төрөсү» — *Кумайык* деп эсептешкен.

Жалпы мусулмандык аңыздар да кыргыз ишенимине кирген. Алардын арасында топон суу, мүрөк, Кызыр Ата, зилзала (космостук өгүз бир мүйүзүнөн экинчи мүйүзүнө которгон кезде тайпак Жердин титиреши) тууралуу ж. б. уламыш аңыздар болгон.

Эне-Сай Кыргыз кагандыгы доорундагыдай эле отко табынуу түшүнүктөрү сакталган. Арчаны күйгүзүп аластоо, алыскы жортуулдан же сапардан, саякаттан кайткан кишинин башынан оттун чогун үч жолу тегеретүү жана башка ырым-жырымдар мусулмандык жөрөлгөлөргө айкалыштырылып сакталып калган.

«Аркы дүйнө» тууралуу (эсхатологиялык) түшүнүк, кыяматтын кыл көпүрөсү, жан, арбак, кайып болуп кетүү (эч кимге көрүнбөс турмушка өлбөсөчпөс болуп өтүү) сыяктуу түшүнүктөр да исламдын башка дүйнөлүк диндер менен орток ынанымдары катары уламыштарда сакталган.

**Санжыра.** Кыргыз элинин жалпы адамзаттын теги, анын ичинде түрк жана башка калктардын орду, кыргыздардын жана аларга жуурулган ар кыл уруулардын ата-теги тууралуу билимдеринин жыйындысы — **санжыра** (арабча «шажара» — «дарак» сөзүнөн) өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Санжыранын өзөккү варианттары адамзатты теги боюнча **Адам Ата** менен **Обо Энеге** (библиялык **Адам** жана **Ева)** такайт. Мусулмандык генеалогиялык салт мыйзамдаштырган



*Белдемчи*

санжыралык дарактын эң чокусундагы Адам Ата менен Обо Эненин урпактары — ар кыл пайгамбарлар тигил же бул элге баба болгон деп сыпатталат. Нух (библиялык Ной) пайгамбардын үч урпагы — Хам, Сам, Йафас. Алардын кичүүсү Йафас — түрктөрдүн бабасы. Түрк Атанын урпактарынын бири — **Кыргыз** деп келип, санжырачылар Кыргыздан ар кыл уруулардын бутактарын ажыратып чыгышкан. *«Жети атасын билүү — парз»* деген түшүнүк жергиликтүү санжырачылардын санынын арбышына ыңгайлуу шарт түзгөн. Кыргыз санжырасы орто кылымдарда эле ар кыл жазма булактарда чагылдырылган.

**Эл оюн-зоокторy** улуттук спорттун жа-на жамааттык оюн-зооктордун, жаш өзгөчөлүгүнө жараша рухий жана дене тарбиясын жүзөгө ашыруунун негиздеринен болушкан.

Эркти, күчтү, эптүүлүктү, чыдамкайлыкты талап кылган бир катар *спорт оюндары* уландарды аскердик кужурмөндүүлүккө даярдоого өбөлгө түзгөн. Алардын арасында жамбы атмай, эр сайыш-эрөөл, эр эңиш, балбан күрөш, ордукту (мал, таш) көтөрүп күч сынашуу, көк бөрү (улак) тартыш сыяктуу оюндар болгон. Айрым мелдештер күч сынашкандардын өлүмү менен да аяктаган.

Махмуд Кашгари XI к. теңир-тоолуктардын аргымак атка ышкысын «Куш — канатын, Эр — атын» («Куш — канаты менен, эр адам — аты менен») деген макалды келтире чагылдырган, «Эр канатланды» сөз айкашын «Эр киши аргымакка минип сызды» деп араб окурманы которгон. Дал ушул түшүнүктөр саяпкердикти өркүндөткөн жаңы доордогу кыргыздар тарабынан да бапестелип калган. «Ат — адамдын канаты» делет кыргыз накыл сөзүндө. Ат спорту күлүктөрдү ар кыл аралыкка чабууда (аламан байге ж.б.), жорго салууда, ат ойнотууда, эр эңиш (оодарыш), көк бөрү тартыш сыяктуу оюндарда калайыктын жалпы ышкысын туудурган. Белек Солтоноев XIX к. даңазалуу баатырлардын эл оозунда калган аргымак аттарынын Ак Кызыл (Төрөгелдиники), Сур Айгыр (Балбайдыкы) ж.б. гиппонимдерин (жылкы ысымдарын) санап келип, бугу уруусунан чыккан Найман, Жаныбек деген сынчылар күлүктөрдү 18 түргө бөлгөнүн баяндаган.

Ал эми *ордо оюну* эркектердин топтопко бөлүнүп ойноочу, бир чети, логикалуу, экинчи чети, шамдагайлыкты,

чеберчиликти талап кылган оюн болгон. Ойлонууну талап кылган логикалык оюндар *дойбу* (шашки), *чатыраш* (шатранч, же шахмат), *тогуз коргоол* сыяктуу оюндар эле.

Жаштардын оюн-зоогу селкинчек, ак чөлмөк, көз таңмай, жоолук таштамай, кыз куумай, тыйын эңмей сыяктуу оюндарды камтыган. Өспүрүмдөр чикит, топ таш, эшек секиртмей, жаңылмач айтмай, тай чабыш, жашынмак ж.б. оюндардын кумарына канган. Орозо айы менен байланыштуу жарамазан айтуу, үйлөнүү тойлору маалында кыз-жигиттердин жар-жар айтышы кеңири таралган.

**Заттык маданият.** Кыргыз элинин турмуш-тиричилиги анын заттык маданиятынын өзгөчөлүктөрүн аныктаган. Көчмөн жана жарым көчмөн уруулар отурукташкан кыргыз урууларынан саал айырмалуу заттык маданиятка ээ болгондор эле.

Маселен, Кокон, Ош сыяктуу шаарларда туруп калган кыргыздар бийик коргондуу үйлөрдө жашашса, көчмөн кыргыз айылдарындагы негизги баш калкалаган жай боз үй болгон. Кереге, ууктары, түндүгү жыйып көчүрүп кетүүгө ыңгайлуу болгон боз үй көмкөрүлгөн чыны кебетеленип, шамалга, жаан-чачынга, карга туруштук бере алган. Көркөмдүү жасалгаланган ак өргөө эч нерсеге алмаштырылгыс жашоого жайлуу, жан дүйнөнү байытып ырахат тартуулоочу турак жай эле. Кийизден (үзүк-туурдук), чийден (чыгдан ж.б.) жасалуучу боз үйдүн жабдуулары уздардын көргөзмөсү сыяктуу ар бир үйдүн ажарын ачып турган.

**Архитектуралык курулуштарга** Кокон хандыгы доорунда жана ага чейин курулган чептер (Сопу-Коргон, Дароот-Коргон, Бишкек, Токмок, Барскоон, Коңур-Өлөң, Чолок-Коргон ж.б. чептер), отурукташкан жайлардагы медреселердин жана мечиттердин (Сыдыкбайдын мечити, Оштогу Абдулла хандын Раваты) имараттары ж.б. кирген.



*Күмүш чегерилген кыргыз ээр XIX к.*

Ири инсандардын күмбөздөрү да архитектуралык жергиликтүү салттын көрүнүшү болгон. Тарыхчы А. Н. Бернштам Борбордук Теңир-Тоодогу күмбөздөрдү курган усталар анын төбөсүн көтөрүүдө боз үйдүн үлгүсүн берүүгө умтулушканын белгилейт. Асаф ибн Бурхиянын (Ош шаары), Тайлак баатырдын (Ак-Талаа), Ногойдун (Ысык-Көл), Кырк Чоронун (Кочкор) күмбөздөрү жана Чаткал, Сапид-Бөлөң ж.б. аймактардагы күмбөздөр бул пикирди ырастайт.

**Жасалга-колдонмо өнөрү** аркылуу кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн бир эле учурда турмуш-тиричиликке зарыл буюм-тайымдарды жасоо жана ал буюмдарды эстетикалык жогорку талаптарга ылайык кооздоо милдеттери жүзөгө ашырылган.

Уз аялдар шырдак шырып, килем жана таар согуп, ала кийиз, үзүк, туур-





*Аяк каптын түрлөрү:*
*а — оймолонгон чачылуу аяк кап;*
*б — саймаланган чачылуу аяк кап. XIX к.*

дук жасап, кийим тигип, сайма (туш кийиз) сайып алектенишчү. Усталар адистешип (темир уста, жыгач уста, зергер, имарат куруучу, кайышчы ж.б.) эмгектенишкен.

Жалпысынан, XIX к. биринчи жарымындагы кыргыз элинин Чыгыш Түркстанда, Ала-Тоодо, Памирде ж.б. жерлерде конуш тапкан топторунун маданияты эзелтеден келген нукура улуттук салтка тарыхый коңшуларынын таасирин сиңирүүсү менен айырмаланган. Кыргыздар да өздөрүнө коңшу калктарга этностук-маданий таасирин тийгизип турган.

? 

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Эл билимдери, эмпирикалык билимдер деген эмне?
2. Астрономиялык билимдер жөнүндө, кыргызча жылдыз аттары жөнүндө айтып бергидей болгула.
3. Өзүңдүн туулган жылыңды кыргыз жыл эсебине негизденип сүрүштүр.
4. Кыргызча 12 жыл атын, 12 ай атын жатта.
5. География, климат таануу, медицина боюнча кыргыз элинин кандай билимдери болгон?
6. Диний ишенимдердин Кыргызстандагы өзгөчөлүгү эмнеде?
7. Эл оюндарынын кандай түрлөрү бар эле?
8. Кыргыздардын заттык маданияты кандай бөлүктөрдөн турат?

# V глава. КЫРГЫЗСТАН ОРУСИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КОЛОНИЯСЫ

## § 14. Түндүк кыргыз урууларынын Орусияга каратыла башташы

**Түндүк Кыргызстандын Орусиянын курамына киргизилишинин тарыхый өбөлгөлөрү. Чөлкөмдөгү Орусиянын саясий, экономикалык кызыкчылыктары.** XIX к. 50-60-жж. түндүк кыргыз уруулары Орусия империясынын курамына киргизилди. Алардын ичинен алгачкы болуп бугу уруусу кирген (1855).

XIX к. биринчи жарымында бугу уруусу Орусия империясынын Батыш Сибирдеги төрөлөрү менен элчилик алака кылып турган. Орусиялык көпөстөр кыргыз жеринде ээн-эркин соода-сатык иштерин жүргүзүшүп, ал аркылуу Чыгыш Түркстанга каттап турушчу. Алардын коопсуздугун камсыз кылууну көлдүк кыргыздар өз моюндарына алган эле. Коңшу уруулар менен ич ара чыр-чатактын ырбашы, айрым манаптардын Ормон ханга баш ийгиче башка мамлекетке багынып берүүгө даяр текеберчилиги, Кокон хандыгынын, казак султандарынын кысымы, Кытай богдыханынын амалкөй аракеттери бугуларды Орусия мамлекетине калканч издеп кайрылууга мажбур кылганы анык. Канатташ казак калкынын конуш-журттары болгон Капал, Иле чөлкөмдөрүн орус аскерлеринин ээлеши жана Верный (Алматы) өңдөнгөн калаа, чептердин түптөлүшү, алардагы кошуундардын жылдан-жылга арбышы да түндүк кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышына түрткү берди.

Казакстан аркылуу Орто Азияны каратып алууну эңсеп жутунган Орусия империясынын мыкты куралданган кошуундары бул кезде көлдүк кыргыздардын ирege-босогосунда кам-кашеги шайма-шай, ат коюуга даяр турган. Ал эми Ысык-Көлгө келген татар соодагерлери өз кызыкчылыгы үчүн жана падыша өкмөтүнүн тапшырмасы боюнча алдын ала кам көрүп, кыргыз айылдарын аралап, бий, манаптар менен жакшы мамиле түзгөн. Аларды өзүлөрүнө имерип, Орусияга кошулууга ачык эле үгүттөшкөн. Батыш Сибирдеги орус төрөлөрү менен бир нече жолку кат алышуулардан кийин бугу уруусу 1855-ж. Орусиянын курамына кирди. Бул бугу уруусунун чоң манабы Боромбайдын элчиси Качыбек Шералы уулун атайлап ант бердирүү аркылуу ишке ашырылды. Бирок иш жүзүндө бугулардын үстүнөн Орусия мамлекетинин үстөмдүгү 60-жж. башына чейин толук орногон эмес.

Кыргызстандын Орусиянын курамына бириктирилиши, орус капитализминин ичкерки аймактарда тамыры тереңдеши, чет мамлекеттерди көздөй канат жайып өнүгүшү жана падышалыктын колониячыл саясаты менен түздөн-түз байланыштуу. Анткени дүркүрөп өнүгүп бара жаткан орус капитализми-



*Кыргыз көчү. В. В. Верещагин тарткан сүрөт. 1870-ж.*

не кардары арбын базарлар, чийки заты мол, жаратылышы бай аймактар зарыл эле. Андай аймактар борбордук губерниялардан миңдеген орус дыйкандарын көчүрүп келип отурукташтырууда керекке жарамак. Бул түпкү элдин жерин түбөлүккө ээлеп алып, өзүнө биротоло баш ийдирүүнүн эң ишенимдүү жана ыңгайлуу ыкмасы болчу.

Кыргызстанды, дегеле бүтүндөй Орто Азияны (азыркы Борбордук Азияны) каратып алуу, жергиликтүү калкка ар кандай салыктарды салуу падыша өкмөтүн эсепсиз көп байлыкка туйтунтмак. Жаңы ээликтерге жана мартаба-мансаптарга ээ болууну көксөгөн орус дворяндары, мансапкор төрөлөр Орто Азияны Орусиянын карамагына тезирээк киргизүүгө жутунушкан. Орусия дөөлөтүнүн Орто Азияга көз артып умтулуусу XIX к. орто ченинде бөтөнчө күч алат. Буга бир катар ички, тышкы шарттар шыкак болду. Адегенде Орус мамлекети Орто Азия менен соода, экономикалык жана саясий алакаларды жөнгө салууну, күчөтүүнү көздөгөн. Алсак XIX к. 20-жж. орто ченинде Орусиядан Орто Азияга товар жөнөтүү кылымдын башындагыга караганда 1 млн. сомдон 4 млн. сомго, Орто Азиядан Орусияга буюм-тайымдарды, чийки зат алып келүү 2 млн. сомдон 6 млн. сомго өскөн. Ал эми 1840-1850-жж. 10 жыл ичинде Орусиянын Орто Азия менен соода-сатыгы 40% көбөйөт.

Өзгөчө кездеме токуучу жеңил өнөр жайы пахта буласына муктаж эле. Ошондуктан Орто Азиядан Орусияга кебез ташып кетүү жылдан жылга арбыган. Буга АКШдагы 1861-1865-жж. жарандык согуш дагы түрткү берди. Европа өлкөлөрүнө мурда кыйла кебез жөнөтүп турчу АКШдан эми согуштун кесепетинен кебез ташып келүү үзгүлткө учу-

рады. Эгерде 1861-ж. Азия тараптагы чектеш өлкөлөрдөн Орусия 152 миң пуд кебез сатып алса, 1864-ж. 704 миң пуд кебез алыптыр. Ошол эле учурда орто азиялык кебездин наркы жогорулап кеткен болучу. Алсак, Нижний Новгород жарманкесинде анын баасы 4 сомдон 23 сомго чейин көтөрүлгөн. Пахтанын наркынын мындай кескин өсүшү өндүрүштүн кыскарышына алып келди. Демек, кездеме токуучу ишканаларды чийки зат менен камсыз кылуу үчүн Орто Азияны тезирээк каратуу кечиктирилгис милдеттердин бири болуп калган.

Ал эми Кыргызстандын өзүн алсак, Орусияны анын эл аралык соода жолунун таманында, «тогуз жолдун тоомунда» жайгашуусу, жер-суусу жана мал чарбасы кызыктырган. Орус мамлекети тоолуу аймактын калкынан төрт түлүк мал жана мал чарба заттарын: жүн, тери, кымбат баалуу аң терилерди сатып алып турмак. Кыргызстан орус өнөр жай ишканаларында жасалган буюм-тайымдарды, эмеректерди, токулган кездемелерди сатып өткөрүү үчүн базар катары кызмат өтөмөк. Суусу мол, дыйканчылык кылууга ыңгайлуу жайык жерлерге, өрөөндөргө Россиянын ичкерки губернияларынан «итке минген» жарды-жакыр орус дыйкандары көчүрүлүп келип жайгаштырылмак. Албетте, алар келечекте Россия империясынын жаңы колониясындагы таянычы, тиреги болмок.

XIX к. экинчи чейрегинде Орусия Кашкар жана Кулжа чөлкөмү менен туруктуу соода байланыштарын түзө баштайт. Орус көпөстөрү Чыгыш Түркстан менен түздөн-түз байланыш түзүүгө, соода-сатыкты колго алууга, орто азиялык соодагерлердин далдалчылыгынан арылууга умтулушкан. Ал эми Түндүк Кыргызстанды каратуу бул үчүн оңтойлуу шарт түзмөк. Анткени, Чүй боору, Көл кылаасы, Ички Теңир-Тоо аркылуу Орусия, Орто Азиядан Кашкар, Кулжа тарапка өтө ыңгайлуу жана кыска кербен жолу өтчү.

**Орто Азиядагы англис-орус атаандашуусу.** Падышалыктын Орто Азияны, анын ичинде Кыргызстанды ээлөө үчүн аракетинин тездешине Англия менен Орусиянын ортосундагы теңтайлашуу да түрткү болду. Англия XVIII к. экинчи жарымында эле Индиядан европалык атаандаштарын сүрүп чыгып, бул өлкөнүн зор бөлүгүн ээлегенге, мындагы майда мамлекеттердин арасынан бекем орун-очок алганга үлгүргөн. Кийинчерээк ал Индиядагы өз ээликтерин коргоону шылтоолоп, коңшулаш Афганстан, Иран, Чыгыш Түркстанга, Бухара эмирлигине, Хива жана Кокон хандыктарына көз артып, жутуна баштайт. Бул өлкөлөр Британ империясынын Чыгыштагы олуттуу атаандашы, кубаттуу Орусия империясы менен күрөштө ага таяныч болмок. 20-жж. тартып Ост-Индия компаниясынын адегенде соодагер жана саякатчы кейпин кийген тыңчылары жашырын, кийин ачык эле Орто Азия хандыктарын аралай баштašат. Көп өтпөй Англия Индияга жанаша жайгашкан өлкөлөрдү басып алууга киришет. Алсак, 1838-1839-жж. Англия Афганстанга кол салган эле.

Падышалык Орусия ушундай учурда Англиядан озунуп, Орто Азияны өзүнө каратуу максатында аймакта согуштук аракеттерди күчөттү. Кыргызстанды Орусиянын курамына киргизүү падышалыктын Казакстан менен Орто Азия хандыктарындагы колониячыл экспансиясы менен тамырлаш, ажырагыс байланышта болгон. Дегеле Кыргызстанды каратуу чөлкөмдө Орусия үстөмдүгүнүн орношунда, бекемделишинде маанилүү роль ойногон.

**Бугу-сарыбагыш чатагынын ырбашы. 1855-ж. көктөмдө** Ормон хан Орусиянын карамагына өтүп, өзүнө атаандашкан Боромбайдын айылдарына жортуул баштайт. Бул жолку чатакка хандын айыл аскер башчысы Алыбек баатырдын Ормон ханга таарынып, Боромбайдын айылына көчө качышы, өз ара доо-талаштар жана мал барымталоо шылтоо болгон эле.

Көлдүн чыгыш тарабында Шаты суусунун жээгиндеги кагылышууда чакан кошуун менен келип курчоодо калган Ормон хан найза жеп, оор жарадар болот. Жарадар ханды кан кудасы Боромбай өлүмгө кыйбай, Ормондун күйөө баласы - өзүнүн уулу Өмүрзактын өргөөсүнө алдырып келет. Ормон хан жараатынан оңоло албай, күйөө-кызынын төрүндө көз жумган эле.

Ормон хандын тууган-уругу хандын куну үчүн бугу манаптарынан **1000** төө, **40** күлүк ат, 3 миң жылкы, 9 сулуу кыз баш болгон кырк кызды жана 60 аялды аттап-тондоп жөнөтүүнү ж.б. талап кылышты. Бугулар буга көнбөсө, Көлдү үч айланта чабууга хандын тууган-уругу шерт кылган. Көп өтпөй бугу билермандары, манаптары кун төлөөдөн баш тарткан соң, Ормон хандын жаалы күчтүү уулу Үмөтаалы менен аскер башчысы Төрөгелди баатыр Боромбайдын айылдарына бүлүк салды. Кан күйгөн катуу кармашта бугулар жеңилип, Каркыра менен Текеске, Кытай чегине чейин кире качышты. Ошондо Боромбай орус төрөлөрүнөн Ысык-Көлгө аскер жиберүүнү, Ысык-Көл өрөөнүнө чеп куруп, чабыш-тополоңго тоскоолдук кылууну өтүнгөн. Орус бийлиги Боромбайдын өтүнүчүнө жооп кылып 1855-ж. күзгө жуук (9-сентябрда) Көлгө казак-орус кошуунун жөнөткөн. 1859-ж. сарыбагыштардын журтуна жакын аймакта Кастек чеби курулуп, бул аймакка орус аскерлери көзөмөлдүк кыла баштаган соң, сарыбагыш манаптары бугуларга каршы жортуул уюштурууну токтотушат.

Ал эми 1863-ж. тартып, Ысык-Көлдө туруктуу орус аскерлери туруп калган.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Орусия Кыргызстанга, Орто Азияга эмне үчүн кызыккан?
2. Орто Азиядагы англис-орус атаандашуусу жөнүндө эмнелерди билесиңер?
3. Бугу-сарыбагыш чатагына эмне себеп болгон?
4. Бугу-сарыбагыш чатагы кандай оор жоготуулар менен аяктаганын айтып бергидей болгула.
5. Көлгө орус аскерлери качан келе баштаган?

## Документтик материал

**Бугу уруусунун чоң манабы Боромбай Бекмурат (Меңмурат) уулунун Батыш Сибирь генерал-губернаторуна жазган каты (1844-ж.).**

«Көп жылдардан бери биздин чөлкөмдө соода кылып жүргөн татарлар тархан Файзулла Ногаев менен казандык Мухамед-Галим Тагиров өзүнүн жакшы жүрүш-турушу жана мактоого татырлык кыял-жоругу менен биздин аймактын аксакалдарына жагып калышты. Ошол эле учурда биздин уруунун кыргыздары менен бөлөк уруулардын кыргыздары өз ара чатакташып, бири-бирине зордук-зомбулук кылып, кордук көрсөтүүдө, арийне, андан элдин тынчы кетти. Ошондуктан аталган татарлар бизди Орусиядан калканч издөөгө, бүткүл орустун Улуу мартабалуу өкүмдары — ак падышанын букаралыгына өтүүгө, падышанын калкалоосу алдында бейкут жана бакыбат турмушту таба алаарыбызга абыдан ынандырды.

Андыктан Улуу мартабалуу падышанын нурлуу жүзүн көрүп, биздин ага ак дилден чыккан каалоолорубузду, ишенимибизди, берилгендигибизди жана муктаждыктарыбызды билдирүү үчүн падышанын ак сарайына барууга биздин кадыр-барктуу бийлерибиздин арасынан экөөнө же үчөөнө уруксаат берүүңүздөрдү өтүндүк. Биздин ушул өтүнүчтү жеткирүү жана жооп алуу үчүн эки кишини, бир татарды жана биздин уруудан бир кыргызды жибердик, андыктан сиздерден колдоо менен оң жооп күтөбүз...».

## § 15. Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү кыргыз урууларынын Орусия империясынын кол астында калышы

**Орусиянын Жети-Сууну толук каратуу аракетинин күчөшү.** XIX к. 30-жж. карата Орусия бийлиги Жети-Суугa чейинки кеңири аймактагы казак конуштарына тараган болучу. 1831-ж. Батыш Сибирдеги орус аскерлери Семейден чыгып, көп өтпөй Аягуз өзөнүнө жете келишет да, «Аягуз приказы» аталган чепти негиздешет. Жаңыдан уюшулган Аягуз тышкы округуна караган Улуу Жүз казагынын бир бөлүгүн акимдик башкаруу ушул чептен ишке ашырылмак. Аягуз тышкы округу Омск облусуна карамак. Бул округ Орусиянын Жети-Сууну көздөй Сибирь тилкеси боюнча жылышында ооруктун милдетин аткарды.

Ошол эле учурда орус аскерлери Оренбург тараптан Сыр-Дарыяны бойлой казак аймактары менен Кокон ээликтерин кысып кирди. Ошентип падыша аскерлери Орто Азия менен Улуу Жүз казагына эки канаттан — Сибирь тилкеси боюнча Батыш Сибирден жана Сыр-Дарыя тилкеси боюнча Оренбург тараптан чабуул койду. 1853-ж. орус колу Сыр-Дарыя боюнда Ак-Мечит коргонуна чейин жете келип, аны басып алышат. Ал эми Батыш Сибирь колу Жети-Суунун кыйла жерин ээлеп, 1847-ж. Копал суусунун жээгине Копал чебин курган. 1854-ж. Иле чөлкөмүндө, Улуу Жүздүн чордонунда Верный (Алматы) чеби негизделет. Бул Жети-Сууда Орусия үстөмдүгүн орнотуунун баш-



*Жети-Суулук кыргыз кыздар. XIX к. аягы — XX к. башы*

талышы эле. Натыйжада мыкты куралданган орус аскерлери Чүй менен Көл кылаасындагы кыргыз конуштарынын колтугунан орун алып, Кыргызстанды бир четинен каратуу жөнүндө жаңы буйруктарды күтүп турду.

Ошол кезде аркалык кыргыз уруулары татаал тагдырга кабылып оор саясий турмушту баштан кечирип жаткан. Уруулар аралык чыр-чатактар ырбап, кыргыздын ажайып кооз жерине көз арткан жоо туш-тараптан курчап, ал чиеленишкен чыйырлардын айрылышына кептелди.

Өз ара жаңжалдардан өтө алсыраган кыргыз эли өз алдынча түндүк көтөрүп, түпөктүү кызыл туу сайып, биримдиги бекем мамлекет түзө албады. Кокон хандыгына каршы күрөштөрдө, Цинь-манчжур баскынчыларына каршы кыймылдарда кыргыздар кыйла жоготууларга дуушар болду. Өзгөчө бугу менен сарыбагыштын чабыштары, бири-биринин мал-мүлкүн талап-тоноолор, барымта кылуу, жылкы тийүү өңдүү коогалаңдар кыргыздарды азапка салып, чарбасын бүлгүнгө учураткан. Кордук, зордугу көкөйгө көк таштай тийген Кокон хандыгы сыяктуу эле Кытай богдыханы да Кыргызстанга көз артып, чек арага жакын жайгашкан кыргыздарга кысым көрсөтүп турган. Ошондой эле канатташ казак элин караткан Орусия империясынын көп сандаган аскерлери кыргыз журтунун ирегe-босогосуна чейин кирип келген болучу. Анын үстүнө падыша өкмөтүнүн жашыруун тапшырмаларын аткаруу башкы мүдөөсү болгон татар соодагерлери, орус төрөлөрү кыргыз манаптарын кайраштырып, ортолоруна от жагуудан кайра тартышкан эмес.

Кекирейген кексе төрөлөр келип бийлик жүргүзөөрү, эки тизгин бир чылбырды оз колдоруна алаары, кыңк этсең төбө каңдаганга даяр ак падышанын чет-жакалардагы жасоолдору — канкор казак-орустар, самсыган орус дыйкандары кара таандай каптап келеринен карапайым калктын али кабары жок эле. Келгиндер жер соорусу Чүй менен Ысык-Көлдө мыкты өтөк, өндүр, өрөөн, жайыктарды тартып алаары, түркүн салык салаары алардын оюна келген эмес.

Бирок түндүк кыргыз урууларынын баары тең эле Орусия менен мамиле кылууну каалаган жок. Кыргыздардын кыйласы ак падышага багынуудан баш тартканы, атүгүл куралдуу каршылык

көрсөткөнү белгилүү. Бугудан Мурааалы, Балбай баатыр, Тилекмат, Чоң Карач, сарыбагыштан Үмөтаалы, Төрөгелди баатыр, Чаргын, саяктан Осмон, солтодон Жаңгарач, Маймыл ж.б. баш болгон кыргыз айылдары бир топ жыл орус бийлигине моюн бербей турду.

**50-жж. аягы — 60-жж. башындагы падыша аскерлеринин жортуулдары. Г. А. Колпаковский.** Чүй боорундагы кыргыз урууларын Орусия империясынын курамына киргизүү 60-жж. башында орус кошууңдарынын Чүй өрөөнүндөгү кокондук чептерди ээлеши менен бирге ишке ашырылды.

XIX к. 50-жж. акырында падыша сарайында Сибирь жана Сыр-Дарыя тилкелерин кошуу, Орто Азиянын түпкүрүн көздөй жылуу маселеси көбүрөөк козголо турган болду. Ошондуктан падыша өкмөтү 60-жж. бул маселени биротоло чечүүгө чечкиндүү киришти.

1859-ж. жайында капитан М. И. Венюковдун чакан кошууну Иле чөлкөмү тараптагы казак, кыргыз конуштарынын чегине жер чалып келип, Кастек чебин негиздейт. Ал чеп болочокто Түндүк Кыргызстандагы кокондук чепкоргондорго чабуул койгондо тирек болмок. Ошондо Токмок менен Бишкек чептериндеги кокондук сарбаздар орус аскерлерине жолтоо боло алган жок. Венюковдун кошууну чалгынды эч тоскоолдуксуз ийгиликтүү жүргүзгөн соң, кокондуктарды Чүйдөн сүрүп чыгуу көп күчтү талап кылбасына орус төрөлөрүнүн көзү жетип, ишеними артты. Ошол эле 1859-ж. апрель-июнь айларында Голубев баштаган орус кошууну Көл кылаасындагы кыргыз айылдарын кыдырат. Бул кошуун бугулардын арасында Орусиянын таасирин ого бетер чыңдаган. Бирок кокондуктар да жөн жаткан эмес. Кокон хандыгы Ысык-Көлдө кайрадан өз үстөмдүгүн орнотуу, Түндүк Кыргызстанды өз таасиринде кармап туруу үчүн тынбай аракеттенип турду.

Кокондук бектер чүйлүк кыргыздарды канатташ казактар менен кайраштырууну, сарыбагыштарды бугуларга каршы тукурууну уланта берди. Атүгүл Кокон ханы көл жээгине жаңы коргон курууга, бугулардан салык алууга ниеттенген. Алсак, 1859-жылкы жаңжалдардын биринде сарыбагыштардын манабы Төрөгелди баатыр бугулардын колуна туткунга түшүп калат. Аны бугулар сарыбагыштардын коркутуп-үркүткөндөрүнө карабастан, туткундан бошотпой турду. Бугулар Ала-Тоо округунун орус улугунан жардам алабыз деп ойлошкон. Көп өтпөй сарыбагыштар Төрөгелди баатырды туткундан куткаруу үчүн жортуулга даярдана башташат. Ушундай катаал учурда Бишкек беги бугулардан зекет төлөөнү талап кылды. Эгерде баш тартсаңар 500 жигит жиберип салыкты күч менен алабыз деп коркутту. Ошол кезде бугунун чоң манаптарынын ыркы кетип, эки топко бөлүнүп калган эле. Ич ара жаатташуу айрыкча Боромбайдын көзү өткөндөн кийин (1858-ж.) күчөгөн.

Бугунун жаңы чоң манабын шайлоодо орус бийлигине баш ийүүнү каалабаган манаптар Муратаалыны, ал эми орус бийлигине моюн сунган топ Качыбекти жана Боромбай уулу Өмүрзакты колдоп чыккан.

Абалдын оорлошунан чочулаган Батыш Сибирь генерал-губернатору Г. Х. Гасфорд Ала-Тоо округунун улугу Перемышльскийге жаңы чоң манапты шайлоонун жүрүшүнө кийлигишүүнү сунуш кылат. Ал бугулардын айылына келип, чоң манап мансабын Өмүрзакка ыйгартып кайтат. Бир жыл өтүп-өтпөй бул мансапка орус төрөлөрүнө небак эмгеги сиңип, жакшы таанылган Качыбек бекитилген болчу. Ал жана анын жан-жөкөрлөрү Ала-Тоо округунун төрөсүнөн коңшу уруулардын кол салууларынан, кокондуктардын кысымынан коргонуш үчүн дембе-дем жардам сурап жатты. Айрым кыргыз бий, манаптарынын мындай өтүнүчтөрүн орус бийлиги Чүй өрөөнүнө, Токмок жана Бишкек чеп-коргондоруна жортуул уюштурууда шылтоо катары пайдаланды.

Кыргызстандын түндүгүнө жортуул уюштурууга жетекчилик кылуу үчүн Г.Х. Гасфорддун карамагына Санкт-Петербургдан генштабдын полковниги Циммерман жөнөтүлгөн.

1860-ж. 5-февралда Ала-Тоо округунун улугу полковник Г.А.Колпаковский Верныйдан Ысык-Көлгө Кеген аркылуу жүзбашы Жеребятьев баштаган казак-орус кошуунун жөнөтөт. Алардын соңунан Венюковдун кошууну Верный — Кастек багыты боюнча. Кичи-Кемин, Көк-Мойнок, Тору-Айгыр ашуулары аркылуу Балыкчыга келмек.

16-февралда Жеребятьевдин кошууну көлдүн чыгыш тарабына жете келип, Түп суусунун боюндагы бугулардын конуш-журтунан орун алат. Кошуундун негизги милдети Ысык-Көл ойдуңунда Орусия үстөмдүгүн биротоло бекемдөө эле. Ошондой эле орус аскерлери кокондуктардын таасирин жоюп, сарыбагыштарга сүр көрсөтүп, алардын манап, бий, билермандарын ак падыша амирлигине имермек.

Мартабалуу манаптарга тартуу кылуу үчүн орус төрөлөрү акча-тыйын, баалуу белек-бечкектерди арбын алып чыгышкан болчу. Ал эми Орусияга карата душмандык мамиле жасаган «зыяндуу» манаптарды туткунга түшүрүп, байлап-матап кетүү жөнүндө Венюковго алдын ала көрсөтмө берилген эле. Атүгүл Сибирь корпусунун колбашчысы эгерде Муратаалы менен Чоң Карачтын тобундагы манаптар орус аскерлерине жолтоо болсо, аларды бөлөктөргө сабак катары кырып салууну Колпаковскийден катуу талап кылган.

Май айында Г. А. Колпаковский өзү Кокондон келген сарбаздарга каршы согуштук аракеттерди жүргүзүү үчүн аскер ээрчитип Көлгө келет. Ысык-Көлгө кошумча орус аскерлери келген кезде кокондуктар Жууку капчыгайы аркылуу түн жамынып Куртканы көздөй чегинет. Ошондо орус кошуундарынын жолун тороп тирешкенге дарманы жетпесин баамдаган бугунун манаптары полковник Г. А. Колпаковскийге келип, ак падышанын бийлигине баш ийишээрин дагы бир ирет билдиришет. Алардын арасында буга чейин Орусия империясын тоотпой келген манаптар Муратаалы, Тилекмат жана Чоң Карач да бар эле.

Г. А. Колпаковский аларга мындан ары ак падышага акарат айтып, антты бузсаңар элиңерге эч аёо болбойт. Чыккынчылар катары айылыңар таланып,




*Кыргызстан Орусия империясынын колониясы. 1900-ж.*



*Сары өзөн Чүйдөгү кыргыз айылы*
*В. В. Верещагин тарткан сүрөт (XIX к.)*

башыңар алынат деп катуу эскертет. Ал эми Орусияга берилген, эмгеги сиңген манаптарга ал Батыш Сибирь генерал-губернаторунун атынан белек, сыйлыктарды тартуулаган болучу. Ошентип **60-жж. башына** карата бугунун бардык уруктарынын үстүнөн Орусия империясынын үстөмдүгү камчы кезөө жана бал тилге салуу жолу менен толук орноду.

Май айында (20-майда) Кичи-Кеминден чыгып, Көк-Мойнок, Тору-Айгыр ашуулары аркылуу Ысык-Көлдүн батыш жээгине жете келген орус кошууну сарыбагыш манаптары Төрөгелди, Үмөтаалы, Адыл, Ажы, Калыгулдун артынан сая түшөт. Адыл, Ажы жана Калыгул бийлеген сарыбагыш уруктары ал кезде көлдүн күнгөй бетинде турушчу. Алардын ичинен Субан уулу Адыл баатыр Жан-Булакта жоонун колуна түшүп, калганы Теңир-Тоонун алыскы төрүнө жана Суусамыр менен Талас тарапка айылдарын көчүрүп кетүүгө үлгүрүштү. Кочкор өрөөнүндө буга чейин чыр-чатактан оолак болуп, тынч жашаган айрым сарыбагыш уруктары калган эле. Аларды Ормон хандын бир тууганы Рыскулбек манап башкарчу.


**Орус аскерлеринин Чүй өрөөнүнө алгачкы жүрүшү.** Ушул ийгиликтүү жортуулдардан кийин Кокон хандыгынын абалынын начарлыгына көзү жеткен орус оторчулары тез арада Чүй бооруна жүрүш жасап, Кокон чептерине чабуул коюуга бүтүм кылды. **1860-ж.** июнда Циммерман Иле чөлкөмүндөгү орус аскерине колбашчы болуп дайындалат. Ошол эле учурда Кокон ханы да жоо менен беттешүүгө камынып, Чүйгө сарбаздарын жөнөтүп жаткан. Июль айына карата кокондуктар Чүй өрөөнүнө 5 миңдей сарбаз топтогон болчу. Кокон колу капысынан Кастек чебине кол салып, аны талкалашы керек эле.

1860-ж. 1-июлда Бишкек беги (Атабек датка) Кастек тарапка чалгынчылар кошуунун жөнөтөт. Июль айында кокондук кошуундар Кастек чебине кайра-кайра чабуул коюп камап турду. Бирок алар сан жагынан кыйла артыкчылык кылса да, чепти ээлей алышкан жок. Анткени полковник Циммермандын кошумча аскер бөлүгү өз учурунда чепке жетип келип, кокондук кошуундарга каршылык көрсөтүүгө үлгүрдү. Ошол кезде Бишкекке Ташкент беги Рүстөмбек 3 миң аскер менен келген.

Бишкекте топтолгон хандын аскерлери менен чүйлүк кыргыз манаптары кураган кол үзөңгүлөш турду. Адегенде солто манаптары Байтик Канай уулу, Жангарачтын иниси Султанбай, Абайдылда бий, сарыбагыш манабы Жантай орусиялык баскынчылардан эл-жерди коргоону эп көрдү. Ошондуктан алар жигиттери менен орус аскерлери турган Кастек чебин камалоого катышкан.

Кастек чебин кыйратып, орус ас-
керин чептен алыс сүрүп салуу араке-
ти оңунан чыкпаган соң Кокон ханы
коонун жолун торош үчүн Олуя-Ата-
а 5 миң жоокерин жиберет. Бул кол
Олуя-Ата аркылуу Бишкекке жөнөп,
Иле чөлкөмүндөгү орус аскерлерине
абуул коймок. Чүйдөгү кокондук ко-
шуундарга колбашчылыкка Канаат-шаа
дайындалат. Кокон ханынан озунуп,
Чүй өрөөнүн эртерээк ээлеш үчүн орус
аскерлери Циммермандын колбашчы-
лыгы астында 23-августта Верныйдан
Токмокту көздөй жортуулга чыгат да,
эки күн жол жүрүп, Каракоңуз суусу-
на жетип келишет (Токмоктун түндүк
тарабында Чүй суусунун оң өйүзүнө,
азыркы Масанчын айылы ченде).

**Токмок, Бишкек чептерин ээлөө.** 26-августта Циммермандын кошууну Чүй суусун кечип өтүп, Токмок чебин күүгүм киргенче камап жатып басып алат. Жамгырдай жааган мылтыктын огу, бир саатка жакын жалын чачкан замбиректен аткылоо болгону 100дөй сарбаздан турган чептин коргонуучуларын багынып берүүгө мажбур кылды. 28-августта, чеп толук кыйратылган күнү Циммерманга казак-орус кошууну менен Колпаковский келип кошулду. Эртеси алар Бишкекти көздөй бет алышат да, 31-августта бул чепти ээлешет. Ошол күнү таң эртеңден тартып түн киргенче баш көтөртпөй кайра-кайра замбирек менен аткылоонун натыйжасында коргондун кыйла бөлүгү кый-



*Орус аскерлеринин Борбордук Азияга жортуулу XIX к. 60-жж.*



*Шабдан Жантай уулу (1839 — 1912)*

райт. Акыры Атабек датка, Алишер датка баштаган 627 сарбаз аргасыздан орус төрөлөрүнөн жан соога сураган эле.

Чүй бооруңдагы Кокон чептерин басып алуу үчүн орус аскерлеринин жортуулдарынын маалында Чүй өрөөнүндөгү кыргыздар эки ортодо бөөдө кыргынга кабылуу коркунучунан, чатактан алыс болууну көздөп, тоо аралай капчыгай, кокту-колоттордун төрүнө көчүп кетишкен. Элет эли үчүн алардын бири-биринен анча айырмасы жок болучу. Анан калса кыргыздардын көпчүлүгү эч нерседен кабары жок Суусамырда жайлоолоп жүргөн. Кокондуктардан далай кордук көрүп тажаган түпкү калк аларга кыйын кезеңде каралашкысы келген жок. Бирок ак падыша бийлиги орносо кандай жаңы азап-тозокторго кабылаарын алар билген эмес. Ошондой болсо да Жаңгарач, Байтик ж.б. чоң манаптар капчыгайлардагы оңтойлуу жерден өңүт алып, жигиттери менен жоо катылса ат коюуга, эл-жерди коргоого даяр турушту.

**Узун-Агач салгылашуусу. Алымбек датка. Жантай. Шабдан баатыр.** Бишкек чебин талкалагандан көп өтпөй, сентябрдын орто ченинде орус аскерлери Верныйга кайра кайтат. Ошондо Кокон ханы Чүйгө Канаат-шаа баштаган 10-15 миңдей аскерин шашылыш жөнөтүп, кыйраган коргон-чептерди кайра куруп, 1861-ж. үстөмдүгүн убактылуу калыбына келтирет. Канаат-шаа менен бирге келген алайлык кыргыздардын билерманы Анжиян вилайетинин беги Алымбек датка ири кошуунга колбашчылык кылган болучу.

20-октябрда Узун-Агач бекети жайгашкан аймакта эки жоо кайрадан беттешип, негизги салгылашуу Кара-Кастек өзөнүнүн өңүрүндө өттү. Алгач Алымбек датканын кыргыз, казактардан куралган колу (4 миң атчан жигит) Узун-Агач чебине ат коюп, бирок өрт менен өлүм чачкан замбиректин огуна туруштук бере албай кайра тартты. Эртеси Узун-Агачка көп аскер коштоп жете келген Колпаковский Канаат-шаанын сарбаздарын, Алымбек датканын жигиттерин замбиректин күрүлдөгөн добушу менен жүдөтүп жүрүп отуруп акыры өрөөндөн сүрүп чыкты. Замбиректин огунан Кокон колунун кыйласы боо түшүп кырылды. Бирок Г.А. Колпаковский Кокон колун биротоло талкалап коё алган жок. Канаат-шаа Кара-Кастектен чегинип кеткен соң, орус аскери жоонун артынан сая түшүп куугунтуктоодон айбыгып, кайра артка тартты. Ошондой болсо да Узун-Агачтагы оку-

лар Орусия империясынын Түндүк Кыргызстандагы кийинки ийгиликтерин оңойлотпой койгон жок.

Айтмакчы, бул салгылашуу учурунда **Жантай уулу Шабдан баатыр** кокондуктар тарабында кыргыз жигиттерин баштап Орусияга каршы согушкан. Шабдан буга чейин эле, Канаат-шаа адеп Чүйгө келип, Бишкек менен Токмокто хан бийлигин кайрадан калыбына келтирген кезде аны менен ымала кылууга үлгүргөн болчу. Канаат-шаанын кеңеши боюнча Мала-хан Шабданды Коконго ордосуна чакыртып, алтын жалатылып кооздолгон кылыч, мылтык жана жибек чапан тартуулайт. Ал эми Узун-Агачтагы айкаштан кийин Шабдан Канаат-шаа менен бирге Ташкентке кетип, ал жакта эки жыл жүрөт. Ал Кудаяр хан тарабында так талашкан күрөштөргө аралашып, Түркстан калаасынын беги мансабына арзыган.

Узун-Агачтагы салгылашуудан көп өтпөй, 1862-ж. сарыбагыштын тынай уругунун чоң манабы **Жантай** Верныйга келип, кеминдик кыргыздар Орусия империясынын карамагына өтөөрүн билдирет. Буга ошол кездеги тарыхый кырдаал, тынайлардын темир (черикчи) жана болот (эсенгул) уруктары менен ич ара чатагы түрткү болду. Жантай жана анын тынызгуга Бишкекке келип, Рахматулланын абагына тутулуп, андан араң качып чыккан уулу Шабдан ошондон тартып такай Орусия бийлигине кызмат кылышты. Чүй өрөөнүн Орусиянын курамына киргизүүдө ак падышага өтөгөн «ак кызматы» үчүн чоң манап **Жантай Карабек уулуна** 1867-ж. полковник мартабаамы ыйгарылган. Кезинде ал Кенесары менен согушка жигердүү катышкандыгы жана Орусия төрөлөрүнө көрсөткөн көмөгү үчүн алтын медалга арзыган. Бекеринен ал хан аталбаса керек. Дегеле, Ормон хан көз жумгандан кийин Жантай сарыбагыш манаптарынын арасында эң кадыр-барктуусуна айланган.



*Байтик баатыр*

**Байтик баатырдын көтөрүлүшү.** 1862-ж. жайында Ысык-Атадан тартып Таласка чейинки Чүй өрөөнүн ээлеп турган солто уруусунун чоң манабы Байтик баатыр кокондук бек Рахматуллага каршы күрөш баштайт. Рахматулла 1861-ж. Чүй өрөөнүнүн бектигине дайындалган. Анын тушунда кыргыздардан арбын салык алынып турду, кокондуктардын зордук-зомбулугу өтө күчөдү. Бишкек чебинде аманат катары жүргөн Байтиктин уулун ал мазактап койгон эле. Ошондуктан жек көрүндү кокондук бекти айла-амал менен колго түшүрүп жазалоо үчүн Байтик аны тойго чакырат. Рахматулла тойго 60 сарбазы менен келип, Ак-Чийдеги Байтиктин айылына атайлап тигилген ак өргөөгө түшөт. Той кызыган маалда Байтиктин жигиттери Рахматул-

лага жана анын сарбаздарына кол салып, курчоодон эптеп кутулуп чыккан бекти Көкүм манап кууп жетип, найза менен аттан ыргыта сайып өлтүрөт.

Кокондук төрөнү, анын сарбаздарын жайлап, алгачкы жеңишке шыктанган кыргыздар бир топ күн Бишкек чебин камап турду. Бирок коргонго бекинип алып катуу каршылык көрсөткөн кокондуктарга караганда курал-жарагы начар, чаржайыт чабуул жасаган кыргыз колу сепилди ала алмак эмес. Ошондуктан Байтик баатыр иниси Сатылганды Г. А. Колпаковскийден жардамга аскер, замбирек сурап Верныйга жөнөткөн.

**Орус аскерлеринин Чүй өрөөнүнө жаңы жортуулу.** Орус төрөлөрү мурдатан эле Түндүк Кыргызстанды Орусиянын карамагына биротоло киргизүүгө камынып, Чүй өрөөнүнө жаңы жортуул уюштурууга даяр турган. Байтиктин элчи-чабармандары Верныйга келери менен Г. А. Колпаковский Батыш Сибирдин жаңы генерал-губернатору (1861-ж. тартып) Дюгамелге кабарлап, Бишкекти ээлөө боюнча андан көрсөтмө алат.

1862-ж. 3-октябрда падыша аскерлери Г. А. Колпаковскийдин колбашчылыгы астында Верныйдан Чүйдү карай жөнөдү. Он күн жол жүрүп, 13-октябрда Бишкек чебине жете келген орус кошуундарына Байтик баатыр жигиттери менен кошулат. Рахматулланын ордуна Төрөкул баатыр баштаган кокондук сарбаздар катуу каршылык көрсөтүп, чепти камалоо бир нече күнгө созулду. Акыры замбиректин огунун коштоосунда орус колунун катуу кысымына туруштук бере албай кокон кошууну аргасыздан багынды. 24-августта чеп Г. А. Колпаковскийдин колуна өтүп, эки күндөн кийин коргонду кыйрата башташат.

Чүй боорундагы ири Бишкек чебин ээлөөнүн натыйжасында Кыргызстандын, Орто Азиянын ичкери жагына орус аскерлеринин жылышы, Орусия империясынын үстөмдүгүнүн орношу үчүн ыңгайлуу кырдаал түзүлдү. Эми Чүй өрөөнүнүн этегинде орустардын Орто Азиянын борборуна өтөөр жолун тосо турган кокондуктарга тиешелүү Олуя-Ата чеби гана калган. Бирок бул чеп деле Орусия империясынын мылтык, замбиректер менен жакшы жабдылган аскерлеринин чабуулдарына узакка туруштук бере алмак эмес.

Бишкек чебин талкалагандан кийин кыштын жакындап калгандыгына байланыштуу Г. А. Колпаковский 2-ноябрда Верныйга кайтат.

Ошол кезде **Жаңгарач, Маймыл жана Тынаалы** манаптар бийлеген солто уруусунун бир бөлүгү орус бийлигине баш ийүүнү каалабай, Таластын төрүнө конуш которгон эле. Жаңгарач бий атүгүл орус аскерлерине каршылык көрсөтүү максатында бир нече миң жигиттен турган чоң черүү кураган болучу.

Жаңгарачтын ой-максатын ойрон кылыш үчүн орус бийлиги 1863-ж. Токмокко аскер старшинасы Бутаковдун казак-орустар кошуунун Кеминди чалгындоону шылтоолоп жөнөткөн. Бутаков Токмокко солтонун манаптары Байтик, Корчу, Макеш, Шайдылданы, Жаңгарачтын жакын тууганы Өзбек Бошкой уулун, сарыбагыштардан Менде менен Мырзаалыны чакыртат. Аталган манаптарды Бутаков казак-орустардын коштоосунда Верныйга айдатып барып, кыйла күн барымта катары кармап турган.

1864-ж. жазга жуук солтонун мурдагы чоң манабы Жаңгарач көз жумгандан кийин анын уулдары жана Көкүм манап орус төрөлөрү менен ымала кыла башташат. Ал эми Маймыл манаптын тобу орус бийлигине каршылык керсөтүүнү уланта берди. Айрым маалыматтарга караганда

л көп өтпөй колго түшүп, орус мамлекетинин өтө коркунучтуу душманы катары өлүм жазасына тартылган (атып салышкан). Мунун өзү Чүй өрөөнү да Орусия тарабынан куралдын күчү менен басып алынгандыгын айгинелейт.

**Таластык кыргыздарды каратуу.** 1865-ж. карата Таласка көчө качкан кыргыз жол башчылары жок кылынган соң, мындагы чүйлүк жана таластык кыргыздарды, анын ичинде саруу менен кушчу, кытай урууларын Орусияга каратуу жараяны негизинен аяктайт. Аталган аймактарды каратууну падыша аскерлери Кокон хандыгынын чеп-коргондорун ээлеп алуу менен бирге ишке ашырды.

Абалдын оордугун, жоонун артыкчылыктарын жана аны менен жоолашууга дарманы, чамасы жетпесин алдын ала байкаган кыргыз манап, бийлери акыры ак падышага багынып беришти. Бирок бугулардын манаптары сыяктуу алар Орусия букаралыгына атайлап ант берип өткөн жок. Буга чейин Улуу Жүз казагын толук каратып, Ысык-Көлдө, Чүйдө өз таасирин түптөп бекемдөөгө үлгүргөн падышалык аларды ант бердирүүгө анчейин деле муктаж эмес эле. 1864-ж. Суусамыр, Кетмен-Төбө, Чаткал Орусиянын курамына киргизилген.

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Орусиянын Жети-Сууну толук каратуу аракетинин күчөшү жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. 50-жж. аягы 60-жж. башындагы падыша аскерлеринин жортуулдары тууралуу айтып бергиле.
3. Орус аскерлеринин Чүй өрөөнүнө алгачкы жүрүшү кандайча башталган?
4. Токмок, Бишкек чептерин орус аскерлери качан, кандайча ээлешкен?
5. Узун-Агач салгылашуусу учурунда кыргыздар кандай аракеттерди жасашкан?
6. Байтик баатыр жөнүндө айтып бергиле.
7. Кыргыздар орус аскерлерине кандай мамиле кылышкан?
8. Таластык кыргыздарды орус аскерлери качан караткан?

## § 16. Ички Теңир-Тоо кыргыздарын каратуу

**Ички Теңир-Тоо падыша аскерлеринин жортуулу башталаардын алдында.** Орто Азияны толугу менен Орусиянын курамына бириктирүүнү көксөгөн орус төрөлөрү кыргыз элинин кажайып кооз мекенинин бир өңүрү, Кытай менен чектеш Теңир-Тоо аймагына да көз артып, аны каратууга зор маани берген. 1863-ж. май-июнь айларында подполковник Лерхенин колбашчылыгы астындагы кошуун (2 рота, замбирекчен 1 взвод, 1 казак-орус жүздүгү) Бишкектен Олуя-Атага чейинки Чүй өрөөнүнүн батыш тарабында жер чалуу иштерин жүргүзөт. Ошол эле жылы Ички Теңир-Тоого дагы чалгындоо тобу жөнөтүлгөн, «Кашкар отряды» деп аталган бул кошуунга генштабдын капитаны Проценко колбашчылык кылды.

Теңир-Тоонун ичкери жагындагы Кочкор, Жумгал, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо өрөөндөрүндө, Кашкар тарапта сарыбагыш, саяк, черик, моңолдор, бугу-тынымсейит, басыз, ж.б. уруулары жашачу. Жер соорусу Соң-Көл, Солтон-Сары, Кара-Кужур, Кара-Саз, Кең-Саз, Ак-Сай, Арпа өрөөндөрү малга жайлуу, төрт түлүгү төрүндө туйлап, тулаңы белден буралган мыкты жайлоолор эле. Алардын айрымдарын кезинде Кокон ханы каратып, салык алып турса, кээ бирөөлөрү (черик, чоңбагыштар) Кашкардагы цинь-маньчжур бийлигинин таасиринде турган. Бирок Ички Теңир-Тоодо кокондуктар туруктуу бийлик жүргүзө алган жок. Кокон хандыгы мезгил-мезгили менен көп аскер жиберип, өз үстөмдүгүн убактылуу гана орното алган.

Кыргыздар кокондук төрөлөргө баш ийбей, тынымсыз боштондук кыймылына чыгып турганы белгилүү. Айрыкча 30-40-жж. алардын көз каранды эместикке умтулуусу күчөп, Кокон үстөмдүгү бошоңдоп кеткен. Иш жүзүндө жалпы аркалык кыргыздар өз бетинче жашап, 40-жж. башы ченде өзүнчө хандык түзүүгө аракет жасашкан (Ормон хандын заманы, 1842-1855-жж.).

Ички Теңир-Тоодо Орусиянын таасирин орнотуу Чыгыш Түркстан, айрыкча Кашкар менен түз соода байланыштарын өнүктүрүү үчүн да өтө зарыл болучу. Буга чейин орус көпөстөрү Кашкар менен соода-сатыкты көбүнчө Кокон хандыгы аркылуу жана Верный тараптан Кулжа аркылуу ишке ашырып турган.

Ал эми Түндүк Кыргызстан аркылуу түз байланыш түзүү жолду кыйла кыскартып, өтө пайдалуу болмок. Бул жол Ысык-Көлдүн батыш тарабы, Кочкор, Нарын, Ат-Башы, Ак-Сай аркылуу өтүп, Көлдүн чыгыш жагындагы жолго караганда оңтойлуу, ашуу-белдери анча татаал эмес эле. Кашкарга өтө турган бул жолду өздөштүрүп, кербендердин коопсуздугун камсыз кылыш үчүн аталган аймактарды ээлеш керек болучу.

**Орус кошуунунун Ички Теңир-Тоого жүрүшү.** 1863-ж. 3-майда Проценко баштаган «Кашкар отряды» Кастектен чыгып Боом капчыгайы, Орто-Токой жана Кызарттын бели аркылуу Жумгал өрөөнүнө чейин жете келет. Адегенде Кочкор менен Жумгалды жердеген сарыбагыш, саяк уруулары орус кошуунун деле, кокондуктарды деле колдогон эмес. Ошол кезде Жумгалдагы коргондо бар болгону жарак-жабдыгы начар, саны 50гө жетпеген кокондук сарбаздар турган. Алар жоого каршылык көрсөтүүгө даай албай коргонду таштай качканда, аны орус аскерлери ээлеп, талкалап салды. Андан соң Проценконун кошууну Соң-Көл жайлоосу аркылуу Ички Теңир-Тоодогу кокондуктардын башкы тиреги болгон Куртка чебин көздөй сапарын улайт.

Ак-Талаада кыйла аскер топтолгон бекем чеби болсо да, Кокондук төрөлөр орус кошуунунун жолун тороп чыккан жок. Ээси күн мурдатан чегинип кеткен бул чепти Проценко май айынын аягында эч кандай каршылыксыз эле басып алып, кыйратып салды.

**Эки-Чаттагы буктурма. Үмөтаалы. Осмон датка.** Курткада бир топ күн өргүп, жоокерлери эс алган соң капитан Проценко жердин уусун жакшы билиш үчүн кошуундун жарымын ээрчитип дарыя бойлоп Нарындын төрүнө бет алат.

Ал эми анын кошуунунун бир бөлүгү Куртка чебинде калган эле. Ошондо Үмөтаалы Ормон хан уулу, Осмон датка Тайлак уулу баш болгон кыргыздар орус аскерлерин бириндетип талкалап, Ата Журттан сүрүп салуу максатында 19-июнда ***Эки-Чат*** деген (Куртка өзөнү өтүүчү колотто) жерде подпоручик Зубарёвдун кошуунуна кол салышат. Бул кошуун июндун башында Нарындан Балыкчыга азык-түлүк, ок-дары үчүн барып, кайра кайтып келе жаткан болучу. Кыргыздар орус аскерлерин эки жакка жылдырбай, эки күн бою Эки-Чатта камап турду. 21-июнда гана Нарындын төрүндө жер чалып жүргөн Проценкодон казак-орус кошууну жардамга келип, орус аскерлерин курчоодон куткарууга үлгүрдү. Буга чейин 2-3 миң жигиттен турган Үмөтаалынын колу Нарын дарыясындагы көпүрөнү бузуп салган эле. Эки-Чаттагы кыргыздардын 18 жолу жасаган чабуулдарынын учурунда Зубарёв жана бир нече аскер жарадар болуп, алардын айрымдары көз жумган.

Кыргыздар менен Ак-Талаа аймагындагы кагылышуу орус кошууандарынын Ички Теңир-Тоодогу андан ары жылышын кыйындатты. Көп өтпөй Кытай чек арасында кырдаалдын кыйындашына байланыштуу «Кашкар отряды» Кеген кошуунуна биригүү үчүн кайра кайтат. Ошондой болсо да бул кошуун өзүнө жүктөлгөн милдеттердин бир тобун чечүүгө, айрым кыргыз урууларын Орусия таасирине имерүүгө үлгүрдү. Жумгал, Куртка, Тогуз-Торо чептери кыйратылды.

«Кашкар отрядынын» Ички Теңир-Тоого жортуулу айрыкча черик уруусунун Орусия курамына киргизилишин тездетти. Черик уруусу ал кезде Нарын дарыясынан ары түштүктө Күйкө-Турпан тоосуна чейин Какшаал суусунун жээктеринде, Ат-Башы, Арпа, Ак-Сай өрөөндөрүнөн Кашкарга чейин (аталган калаадан 50 чакырым аралыкта) көчүп-конуп жүрүшчү. Кокон хандыгынан тышкары черикгерден цинь-манчжур төрөлөрү, кийин Кашкардын улугу Жакыпбек (Йакуб бек) баш ийип салык төлөөнү талап кылып турган. Ушундай катаал кырдаалда коңшулардын кысымынан кутулууну эңсеген черикгердин айрым манаптарына Орусия курамына кирүү оңтойлуудай сезилген.

1863-ж. жазында 6 миңдей түтүн черик уруусунун чоң манабы Турдуке (Турдумамбет) Тоймат уулу баш болгон бийлер Ала-Тоо округунун улугу Колпаковскийге атайын кат жөнөтүшкөн. Ал катта алар ак падышадан өбөк-жөлөк болууну өтүнүү жөнүндө өздөрүнүн чечимин кабарлашат. Батыш Сибирдин генерал-губернатору Дюгамелдин согуш министрине жана мамлекеттик вице-канцлерге жиберген сунушу боюнча Россия императору көп өтпөй өз макулдугун билдирген.

1863-ж. күзгө жуук Омскиге келген черикгердин элчилери (4 киши) 13-октябрда ак падыша бийлигине баш ийе тургандыктары тууралуу черик уруусунун атынан ант беришет. Бирок 1868-ж. Нарын чеби курулганга чейин

орус бийлиги чериктердин үстүнөн өз үстөмдүгүн толук орното алган эмес. Ал эми Нарын чеби негизделген соң чериктердин көпчүлүгү Ала-Тоо округуна карап, калганы Жакыпбектин (Йакуб бектин) карамагында турду. Кийин Чыгыш Түркстанда Жакыпбектин мамлекети жоюлганда Какшаал, Кашкар тараптагы чериктер Кытай императорунун бийлигине өтөт.

**Ички Теңир-Тоону Орусияга толук каратуунун аякташы.** 1864-1865-жж. Нарындын башын мекендеген тынымсейит уруусу, Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбөнү жердеген саяк уруу-уруктарынын кыйласы Орусиянын курамына киргизилет. Ал эми Үмөтаалы бийлеген сарыбагыштар менен Осмон датка башкарган ак-талаа, тогуз-торолук саяктар (чоролор) орус бийлигине багынбай, каршылык көрсөтүүнү уланта берди. 1865-ж. Орусиянын карамагына Ак-Талаадан Жумгалга конуш которуп келген сарыбагыштын борукчу уругу (1000 түтүн) өтөт. Алардын башында Шамен, Кодоң, Байтели жана Жаманак манаптар турган.

1867-ж. жайында Ички Теңир тоого полковник Полторацкийдин кошуусу каптап келгенде Кара-Кужурдан тартып Ак-Сай, Чатыр-Көлгө чейинки кең аймакты (500 чакырым аралыктагы) ээлеп, 5-6 миң түтүн элди бийлеген Үмөтаалы багынып берүүгө мажбур болду. Ал эми Осмон Тайлак уулу болсо өз күрөшү кайгылуу аяктаган соң, Чыгыш Түркстанга көчүп кетүүгө аргасыз болгон.

Ал кезде Кашкар, Жаркент, Хотан аймактарында Жакыпбек (Йакуб бек) мамлекет түзүп, бийлик жүргүзүп турган (1867-1877). Ал Осмонго колдоо көрсөтүп, аны менен алака кылган. Осмон Жакыпбек көз жумган соң Теңир-Тоого кайтып келет. Анткени Жакыпбектин уулдарынын ортосунда так талашкан чатактан мамлекет алсыраганда кытай аскерлери Кашкарды басып алышкан болчу (1877-ж. декабрь).

Ички Теңир-Тоо Орусия курамына күчтөп киргизилгенден кийин Ала-Тоо округунун улугу Үмөтаалыдан Эки-Чаттагы кармашта өлгөн жана жарадар болгон орус аскерлери үчүн кун дооладЫ. Орус оторчу төрөсүнүн талабы боюнча ал ар бир өлгөн аскер үчүн 75 жылкы, жарадар болгон офицерге 100 жылкы, 5 аскердин ар бирине 25тен жылкы кун төлөмөк. (Акчалай төлөсө 7500 сом, бир жылкы 20 сомго бааланган.)

1868-жж. күзүндө 60 жаштагы Үмөтаалы белгиленген кундун жарымын акчалай, калганын жылкы төлөп кутулду. Ал орус бийлиги тарабынан эл башкаруудан четтетилип, 1879-ж. көз жумганга чейин жупуну, тынч жашады.

Ошентип, Үмөтаалынын 1867-ж. багынып бериши менен Ички Теңир-Тоону каратуу аяктап, бүткүл Түндүк Кыргызстан Орусиянын курамына киргизилди. 1868-ж. Нарын жана Караколдо орус чептери курулуп, аларда туруктуу аскер кошуундары турмай болду. Аскерлер кыргыз жериндеги

Орусия империясынын тиреги катарында анын үстөмдүгүн, жаңыдан бириктирилген аймактагы чек аранын коопсуздугун камсыз кылмак. Эми Кыргызстандын түштүгүн Орусияга каратуу үчүн кеңири жол ачылып, орус оторчуларынын мүмкүнчүлүгү кыйла кеңейди. Түндүк кыргыз уруулары буга чейин кеңири аймакты каратып, учу-кыйырына көз жетпес зор мамлекетке айланган Орусия империясынын чеңгелинде калып, колониялык эзүүнүн ак падышалык тилкесине кабылды. Ал тилке узакка, 1917-ж. Февраль жана Октябрь төңкөрүштөрүнө чейин созулду.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Ички Теңир-Тоого жалпы мүнөздөмө бергиле.
2. Орус кошуунунун Ички Теңир-Тоого жүрүшү жөнүндө айтып бергиле.
3. Эки-Чаттагы буктурма эсиңерде калдыбы?
4. Черик уруусу Орусиянын карамагына кантип кирген?
5. Ички Теңир-Тоону каратуу качан аяктады эле?


## Документтик материалдар

**Батыш Сибирь генерал-губернатору Дюгамелдин вице-канцлерге жазган каты (1863-ж. 23-апрели)**

«Орусия букаралыгына черик уруусун кабыл алуу... биз үчүн өтө пайдалуу, анткени аларга биздин таасирибизди жайылтуу аркылуу Орусия бийлигиндеги кыргыз уруусу бугулардын бейкапар бейпилдиги үчүн дагы, жана Кашкарга ошол кыргыздар (чериктер) мекендеген аймактарды аралап өтүүчү соода жолдорун камсыз кылуу үчүн дагы эң эле оңтойлуу натыйжаларды күтүүгө болот. Орусия букаралыгына чериктердин өтүшү бөлөк кыргыз уруулары дагы... айрыкча сарыбагыштар алардын жолун жолдошу үчүн үлгү болушу мүмкүн, ырийне, анда Орусиянын чечкиндүү таасири Кашкар чегине чейинки урууларга биротоло таркалаары анык. Эгерде чериктерди Орусия букаралыгына кабыл алуу жөнүндө маселе оң чечилсе, анда бугулар менен чериктерди башкаруу үчүн келерки жылы Ысык-Көлдө чеп куруу керек».

**Шабдан баатырдын (1839-1912) жаш кезиндеги кыскача өмүр баяны (Н.Аристов жазган).**

«Пишпектин беги Атабек Шабдан менен Байсеит Тойчубековду (казактардан) тандап алып, аларды өкүлдөр катары Коконго ханга жөнөттү. Малла-хан аларды жакшы кабыл алып, алтын жалатылган кылыч, мылтык жана жибек чапан менен сыйлаган. Ал Шабданды орус аскерлерине каршы жөнөгөн өзүнүн согуш министри Канаат-шаа менен бирге кайра жөнөткөн. Узун-Агачта болгон салгылашууда кокондуктар жеңилип калып Пишпекке качкан. Пишпекте чеп куруп, Ка-



*Шабдандын мечити*

наат-шаа Ташкентке кетет. Шабданды ал өзү менен кош ала кеткен, Байсеит болсо үйүндө калган. Шабдан Ташкентте Канаат-шаанын кол алдында эки жыл кызмат өтөгөн. Кокондуктар менен кыпчактар кокондун (хан) тактысына Шах-Мурат ханды (Сарымсак хандын уулун) көтөрүшкөн. Ханды шайлаган соң кокондуктар Кудаяр менен Канаат-шааны туткунга түшүрүү жана аларды өлүм жазасына тартуу үчүн Ташкентке жортуул уюштурушат. Кокондуктар Ташкентти 53 күн курчоодо камап турушкан жана Ташкенттин Кара-Сарай дарбазасына жакын кирип келишкен. Дарбазаны кокондуктардын талкалоосунан чочулаган Канаат-шаа өз аскерлерине сырттагы душманга чабуул коюп, курчоону бузууга буйрук берген. Ташкенттиктердин эч кимиси биринчи болуп сыртка чыгууга батынган жок. Ошондо Шабдан өзүнүн жигити Баяке менен тепкич аркылуу дубалга чыгып, сыртка секирип түшкөн эле. Ташкенттик аскерлер өз ханынын каарынан коркуп Шабданды ээрчүүгө мажбур болушту. Чептин сыртында катуу кармаш болуп, эки тараптан тең көп киши көз жумду, бирок ташкенттиктер жеңип, кокондуктар качып жөнөшөт. 10 күндөн кийин Шилбинин Илэби деген жерде салгылашуу болду. Ошондо Шабдан 500 жөө аскерге кол башчылык кылган. Шабдандын колу кокондуктарды баш аламан качууга аргасыз кылган, ошондон соң душман Коконго чегинет».

Эки жолку салгылашууда Шабдандын кылган кызматы үчүн Канаат-шаанын сунушу боюнча аны Кудаяр хан Түркстан калаасына бек кылып дайындаган. Бирок Шабдан Кудаяр хандан уруксаат сурап алып мекенине кайткан (1862-ж.).

## § 17. XIX к. 60-жж. Түштүк кыргыздардын коомдук-саясий абалы

**Кокон хандыгындагы саясий абалдын начарлашы. Алымбек датка.** 50-жж. аягы 60-жж. башында ордодогу ич ара чыр-чатактардын ырбашынын натыйжасында Кокон хандыгынын саясий абалы өтө начарлап кетти. Хан сарайдагы так талашуулар, кайра-кайра кайталанган козголоңдор, хандардын тез-тез алмашып турушу хандыкты аябагандай алсыратат. Мындай абал Орто Азияга эки тараптан (Сыр-Дарыя жана Сибирь тилкеси) кысып келе жаткан Орусия аскерлеринин Түштүк Кыргызстанды көздөй жылышын жеңилдетти.

Баштагыдай эле бул жылдары дагы хандыктын саясий турмушуна кыргыз билермандары жигердүүлүк менен аралашып турду. Айрыкча Ош аймагы менен Алай өрөөнүн мекендеген кыргыздар саясий окуяларга көбүрөөк тартылып, айрым козголоңчу ханзаадалардын өбөк-жөлөгү болушкан. Тактыны тартып алуу тилеги ишке ашпай калган ханзаадалар кээде күрөштөн күдөр үзбөй, кыргыздарга келип баш калкалашчу. Алсак, 1858-ж. Кудаяр хандын иниси Мала бек хандык бийликти тартып алуу үчүн козголоң уюштурууга камына баштаганда ага кыргыз, кыпчак феодалдары колдоо көрсөтмөй болгон. Бирок ордодо козголоң даярдалып жатканы ханга билинип калып Мала бек Ошко качып келет. Көп өтпөй ал Кара-Сууга, Өзгөн жана Гүлчөгө келип, алайлык кыргыздардын билерманы, айтылуу **Алымбек датка Асан бий уулуна** жардам сурап кайрылат. Алайдан Кара-Суу, Ош аймагына чейинки кеңири чөлкөмдү мекендеген кыргыз урууларына баркы бар Алымбек датка Мала бекке колдоо көрсөттү. Натыйжада ал тез арада кыргыз, кыпчак, өзбектерден чоң кол куроого үлгүрөт. Ошондон соң Кудаяр хандын аскерлери менен айкашта Мала бек жеңишке жетишип, акыры 1858-жылы бийликти өз колуна алат. Ал эми ордодон кол жууган Кудаяр хан Бухарага кире качып кутулган эле.

**Мала хан** өзүнө көмөк көрсөткөн кыргыз феодалдарынан мартаба-мансаптарды, баалуу белек, тартууларды аяган жок. Тактыга отураары менен жаңы хан Алымбек датканы кайрадан Анжияндын акими, Сеитбек датканы Хоженттин акими, Сатыбалды датканы Исфаранын акими, Молдо Касымды Нау чебинин беги кылып дайындайт. Көп өтпөй Алымбек датка вазир мансабына көтөрүлдү.

**Алымбек датканын саясий ишмердиги.** Алайлык кыргыздардын улугу Алымбек Мадалы хандын тушунда эле Кокон хандыгынын саясий турмушуна аралашып, 1831-ж. хандан ***датка*** мансабын алган. Ал адыгине уруусунун баргы уругунан чыккан. Өзүнүн өткүрлүгү, адамкерчилик касиеттери, адилеттиги, эл бийлөөгө шык-жөндөмү менен ал тез эле хандыктын калкына таанылган. Андыктан Алымбек датканы кийинки 1832-жылы, 32 жаш курагында Мадали хан Анжиян вилайетинин акими кызматына дайындайт.

Кокондуктардын зордук-зомбулугу күчөгөн Мусулманкул миңбашынын заманында (1845-1852) Алымбек датка



*Алымбек датка (1800 — 1862)*

эзүүгө каршы элдик кыймылдын башында туруп, эл, жер үчүн жан аябай күрөшкөн. Буга 1845-ж. Алай, Ош аймактарындагы кыргыздардын хан бийлигине каршы күрөшү далил боло алат. Ошондуктан Алымбек датканы Мусулманкул миңбашы баш болгон мансапкорлор Анжияндын акимдигинен четтетишкен.

Ал Чыгыш Түркстандагы кожолор кыймылынан да четте калган эмес. Алсак, 1847-ж. Кашкар аймагында циньманчжур үстөмдүгүнө каршы Каттахан (Ишанхан төрө) жол башчылык кылган «жети кожонун кыймылы» башталат. Ошондо Алымбек датка бийлеген алайлык кыргыздар ага катышып, чыгыш түркстандык уйгурлар менен кыргыздарга жөлөк болушкан.

Алымбек датка аркалык кыргыздар менен карым-катнашты үзбөй, Ормон хан, Жантай, Жаңгарач, Үмөтаалы, Осмон датка ж.б. чоң манаптар менен байланышып турган. Атүгүл, ал Кокон ханынын ага мамилеси бузулган кезде (40-жж. экинчи жарымы) Ак-Талаа, Нарын, Ат-Башыга чейин тууганчылап келип, сыйлуу мейман катары кыйла убакыт туруп кеткен. Сыягы дал ошол жылдарда Алымбек датка анжиян-аркалык кыргыздардын бирдиктүү өз алдынча мамлекетин түзүүгө аракет жасаган.

Анын Кара-Ссуда жана Ошто турак-жайы: ээлик жери, короо-жайы, дүкөндөрү бар эле. Дегеле Ош шаарынын көркөмдүү шаарга айланышында, Ак-Буурага көпүрө, таш төшөлгөн көчөлөрдүн, кооз имараттардын курулушунда датканын эмгеги зор. Алсак, Кокон хандыгындагы эң ири медреселердин бирин Алымбек датка курдурган. Ак-Буура суусунун боюна курулган ошол медресе кезинде билимдин очогу, калаанын сыймыгы болгон. Медресени советтик доордо (XX к. 50-жж.) бузуп жок кылышкан.

Арийне, Алымбек датканын кылган иши, кыял-жоругу тууралуу кеп кылганда калыстыктан тайбай, анын мүнөзүнүн терс жактарын да эске алганыбыз жөн. Ал жан дүйнөсү, кулк-мүнөзү ошол кездеги оомалуу-төкмөлүү дүйнөгө шайкеш калыптанган саясий ишмер эле. Ооматы колдо турганда акарат айткандарды аёосуз жазалап, катаал бийлик жүргүзгөн. Кээде керт башынын кызыкчылыгы, мансап-мартаба үчүн күрөштө ал өз жакындарын да аячу эмес.

1858-1860-жж. Алымбек датка кайрадан аким мансабында Анжиян

вилайетин сурап турду. 1860-жылы орус аскерлери Бишкек, Токмок чептерин ээлеп алып кыйраткан болчу. Ошол жылы күзүндө орус аскерлери Верныйга кайткан кезде Кокон ханы Чүйгө Ташкенттин беклербеги Канаат-шаанын колбашчылыгы астында көп аскер жөнөтөт. Ошондо Мала хан Алымбек даткага Анжиян вилайетине караштуу калктан кол топтоп, Канаат-шаага көмөктөшүүгө көрсөтмө берген. Хандын жарлыгына ылайык ал Ички Теңир-Тоо аркылуу Чүйгө келет. Жол бою Алымбек датка кыргыз айылдарын аралап жигит жыйнаган. Куртка менен Кетмен-Төбөдө жигиттеринин санын 12 миңге чейин жеткирген.

Чүй өрөөнүндөгү кыргыз манаптары ага өтө кадыр-барктуу колбашчы катары сый, урмат көрсөтүшкөн болчу. 1860-ж. октябрда орус аскерлери менен Узун-Агач, Кастектеги кармаш маалында Алымбек датка Канаат-шаанын буйругуна көнбөй, өз бетинче аракет жасаган. Ал кыргыз колун өзү каалагандай башкарган. Кийин Канаат-шаа Коконго барганда Алымбекти ханга жамандап, «кылган кылмышы» үчүн аны өлүм жазасына тартууну талап кылат. Бирок Мала хан эл арасында, өлкөдө зор кадыр-баркы бар Алымбек датканы жазалоого, Анжияндын акими мансабынан ажыратууга батына албады.

1861-ж. февралда хан өлкөнү аралап жүрүп Анжиянга келгенде Алымбектин душмандары аны ханга кайрадан жамандап жалаа жабышат. Ошондон соң Мала хан ушак айыңга ишенип, «ээнбаш» датканы өлүм жазасына тартууга жашыруун бүтүм чыгарган эле. Айла-амал менен торго түшүрүп, эч кимге билгизбей көзүн тазалаш үчүн хан Алымбекти Анжияндан Коконго чакыртат. Ошондо ордо кишилеринин бири хандын карапиет бүтүмү тууралуу Алымбек даткага озунуп кабар айтырган. Бул каңшаарды угаар замат ал Алайга качып барып, Кокон ханына каршы көтөрүлүшкө камына баштайт. Тез арада датка Алай өрөөнүндөгү адыгине жана моңгуш урууларын толук бойдон ханга каршы кыймылга көтөрүп чыккан. Бирок өтө шашылыш жыйналган, даярдыгы жетик эмес кыргыз кошууну саны арбын Кокон колунун кысымына узакка туруштук бере алган жок. Ошондуктан Алымбек датка Алайдан Ички Теңир-Тоого ооп келип, Нарындын төрүндөгү кыргыз айылдарында туруп калат. Бул аймакты мекендеген сарыбагыштардын чоң манаптары Үмөтаалы, Ажы, саяктардын чоң манабы Осмон ж.б. даткага колдоо көрсөтүштү. Натыйжада козголоңчу датканы жазалоо максатында жөнөтүлгөн Кокон кошууну Ички Теңир-Тоо арасындагы тар капчыгайга камалып, кыргыздардын колунан кыргынга учурады.

**Хан ордосунда ич ара чатактын ырбашы.** 1862-ж. башы ченде Кокондо Мала ханга каршы жаңы козголоң уюштурулат. Козголоңго ордодогу хандын өтө таасирдүү жан-жөкөрлөрү менен бирге Канаат-шаа дагы катышкан. Козголоңчулар Мала ханды өлтүрүп, тактыга Кудаярды отургузууну көздөшкөн. Бирок козголоң даярдалып жатканын хан билип калып, аны уюштуруучулардын айрымдарынын башын алдырган.



*Кокон ханы Кудояр*

Ошол эле жылы февраль айынын аягында хан сарайда кайрадан уюштурулган козголоңдо Мала хан тындым кылынып, Шералы хандын 15 жаштагы небереси **Шах-Мурат** хан көтөрүлөт. Бу жолку козголоңду даярдоодо кыргыздардан чыккан чыгаан саясатчылар Алымбек датка менен Кыдырбек датка, Маргалаңдын акими кыргыз-кыпчак Алымкул, Түркстан беги Шадман кожо, Кудайназар датка, Кытайбай ж.б. чечүүчү роль ойногону белгилүү. Алардын абыдан абройлуусу Алымбек датка жаш хандын жанында регент-кеңешчи аталыктын милдетин аткарууга киришкен. Ага вазир мансабы да ыйгарылган эле. Бирок анын вазирлик бийлиги узакка созулган жок. Козголоңдон жарым жыл өтүп-өтпөй Алымбек датканын хан ордосундагы мамлекеттик ишмердиги кайгылуу аяктады. Буга чейин үзөңгүлөш жүргөн аскербашы **Алымкул** бийликти өз колуна алууну эңсеп, көрүнүктүү саясий ишмерлер: вазир-миңбашы Алымбек менен Кыдырбек датканын, Ырыскулдун, Кудайназар датканын көзүн тазалаган (1862-ж. жайында).

Ордо кишилери ич ара чатакка алагды болуп турган ушундай кырдаалда Бухарада жүргөн Кудаяр хан ага жан тарткан Ташкент беги Канаат-шаанын чакыруусу боюнча Ташкентке келет (1862-ж. мартта). Канаат-шаа Кокон-го келип, аскер-башчы мансабын алуу жөнүндө Шах-Мураттын сунушун четке кагып, *Кокондун анык ханы Кудаяр деп жарыя кылат.* Көп өтпөй Кудаяр хан менен Канаат-шаа Бухара эмири Музаффар ад-Диндин жардамы аркасында Коконду ээлеп, калаанын жанындагы кармашта жеңишке жетишет. Ал эми Шах-Мурат хан айкашта кыйла суюла түшкөн кыргыз, кыпчак колу менен бирге Кыргызстанга чегинип кетүүгө мажбур болгон эле. Бирок кыргыздар менен кыпчактар канкор, зулум Кудаяр ханга каршы күрөштөн биротоло баш тарткан эмес. Элет элинин залим ханга каршы кыймылына эми кыргыз-кыпчак Алымкул менен Сарымсак бий жетекчилик кылды. 1862-ж. жайында алар Фергана өрөөнүндөгү чоң шаарлар Анжиян, Наманган жана Маргалаңды Кудаяр хандан тартып алышкан болучу.

1863-ж. июлда Музаффар Бухарага кайтканда мындан ары өз күчү менен бийликти кармап турууга, өлкөнү башкарууга дарманы жетпесин баамдаган Кудаяр хан Коконду таштап, эмирди ээрчип кетет. Буга чейин ал негизинен Бухара эмиринин аскерлеринин жардамына гана таянып бийлик жүргүзүп келген эле. Ушул окуялардан кийин Кокон хандыгында бийлик толук бойдон кыргыз, кыпчак билермандарынын колуна өттү. 1863-ж. 9-июлда алар Мала хандын 12 жашар өспүрүм уулу Султан-

Сеидди хан көтөрүшөт (1863—1865). Көптү көрүп такшалган, акылдуу жана кайратынан жанбаган, эч нерседен тайманбас, эрки бекем, бир мүнөз саясий ишмер Алымкул өспүрүм хандын башкы кеңешчи жардамчысы, устаты — аталык мансабына дайындалат.

Эми Кокон хандыгында, ордодо ромат негизинен кыргыз, кыпчак бийлермандарынын колуна өтүп, ошолор бийлик жүргүзө турган болушту. Албетте, бир нече жылга созулган ич ара каңжалдар хандыкты аябай алсыратып жиберген эле. Мындай абал падыша аскерлеринин Кокон ээлигине жылышын, кийинчерээк акырындык менен аны каратып алышын жеңилдетти.

**Алымкул аталыктын мамлекеттик ишмердиги (1829—1865).** Атактуу аскер башчы, Кокон хандыгындагы эң ири мамлекеттик ишмер, акылман саясатчы **Алымкул аталык 1829-ж.** Коргон төбөнүн Таштак айылында туулган. Теги боюнча Анжияндын Коргон-Төбө аймагын жердеген кыргыздын ичкилик тобундагы кыргыз-кыпчак уруусунан чыккан. Атасы **Асанбай** аталган аймактын бийи болгон. Алымкул бала чагында Бужум-Баткенде мусулман мектебинде башталгыч билим алат. Кийин бойго жетип 18 ге чыкканча Анжиянда, Кокондогу медреседе окуган. Ошол мезгилдин чен-өлчөмү боюнча эң мыкты билим алуусу анын келечекте таанымал инсан болушуна шарт түзгөнү талашсыз. Ал жездеси Тагайкул датканын жардамы менен аскер ишин да өздөштүргөн. Көп өтпөй көпчүлүктүн купулуна толуп, Коргон-Төбөдө атасынын ордуна бий мансабына көтөрүлөт.



*Бухара эмири Музаффар*

Акылмандыгы, калкына камкордугу үчүн эл ичинде тез эле анын кадыр-баркы арткан. Акыры анын атагы Коконго угулуп, 22 жашында Анжиян акими Малабектин ишенимдүү нөкөрү болот. Ак кызматынын аркасы менен мында да урмат-сыйга арзыйт. Ошондуктан аны 1858-ж. Малабек бир тууганы Кудаяр хандан бийликти тартып алганда Коконго ала кеткен. Ошондон тартып Алымкул хан ордосундагы орчундуу окуяларга катыша баштаган.

Айрыкча анын мамлекеттик ишмер катарында шык-жөндөмү 12 жашар ханзаада Султан-Сеид 1863-ж. хан көтөрүлгөндөн кийин даана көрүндү. Хан көтөрүү аземинде уруу ак сөөктөрү, ордо кишилери мамлекеттик бийликти толугу менен Алымкул аталыктын ыктыярына өткөрүп берүүнү ылайык көрүшкөн. Хан бойго жеткиче Алымкул аталык мурастоо, хандык казынадан каржылоо, сот, аскер ишине, мыйзамдын, адат-нарктын сакталышына көзөмөлдүк кылууга ж.б. өтө маанилүү иштерге жетекчилик кылмак. Атүгүл бул тууралуу атайын келишим түзүлүп, ага жаш хан, дин өкүлдөрү, ак сөөктөр

мөөр басышкан. Алымкул аталык акыры хандыктагы бийликти толук өз колуна алып, **эмирлердин эмири, аскер башчы** аталат.

Алымкул аталык Кокондо мамлекеттик бийликти чыңдоого, өлкөдөгү тартипти, ич ара ынтымакты бекемдөөгө көп күч жумшады. «Азыр ар кандай араздашуу, касташуунун убагы эмес... Баардыгыбыз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, абийир алалы, ал эми байлык, бийлик колдон кетчү нерсе», — деген акыл-насаатты ар дайым айтчу экен. Ал абдан кайраттуу, эч нерседен жалтанбаган эр жүрөк, айтканынан кайтпаган өжөр, катаал киши болгон. Майданда керек болсо жоокерлерге үлгү көрсөтүп алдыңкы катарда жүрчү. Коркокторду, буйрукту так аткарбаган колбашыларды, өз элин талап-тоногон каракчыларды эч аячу эмес. Андайларды мамлекеттин коопсуздугуна доо кетирген чыккынчылар катары жазалаган. Мисалы, орус аскерине Олуя-Атаны (Тараз) оңой-олтоң тарттырып жибергени үчүн Байзак датка, Зарип пансат, Темир пансат өлүм жазасына тартылган.

Алымкул аталык коңшу өлкөлөр менен ынтымак түзүүгө, элчилик байланыштарды өнүктүрүүгө зор салым кошкон. Ал Түркияга, Орусияга, Афганстанга, Кытайга, Кашкарга, Англиянын Индиядагы оторчуларына элчилерди жөнөтүп, тез-тез чет өлкөлүк элчилерди кабыл алып турчу. Эң башкысы Алымкул аталык көз каранды эместик үчүн күрөштүн уюштуруучусу жана башчысы болгон. Ошондой максатты аркалаган аталык 1865-ж. Ташкенттин алдындагы падыша аскерлери менен айыгышкан кармашта окко учту. Алымкулдун өлүмү, анын катчысы баса белгилегендей, падышалык Орусиянын Орто Азияны басып алуусун кыйла жеңилдеткен эле.

**Генерал М. Г. Черняевдин басып алуучулук жортуулдары.** 60-жж. орточенине карата орус аскерлеринин Орто Азиянын ичкери жагын көздөй тездеп жылышы үчүн зарыл шарттар бышып жетилди. Буга чейин орус төрөлөрү алдыда боло турган жортуулга карата кыйла камылга көрүп, кайгуулду (жер чалуу иштерин) мыктап жүргүзгөн эле. Фергана, Ташкент багытындагы мерчемдүү жерлерди падышалык чалгынчы кошуундар эртелеп аныктап-тактаганга эбак үлгүрүп, эми аскерлер жүрүш баштоону гана күтүп калган болучу.

**Жортуулга даярдык көрүү.** Түпкү максаты Орто Азияны толук каратып алуу болгон падыша өкмөтү 1864-ж. карата Сибирь жана Сыр-Дарыя тилкелерин кошуп бириктирүүнү аягына чыгарууга чечкиндүү киришкен. Бул багытта алгачкы кадамдар 1863-ж. эле жасалып, Перовск форту тараптан Сыр-Дарыяны жээктей жөнөгөн полковник М. Г. Черняевдин чакан кошууну Түркстан чебинин аймагында, Кара-Тоонун түндүк тарабында жер чалууну ишке ашырган. М. Г. Черняев (1828—1898) буга чейин Түндүк Кавказдагы согуштарга катышып, бөлөк жер, бөтөн элди каратып алуу жагынан кыйла тажрыйба топтогон болучу. Кыска убакыттын ичинде анын кошууну Сыр-Дарыянын төрүнө кирип келип, май-июнь айларында Сузак менен Чолок-Коргон чебин басып алат. Чалгындын натыйжасында эки тилке-

ни бириктирүү жана түштүк-чыгышта Орусия мамлекетинин ээлигин кеңейтүү анчалык деле кыйынчылыкты туудурбашы аныкталды. Кайгуул учурунда орус төрөлөрү Сузак, Чолок-Коргон жана Кара-Тоо аркылуу Олуя-Атага өтүүчү тилке тереңдеп жылганга эң ыңгайлуу экенине ынанды. Келечекте мындай багытты бет алып жүрүш баштоо жол боюндагы олуттуу калаалар Ташкент менен Түркстанды ээлебестен эле эки тилкени кошууну, Орусия үстөмдүгүн орнотууну оңойлотмок.

Сыр-Дарыя тилкесинин акими (начальник) полковник М. Г. Черняев түзгөн планга ылайык 1864-ж. Батыш Сибирдеги орус аскерлери Олуя-Атаны ээлеши жана орто жолдо Бишкекте же Чалдыбарда Кастек менен кабарлашып тургудай чепти курушу керек эле. Ошондой эле чеп Олуя-Ата менен Чолок-Коргон жолунун орто ченинде курулмак. Ал эми Оренбург тараптан чыга турган орус кошууну Сузакты, Чолок-Коргонду биротоло ээлеп, орус бийлигин орнотмок жана алардын Жүлек менен туруктуу байланышын камсыз кылмак.

Эки тилкени бириктирүү аракетин падыша Александр II жактырган соң, Оренбург жана Батыш-Сибирдеги орус төрөлөрүнө согуш министри атайын көрсөтмө берген эле. Ошол көрсөтмө боюнча Дюгамель Верныйга аскер топтотуп, Олуя-Атаны басып алууга камылга көрө баштайт.

**Жортуулдун башталышы.** 1864-ж. жазында Верныйдан жортуулга чыккан орус кошуунуна колбашчылыкка полковник М. Г. Черняев дайындалды. Ал кийин генерал мартабасын алып Түркстан облусунун аскер губернатору (1865-1866), Түркстандын генерал-губернатору мансабында бийлик жүргүзгөн (1882-1884). Ошол эле учурда Оренбург генерал-губернатору Перовскиде Сыр-Дарыя тилкесинин жаңы акими полковник Веревкиндин колбашчылыгы астында атайын аскер кошуунун камдаган. Бул кошуун Сузак багытындагы жортуулга жөнөмөк.

1864-ж. 1-майда М. Г. Черняев 2500 аскерден турган колун баштап Верныйдан жортуулга чыгат да, 4-майда Узун-Агач аркылуу Кастекке жете келет. Бул кезде Кокондогу ички саясий абал начарлап кеткендиктен, жоого каршы жетиштүү даярдык көрүлгөн жок. Адегенде Черняевдин жолун торош үчүн Олуя-Атага болгону 1500 сарбаз топтолуп, Меркеге кароол коюлду. Бирок сарбаздардын аздыгына карабастан, Кокон чептери орус аскерлерине оңой-олтоң багынып бермек эмес. Чүй боорундагы кокондук чептерди басып алуу, кокондук сарбаздарды талкалап буга чейин анын ээлигиндеги эл-жерди биротоло каратып алууну жеңилдетүү үчүн жергиликтүү кыргыз манаптарын, казак султандарын өз бооруна тартуу керек эле. Мындай өнөрдү жеринен эң мыкты өздөштүргөн орус төрөсү Чүйгө келээри менен кыргыз манаптарына «жүрөк жылытарлык» маанайда жылуу сөздөр жазылган чакырык-үндөөлөрдү жөнөткөн. Атүгүл айрым манаптар менен жолугушуп (Жантай, Менде, Кудаяр), аларга чапан, саат ж.у.с. баалуу белектерди тартуулаган. Ал эми кыргыздын кепкесөзгө келбеген, эпке көнбөгөн тоң моюн мыктыларын орус төрөлөрү ачык эле

коркутуп-үркүткөн, барымта кылган, артынан сая түшүп куугунтуктаган. Анткени көксөгөн максатка жетүү үчүн бардык ыкмалар ыңгайлуу экенин алар жакшы билишчү. Эзелтеден бардык баскынчылар күч колдонууну түркүн айла-амалдар менен айкалыштырып келгени белгилүү. Байыркы римдиктердин «бөлүп-жар да, бийлик жүргүзө бер» деген жобосун падышалык Орусия өзүнүн оторчул саясатын жүргүзүүдө кеңири колдонгон.

Верный менен Олуя-Ата аралыгындагы байланыштын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн май айынын орто ченинде М. Г. Черняев кокондуктардын Токмоктогу мурдагы чебинин урандыларынын жанына чеп түптөтөт.

16-майда М. Г. Черняевдин колу Меркени көздөй жол тартып, жолдо, Бишкектин жанында, солто уруусунун кээ бир белдүү манаптары менен кездешет. Ошондо Байтик менен Корчу кокондуктарга каршы жортуулга катышуу үчүн өз жигиттерин ээрчитип орус колуна кошулушкан. Ал эми Жаңгарач жана Бошкой Канай уулу башкарган солто уруктарынын кыйласы Черняевдин колу Чүйгө келээрдин алдында Таластын төрүнө көчүп кеткен болучу.

1864-ж. 24-майда орус аксерлери Мерке чебин ээлейт. Көп өтпөй Черняевдин колу Олуя-Атага жете келип, чептеги кокондук сарбаздарды эки күн камап туруп, замбиректин огунун коштоосунда чепти басып алат. Сарбаздар замбиректин тынымсыз атылган огуна, орус аскерлеринин чабуулуна туруштук бере алышкан жок. Олуя-Ата беги Ныязалы 400 сарбазды ээрчитип чепти таштай качкан.

Ошол кезде Сыр-Дарыя тилкеси тараптан Түркстан чебин көздөй полковник Веревкиндин кошууну (1600 аскер, 10 замбирек) жол тарткан. 9-июнда ал кошуун Түркстанга жете келип, үч күнгө созулган кармаштан соң, 13-июлда аны ээлеп алган.

**Чаткалдык кыргыздарды каратуу.** Олуя-Ата чебин ээлегенден кийин М.Г.Черняев Чаткал өрөөнүндөгү кыргыздарды каратуу үчүн ал жакка подполковник Лерхе баш болгон кошуунду шашылыш жөнөтөт. Анткени чаткалдык кыргыздар ошол кезде Олуя-Атадан орустарды сүрүп салууга камынып, Кокондон Ташкентке келе жаткан Алымкул аталыкка кошулуп кетсе, орус колунун андан ары жылышы кыйла кыйындамак. Лерхе 19-июнда Олуя-Атадан чыгып Кара-Буура капчыгайы аркылуу бел ашып, 24-июнда Чаткал өрөөнүнө келет. Чаткалдагы кокондук Чиназ чебинин аз сандагы сарбаздары менен зекетчилери орус кошууну чепке жакындап калганда Чаткал суусунун этегиндеги тар капчыгайларга чегинип кеткен эле.

Ал кезде Чаткал өрөөнүн саруу, кушчу, багыш, кытай ж.б. кыргыз уруулары мекендешчү. Чаткалдык кыргыздардын өтө кадыр-барктуу билерман чоң манабы Сарымсак (багыш уруусунан) боло турган. Кезинде ага Кокон ханы чаткалдыктардын чоң манабы катары мамиле кылган. Ал орус аскерлери Олуя-Атаны ээлегенде Алымкул аталыкка жан тартып, чаткалдык манаптарды жигит жыйнап кол курап, ага жардам берүүгө үндөгөн экен. Сарымсак муну менен эле тим болбой, жеке өзү кыйла жигит

топтоп, тоо арасында Лерхенин кошуунуна катуу каршылык көрсөтөт. Бирок күчтөр тең эмес эле. Падыша аскерлери курал-жарак, согушка даярдыгы жагынан чакан аймактагы кыргыз жигиттеринен куралган кошуундан артыкчылык кылган. Акыры Сарымсак баш болгон чаткалдык кыргыздар падышалык аскерлерге багынып берүүгө мажбур болушту. Ошол эле жылы жайында — июль айында Черняев Чымкентке чабуул коюп, бирок жеңишке жетише алган жок.

**Чымкент, Ташкент салгылаштары.** Ал эми сентябрдын башында (1864-ж.) М. Г. Черняев Чымкентке эки тараптан — Олуя-Атадан жана Түркстандан ири аскер бөлүктөрүн жортуулга жөнөтөт. Чымкент акими Мырза-Ахмет баш болгон кокондук сарбаздар орус аскерлерине жан аябай катуу каршылык көрсөттү. Салгылашуу үч күнгө созулуп (19-22-сентябрь), акыры ал орус колунун жеңиши менен аяктады да, калаа Черняевдин колуна өттү.

Чымкент орус аскерлеринин колуна өткөндөн кийин Кокон хандыгы сарбаздарын Ташкентке топтой баштады. Кокондуктардын Ташкентке көп кол топтошуна тоскоол болуш үчүн М. Г. Черняев 27-сентябрда жортуулду улантып, 1-октябрда аталган калаага келет. Орус аскерлери калааны 4-октябрга чейин дембе-дем чабуул коюп камалап турду. Акыры калааны оңойлук менен тартып ала албасына көзү жеткен М. Г. Черняев кайра Чымкентке кайтат. Көп өтпөй Ташкентке арбын аскери менен Алымкул аскербашы келип, калааны ыңдоого киришет. Орус төрөлөрү кийинки жылга чейин Ташкентке жаңы жортуул уюштурууга батына алышкан жок.

1864-ж. аяк ченинде падыша өкмөтү каратып алган аймактарда (Ысык-Көлдөн Арал деңизине чейин) өз үстөмдүгүн бекемдөө максатында бул жакка кошумча аскер бөлүктөрүн жиберүү жана жаңы административдик бирдикти — Түркстан облусун түзүү жөнүндө чечим чыгарат. Падышанын макулдугу боюнча согуш министрлигинин 1865-ж. 12-февралындагы буйругуна ылайык, жаңы уюшулган Түркстан облусунун аскер губернаторлугуна генерал М. Г. Черняев дайындалды. Облустагы бүткүл бийлик — аскер, башкаруу иши ж.б. толугу менен анын колуна топтолгон. Ал Оренбург генерал-губернаторуна баш ийген.

1865-ж. жазга жуук орус аскерлеринин Ташкентти басып алышы үчүн ыңгайлуу кырдаал түзүлдү. Анткени бул кезде Бухара эмирлиги менен Кокон хандыгынын ортосунда согуш башталып, хандын сарбаздарынын көпчүлүк бөлүгү Ходжентти ээлеген эмир аскерлерине каршы кармашта жүргөн эле. М.Г.Черняев оңтойлуу учурду колдон чыгарбоону көздөп, тез арада Ташкентке жортуул уюштурду. 29-апрелде анын кошуундары калаанын жанындагы өтө маанилүү Ныязбек чебин ээлейт. Ошол эле учурда Ташкентке Кокондон Алымкул колбашчылык кылган көп аскер келген эле. Кокон колу менен орус аскерлеринин ортосундагы алгачкы ири салгылашуу 9-майда калаанын сыртында болуп өттү. Айкашта кыргыз, кыпчак кошуундары замбиректин жалын чачып күрүлдөгөн добушунан, мылтыктын

жамгырдай жааган огунан жалтанбай душманга кайра-кайра ат коюп турду. Кармаш маалында **Алымкул колбашчы** окко учуп каза болгондо гана алар майдан талаасын таштап, калааны калтырып кетишти. Ошондо калаанын калкы жардам сурап Бухара эмири Музаффарга элчи жиберишет. Көп өтпөй Ташкентке эмирдин өкүлү эмир Искендербек келип, калааны коргоого баш-көз болууну колго алды.

14-майда түн ортосунда падыша аскерлери калаага кайрадан чабуул коёт. Айыгышкан салгылашуу шаардын көчөлөрүндө үч күнгө созулду.

Көптөгөн жоготууларга дуушар болуп, аябай алсыраган шаар калкы 17-майда душманга багынып берүүгө аргасыз болду. Ташкенттин орус аскерлеринин колуна өтүшү Кокон хандыгы үчүн орду толгус оор жоготуу эле. Ташкент Кокон хандыгындагы, дегеле бүткүл Орто Азиядагы ири шаарлардын бири болучу. Мында ал кезде 100 миңден ашуун адам жашаган. Калаа «тогуз жолдун тоомунда», падыша аскерлери Кокон-го жана Түштүк Кыргызстанга өтө турган чоң жолдун таманында жайгашкан. Ташкентти жоого тарттырып жиберүү иш жүзүндө Кокон хандыгынын жеңилишине тете жоготуу болучу. Ошондой болсо да орус төрөлөрү жортуулду андан ары улантууга, Коконду толук каратууга батынышпады. Анткени падышалык аскерлердин ичкери карай жылышы Орто Азиядагы бөлөк мамлекеттер — Бухара эмирлиги жана Хива хандыгы менен кагылышууларга алып келмек. Азырынча Орусиянын буга жеткилең даярдыгы жок эле.

Анын үстүнө небактан бери эрегишкен англиялык дипломаттар падыша өкмөтүнүн Орто Азиядагы баскынчылык аракеттери жана Индияга карата арамза ой-максаттары тууралуу төгөрөктүн төрт бурчуна жайып, чуу чыгара башташкан. Мына ушундай шартта падыша өкмөтү Кокон хандыгына каршы согуштук аракеттерди убактылуу токтотуп, ушуга чейин басып алган аймактардагы бийлигин бекемдөө менен чектелди. Ташкентти орустар басып алгандан кийин Бухара эмиринин кийлигишүүсү менен Кокондо козголоң уюштурулуп, Султан-Саид хан өлтүрүлөт да, тактыга кайрадан Кудаяр хан отурат.

Ташкентти ээлегенден эки жыл өтүп-өтпөй, 1867-ж. жайында Түркстан облусу Түркстан генерал-губернаторлугу болуп кайра түзүлөт. Адегенде ал Сыр-Дарыя жана Жети-Суу облустарынан турду. Ал эми Ташкент шаары анын баш калаасына айланды. Түркстандын алгачкы генерал-губернатору мансабын падыша Александр II генерал-адъютант **К. П. фон Кауфманга** ыйгарды. Падыша өкмөтү ага кеңири укуктарды берген эле. Генерал-губернатор Орто Азия хандыктары менен өз алдынча дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, согуш жарыялап же тынчтык келишимин түзүүгө да укуктуу болучу.

**Кокон хандыгынын Орусияга вассалдык көз карандылыгы.** Ээлигинин кыйла бөлүгүн орус аскерлерине тарттырып жиберип, жоого каршы күрөштө оор жоготууларга дуушар болгон Кокон ханы көп өтпөй Орусияга багынып берди. Хандыктын Орусия империясы-

на көз карандылыгы, вассалдык абалы **1868-ж. 29-январда** Кауфман менен Кудаяр хан кол койгон келишим боюнча аныкталды. Аталган келишимдин шарттарына ылайык Кокон ханы өз бетинче тышкы саясат жүргүзүү, коңшу өлкөлөр менен алака кылуу укугунан ажырады. Ошондой эле 1865-ж. чейин орус аскерлери Кокон хандыгынан тартып алган жерлерди Орусиянын ээлиги катары тааныды. Мындан тышкары орус көпөстөрүнө Кокон хандыгынын ээлигиндеги бардык аймактарда кокондук соодагерлер менен тең укукта ээн-эркин соода-сатык жүргүзүү укугу берилди. Өз аймагынын зор бөлүгүнөн айрылган Кокон хандыгы ээлиги негизинен Фергана өрөөнү менен гана чектелген чакан, көз каранды, мурдагыдай күч-кубаты жок, алсыз мамлекет катары убактылуу сакталып калды.

Эми орус аскерлери каалаcа Фергана өрөөнүнө тереңдеп кирип барып, хандыктын бардык аймактарын оңой эле басып ала алмак. Эгерде падышанын кошуундары каптап келсе Кокон колу алардын кысымына туруштук бере албайт болучу. Бирок падыша өкмөтү ошол кездеги эл аралык абалды эске алып, айрыкча Англия менен мамиленин курчушунан чочулап, Кокон хандыгын азырынча сактап калууну туура көргөн. Өтө алсыраган хандыкта анын өз алдынчалыгы сакталып калган күндө дагы орус төрөлөрү ээн-эркин кожоюндук кыла бермек. Кокондо Орусиянын таасирин чыңдоо максатында Түркстан генерал-губернатору Кудаяр ханга колдоо көрсөтүп туруу пайдалуу болот деп эсептеген. Өзүнүн туруксуз бийлигин бекемдөө үчүн орус падышасына таянуу ханга да пайдалуу болмок.

Демек, жогорудагы келишим эки тарапка тең ыңгайлуу ынтымак-ымаланын калыптанышына негиз салган. Ал эми жалпы эл массаларына бул келишим жаңы азап-тозокторду, муң-зарды алып келди. Ар түрдүү салыктар менен жыйымдар калк мойнуна түшүп, элдин абалын ого бетер оорлотту. Орусиянын баскынчылык аракеттерине каршы күрөштө жана ич ара бийлик талашкан кармаштарда какшыган казынаны хан калктын эсебинен толтурууну эңсеген. Алык-салыктын өлчөмүнүн ченемсиз өсүшү аким, бектердин зордук-зомбулуктары кыргыздардын мурдатан эле жек көрүндү Кудаяр ханга наразылыгын бөтөнчө күчөтүп, аларды чечкиндүү күрөшкө түрттү.

Кокон хандыгынын Орусияга вассалдык көз каранды мамлекетке айланышынын натыйжасында анын карамагындагы түштүк кыргыздар дагы ак падышанын амирине баш ийиши керек эле. Вассалдык келишимди түзүүдө кыргыз калкынын кызыкчылыгы эч эске алынган эмес. Алар менен хан, ордо кишилери, орус төрөлөрү кеңешкен жок. Кыргыздардын Орусия империясына көз карандылыгы тууралуу өзүнчө келишим түзүлбөдү. Иш жүзүндө түштүк кыргыздар бир топ жыл орус үстөмдүгүн тааныбай турган. Түштүк Кыргызстанды падыша аскерлери кийинчерээк Кокон хандыгы жоюлганда гана (1876-ж.) көп күч жумшап жатып араң каратып алат.

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. XIX к. 60-жж. Кокон хандыгынын саясий абалы кандай эле?
2. Алымбек датка, Алымкул аталык жөнүндө айтып бергидей болгула.
3. Генерал Черняевдин баскынчылык жортуулдары, анын максаты тууралуу айтып бергиле.
4. Кокон хандыгы Орусияга вассалдык көз каранды өлкөгө качан айланды?
5. Түштүк кыргыздардын турмушунда кандай өзгөрүүлөр болду?

## Документтик материал

**Орусиянын тышкы иштер министринин 1865-ж. февралда Оренбург генерал-губернаторуна жөнөткон көрсөтмө катынан үзүндү**

«... мүмкүн болушунча хандыктын ички иштерине кийлигишүүдөн сак (алыс) болуу керек... Куралдуу кийлигишүүгө, бул сыяктуу кийлигишүү менен биздин чектерди жана биздин соода жүргүзүү кызыкчылыктарыбызды бузууга (зыян келтирүүгө) алдын ала тоскоолдук кылууга мүмкүн болгон учурда гана жол берсе болот... Бул шаар (Ташкент) эгерде Кокон жана Бухарага аракет жасоо зарыл болуп калса, ыңгайлуу курал катары кызмат кылат жана ошону менен бирге эле биз үчүн ал Кокон менен Бухаранын капысынан кол салууларына каршы калканч боло алат... Ысык-Көлдөн күн батышта жаткан тоолуу өлкө жөнүндө айтсак, анда ал жакта биздин чыңдалган тилкени түзүү жалаң гана стратегиялык түшүнүккө (максатка) көз каранды болушу керек, бирок тышкы иштер министрлиги ал жакта көчүп-конуп жүрчү, орус букаралыгына үстүртөн (жарым жартылай) өткөн (номинальный) жапан кыргыздарга муну билдирип коюу керек деп эсептейт: биздин колдоо жана куралдуу коргоо биздин тилкенин ичинде тургандарга гана көрсөтүлөт, аларга орус букараларынын бардык укуктары берилет жана аларга бардык милдеттери жүктөлөт; ал кыргыздардын ичинен ошол биздин букаралардын тынчын алгандары биздин кошуундар тарабынан куугунтукталып, жазаланышы керек».

# VI глава. ЧЫГЫШ ТҮРКСТАНДАГЫ ЭЛДЕРДИН ЦИНЬ ИМПЕРИЯСЫНА КАРШЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛЫ

## § 18. Ганьсу, Шэньси, Синьцзян провинцияларындагы дунгандардын көтөрүлүшү. Йакуб бек жана анын «Жети шаар» мамлекети

**Чыгыш Түркстандын калкынын абалынын оорлошу.** XIX к. орто ченинде Цинь империясынын түндүк-батышындагы Ганьсу, Шэньси, Синьцзян провинцияларын мекендеген дунгандар менен уйгурлардын ж.б. жашоо шарттары өтө оорлоп кеткен эле. Өзгөчө жердин жетишсиздиги алардын турмуш-тиричилигин жылдан-жылга начарлаткан. Дыйканчылыкка ыңгайлуу мыкты жерлерди көбүнчө Цинь төрөлөрү тартып алып турушчу. Айдоо аянттарынын көпчүлүк бөлүгү жергиликтүү феодалдардын, акимдер менен бектердин, көпөстөр менен сүткорлордун колунда боло турган. Эмгекчи калк алардан оор шартта ижарага чакан жер үлүшүн алууга мажбур болгон.

Кургакчылык, табигый кырсыктар кембагалдарды тез-тез ачарчылыкка жана кыргынга кабылтып турду. Эл массаларынын абалын Цинь бийликтеринин улутчул (шовинисттик), элдерди бири-бирине каршы тукуруу, бөлүп жаруучулук мүнөздөгү улуттук саясаты ого бетер оорлоткон. Барган сайын алык-салыктардын саны, өлчөмү өсүп, эзүүнүн жаңы түрлөрү арбып жатты. Буга Цинь төбөлдөрүнүн зордук-зомбулугу, аксым зөөкүрдүктөрү кошулташыл болуп, элдин кыжырын кайнаткан. Натыйжада 60-жж. башында Кытайдын түндүк-батыш аймактарын мекендеген калктар Цинь үстөмдүгүнө каршы жалпы элдик кыймылга чыгат.

**Көтөрүлүштүн башталышы.** Бул кыймыл **1862-ж.** башталып, дээрлик 15 жылга созулду. Күрөшкө дунгандар жапырт чыгышып, айрыкча жигердүүлүктү көрсөтүшкөндүктөн, аны тарыхчылар дунган көтөрүлүшү деп да атап жүрүшөт.

Көп өтпөй эле бул көтөрүлүш эң зор аймакты кучагына алат. Шэньси, Ганьсу провинциялары, Синьцзян провинциясына караштуу Жунгария, Чыгыш Түркстан чөлкөмдөрү элдик кыймылдын чордондоруна айланды. Дунгандар сыяктуу эле көтөрүлүшкө Кулжа (Иле), Кашкар аймактарын жердеген уйгурлар дагы жигердүү катышышты. Иле чөлкөмүндө уйгурларга канатташ казак калкы көмөктөшкөн. Ал эми Кашкар тараптагы кыймылга кыргыздар дагы тартылган.

Англия жана Франция сыяктуу европалык күч-кубаттуу өлкөлөр менен болгон согушта жана тайпиндер көтөрүлүшүндө алдан тайый түшкөн цинь-манчжур өкмөтү узак убакыт көтөрүлүштү басалбай убараланды.

**Көтөрүлүштүн күч алышы.** Көтөрүлүш кызыган кезде, 1864-ж. Кулжа (Иленин төрү) чөлкөмүндө өз ал-

дынча эки хандык уюшулат. Алардын бири — **Дунган хандыгы** — Үрүмчү аймагында, экинчиси — **Таранчылар (уйгурлар) хандыгы** — Иле провинциясында түзүлгөн. Мындан бир аз мурда, 1863-ж. Кашкар аймагында көтөрүлүш башталып, ага Ак-Суу, Кашкар, Жаркент жана Хотан шаарларынын калкы аралашты. Кезинде элдик кыймылдын кеңири кулач жайышында Кучар шаарынын калкы да зор роль ойногон эле. Кучарда көтөрүлүш 1864-ж. жайында башталып, анын демилгечилери дунгандардын чакан кошуунунун башчылары Машур-ахун, Малун ж. б. калаанын элин цинь төрөлөрүнө каршы күрөшкө үндөп чыгышат. Алардын кошуунуна көп өтпөй Алияр бек баш болгон уйгурлардын жоон тобу кошулган. Калаада турган аз сандагы кытай аскерлери көтөрүлүшкө чыккан калктын кысымына туруштук бере алган жок.

Шаардагы бийликти цинь төрөлөрүнөн тартып алган соң, көтөрүлүштүн жетекчилери белгилүү «ак тоолук» кожолордун тукуму Рашид-ад-динге хандык бийликти сунуш кылышып, анын макулдугун алышат. **Рашид-ад-дин Хан-кожо** аталып, бийликти колго алат да, Кашкар, Жаркент жана Хотанга жортуул уюштурат. Ошондо сопучулук жамааттар — «ак тоолук» кожолор менен «кара тоолук» кожолордун ортосунда бийлик талашуу кайрадан жанданган эле. Өз ара чыр-чатак аларды кытай төрөлөрүнө каршы боштондук күрөшүнө чыгуудан бир топко алагды кылды. Мына ушундай кыйын кырдаалда Хан-Кожо кытайлыктардын бул жакка келе жаткан кылкылдаган көп аскерине каршылык көрсөтө албасына көзү жетип, Орто Азия хандыктары менен байланыш түзүүгө умтулган.

Ошол кезде Кашкардагы кадыр-барктуу кишилердин бири кыргыз *Садык бек* боло турган. Анын кыргыз жигиттеринен куралган чоң кошууну бар болучу. Бирок анын жигиттери курал-жарак жана сан жагынан бир топ артыкчылык кылган кытай колунун чабуулуна туруштук бере алмак эмес. Ошондуктан ал Кокондун анык кожоюну Алымкул аталыкка жардам сурап кайрылат. Садык бек хан көтөрүү үчүн айтылуу Жаңгир кожонун уулу Бузурукту тезинен Кашкарга жөнөтүүнү өтүнгөн.

1865-ж. Бузурук кожо Ак-Мечит чебинин мурдагы беги *Йакуб бек* (1820—1877) баштаган 50 жигиттин коштоосунда Кашкарга келет. Бузурук Кашкарга келээри менен Садык бек ага бийликти өткөрүп берип, жакын кеңешчи катары ордодогу орчундуу орундардын бирин ээлеген эле. Бирок көп узабай ордодо Садык бек менен Йакуб бектин ортосунда теңтайлашуу күчөйт. Бул эрегишти экөөнүн биринин өлүмү гана токтото алмак. Арамза Йакуб бек адеп эрегишүү башталганда эле Бузурукту Садык бекке каршы тукуруп, ортого от жакты. Натыйжада Садык бек жаалданган хандын каарынан хан сарайды таштай качып, араң кутулду. Ал эми айла-амал менен Садык бекти ордодон сүрүп чыккан Йакуб бек башкы колбашчылыкка дайындалды.

**«Жети шаар» мамлекетинин түзүлүшү.** 1865-1867-жж. Йакуб бек Чыгыш Түркстандагы Кашкар, Жар-

кент, Жаңы-Гисар, Хотан өңдүү ири шаарларда Кытай төрөлөрүнүн бийлигин кулатат. Көп өтпөй ал өзү менен теңтайлашкан Хан-кожо баш болгон кожолордун үстүнөн жеңишке жетишип, бийликти толук өз колуна алат. Ал түзгөн феодалдык мамлекет тарыхта **«Жети шаар мамлекети»** деген ат менен белгилүү. Аны Йакуб бектин же Бакдөөлөттүн мамлекети деп да атап кошат. Анткени ал Бузурук ханды Мекеге ажылыкка жөнөтүп, хандык тактыны тартып алган соң, өзүн бак-дөөлөт (бак, дөөлөтү башында, бакыт, бийлиги колунда деген мааниде) жарыялаган.

**Кыргыздардын көтөрүлүшкө катышуусу.** Кашкарга жакын аймактарды жана Ички Теңир тоону жердеген кыргыздар Чыгыш Түркстан элдеринин Цинь империясына каршы боштондук кыймылына жигердүүлүк менен катышты. Йакуб бек дагы аларды өз тарабына тартууга аракеттенип, Орусияга кошулууну каалабай, падыша аскерлерине катуу каршылык көрсөткөн кыргыз манаптарын (Үмөтаалы, Осмон) колдоп турган. Бекеринен Бак-дөөлөттүн атчандар кошуунунун көпчүлүк бөлүгү кыргыздардан куралбаса керек. Ошондой эле кыргыз жигиттери ордо шаарда аскер кызматын өтөшчү, чабармандык милдетти аткарышчу. Хан аларды ар дайым өзүнө жакын кармоого тырышаар эле. Чек ара аймагындагы айрым кыргыз уруулары Йакуб бектин бийлигин таанып, ага салык төлөшчү. Атүгүл анын бийлигин чыңдоодо да кыргыздар кыйла эмгек сиңирген.

Йакуб бек Ички Теңир-Тоону өз ээлигине кошуп алууга умтулган. Эгерде анын мындай максаты ишке ашса, мамлекети кыйла кеңейип, күч-кубаты артмак, кыштактарда, шаарларда дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соодагерлик кылып жан баккан калкты кыргыздар эт, сүт, май, жүн, тери ж.б. азык-түлүктөр, мал менен жабдып турмак. Ал эми Йакуб бектин кыргыздарга кылган мамилеси бул аймакты өз энчиси катары эсептеген орус төрөлөрүнө жага берген эмес. Ошондуктан Ала-Тоо округунун улугу теңир-тоолук кыргыздарга карата бак-дөөлөттүн аракеттеринен чочулап үзбөй көз салып турган. Алардын ынтымак-ымаласына жолтоо болуунун жолун издеген. Падыша өкмөтү Йакуб бектин мамлекетин атайлап тааныган жок. Бирок орус бийлиги Чыгыш Түркстандын жаңы өкүмдары менен байланыш түзүүдөн, соода, элчилик сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдөн баш тарткан эмес.

**1868-ж.** Йакуб бектин мамлекетин Улуу Британия (Англия) өз алдынча мамлекет катары таанып, эки өлкөнүн ортосунда элчилик байланыштар түзүлөт. Натыйжада Бакдөөлөт англиялыктардан жаңы курал-жарак (10 миң мылтык, бир нече батарея замбирек) алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Көп өтпөй Йакуб бектин мамлекетин Түркия дагы тааныды. Түркия султаны Йакуб бекке эмир мартабасын ыйгарган. Англиянын элчиси Дуглас Форсейт Йакуб бектин өтүнүчү боюнча Петербургга келип, падыша өкмөтүнүн өкүлдөрү менен бейтарап өлкө катары Кашкардын көз каранды эместигин таануу жөнүндө

сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн эле. 1872-ж. 6-майда Ак-Сай өрөөнүндөгү Чатыр-Көлдүн жанында Йакуб бек Түркстан генерал-губернатору Кауфман жөнөткөн орус элчилери менен жолугушуп, *эки өлкөнүн ортосундагы келишимге кол коюлат.* Келишимдин шарттарына ылайык орус соодагерлеринин Кашкарда соода жүргүзүү, анын ээлиги аркылуу бөлөк өлкөлөргө өтүү укугу кеңейип, такталган. Орус элчилери менен бирге Йакуб бек өз элчилерин Орусияга жөнөтөт. Бирок эки өлкөнүн ортосундагы мындай мамиле узакка созулбады. Орус аскерлери Хиванын басып алгандан кийин Йакуб бек Орусиядан алыстап, мамилесин үзөт да, чектеш жерлерди орус төрөлөрүнөн талаша баштайт. Ошондо ээлтен кыргыз элинин мекени Ат-Башы өрөөнү эки ортодо талашка түшкөн.

70-жж. Түркстан генерал-губернатору орус-кашкар чек арасын аныктоо жана Ат-Башыда Орусия үстөмдүгүн биротоло орнотуу максатында бул тарапта көп аскер топтогон болучу. 1876-ж. майда Кашкарга капитан А.Н.Куропаткин (Түркстандын кийинки генерал-губернатору, Орусиянын согуш министри) атайын тапшырма менен келип, Орусия үчүн пайдалуу келишим түзгөн. Жаңы келишим боюнча чек ара маселесинде Орусия империясы утушка ээ болду.

Ошол кезде кытай аскерлери кашкар-жуңгар согушунун натыйжасында түзүлгөн оңтойлуу кырдаалдан пайдаланып, Жуңгарияда цинь-манчжур үстөмдүгүн калыбына келтирет. 1877-ж. июнда Йакуб бек көз жумган соң анын уулдарынын ортосунда башталган так талашуу мамлекеттин кыйрашын тездетти. 1877-ж. декабрда кытай баскынчылары кайрадан Кашкарды ээлеп, бийлигин орнотот.

Йакуб бектин феодалдык мүнөздөгү чакан мамлекети аз убакыт, болгону он чакты жыл жашаганы менен Чыгыш Түркстан элдеринин тарыхында маанилүү роль ойногон. Бул мамлекет Цинь үстөмдүгүнө каршы жергиликтүү калктын боштондук кыймылынын шарданында пайда болгон жана анын андан ары өнүгүшүнө түрткү берген. Бул жылдары Синьцзянда цинь-манчжурлардын бийлиги убактылуу жоюлду, баскынчылар түпкү элдин эркиндик үчүн айбаттуу күрөшүнө кабылып, көптөгөн жоготууларга дуушар болду. Аскер күчтөрү жагынан артыкчылык жана Кашкардагы ич ара жаңжалдар гана Цинь төрөлөрүн жеңишке жеткирди.

? **Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Чыгыш Түркстанда көтөрүлүштүн чыгышынын себептери жөнүндө айтып бергиле.
2. Көтөрүлүш кандайча башталган жана ал кайсыл аймактарды кучагына алган?
3. Көтөрүлүш учурунда кандай хандыктар уюшулган?
4. Садык бек жөнүндө айтып бергидей болгула.
5. «Жети шаар» мамлекети кандайча калыптанган?
6. Көтөрүлүшкө кыргыздардын катышуусу тууралуу айтып бергиле.

## § 19. Дунган, калмак жана уйгур элдеринин Жети-Сууга журт которуулары. Бий Янху

**Сарт-калмактардын Ысык-Көлгө көчүшү.** Дээрлик 15 жылга созулган жалпы элдик кыймыл жеңилип калды. Эркиндикти эңсеп кан төккөн калк кытайлык аскерлердин аёосуз жазалоосунан баш калкалап жер кезип кетүүгө, кыргыз, казактардын арасына корголоого мажбур болду. Адегенде көчө качканы сарт-калмактар эле. Алар 1866-ж. Жети-Сууга көчүп келишет да, кийин кайра-кайра өтүнүп жатышып 1869-ж. Орусия мамлекетинин букаралыгына кабыл алынышат. Булардын уругу *зорган* деп аталчу. Алты сумундан (айылдан) турган качкындардан алгач эки болуштук: бири Ысык-Көлдө — Текес өрөөнүнүн төрүндө (**1317** түтүн), экинчиси Верный уездинде (732 түтүн) уюшулат.


Кийинчерээк, 1882-ж. Жогорку Иле чөлкөмү (1871-ж. Орусия ээлеп алган) Кытайга кайтарылганда алиги калмактардын көбү (5 айыл) Кытайга таандык аймакта калып, ал эми алтынчы айыл (240 түтүн) өз каалоосу менен Орусиянын ээлигинде калаары тууралуу бүтүм чыгарган. Аларды жалпы жонунан кара калмактар деп аташчу. Ал эми өздөрү өлөттөрбүз (өлөт) дешчү. Түпкү теги боюнча сарт-калмактар моңголдордун батыш канаты ойротторго, анын ичинен кара калмактарга же өлөттөр тукумуна кирет.

1882-ж. Кытай менен Орусиянын ортосундагы жаңы чек ара Капкак аркылуу (Текес өрөөнүндө) такталгандан кийин сарт-калмактар эски журтта эки жыл кыштašат да, 1884-ж. гана Көл кылаасына илгерилеп көчүп келишет. Көп өтпөй Каракол, Ырдык өзөндөрүнүн аралыгында Бөрү баш, Челпек, Таш-Кыя аймагы алардын түбөлүк конушуна айланат. Акырындык менен бул тегеректеги кыргыздарга ирегелеш сарт-калмактардын Бөрү-Баш, Челпек кыштактары өсүп чыгат.

Качкындар адеп келгенде көлдүк кыргыздар аларга текебер мамиле кылышпады, кыр көрсөтүшпөдү. Тескерисинче, алсыраган элдин демине дем кошуп, өбөк-жөлөк болушту. Натыйжада ач-жылаңач бир ууч эл тез арада ирденип, 1913-ж. карата 240 түтүндөн 366 түтүнгө (2262 киши), ал эми 1916-ж. карата 483 түтүнгө (2,9 миң киши) жеткен.

**Дунгандардын жаңы журтка көчүшү.** Дунган калкы Кытайдан Жети-Сууга 1877-1884-жж. *эки этап* менен келишет. *Биринчи этапта* (1877-ж.) дунгандардын бул тарапка көчүп келишинин негизги себеби жогоруда аталган көтөрүлүштүн жеңилип калышы болгон. Орусияга алардын букаралык абалы 1881-ж. орус-кытай келишими менен бекемделген эле. Бул келишимдин шарттарына ылайык дунгандарга жана уйгурларга ата журтунда — Синьцзянда калуу же Орусия ээлигине көчүп кетүү эркиндиги берилген. Албетте, бул мурдатан эле башталган өз бетинче көчө качууну мыйзамдаштыруу гана болучу.

Алгачкы этапта дунгандар орус — кытай чек арасын үч топко топтолуп, үч багытта бузуп өтүшөт. Тилекке кар-




*XIX к. аягы — XX к. башында Кыргызстандагы орус, дунган, уйгур калктарынын жайгаштырылышы*

шы, 1877-ж. кыш адаттагыдан тышкары өзгөчө суук болду. Кар калың түшүп, ашуу-белдерди күрткү басып жатты. Ошого карабастан качкындар чымындай жандын айынан баарына кайыл болуп, тобокелге салышкан.

Ганьсулук дунгандардын **Да-Сы-Фу** жолбашчылык кылган миңден ашуун кишиден турган алгачкы тобу Турпандан жөнөп 1877-ж. октябрдын аягы — ноябрдын башы ченде Беделдин белин ашып өтөт да, Караколго жете келет (1166 киши). Качкындардан кыргыздар жардамын аянбай, тамак-аштан, үй-жайдан каралашты. Кийинки жылы жазга маал келгиндерге Каракол-дун жанындагы көк өтөк Ырдыктан жер бөлүнүп берилген.

Кытай аскерлеринен куугунтук жеген дунгандардын дагы бир тобуна **Ма-Да-Жэнь** жетекчилик кылган. Синьцзяндык жана ганьсулук дунгандардан куралган бул топ (2 миңдей киши) Ак-Суудан чыгып, Марал башы, Эркеш там ашуусу аркылуу Түштүк Кыргызстанга башпаанек издеп кире качат. Ошондо ач бел, куу жондо калган бечараларга жол боюу кыргыздар эт-аштан, айран-сүт, ун-талкандан жана ат-көөлүктөн жардам кылышкан. Атүгүл Оштон 600дөй ат, төө топтолуп, унаа жөнөтүлгөн.

Шэньсилик дунгандардын **Быян-ху** (Бий Янху) баш болгон тобунун да сапары оңойго турган жок. Кычыраган кыш чилдеде Торугарт, Таш-Рабат, Кызыл-Бел сыяктуу бийик белдерди ашып, өлгөндөн калган дунган качкындарынын бул тобу 1877-ж. декабрдын башы ченде Нарынга келет. Мында бир аз тыныгып, аяк-башты жыйган соң, кайрадан жолго чыккан 3314 дунган декабрдын этегинде араң Токмокко жеткен. Жол боюу кезиккен кыргыз айылдары жолоочуларга мал, дан, баш калкалаганга боз үй, алачык жагынан каралашты. Ошондой эле Бий Янхунун өтүнүчү боюнча Токмоктон жолдогу кыргыз айылдарында калган оорукчан, сыркоо качкындар үчүн ун жүктөгөн арабалар жөнөтүлөт.

Дунгандардын Жети-Сууга ооп келишиндеги *экинчи этап* орус өкмөтү Иле чөлкөмүн Цинь бийлигине кайтарып берүүсү менен байланыштуу. Иле аймагын орус аскерлери 1871-ж. ээлеп алган эле. 1881-ж. Петербургда Орусия менен Кытайдын ортосунда Иле чөлкөмүн кайтарып берүү жөнүндө келишим түзүлгөндө дунган, уйгурларга Кытай букаралыгында калуу же орустарга караштуу Жети-Суу дубанына көчүп кетүү укугу берилген. Ошондо дунгандардын жаңы топтору жана уйгурлардын кыйла бөлүгү Жети-Сууга көчө башташат. 1884-ж. аягына карата бул тарапка Иледен 1147 дунган үй-бүлөсү же 4682 адам ооп келди. Жети-Ссууда баш аягы 10 миңден ашуун дунган, 45 миңдей уйгур орун-очок алган.

Уйгурлар негизинен Верный (Алматы), Жаркент (Панфилов) уезддерине, дунгандар Бишкек, Ысык-Көл уезддерине жайгашат. Ал эми Түштүк Кыргызстанга келген дунган, уйгурлар адегенде Ошко жакын жерде (Кара-Суу районунда) туруп калган.

**Келгиндердин орун алышы, административдик жайгашуусу.** Дунган, уйгурлар Жети-Сууга ооп келген кезде бул аймакта падышалык Орусия өз бийлигин орноткongo небак үлгүргөн эле. Падышалыктын Түркстандагы отор-

чул саясаты жер-суу маселесинде даана байкалып турду. Мыкты жерлердин бардыгын келгин орус дыйкандарына, казак-орустарга бөлүштүрүп берип, падышалык төрөлөр кыргыз, казактарды тоо-ташка, чөл-талаага сүрүп чыгарып жаткан эле.

Кийин керекке жаратуу үчүн ээн кармап турган жерлерден колониялык бийликтер дунгандарга убактылуу жер бөлүп бере баштайт.

Бий Янхунун тобу Токмоктон 8 км аралыкта Чүй суусунун оң жээгинде Кара-коңуз өтөгүнөн орун-очок алып, түбөлүккө туруп калышты. 1878-ж. аягына карата Кара-коңузга (азыркы Масанчын) отурукташкан дунгандардын баары салып, короо-жай куруп алганга үлгүрүшкөн эле. Аларга 10306 теше[1] жер берилген. Эзелтен дыйкан дунгандар жаз алды менен жер айдап, буудай, жүгөрү ж. б. дан эгиндерин, калемпир, буурчак, сабиз, сарымсак ж. б. жашылчаларды эгишти. Кийинчерээк сууга жакын жерлерге шалы (күрүч) эге башташат.

Ал эми Сокулукка келген дунгандарга 2064 теше жер бөлүштүрүлгөн. Бирок бул жер суудан өксүп тургандыктан, аларга буудай эгиш үчүн ыңгайлуу, Сокулук суусунун боюндагы кыргыздардын жери ыйгарылат. 1883-ж. Сокулукта 333 үй-бүлө өздөрү курган үйлөрдө жашап калышкан. Ошентип мурда ээн жаткан жерде Александровка деп аталган кыштак өсүп чыгат. Кыргыздар бул кыштакты Сокулук, дунгандар Сохулу деп коюшчу. Дунгандардын айрым бир чакан топтору шаарларда калып, шаардын чет-жакасында өзүнчө слободкаларды[2] негиздешкен. Мисалы, Бишкекте дунган слободкасы 1882-ж. пайда болгон. Адеп уюшулганда анда 150 үй-бүлө турчу. Мындай слободка Токмокто да пайда болгон. Акырындап чачылган эл аяк-башын жыйды, үчүгү узарып, үзүлгөнү уланды, тукуму өсүп саны арбыды. 1897-ж. эл каттоо боюнча облуста жашаган уйгурлар 56 миңге жетип, дунгандардын санынын 14 миңден ашканы буга күбө (45 миң уйгур, 10 миң дунган келген эле).

Келгиндер Жети-Сууга көчүп келгенден кийин алар отурукташкан аймактарда Мариинск (Ырдык), Кара-коңуз (кийинчерээк Николаевск аталган), Александровка (Сокулук), Жаркент (Жаркент уездинде, Казакстанда), Жалпак-Дөбө (Олуя-Ата — Тараздан 5-6 км аралыкта) болуштуктары уюшулат.

Кыштактарда бийлик толугу менен болуштардын (волостной управитель), казылардын (сот) жана старчындардын (старшина — элүү башы) колунда болучу. Алар айылдардан атайын жөнөтүлгөн шайлоочулар чогулган жыйында үч жылдык мөөнөткө шайланышчу.

Акырындык менен болуштардын, старчындардын бийлиги күчөп, алыксалыктар арбыды. Буга падышалык Орусиянын Түркстандагы колониялык саясаты кошул-ташыл болуп, келгиндердин турмуш-тиричилигине терс таасир этпей койгон жок.

---

[1] Теше – орустардын жер аянтынын бирдиги, өлчөмү – десятинага байланыштуу ченем. 1 десятина – теше 1,09 гектарга барабар.

[2] Слободка – шаарга жакын жайгашкан же четинде чектеш кыштак.

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Чыгыш Түркстандагы элдердин көтөрүлүшүнө эмнелер себеп болгон?
2. Йакуб бек жана анын мамлекети жөнүндө эмнелерди билесиңер?
3. Дунгандардын көтөрүлүшү кайда жана качан болгон?
4. Сарт-калмактардын Жети-Сууга журт которуусу жөнүндө айтып бергиле.
5. Дунгандар менен уйгурлардын көчүп келиши тууралуу айтып бергидей болгула.
6. Кыргызстанга көчүп келген калктар кайсы аймактарга отурукташкан?



*Кыргыз жоокерлери*

# VII глава. КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮН ОРУСИЯНЫН КУРАМЫНА БИРИКТИРҮҮ

## § 20. Кокон көтөрүлүшү (1873—1876-жж.)

**Көтөрүлүштүн себептери.** XIX к. 60-жж. аягы — 70-жж. башы ченде хандыктын жалпы калкынын, анын ичинде түштүк кыргыздардын абалы өтө оорлоп кеткен эле. Кокон хандыгынын Орусиянын вассалына айланышы буга себеп болду. Орусия мамлекети менен тирешүү учурундагы жеңилүүлөр, көп миңдеген калкы, Ташкент, Чымкент, Ходжент сыяктуу бай шаарлары бар зор аймактан айрылуу хандыкты аябай алсыратып, казынасын жардыланткан ж.б. көптөгөн чыгашаларга дуушар кылган.

Таш боор, канкор хан жана анын жан-жөкөрлөрү чыгашаларды элдин эсебинен толуктоону көксөп, салыктардын санын, өлчөмүн көбөйтүшөт.

Эзүүнүн ар кандай түрлөрү кыргыздардын абалын кыйла кыйындатып, зулум хандын бийлигине каршы боштондук кыймылына түрткөн.

Кокон хандыгына караган бөлөк аймактардагыдай эле Кыргызстандын түштүгүндө да мыйзамсыздык, зордук-зомбулук жана аксымдык өкүм сүрүп, элдин нааразылыгын күчөткөн. Хандын канкор аким, бектери бейкүнөө калктын канын төгүп, кырып-жоюудан кайра тарткан эмес. Кокондук сарбаздар эч себепсиз кыргыз айылдарын талап-тоноп, каршылык көрсөткөн кыргыздарды өлтүрүп коюп турушчу. Атүгүл секелек кыргыз кыздарын тартып алып, өспүрүм балдарды кулдукка сатып жиберишчү.

Кокон хандыгында айрыкча Кудаяр хан заманында алык-салыктын саны арбып, өлчөмү өскөн. Аксымдыгы, ач көздүгү менен калайык-калкка жек көрүндү болгон Кудаяр хан хандык бийлигинин акыркы жылдарында казынасын байлыкка толтурууну, жеке өзү туйтунууну эңсеп, алык-салыктын көптөгөн түрлөрүн ойлоп табат. 70-жж. башына карата Кокон хандыгына көз каранды калк салыктын 20дан ашык түрүн төлөп турду. Бу кезде хандыкта мал салыгы, соода-сатык салыгы, эгинчилик, багбанчылык, көмүрчүлүк, камыш, чөп салыгы ж.б. салыктар алынчу. Чычырканак кыркканда, куурай чогултканда, тезек тергенде да салык төлөнчү. Атүгүл Кудаяр хан дүйнөдөн кайткан кишинин мүлкүнүн $^{1}/_{40}$ бөлүгүн салык катары алуу адатын киргизген. Кыз күйөөгө чыкса (10 теңге, 2 сом), жигит үйлөнсө салык төлөөгө милдеттүү болгон.

Кыргыздар үчүн өзгөчө малдан алынчу зекет өтө оорлоп, ал мурдагыдан үч-төрт эсе көп алына баштайт. XIX к. 30-жж. 100 койдон бир кой зекет алынса, 50-жж. 40 койго бир кой, 70-жж. 25 баш койго бир кой мал салыгы салынган. Булардан тышкары ар бир түтүндөн үчтөн кой, бирден жылкы аскер салыгы катары жыйналчу. Аскер салыгы адат боюнча согуш маалында жыйналууга тийиш эле. Бирок хандын

салыкчылары аны тынчтык учурда деле жыйнай беришчү. Элден ашыкча жыйнаган алык-салыктын эсебинен аким, бектер, салыкчылар (зекетчилер) оңойолтоң байлыкка туйтунушуп, уламдан-улам алардын ачкөздүктөрү артып бара жатты. Айрыкча Кудаяр хандын өзү аябагандай байып, анын байлыгы алтын акча менен 7 млн. сомго жеткен. Кудаяр хан таш боор, кара мүртөз, кыянат жана канкор хан болгон. Кийинки беш жыл ичинде эле (1866-1871) анын буйругу боюнча 3000 кишинин өлүм жазасына тартылганы буга далил.

Кыргыздар үчүн хандын аскеринде кызмат өтөө да кыйын иш, оор сыноо боло турган. Анткени аскер кызматынын атайын белгиленген мөөнөтү, чеги болгон эмес. Жоокерлер кызмат өтөөгө керектүү ат-көөлүк, курал-жарак ж.б. өздөрү камдачу. Тынчтык учурда түштүк кыргыздар ханга кызмат өтөө үчүн 500 үтчан жоокер жөнөтүп турушкан. Ал эми согуш мезгилинде хан кыргыздардан каалашынча кошумча аскер алууга аракеттенчү.

Өзбек кедей-кембагалдары сыяктуу эле кыргыз жарды-жалчылары мамлекеттин, хандын пайдасына бекер иштеп беришчү: арык казышчу, арыктарды тазалашчу, жолдорду, көпүрөлөрдү, чептерди ж.б. курушчу, оңдошчу. Алардын эмгек шарттары адам чыдагыс, жашоосу өтө оор болгон. Ар кандай жугуштуу оору-сыркоолорго тез-тез чалдыгып турушкан.

Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын өздөрүнө таандык дыйканчылык кылууга ыңгайлуу ойдуң жерлерден сүрүлүп калышы алардын турмуш-тиричилигине терс таасирин тийгизбей койгон жок. Ушундай кыянатчылык менен кыргыз дыйкандарынын жерлерин тартып алуу Кудаяр хандын тушунда бөтөнчө күч алат.

Кокон ханы көпчүлүк учурда кыргыздардын үрп-адат, каада-салттарын эске албай, жалаң шариятка таянып каалаганын жасачу.

Түштүк кыргыздардын жашоо шарттарынын уламдан-улам начарлашы, хандык эзүүнүн күндөн-күнгө күчөшү, аким, бектердин зордук-зомбулуктары Фергана, Алай, Анжиян аймактарынын зор бөлүгүн камтыган хан бийлигине каршы жаңы көтөрүлүштүн башталышына өбөлгө түздү.

**Көтөрүлүштүн башталышы жана жүрүшү (биринчи баскыч, 1873- 1874).** Тарыхта Кокон көтөрүлүшү деп аталып калган түштүк кыргыздардын эң ири боштондук кыймылы кеңири аймакты кучагына алып, ага 100 миңден ашуун адам катышты. 1873-ж. башталып, 1876-ж. чейин созулган бул көтөрүлүштү илимпоз тарыхчылар **эки баскычка** бөлүшөт жана антифеодалдык, элдик-боштондук мүнөздөгү кыймыл катары баалашат.

Көтөрүлүштүн **биринчи баскычында (1873-1874)** эл массалары түздөн-түз Кокон хандыгына каршы күрөшкөн. Ал эми **экинчи баскычында (1875-1876)** кош душманга каршы күрөшүүгө — Кокон колунан башка падыша аскерлери менен да кармашууга туура келди. Анткени көтөрүлүшкө чыккан калктын чечкиндүү соккуларынан алсыраган Кокон ханына эми падыша өкмөтү көмөк көрсөтө баштаган болучу. Кокон хан-

дыгы ошол кезде падышалык Орусиянын вассалы, ага жарым-жартылай көз каранды мамлекет эле. Ошондуктан орус падышасына эмгекчи элге караганда хандын керт башынын кызыкчылыгы артык болгон.

Көтөрүлүштүн алгачкы белгилери 70-жж. башында эле байкала баштаган. Алсак, 1871-ж. эрте жазда Сох жергесин жердеген кыргыздардын арасында хан бийлигине каршы толкундоолор башталат. Толкундоолорго акырындап алайлык кыргыздар жалпы катышат. Көп өтпөй бул тарапка Кокон ханы башкы аскер башчысы Наиб Атабек баштаган 2 миң сарбазын жөнөтүп, толкундоолорду күч колдонуу менен араң токтоткон болучу. Элет элине сүр көрсөтүп коркутуу үчүн сарбаздар колго түшүргөн 12 кишини хан Кокондо өлүм жазасына тартат. Бирок хандын мындай таш боордук аракети кыргыздардын наразылыгын ого бетер күчөтүп, аларды чыйралтты, эркиндик үчүн чечкиндүү күрөшкө түрттү.

Алайлык кыргыздардын толкундоолору Түштүк Кыргызстандагы жалпы элдик көтөрүлүштүн алгачкы эпкини гана болучу. Элдик боштондук кыймылынын кубаттуу толкуну 1873-ж. жаз-жай айларында башталып тез арада кеңири аймакка кулач жаят. Көтөрүлүшкө хан салыктын кескин арбышы шылтоо болгон. 1873-ж. жазында Кудаяр хан Кокондун түштүк-чыгыш тарабындагы кыргыз айылдарына салыкчыларын жиберип, мурдагыдан үч эсе көп салык талап кылат. Буга чейин ар бир түтүнгө бирден кой салык салынса, эми ач көз хан үчтөн кой салык салган эле. Кыргыздар мындай хан салыкты төлөөдөн караманча баш тартып, салык жыйнаганы келген төрөлөрдү токмоктошот. Алар жыйноого үлгүргөн мал-мүлктү тартып алышат, атүгүл айрымдарын өлтүрүп салышат. Бул окуя тууралуу кабар жетээри менен Кокон ханынын каары кайнап, эч кандай аёосуз жазалоо үчүн сыпайлар кошуунун жөнөтөт. Ошол кезде көтөрүлүшкө алайлык кыргыздар жапырт чыга башташкан эле. Көп өтпөй көтөрүлүшчүлөргө кыпчактар да кошулушкан. Бирок сыпайлар менен айыгышкан айкашта кыргыз, кыпчактар жеңилип калат да, 20 миң түтүн кыргыздар менен 10 миң түтүн кыпчактар тоо таяна чегинип кетет. Алгачкы жолку кармашта жеңилип калганы менен аксым хан бийлигине каршы көтөрүлгөн калк күрөштү биротоло токтотуп койгон жок. Кыргыздар менен кыпчактар жаңы кармаштарга чечкиндүү түрдө камдана башташат.

Улам жаңы аймактарга жайылып бара жаткан элдик кыймылдан чочулаган Кудаяр хан кыргыздарды айла-амал менен тынчытууну көздөп, кыргыз айылдарына Абдурахман афтобачыны жөнөтөт. Ал мындан бир аз мурдараак Меккеге барып ажы наамын алып кайткан эле. Кыргыз, кыпчак ичинде анын баркы бар болучу. Абдурахман афтобачы кыргыздар менен кыпчактарды убактылуу күрөштү токтото турууга көндүрөт. Анын кеңеши боюнча кыргыз, кыпчактын кадырлуу аксакалдарынан турган 40 киши хан ордосуна элдин арыз-муңун, талаптарын айтуу үчүн элчилер катары жөнөтүлөт. Абдурахман афтобачы алардын өмүрүнө, коопсуз-

дугуна кепил болмок. Ал Кудаяр ханга элчилердин айткан арыз-арманын угууну, абайлап иш кылууну, көтөрүлүшкө чыккан кыргыз, кыпчактарды тынчтык жолу менен тынчытууну сунуш кылган. Бирок канкор хан эч кепке келбей, айткан акылга көнбөй, элчилердин башын алууга буйрук берет. Хандын мындай мыкаачылыгы калайык калктын кыжырын кайнатып, ого бетер чыйралтты, кайратына кайрат кошту.

**Элдик кыймылдын күч алышы.** Ушул кайгылуу окуядан соң кыргыздар Кокон хандыгына каршы ачыктан-ачык чечкиндүү күрөшкө көтөрүлөт. Эки тараптын ортосундагы эрегишкен кандуу кармаш 1873-ж. **июль айында** башталган. Көтөрүлүшчүлөр Өзгөндү жана хандын жашыруун казынасы катылган тоо арасындагы Сох чебин ээлеп алышат. Кыргыз, кыпчак кошуундары хандын бир тууганы, Маргалаңдын беги Муратбектин колун талкалап, Коконду көздөй чабуул коюшат. Аз убакыт ичинде Өзгөн, Ош, Үч-Коргон, Сузак жана Булак-Башы сыяктуу калаа, чеп, кыштактар көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өтөт. Ушул жеңиштердин учурунда хандын 3 миңдей (айрым маалыматтар боюнча 5 миң) сарбазы көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетет. Мындан тышкары 300 аскер туткунга түшкөн эле. Кокондо туруудан корккон Кудаяр хан Маргалаңга көчө кашат да, Абдурахман Афтобачы колбашчылык кылган аскерин көтөрүлүштү басуу үчүн жөнөтөт. Бирок эки тараптан тең көп жоготуулар менен коштолгон бир нече жолку салгылашуудан кийин Төрө-Коргонго жакын жердеги чечүүчү кармашта Афтобачынын колу оор



*Кокондук саясий ишмерлер: Абдрахман афтобачи менен Иса олуя*

жеңилүүгө дуушар болот. Колбашчы башаламан качкан бирин-серин аскери менен Коконго чегинет.

Көтөрүлүш уламдан-улам жаңы аймактарга кулач жайып, ага кыргыз, кыпчактардан тышкары өзбектер да катыша баштайт. 1873-ж. күз айларына карата түштүк кыргыздардын дээрлик баардыгы көтөрүлүшкө чыккан эле. Көтөрүлүш өтө күч алган кезде ага Түштүк Кыргызстанды мекендеген 42 урук (132500 түтүн) кыргыз катышкан. **Бул анык элдик-боштондук кыймылы болучу.** Анын жүрүшүндө эл ичинен таанымал, эл ишенип ээрчиген жолбашчылар чыкты. Алардын бири **Мамыр Мерген уулу** Анжиян кыргыздарынын кыймылына жетекчилик кылды. Ал эми чаткалдык кыргыздардын башында **Момун Шамурзак уулу** турган. Көтөрүлүштүн дагы бир жолбашчысы **Пулат хан (Исак молдо)** болгон.

**Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астындагы Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү.** ***Мамыр Мерген уулу*** Анжиянда туулган экен. Ал 1873-ж. жаз-жай айларында Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшүнө жетекчилик кыла баштайт. Көтөрүлүшкө чыккан кушчу, мундуз, багыш, басыз, карабагыш уруулары аны өздөрүнө жолбашчы кылып алышкан эле. Ал адегенде Ханабат каласына чабуул жасап, калааны ээлеп алат. Бирок Кокондон келген кошумча аскер күчтөрү менен соңку кармашта жеңилип, 300дөй кишисинен ажырап калат. Ошондо колго түшкөн кыргыздарды кокондуктар мыкаачылык менен жазалашкан. Элдин жүрөгүнүн үшүн алыш үчүн ар бир кыштакка 5-7 туткунду алып келип, казыкка олтургузуп, кыйнап өлтүрүшкөн. Сарбаздар аялдарды, балдарды дагы аяган эмес. Атүгүл боюнда бар аялдардын кардын жарып, ымыркай балдарынын өмүрүн кыюудан кайра тартышпады. Бул жеңилүүдөн алсырай түшкөн кыргыздардын бир бөлүгү — 1700 түтүн эл — Жети-Суу облусуна караштуу аймакка тоо таяна көчө качат. Аларга кокондук төбөлдөр киши жиберип, кайра кайтып келүүгө үгүттөйт. Ошентип качкындардын бир кыйласы өз айылдарына кайтып келишкен.

1873-ж. августтун орто ченинде Өзгөн чөлкөмүндө кокондуктар кыргыздарга капысынан кол салат. Бу сапар кыргыздардан 40 киши өлүп, 60 киши туткунга түшөт. Бирок Кокон ханы кыргыздарды биротоло тынчыта албады. Болгону көтөрүлүшчүлөрдүн жоон тобу күзгө жуук Тогуз-Торо тарапка жылган. Ал эми Мамыр Мерген баштаган чакан топ Кара-Кулжага убактылуу ооп кетет. Кийинки жылы эрте жазда Мамыр Мерген хан бийлигине каршы кайрадан күрөш баштады. Ал тез арада Өзгөндү, Базар-Коргонду ээлеп, Анжиянга жортуул уюштурду. Кезинде ал Кашкар аймагын мекендеген кыргыздарды да көтөрүлүшкө тартууга аракет кылганы белгилүү. Көп өтпөй Кокон ханы Мамыр Мергендин көтөрүлүшүн басуу үчүн 2000 сарбаз жөнөтөт. Ахмат бек Баатыр башынын колбашчылыгы астындагы Кокон колу кыргыздарды Базар-Коргондон сүрүп чыккан. Ошондо кыргыздардын чоң тобу туткунга түшүп, мал-мүлкү олжого кеткен. Натыйжада кыргыздардын кыйласы кайрадан Токмок уездиндеги Капка капчыгайына көчүп кетүүгө мажбур болушту.

Көтөрүлүш учурунда орус бийлиги орус падышасынын вассалы болгон Кокон ханын колдоп турган. Падышалык чиновниктер кыргыздардын кыймылын басууда ханга ачыктан-ачык жардам көрсөтүүдөн да тартынган эмес. Алсак, 1874-ж. 15-июнда орус аскерлери Мамыр Мерген уулун кармап келип, Токмок уездинин акими аны түрмөгө камайт. Кийинчерээк Түркстан генерал-губернаторунун буйругу боюнча элдик жолбашчы Лепса станциясына сүргүнгө айдалган. Орус бийлиги андан аябагандай чочулап, катуу көзөмөлгө алган.

**Пулат хан. Момун Шамурзак уулунун жетекчилиги астындагы көтөрүлүш.** 1873-ж. жайында Кокон хандыгына каршы күрөшкө көтөрүлгөн кутлук, сеит, найман урууларына **Молдо Исак Хасан уулу (1844-1876)** жолбашчылык кылды. Ал өзүн Алим хандын небереси **Пулат хан** деп атаган. Анын өз атасы ичкилик уруусунун бостон уругунан чыккан Хасан деген киши болгон. Хасан кезинде Маргаландагы «Ак медреседе» мударис-

тик кылып, бала окуткан. Исак атасынын жолун жолдоп, адегенде башталгыч диний мектепте, кийин Кокон менен Маргалаң медреселеринде окуган билимдүү киши болгон. Бир нече жыл Охна кыштагында, бостон уругунун арасында жашагандыктан ал хан бийлигинин азабын тарткан кыргыз туугандарынын ой-тилегин, санаасын эң жакшы билчү. Ошондой эле анын хан ордосундагы опурталдуу окуялардан, хандыктагы саясий абалдан жетиштүү кабары бар эле. Анткени ал Анжиян, Ташкент шаарларында да жашап кеткен болчу. Турмуштук мындай бай тажрыйба көтөрүлүш башталганда Исактын эркиндикти эңсеген элдин жолбашчысы болуп калышынын башкы себеби болсо керек.

Адегенде аны Чаткалга жакын арадагы Ала-Бука, Ахтам, Нанай, Көк-Жар, Мамай жана Сафид-Булан кыштактарынын аксакалдары Пулат хан катары кабыл алышкан. Көтөрүлүшчүлөр Пулат хандын жолбашчылыгы астында Наманган шаарын көздөй жөнөйт. Сафид-Булан менен Ала-Буканын ортосунда көтөрүлүшчүлөр хан жөнөткөн жазалоочу кошуунга кол салып, аны зор жоготууга дуушар кылышат. Эми Көкүм-бий жана Юмалахшейх кыштактарынын калкы да Пулат хан тарабына өтөт. Кудаяр хан Наманган, Төрө-Коргон жана Жаңы-Коргон калааларынан көп аскер топтоп, Пулат ханга каршы жөнөтөт. Хандын аскери сан, курал-жарак жагынан көтөрүлүшчүлөрдөн бир топ артыкчылык кылган. Эрегишкен салгылашуу Кокон колунун жеңиши менен аяктап, Пулат хан Чаткалды көздөй кетүүгө аргасыз болгон. Ошондон көп өтпөй лейлектик кыргыздар көтөрүлүшкө чыгышкан. Алар алгачкы салгылашууда Кокондон келген кошуунду тыптыйпыл талкалап салышат. Буга каарданган хан



*Пулат хан*

кыргыздарды жазалоо максатында Лейлекке Абдурахман Афтобачы баш болгон 1000 аскерди шашылыш түрдө жиберет. Ал адегенде айлакерлик менен элди алдап таркатат. Андан соң 400 кишини колго түшүрүп, Коконго айдап келет. Аларды хан өлүм жазасына буюрган.

**Чаткалдагы көтөрүлүш.** Июлдун аягы ченде Чаткал кыргыздары залим ханга каршы чечкиндүү күрөшкө көтөрүлүштү. 10 миңдей адам катышкан бул кыймылга Момун Шамурзак уулу менен Пулат хан жетекчилик кылышты. Көтөрүлүшчүлөр Чаткалдан Ала-Бука капчыгайы аркылуу Касан шаарын көздөй жөнөшөт. Жолдо алар Чартак, Жаңы-Коргон чептерин ээлешет. Касандын акими Төрө-Коргонго качып, калаанын калкы кыргыздарга кошулуп кетет.

Күндөн күнгө күч алып бара жаткан элдик кыймыл хандын шаштысын кетирген. Айласы кеткен Кудаяр хан аскеринин

дээрлик баардыгын (7 миң жөө аскер, 1000 атчан аскер) көтөрүлүштү эптеп токтотуу үчүн жөнөтөт. Начар куралданган, жакшы уюшулбаган карапайым калк камкашеги шайма-шай хан аскерлери менен кармашта жеңилип калат. Төрө-Коргондун жанындагы айкаштан соң Пулат хан Кокондун түндүк-батыш тарабына топ аралай качып кутулат. Ал эми Момун Шамурзак уулу Чаткалга кайтат.

Ушул окуялардын учурунда Түркстан генерал-губернатору ачыктан-ачык Кокон ханына колдоо көрсөткөн. Анын буйругу боюнча Олуя-Ата уездинин акими жергиликтүү бир нече болушту Момун Шамурзакты таап кармап келиш үчүн Чаткалга жөнөтөт. Алардын артынан Чаткалга казак-орус кошууну келет да, элдик жолбашчы кармалып, 1874-ж. 24-августта Олуя-Ата түрмөсүнө камалат. Бирок көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар хандын аскерлерине каршы күрөштү токтоткон жок. Абдурахман Афтобачы колбашчылык кылган кокондук аскерлер менен кыргыздардын ортосундагы кийинки кагылышуу сентябрда Намангандын түндүк тарабындагы Кызыл-Тогой деген жерде болду. Бул кармаш көтөрүлүшчүлөрдүн толук жеңилиши менен аяктады.

Андан көп өтпөй Кокон аскерлери Чаткал аймагындагы элдик кыймылды да баскан. Ошентип, 1874-ж. ноябрь айынын орто ченинде Кокон хандыгына каршы кыргыздардын бөштондук күрөшүнүн биринчи этабы аяктайт. Көтөрүлүштү басууда хандын жазалоочу аскерлери мыкаачылыктын үлгүсүн көрсөтүштү. Алар эч кимди, атүгүл балдарды, аялдарды, чал-кемпирлерди да эч аяшкан эмес. Далай айылдарды, кыштактарды талап-тоноп, өрттөп, жүздөгөн адамды дарга асышты. Кыргыз айылдарын кыйратып, көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз жазалоодо сиңирген эмгеги, канкор ханга кылган «ак кызматы» үчүн Абдурахман Афтобачыга парваначы наамы ыйгарылды.

Кудаяр хандын ээгүүсүнө каршы кыргыздардын көтөрүлүшү күчтөп басылганына карабастан, Кокон хандыгын кыйла алсыратты. Элдик кыймыл биротоло токтоп калган жок. Кышында ашуу-белдерге калың кар түшүп жолдун бүтөлүшү, өз ара катташуунун кыйындашы кыргыздарды убактылуу тынч турууга мажбурлаган эле. Алар алдыда боло турган дагы далай кармаштарга камынып жатышты.

Көтөрүлүштүн жүрүшүндө орус падышасы ханга жан тартып, жардам көрсөтөрүнө, анын таламын талашарына кыргыздардын биротоло көзү жетти. Ошондуктан алар мындан ары орус падышасына, падыша аскерлеринин душмандык аракеттерине да каршы күрөшмөй болушту.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Кокон көтөрүлүшүнө эмнелер себеп болгон?
2. Көтөрүлүш кандайча, кайда башталган?
3. Көтөрүлүштүн күч алышы тууралуу айтып бергиле.
4. Көтөрүлүштүн баскычтарга бөлүнүшү жөнүндө айтып бергиле.
5. Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү жөнүндө эмнелерди билесиңер?
6. Мамыр Мерген уулу жөнүндө эмнелер эсиңерде калды?
7. Чаткалдагы көтөрүлүштү кыскача баяндап бергиле.
8. Пулат хан, Момун Шамурзак уулу жөнүндө айтып бергиле.

## § 21. Элдик кыймылдын экинчи этабы

**Элдик кыймылдын жаңы толкуну**. Көтөрүлүштүн экинчи этабы **1875-ж. июль айынын орто** ченинде Өзгөн шаарынын айланасындагы кыргыздардын жаңы кыймылы менен башталды. Кудаяр хандын аксымдыгы, элди эзүүнүн ого бетер күчөшү көтөрүлүштүн жаңы жогорулашына себеп болгон эле. Ач көздүгү ашынган хан мурдагы адаты боюнча салыктын жаңы түрлөрүн ойлоп табууну, аны арбын алууну уланта берген. Айрыкча кыргыздардын абалы оор болчу. 1874-ж. күзүндө кыргыздарга көтөрүлүш чыгарганы үчүн айып катары *кошумча салык* салынган. Эми зекет төлөөдөн тышкары кыргыздар аскер кызматын өтөө үчүн, курал-жарак менен жабдылган чоң кошуун жөнөтүүгө милдеттендирилет («кыл куйрук»). Хандын мындай кордугу элдин нааразылыгын күчөтүп, кайрадан күрөш башташына түрткү болду. Кыргыздар менен кыпчактар активдүү катышкан бул жалпы элдик көтөрүлүшкө **Пулат хан** жетекчилик кылды. Кыймылга өзбектер да катышкан.

**Лейлектик кыргыздардын кыймылы.** 1875-ж. башында Пулат хан Чаткалдан Лейлекке келип, жергиликтүү кыргыздардан кол курай баштайт. Бул кезде лейлектик кыргыздардын арасында хан бийлигине каршы жаңы толкундоолор башталып калган эле. Бирок кыргыз, өзбек калктарынын хандын эзүүсүнө каршы чечкиндүү күрөшкө чыгышы июль айына туура келет. Ошол кезде көтөрүлүш Ош, Өзгөн шаарларына чейинки кеңири аймакка кулач жайып, анык жалпы элдик кыймылга айланган эле. Ага калктын ар кандай катмарлары: дыйкандар менен малчылар, соодагерлер менен кол өнөрчүлөр, феодалдар менен дин кызматкерлери да катышкан.

Көтөрүлүштү тез арада басыш үчүн Кудаяр хан Абдурахман Афтобачы ж.б. колбашчылык кылган 4 миң аскерин жөнөтөт. Бирок хандын аскерлери июлдун орто ченинде Үч-Коргон кыштагына келгенде көтөрүлүшчүлөр тарабына өтүп кетишет. Алардын артынан Кудаяр хандын тун уулу, Анжиян вилайетинин беги Насырэддин чыккынчылык кылып, 5 миң аскери менен көтөрүлүшчүлөргө кошулат. Көп өтпөй көтөрүлүшчүлөр тарабына хандын бир тууганы, Маргалаң беги Султан Муратбек да өтүп кеткен. Айта кетчү нерсе, алардын ар биринин жашыруун максаттары, ханга таарынычтары бар эле. Эң башкысы алардын баары эркиндик үчүн күрөшкө чыккан элге таянып хандык тактыны ээлеп алууну эңсешкен. Убактылуу көтөрүлүшчүлөргө кошулганы менен ханзаадалар, хандын аскер башчылары калктын мүдөө-тилегин орундатмак эмес.

Өзбек, кыргыз, кыпчактардан куралган Кокон колунун көпчүлүк бөлүгүнүн көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетиши көтөрүлүштүн ого бетер күч алышына шарт түздү. Натыйжада кыска убакыттын ичинде көтөрүлүшчүлөр Ош, Наманган, Анжиян, Асаке жана Маргалаң шаарларын ээлеп, ордо шаар Коконго жакындап кирип келишет.

**Насырэддин хандын бийлиги.** Көтөрүлүштү токтото албасына көзү жеткен Кудаяр хан 20-июлда Түркстан

генерал-губернатору Кауфманга киши жиберип, Коконго тезирээк аскер жөнөтүүсүн өтүнөт. Бирок хан жардамдын келишин күтпөй, 22-июлда Кокондон чыгып кетип жаткан орус элчилери менен кошо орус аскерлеринин коштоосунда ордосун таштай качты. Көп өтпөй көтөрүлүшчүлөр Коконду ээлеп, салт боюнча ханзаада Насырэддин бек хан көтөрүлөт. Ал эми Пулат ханды Абдурахман Афтобачы баш болгон мансапкор төбөлдөр Махрам чебине камап коюшкан. Кийинчерээк ал камактан качып чыгып, Чаткалга кеткен эле.

Насырэддин хан көтөрүлгөндөн кийин Абдурахман Афтобачы менен бирге көтөрүлүшкө чыккан элге таянып, хандыктын көз каранды эместигин, мурдагы чек арасын калыбына келтириш үчүн Орусияга каршы күрөшө баштайт. Бирок Насырэддин хандын жана анын жан-жөкөрлөрүнүн мындай аракети ийгиликсиз аяктады. Анткени падыша аскерлери курал-жарагы, саны, машыгуусу жагынан кыйла артыкчылык кылган. Аларды көптөгөн салгылашууларда такшалган, атайын билими бар аскер башчылар башкарган. Ошондуктан Кауфман башкарган орус кошууну Махрам чебинин жанында Кокон колуна сокку уруп, 29-августта Коконду ээлейт. Сентябрь айында падыша аскерлери эч кандай салгылашуусуз эле Маргаланды ээледи. Полковник М.Д.Скобелев башкарган кошуун Абдурахман Афтобачынын артынан сая түшүп, Миң-Төбөдө өткөн айкашта жеңишке жетишет. Андан соң Скобелев Ош шаарына кирип барат.

22-сентябрда түзүлгөн жаңы келишим боюнча Кокон хандыгы Орусияга мурдагыдан да көбүрөөк көз каранды болуп калды. Келишимдин шарттарына ылайык Кокон хандыгы 1876-ж. өтө көп өлчөмдө, жылыга 500 миң сом контрибуция төлөмөк. Сыр-Дарыянын оң жээгиндеги Кокон хандыгынын ээлиги Орусиянын карамагына өтмөк. Жаңыдан Орусия ээлигине өткөн Наманган чөлкөмүнүн акимдигине кийинчерээк полковник Скобелев дайындалат. 28 пункттан турган бул келишим падышалык Орусия тарабынан талоончул мүнөздөгү келишим болучу. Ал кыргыз, кыпчак, өзбек ж. б. элдердин үстүнөн ээзүүнү күчөтүп, алардын абалын ого бетер оорлотту. Натыйжада орус төрөлөрү менен ымала кыла баштаган Насырэддин хандын эл ичинде баркы кетип, ага нааразы калк кайрадан көтөрүлүшкө чыгат.

**Пулат хандын хан көтөрүлүшү.** Хан бийлигине, анын колдоочусу орус бийлигине каршы кыймылдын башында кайрадан **Пулат хан** турду. Насырэддин хандын хандык бийлигин таануудан баш тарткан кыргыз, кыпчак билермандары Анжиянга жакын Бута-Кара кыштагына чогулуп, Пулат ханды эзелки салтка ылайык ак кийизге отургузуп хан көтөрүшөт. Ошондо Түркстан генерал-губернатору Кауфман хандыктын калкына атайын чакырык менен кайрылган. Ал Пулат ханды кармап берүүнү, Насырэддин ханга баш ийип көмөк көрсөтүүнү талап кылган болучу. Ошол эле учурда Кауфман көтөрүлүштү тезирээк басыш үчүн Анжиянга генерал-майор Троцкийдин ири аскер бөлүгүн жөнөткөн. Орус аскерлерине каршы күрөшүү максатында Анжиянга жыйылган 70 миңге жакын өзбек, кыргыз, кыпчактар душманга катуу каршылык көрсөтүп, жан аябай салгылашты. Бирок даярдыгы, курал-жарагы начар, жакшы уюшулба-

ган көтөрүлүшчүлөр акыры жеңилип, Анжиян шаары жоонун колуна өттү.

Ошого карабастан элдик кыймыл хандыктын бөлөк аймактарында улана берген. Айрыкча Асаке кыштагы жайгашкан аймак көтөрүлүштүн чордонуна айланып, бул жерге туш тараптан эл агылып келе баштайт. Асакеде убактылуу туруп калган Пулат хан аз убакыттын ичинде 12 миң атчан аскер топтогон. Алардын негизги бөлүгүн кыргыздар түзгөн. Көп өтпөй Пулат хандын колу Файзабаддын жанында Насырэддин хан жөнөткөн Султан Мурат бектин колун талкалайт. Анжияндын жанындагы салгылашууда ал орус аскерлерине сокку урат. 9-октябрда Пулат хан баш болгон көтөрүлүшчүлөр хандын аскерлери менен акыркы ирет салгылашып, жеңишке жетишишет да, бир нече күндөн кийин Коконду ээлеп алышат. Ал эми Насырэддин хан орус төрөлөрүнө корголоп, Хожентке качып кетет. Ордо шаардын жана анын айланасындагы кыштактардын калкынын ханга каршы толкундоолору жеңишти кыйла жеңилдеткен.

**Көтөрүлүштүн басылышы. Кокон хандыгынын жоюлушу.** Күндөн күнгө күч алып бараткан жалпы элдик кыймыл падышалык чиновниктерди чочутуп, шаштысын кетирди. Ошондуктан Түркстан чөлкөмүндөгү орус төрөлөрү көтөрүлүштү биротоло токтотуу максатында шашылыш чара көрө башташат. Алсак, Түркстан генерал-губернатору падыша өкмөтүнө Кокон хандыгын жоюуну, хандыктын ээлигин Орусияга толук каратууну, орус бийлигине каршылык көрсөткөн аймактарга ири аскер бөлүктөрүн жөнөтүүнү сунуш кылган. Падыша өкмөтү бул сунушту колдоп, тез арада көтөрүлүштү басуу жана хан-



*Генерал К. П. Кауфман*

дыкты Орусиянын курамына киргизүү жөнүндө Түркстан генерал-губернатору К. П. фон Кауфманга көрсөтмө берген. Ушул максатта Кауфман Эки-Суу арасына генерал М. Д. Скобелевдин колбашчылыгы астында мыкты куралданган падыша аскерлеринин жүрүшүн уюштурат. Аларга Нарын жана Кара-Дарыя аралыгындагы аймактагы кыргыз, кыпчактарды аёосуз жазалоо милдети жүктөлгөн. Анткени ушул аймактын эли элдик кыймылга өтө активдүү катышып, Кокон ханына, орус бийлигине катуу каршылык көрсөткөн.

Жүрүш 1875-ж. 25-декабрда башталып, кийинки жылдын январь айынын аягына чейин созулду. Ага 3 миңге жакын аскер катышкан. Ушул жортуул учурунда Скобелевдин кошууну Эки-Суу арасындагы кыргыз, кыпчактардын кыштактары — Сармак, Пайтак, Хожават, Ак-Мазар, Лугумбек, Караянтак, Кайрабат, Капан-Кыштак, Жалгызбак ж.б. кыштактарды талап-тоноп, өрттөп жиберишет. Орус аскерлери менен жергиликтүү калктын ортосунда

айыгышкан кармаш Анжияндын алдында болуп өттү. Бул салгылашуу да падыша аскерлеринин жеңиши менен аяктап, 1876-ж. 9-январда Анжиян шаары экинчи ирет орус бийлигине багындырылат. Тарыхый маалыматтарга караганда Анжиянды коргоо үчүн салгылашта 1000ден ашуун киши курман болгон. Ушул окуялардан кийин Абдурахман Афтобачы баш болгон айрым ак сөөк төбөлдөр күрөштү токтотуп, орус падышасына баш ийип беришет. Ал эми Пулат хан болсо өжөрлөнүп, күрөштү уланта берген.

1876-ж. 28-январда падыша аскерлери Пулат хандын акыркы таянычы Үч-Коргон чебине капысынан чабуул коюп, аны чептен сүрүп чыгышат. Көп өтпөй көтөрүлүштүн жолбашчысы Исфара капчыгайында чыккынчылык менен туткунга түшүп, 19-февралда Анжияндагы орус төрөлөрүнө тапшырылат. Аскер сотунун чечими боюнча аны 1-мартта Маргаланда дарга асышкан. Пулат ханды дарга асаарда эл көп келип аянтка батпай кеткендиктен дарды төрт тарабынан аскерлерге курчатып, элди тосуп туруута туура келди.

Ошентип, элдик кыймыл акыры жеңилүү менен аяктады. Анткени ал негизинен чачкынды мүнөздө жүргөн, алдын ала жакшылап уюшулган эмес. Көтөрүлүшкө жалпы бир жетекчилик болгон эмес. Ар бир топко өз-өзүнчө жетекчилик кылынып, алар көпчүлүк учурда өз ара макулдашпастан, чачкынды, баш аламан аракеттенишкен. Карапайым калктын, атүгүл алардын жолбашчыларынын да атайын аскердик даярдыгы жок эле. Көтөрүлүшчүлөрдүн курал-жарагы да начар, жетишсиз болчу. Көтөрүлүштүн жеңилишине айрым феодалдык төбөлдөрдүн ич ара чыр-чатагы, чыккынчылыгы да себеп болгон.

Көтөрүлүш жеңилиш менен аяктаганына карабастан, анын тарыхый мааниси зор. Кокон көтөрүлүшү XIX к. кыргыздардын боштондук кыймылынын эң ириси, кубаттуусу жана жогорулоосу эле. Көтөрүлүш учурунда кыргыздар кыйла такшалып, эркиндик үчүн күрөштүн тажрыйбасын байытышты. Дал ушул жалпы элдик кыймыл Кокон хандыгын аябагандай алсыратып, анын кийинки тагдырын аныктады.

Көтөрүлүш басылгандан кийин Кокон хандыгы жоюлуп, анын ээлигиндеги аймакта 1876-ж. 19-февралдагы орус падышасынын буйругу боюнча Фергана областы уюшулат. Түштүк Кыргызстанды да камтыган ошол область 1867-ж. түзүлгөн Түркстан генерал-губернаторлугуна караган. Жаңы областтын аскер губернатору кызматына Фергана аймагын Орусияга каратууда кыйла эмгек сиңирген генерал-майор М. Д. Скобелев дайындалган.

? **Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Элдик кыймылдын экинчи этабы жана ал камтыган аймактар тууралуу айтып бергиле.
2. Насырэддин бек кандай тарыхый кырдаалда бийликке келген?
3. Пулат хандын хан көтөрүлүшү жөнүндө айтып бергиле.
4. Көтөрүлүш кандайча аяктады?
5. Кокон хандыгы эмне үчүн жоюлган?
6. Көтөрүлүш эмне үчүн жеңилип калган жана анын тарыхый мааниси эмнеде?

## § 22. Кыргызстандын түштүгүн Орусияга каратуунун толук аякташы

**Алайлык кыргыздарды Орусияга каратууну баштоо. Курманжан датка.** Кокон хандыгы жоюлган кезде Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактары, Алай ж.б. айрым өрөөндөр али орус мамлекетине каратыла элек болучу. Алайда кыргыздын мунгуш, адыгине, ичкилик уруулары жашачу. Алардын жалпы саны 15-17 миң түтүнгө же 75 миң кишиге жакын эле. Алайлык кыргыздар буга чейин Кокон ханын анчейин тоотпой, хан бийлигине жарым-жартылай гана баш ийип келишкен.

Кокон хандыгы Орусияга биротоло каратылгандан кийин алайлык кыргыздар орус бийлигине баш ийгиси келбей, өз алдынчалыгын сактап калууга аракеттенишет.

Ошондуктан алар Алайга жортуул уюштурган падыша аскерлерине чечкиндүү каршылык көрсөтүштү. Бул кезде Алай өрөөнүн атактуу Алымбек датканын жесири **Курманжан датка** (1811-1907) бийлеп турган. Ал эми Алымбек датка 1862-ж. Кокондо хан ордосундагы кезектеги козголоң учурунда киши колдуу болгону силерге белгилүү. Бир сапар (1863-ж.) Кудаяр ханга колдоо көрсөтүү үчүн Ошко чейин келген Бухара эмири Саид Музафар-Эддин Курманжандын акылына муюп, даанышмандыгына, көсөмдүгүнө көзү жетип, ага датка наамын ыйгарган.

Курманжан датка Ошко жакын Орке кыштагында 1811-ж. мунгуш уруусунун жапалак уругунан чыккан Маматбай деген орто чарбалуу кишинин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1829-ж. аны 18 жаш курагында кудалашкан жерине күйөөгө беришет. Күйөөсү 20 жаштагы Кулсеит коңшу жоош уругунун бийи Төрөкулдун уулу болчу. Бирок, болгону эки жаш улуу күйөө жигит жаштык кылып, бошоң болгондуктан Курманжандын көңүлүнө толгон эмес. Себеби ал табиятынан өзүнө да, өзгөгө да талапты катуу койгон чыйрак кыздын жан дүйнөсүн, ички аялуу сезимин ойгото албады. Үч жылдан кийин ал биринчи күйөөсү менен ажырашат да, 1832-ж. Алайлык кыргыздардын билерманы Алымбек даткага күйөөгө чыгат. Дал ошол жылы Анжияндын акими мансабы ыйгарылган Алымбек датка салтка ылайык шартын тууралап, Кулсеиттен Курманжандын башын ачып алган. Ошондон тартып Курманжан ар дайым Алымбек датканын көзү өткөнчө эң жакын кеңешчиси, акылга бай ишенимдүү зайыбы болду.

Кезинде Курманжандын көсөмдүгү, сактыгы аркасында Алымбек датка бир нече жолу кокондук кыянат төрөлөр уюштурган козголоңдордон кутулуп кетип, ажалдан аман калган. Кийинчерээк, Кудаяр хан экинчи ирет хандык бийликке (1865-ж.) келгенде Курманжан Коконго — ордо калаага келет. Ошондо Кудаяр хан аны сылык-сыпаа кабыл алып, Алайдагы бийлигин, мурда Бухара эмири ыйгарган датка наамын бекемдеген. Ал эми уулу Абдылдабек Оштун акимдигине дайындалган. Бухара эмири менен Кокон ханы сыяктуу эле Кашкардын ханы Йакуб бек дагы Курманжанга урмат көрсөтүп, жыл



*Курманжан датка*

сайын элчилерин көптөгөн белектер менен жөнөтүп турган.

Курманжан датканы өз эли да абдан сыйлачу. Анын эл арасындагы кадыр-баркы өтө жогору эле. Ал ар дайым адилеттүүлүк, чындык үчүн күрөшкөн, элинин бейкуттугу, ынтымагы үчүн жанын үрөп кызмат кылган. Курманжан датка акылман, көптү билген көрөгөч саясатчы, коңшу өлкөлөр менен алака-мамилени туура нукка сала билген, элчиликтин сырын мыкты өздөштүргөн көсөм жолбашчы болгон.

**Көз каранды эместик үчүн күрөш. Абдылдабек. Оморбек.** Кокон хандыгы Орусияга каратылгандан кийин алайлык кыргыздардын падыша аскерлерине каршы көз каранды эместик үчүн күрөшүнө датка айымдын Абдылдабек, Оморбек баш болгон балдары жетекчилик кылды.

Адегенде алайлык кыргыздар орус оторчуларынан окчун туруп, алардан алыс болуу максатында тоо таяна журт которушат. Өз эл-журту менен бирге Курманжан датка дагы Кашкарга чектеш Көк суу өрөөнүнө көчкөн эле. Бирок жаңы журт жайлуу болбой, кайра Алайга кайтууга туура келди. Анткени кашкарлык төрөлөр датка айымдын жана анын ээрчите келген элинин төрт түлүк күтүрөгөн көп малын талап ала баштаган болчу.

Түркстандагы орус бийлиги алайлык кыргыздарга ачык эле кысым көрсөтүп, тез арада баш ийип берүүнү талап кылган. Алардын мындай зордугу кыргыздарды ого бетер чыйралтып, чет жерлик баскынчыларга каршы чечкиндүү күрөшкө түрткөн. Алсак, 1876-ж. мартта Түркстан генерал-губернатору Алайга жаңы ээликтерди каратуу, элдик кыймылдарды аёосуз жазалоо боюнча бай тажрыйбасы бар генерал-майор М. Д. Скобелевди жөнөткөн. Орус оторчулары кыргыздардан үч күндүк мөөнөттө баш ийип берүүнү жана ар бир түтүнгө салык төлөй баштоону талап кылат. Эгерде кыргыздар талапка көнбөсө аларды күч менен мажбурлоо жөнүндө М. Д. Скобелевге көрсөтмө берилген болчу. Мындай коркутуп-үркүтүүлөргө карабастан кыргыздар өз ыктыяры менен багынып берген жок. Элет эли ата-конуш ыйык жерди падыша аскерлеринин кол салууларынан жан аябай коргоону артык көрдү.


Генерал М. Д. Скобелев баштаган падыша аскерлери 21-мартта Ошко келет. Көп өтпөй орус аскерлери менен алайлык кыргыздардын ортосунда айыгышкан кармаштар башталат. 24-ап-

релде М. Д. Скобелев 390 аскери менен Гүлчөдөн чыгып, Абдылдабек жолбашчылык кылган кыргыздардын турагы болгон Жаңырык капчыгайы, Терек Даван ашуусун көздөй жөнөйт. Жаңырык капчыгайынын кууш төрүндө Абдылдабектин колу буктурмада турган эле. Тар капчыгайда эки тарап 3 саатка жакын эрегише тирешип турду. Салгылашууга катышкан 1500 кыргыз жигиттеринин 150 дөйү окко учту. Эртеси М. Д. Скобелев көп күч жумшап жана айланып өтчү жол аркылуу күтүүсүздөн чабуул коюп капчыгайды ээлейт да, кыргыздарды Сопу-Коргонго чейин сүрөт. Салгылашуудан кийин М. Д. Скобелев Гүлчөгө кайтат. Ал эми Абдылдабек калган жигиттери менен Кызыл-Арт ашуусу тарапка чегинип, андан ары Памир тоолоруна өтүп кеткен.

**Падыша аскерлеринин Алай жүрүшү.** Алайлык кыргыздарды Орусияга биротоло каратуу үчүн Түркстан генерал-губернатору К. П. фон Кауфман июль айынын орто ченинде алыскы жайлоолордогу кыргыз конуштарына «Алай» аскердик жүрүшүн уюштурду. Бул жүрүш жазалоочу жана аймакты илимий-изилдөө мүнөзүндөгү жүрүш катары белгилүү. Жүрүшкө М. Д. Скобелев жетекчилик кылган. Жүрүш башталганда (15-июль) падыша аскерлери Алайга үч тараптан: Ош, Үч-Коргон жана Гүлчөдөн жөнөшкөн. Ошол кезде Абдылдабектин 2 миң кишиден куралган кошууну Оштон 40 чакырым аралыктагы Шаты колотунда буктурма уюштуруп, падыша аскерлерин Алайга өткөрбөөгө аракет жасаган.

Күндөн-күнгө кыргыздардын кыймылы күчөп бара жатканын баамдаган М.Д.Скобелев тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү максатында Шабдан Жантай уулун Абдылдабекке жиберет. Бирок элчинин кебине ал муюбады. Ошондо элдик баатырдын колун толук талкалоо үчүн полковник Витгенштейндин кошуунү жаңы жортуулга аттанган болчу. 29-июлда бул кошуун Кызыл-Арт ашуусуна жете келип, Абдылдабектин колуна чабуул коёт да, аны чегинүүгө аргасыз кылат. 31-июлда алайлык кыргыздардын бир нече бийи М.Д.Скобелевге багынып берүүгө мажбур болду. Өжөрлөнүп каршылык көрсөткөндүгү үчүн жазалоо иретинде ал алайлык кыргыздарга 1,5 эсе арбын салык салып, жол курулушунда иштөөгө жумшады.

Витгенштейндин кошууну август айынын башында Абдылдабектин артынан сая түшүп, Памирге кирип барат да, Кара-Көлдөн кайра тартат. 28-августта «Алай» жүрүшүнө катышкан падыша аскерлери Кара-Казык ашуусу аркылуу Коконго кайтат. 8-сентябрда Сохко жакын тоодогу Айланма аттуу жерде Витгенштейндин кошууну менен Абдылдабектин колу акыркы жолу салгылашып, даярдыгы шаймашай жоодон жеңилип калды. Ал инилери Мамытбек, Асанбек ж.б. жанжөкөрлөрү менен Кара-Көлдөн Чоң-Суу капчыгайына өтүп, андан Туюк-Суу капчыгайы аркылуу Кашкар, Шугнан тарапка чегинет. Кийин Афганстанга кетип изин жашырууга аргасыз болгон. Ошол эле жылы ал Мекеге зыяратка жөнөп, жолдо көз жумат. Анын сөөгүн кийин Гүлчөгө алып келип коюшкан.



*Падыша аскерлери Алай өрөөнүндө. XIX к. 70-жж.*

Эл ичинде зор кадыр-баркы бар Курманжан датканы өзүнө тартып, кыргыздарды тынчытуу үчүн М. Д. Скобелев Ош уездинин акими П.П.Ионовго датка айымды таап, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү буйруган. П.П.Ионов датка айымды тууганы Исмадияр бийдин айылынан таап, М.Д.Скобелевге жөнөтөт. Орус төрөсү менен көзмө-көз сүйлөшүүгө датка айымды уулу Камчыбек, небереси Мырзапаяс ж.б. жан-жөкөрлөрү коштоп келди. Курманжандын көңүлүн алуу анын элин колго алганга тете эле. Буга көзү жеткен Фергананын аскер губернатору даткайымды жылуу кабыл алып, сый-урмат көрсөтөт. М.Д. Скобелев чыгыштын салтын сыйлаган кыязда Курманжан даткага өз колу менен алтын аяк тартуулап, кымкап чапан жабат жана **Алай ханышасы** деп жарыялайт. Ошону менен бирге ал даткайымдан кыргыздарды орус бийлигине баш ийүүгө ынандырууну өтүнөт. Эгерде уулдары күрөштү токтотуп, Алайга кайтышса, алардын керт башынын коопсуздугун камсыз кылууга, «күнөөсүн» кечирүүгө орус генералы убада берген. Курманжан датка мындай сунушка аргасыз макул болгон. Анткени айыгышкан айкаштарда кыйла жоготууларга дуушар болуп алсыраган элет эли улам жаңы кошуундар менен толукталып жаткан падыша аскерлеринин кысымына узакка туруштук бере алмак эмес.

Ошентип, кан төгүлгөн көптөгөн кармаштардан кийин алайлык кыргыздар да орус оторчуларына багынып беришти. 17380 түтүн калкы бар Алай, Гүлчө аймагында Кичи Алай, Гүлчө ж.б. болуштуктар уюшулуп, аларды Курманжандын Махмудбек, Асанбек, Баатырбек деген балдары бийлеп ту-



*Финляндиянын XX к. орто ченииндеги мамлекеттик ишмери К. Маннергейм Курманжандын өргөөсүндө (1906-ж.)*

рушту. Датканын булардан бөлөк Карабек, Камчыбек аттуу эр жүрөк уулдары, Арстанбек, Мырзапаяс сыяктуу өткүр, өктөм неберелери болгон. Алар кийинчерээк деле, бөтөнчө 90-жж. орус бийлигине катуу каршылык көрсөтүп турушкан.

**Түштүк Кыргызстанды Орусияга каратуунун жыйынтыктары.** Алайды басып алуу менен Кыргызстанды Орусияга каратуу аяктайт. 1876-ж. Фергана облусуна караштуу Кокон, Маргалаң, Анжиян, Наманган, Ош, Исфара жана Чуст уезддери түзүлөт. Ал эми түштүк кыргыздардын көпчүлүгү караган Ош уездинде Гүлчө, Кичи-Алай, Ак-Буура, Ноокат, Өзгөн болуштуктары уюшулган.

**Эми кыргыз эли Кокон хандыгы жоюлуп, анын үстөмдүгүнөн кутулганы менен жаңы баскынчылардын чеңгелинде калды. Кыргыз жери Орусия империясынын колониясына айланды.**

Орусияга каратылгандан кийин кыргыздар Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана облустарынын карамагында турду. Бул кыргыздардын өз ара карым-катнашын кыйындатып, биримдигинин чыңдалышына, улуттук аң-сезимдин калыптанышына кедерги болгон. Түркстанда, анын ичинде Кыргызстанда да бийлик толугу менен оторчулардын колунда топтолгон болчу. Падышалыктын Кыргызстанды каратуудагы максатынын баскынчыл маңызы өзгөчө анын оторчул (колонизаторлук) жер саясатынан даана байкалды.

Кыргызстанда Орусия империясынын үстөмдүгүнүн орношунун көптөгөн терс жактары менен бирге анын айрым оң жактарын да айта жүрүү керек. Кыргыздардын Орусияга каратылышы

көчмөндөрдүн көнүмүш коомдук-чарбалык турмушуна кыйла өзгөрүүлөрдү алып келди. Алсак, ич ара чатактардын басаңдашы, өндүргүч күчтөрдүн тезирээк өнүгүшү үчүн оңтойлуу шарт түзүлдү. Көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын дыйканчылык кылып жан сактоо, отурукташуу процесси күч алды. Кол өнөрчүлүк өнүгүп, бөтөн жер, бөлөк элдер менен соода-сатык кылуу кеңейет. Ошондой эле эл ичинде социалдык жиктелүү андан ары тереңдеген. Манап, бийлер акырындап падышалык чиновниктер менен ымала кылып, кээси колониялык бийликтин төмөнкү баскычтагы кызматкерлерине айланды. Ал эми жалпы калайык калктын турмушу жылдан-жылга оорлоп, падышачылыктын колониялык саясатына наразылык уламдан-улам күчөй берди.

**Курманжан датка Алай ханышасы.** Алай өрөөнү Орусияга карагандан кийин деле Курманжан датка элин бийлөөнү уланта берди. Ага орус төрөлөрү Алай ханышасы, кыргыздардын чыгаан ишмери, билерманы катары мамиле кылышкан. Айрыкча аны менен Оштун алгачкы оёзу П. П. Ионовдун мамилеси өтө жакшы болчу. 1892-ж. 81 жаштагы курагында Алай ханышасы Гүлчөгө 80 чакырым жерден жорго минип кебелбей келип, Түркстан генерал-губернатору барон Веревский менен кезигишип, маек курган. Даткайымдын даанышмандыгына, кыраакылыгы менен эркине таң калып, ыраазы болгон генерал ага сый көрсөтүп, салт боюнча кымкап чапан жапкан эле. Ал эми Курманжан датка Веревский мырзага адатынча сары жорго тартуулаган.

1898-ж. датка айым Фергана облусунун орус төрөлөрү менен жолугуп, аңгемелешкен. Орус төрөлөрү ар дайым анын куюлуштуруп таамай сүйлөгөн кулакка жагымдуу чебер сөзүнө муюп, чукугандай сөз тапкан чечендигине, эч нерседен тартынбас өткүрлүгүнө, терең акылына жана тубаса элчилик ажаат ачар жөндөмүнө таң калышчу. Жашы 90го таяп, улгайган чагында да анын көзүнүн курчу кетпей, карегинен жаш кездеги жалындын учкуну чачырап, сүйкүмдүү кара тору жүзүнөн мээрим төгүлүп турчу. Оңойлук менен күйүткө алдырбаган, кыйынчылыктарга моюн сунбаган өзгөчө касиети бар жан эле. 1895-ж. уулу Камчыбек Ошто дарга асылганда кадимкидей кайратынан жанбай, өлүм алдында уулуна ата намысын алдырба деп акыл айтып, кайгы-муңун сыртка чыгарбай, ичтен сыза кайрылып артын карабай бастырып кеткен. 1901-ж. 13-декабрда Орусия императору кылган кызматы үчүн ага каухар таш чөгөрүлгөн алтын саат тартуулоо жөнүндө жарлык кылат.

**1907-ж. 1-февралда** Оштон 12 чакырым жердеги Мады айылында **Курманжан датка** 97 жаш курагында көз жумду. Алай ханышасын акыркы сапарга узатуу азасына ар тараптан көп эл келип, сөөгү Оштогу «Сары Мазар» көрүстөнүнө коюлду. Андан бери кыйла жылдар өтсө дагы Курманжан датканын жаркын элеси, ал жөнүндө аңыз, баян, уламыш кептер муундан-муунга мурас катары сакталып кала берүүдө. **Эл камын жеген акылман жолбашчы датка энени эли, кийинки урпактар эч качан унутпайт.**

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Алайлык кыргыздардын падыша аскерлеринин баскынчылык аракеттерине каршы күрөшүн баяндап бергиле.
2. Курманжан даткага мүнөздүү касиеттер жөнүндө эмнелерди билесиңер?
3. М.Д.Скобелевдин «Алай жүрүшү» тууралуу айтып бергидей болгула.
4. Орус төрөлөрү Курманжан датканы эмне үчүн «Алай ханышасы» деп атап, ага аяр мамиле кылышкан?
5. Түштүк Кыргызстанды Орусияга каратуунун жыйынтыктары жөнүндө айтып бергиле.



*Курманжан датка 96 жаштагы курагында*

## Документтик материал

**Пулат хандын (Молдо Исхактын) өмүр баянынан үзүндү**

... Молдо Исхак болжолу 1844-ж. Охна кыштагында төрөлгөн, кыргыздын бостон уругунан. Анын диний мектепке чейинки балалык чагы ошол айылда өткөн. Ал Кокондогу Түнкатар медресесинде, кийинчерээк Маргалаңдагы Ак медреседе окуган. Бул медреседе анын атасы Хасан мударис эле. Табиятынан тирикарак, мүнөзү шок Исхак медреседеги катуу тартипке баш ийгиси келген эмес. Атасынын каршылыгына карабастан, ал окуусун бүтпөй таштап кетет да, 1867-ж. Сох кыштагына жакын жерде туруп калат. Ал жерде 2 жыл жашап, айылдаштары менен ыркы келишпей, туулган айылы Охнага кетет. Сабаттуу болгондуктан ал Охнадагы мечиттин имамынын ордун ээлейт.

Көп өтпөй Молдо Исхак Анжиян шаарына көчүп келип, мечиттердин бирине имамдык кызматка орношот жана аны менен бирге тамеки сатып, Ташкенге каттай

баштайт. Ташкенде Молдо Исхак курама уругунан чыккан Абды Момун аталык менен таанышат. Ал кезинде Алымкулдун нөкөрү, көп окуяларды башынан өткөргөн киши болгон... Ал андан Коконго каршы күрөштүн тарыхынан, кыргыздардын көптөгөн эрдиктеринен кабар алат. Абды Момундун Мусулманкул, Алымкул (Алымкул аталык) жөнүндө, хандыкты титиреткен жана тактыга өздөрү каалаган ханды отургузган кыргыздар менен кыпчактардын көтөрүлүштөрү тууралуу аңгемелери жаш Молдо Исхакка тынчтык бербей, күчтүү таасир этип, аны эрдиктерге элирткен.

1872-ж. кокондук кыргыздардан Шер датка баштаган өкүлдөр Самарканд шаарына келип, калаадагы медреселердин биринде жашаган Миң династиясынын тукуму, Алимхандын небереси ханзаада Пулат бекке жолугуп, жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт. Өкүлдөр Пулат бекке алар менен бирге Наманган вилайетине барууну жана ал жерден өзүн хан жарыялоону сунуш кылышкан, кыргыздын кутлуксеит, найман урууларынын ага толук колдоо көрсөтөөрүнө кепил болорун билдиришкен. Бирок Пулат бек хандык тактыдан баш тартат...

Алим хандын кайгылуу өлүмүнөн кийин Кокондогу тактыны анын бир тууганы Омор хан ээлеп, Алим хандын үч уулун: Шахрук бекти, Ибрагим бекти жана Мурат бекти ордодон четтетип салган болчу. Шахрук бек коркунучтуу атаандаш ханзаада катары өлтүрүлөт. Алим хандын калган эки уулу — Ибрагим бек жана Мурат бек таякесине, Каратегиндин өкүмдары Абдул-Азиздин сарайына качып кутулушат. Омор хан өлгөндөн кийин бир туугандар Бухара эмирине баш калкалап барышат...

1843-ж. Ибрагим бек бухаралыктардын колдоосуна таянып, Шералы ханга каршы так талашуу күрөшүн баштайт.

... Бирок ал Кокон аскерлеринен жеңилип, колго түшөт. Шералы хандын буйругу боюнча Ибрагим бек Коконго жакын жерде өлтүрүлгөн.

Ибрагим бектин аялы Абдул-Азиз хандын кызы эле. Ал өлгөндө андан 12 жаштагы Ша-Аим деген кызы жана бир жаштагы Пулат бек деген уулу калган. Ибрагим бектин жесири балдары менен Самаркандга көчүп келип, кызы Ша-Аимди Кожо Ахрарга күйөөгө берет. Энеси өлгөндөн кийин Пулат бек Кожо Ахрардын колунда калат. Самарканга Пулат бекке барган өкүлдөр Ташкентке токтоп, Абды-Момундун үйүндө калышат да, ага өздөрүнүн Самарканга сапарынын максаты, анын ишке ашпай калганы жөнүндө айтып беришет. Алардын бул сөзүн Абды-Момундукунда жүргөн кыргыз молдо Исхак Хасан уулу эшитет. Молдо Исхак өкүлдөр менен жакындашып жана Абды-Момундун жардамына таянып, Миң династиясынын кепке келбеген ханзаада тукумунун ордуна өзүн сунуш кылат. Ал Пулат хандын ысымын кабыл алууга толук макул экендигин билдирет. Бул кыргыз өкүлдөрү үчүн алгылыктуу сунуш эле, анткени аларды жиберген жолбашчылар жана эл анык Пулат бектин өзүн таанычу эмес.

# VIII глава. КЫРГЫЗСТАН XIX к. акыркы чейрегинде — XX к. башында

## § 23. Падышалык Орусиянын административдик, агрардык жана алык-салык саясаты

**Аймактык-административдик бөлүштүрүү жана колониялык бийлик.** Кыргызстан толугу менен Орусияга каратылгандан кийин кыргыздар бир нече аймактык-административдик бирдиктин: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана облустарынын карамагында турду. Падыша өкмөтү бул тарапта (Орто Азияда) аймактык тескөөнү жалпы орус мамлекетиндегидей иретке келтирүүнү 60-жж. эле ишке ашыра баштаган. Алсак, 1865-ж. февралда Орусия аскер министринин буйругу боюнча түндүк-батышта Арал деңизинен түштүк-чыгышта Ысык-Көлгө чейинки зор аймакты камтыган *Түркстан облусу* түзүлгөн эле. Облус Оренбург генерал-губернаторлугуна карамак. Буга чейин Орусия курамына киргизилген кыргыз уруулары Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугуна караштуу Семей облусунун Ала-Тоо округунун карамагында турган болчу. Түркстан облусу адеп уюшулганда ага Ысык-Көл, Чүй, Кемин, Талас, Кетмен-Төбө өрөөндөрү, кийинчерээк Ички Теңир-Тоо карап калган. Түркстан облусунун алгачкы аскер губернаторлугуна генерал М.Г.Черняев дайындалып, анын колуна аскердик жана граждандык башкаруу бийлиги топтоштурулган. 1867-ж. облус Түркстан генерал-губернаторлугуна айланат да, анын чегинде Сыр-Дарыя (борбору Ташкент) жана Жети-Суу (борбору Верный — Алматы) облустары түптөлөт. Облустар уезддерге бөлүнгөн. Сыр-Дарыя облусу Олуя-Ата, Хожент, Жызак, Ташкент, Чымкент, Түркстан, Казалы, Перов уезддеринен турчу. Ал эми Жети-Суу облусуна Ысык-Көл (кийин Пржевальск), Верный, Токмок (кийин Пишпек), Копал, Сергиопол (кийин Лепсы) уезддери карачу. 1893-ж. облуста жаңы Жаркент уезди түзүлөт. Өз кезегинде уезддер болуштуктарга, алар айылдарга бөлүнгөн.

Өткөн темадан белгилүү болгондой 1876-ж. мурдагы Кокон хандыгынын аймагында Түркстан генерал-губернаторлугуна караштуу *Фергана облусу* түзүлгөн. Ага Анжиян, Исфара, Кокон, Маргалаң, Наманган, Ош, Чуст уезддери карар эле. 1886-ж. тартып, «Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндө Жобо» күчүнө кирет да, Түркстан генерал-губернаторлугу Түркстан крайы аталып, анын карамагына Самарканд, Сыр-Дарыя жана Фергана облустары кирчү. Ал эми Жети-Суу облусу 1882-ж. Степной генерал-губернаторлугуна кошулган. 1899-ж. ал кайрадан Түркстан крайына карап калат.

Аймактык-административдик бөлүштүрүүлөрдүн натыйжасында кыргыз жери, кыргыздардын Ата Журту

Токмок, Ысык-Көл, Олуя-Ата, Ош, Анжыян, Наманган, Маргалаң (Скобелев), Кокон, Хожент өңдүү ар кайсы уезддердин карамагында туруп, аябай бөлүндү болду. Орус төрөлөр Түркстан аймагын административдик жактан бырчалап бөлүштүрүүдө жергиликтүү элдердин түпкү кызыкчылыктарын, экономикалык, этностук жана маданий өзгөчөлүктөрүн эч эске алган эмес. Натыйжада кыргыз эли бытырандыланып, ар кайсы облустарга кирип калган. Мындай жагымсыз абал элет элинин өз ара карым-катнашын кыйындатып, ынтымагынын чыңдалышына, улуттук аң-сезимдин, мүдөө-тилектин өсүп-өнүгүшүнө тоскоол болгон. Орусиянын бөлөк колониялык ээликтериндегидей эле Түркстанда, анын ичинде Кыргызстанда да бийлик толугу менен оторчулардын колуна топтолгон. Алсак, генерал-губернатор Түркстан аймагынын акими катары, аскер губернаторлору облустарда, уезддерде каалагандай бийлик жүргүзүп турушту. Алардын аксымдыгына, зордук-зомбулугуна эч кандай чек коюлган эмес, жылдан-жылга укугу кеңейип, бийлиги күчөй берген.

**Жергиликтүү башкаруу.** Болуштуктар 1000-2000 түтүндөн, айылдар 100-200 түтүндөн турган. Аларды элүү башылар, 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуштар менен старчындар башкарчу. Шайлоонун жыйынтыгын облустун аскер губернатору менен оёздор (уезддин начальниги) чыгарып, болуш, старчындарды бекитишчү. Кийинчерээк аскер губернатору каалаcard шайлоо өткөрбөй эле болуш, старчындарды дайындоо укугуна ээ болот. Алар падышалык чиновниктердин буйруктарын кыңк этпей аткарууга милдеттүү эле. Болуштар элдин жалпы маанайына көз салып, алык-салыктардын өз убагында жыйналышына ж.б. иштердин аткарылышына көзөмөлдүк кылган. Старчындар болуштарга баш ийип, алардын көрсөтмөлөрүн аткарган. Отурукташкан калкты айыл аксакалдары тескеген. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн катарына булардан тышкары бийлер жана казылар кирчү. Алар уезддик жана аскер соттору карай турган кылмыштардан тышкары доо-талаштарды талкуулап, бүтүм чыгарышчу. Бийлер көчмөн калк арасында адатка таянып, сот ишин жүргүзгөн жана күнөкөрдү айыпка жыккан (төө баштаган тогуз мал ж.б.). Казылар отурукташкан калк ичинде шарыятка таяп чечим чыгарышкан.

Жалпы жонунан алганда аймактагы бийлик аскердик-оторчул (колониялык) мүнөздө болгон. Анткени уезддерде, облустарда жана крайда бийлик толугу менен орусиялык аскер адамдарынын колуна топтолгон. Ал эми болуштар менен старчындар колониялык башкаруу аппаратынын эң төмөнкү даражадагы кызматкерлери гана эле.

**Падыша өкмөтүнүн оторчул жер саясаты.** Падышалыктын Кыргызстанды каратуудагы максатынын баскынчыл маңызы өзгөчө анын оторчул жер саясатынан даана байкалды. 1867-ж. жана 1891-ж. кабыл алынган «Жоболорго» ылайык көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген элдин жери мамлекеттин менчиги деп жарыяланды. Жерге мал жайганы, эгин эккени үчүн анын анык ээси болгон кыргыздар мамлекет-


ке *жер акысы* катары салык төлөмөк. Кыргыздар жайгашкан жерлер жайлоолор менен кыштоолорго бөлүнгөн. Жайлоолордогу жана кыштоолордогу жайыттарды жамааттык негизде пайдалануу тартиби мыйзамдаштырылган. Жайыт жерлерди урунуунун мындай түрү айрыкча малы арбын ири феодалдар үчүн өтө пайдалуу болчу.

1886-ж. жана 1891-ж. «Жоболор» боюнча кыштоолорду, аштык ж.б. айдалган аянттарды болуштуктар менен айылдардын, айрым чарбалардын ортосунда бөлүштүрүү укугу болуштуктардан жана айылдардан шайланган өкүлдөрдүн өзгөчө тобуна (жыйын) берилген. Албетте, өкүлдөрдүн жыйыны көбүнчө феодалдык төбөлдөрдүн таламын талашкандыктан, жерге байланыштуу талаш-тартыш манап, байлардын пайдасына чечилчү. Анын үстүнө кыштоолор, айдоо жерлери жеке чарбалар арасында малдын санына жараша бөлүнчү.

Түштүк Кыргызстанда калкы отурукташкан ойдуң жерлерде алгачкы жылдарда жеке менчик жер ээлиги — мүлк жана мечит, медреселерге таандык жер ээлиги — вакуф сакталып калган эле. Кийинчерээк падышалык бийлик аларды жоюп жиберген.

**Орус-украин дыйкандарынын көчүп келиши.** Оторчул бийлик борбордук губерниялардан акырындык менен Кыргызстанга ооп келген орус, украин дыйкандарына дыйканчылык кылууга абдан ыңгайлуу өзөн-суусу мол өрөөндөрдү, ойдуңдарды, өтөктөрдү кыргыздардан тартып бере баштайт. Келгиндерге жер кесип берүүдө падышалык чиновниктер түпкү калктын кызыкчылыгын эске алган эмес. 1868-1883-жж. Жети-Суу облусунда уюшулган 36 орус-украин (2500 түтүн) кыштактарынын көбү жер соорусу сары өзөн Чүйдө, Көл кылаасында жайгашкан. Өз үстөмдүгүн түбөлүккө орнотууну көздөгөн падышалык бийлик аймакта тез арада келгин орус дыйкандарын көбүрөөк жайгаштыруу жана тың, оокаттуу чарбалардын калыптануусуна шарт түзүү максатында адегенде жер үлүштөрүн арбын бере баштаган. Алсак, ар бир дыйканга 30 десятинадан (1 десятина — 1,2 га) жер бөлүнүп, 15 жылдык мөөнөткө салыктын бардык түрлөрүнөн бошотулган, акчалай насыя (ссуда) берилген. Анткени мал-мүлктүү, оокаты тың, чарбасы жакшы жолго коюлган кулактар падыша өкмөтүнүн бул чөлкөмдөгү ишеничтүү социалдык таянычы болмок. Кийинчерээк келгиндердин саны өтө көбөйгөндүктөн жер жетишпей, үлүштүн өлчөмүн азайтууга туура келди (17,10 теше). Бирок оторчул бийликтин негизги таянычы болгон казак-орустардын жерлеринин көлөмү өзгөртүлгөн эмес.

Дыйканчылык кылууга оңтойлуу сугат жерлери жетишпегендиктен жана жергиликтүү калктын наразылыгынын күчөшүнөн чочулаган падыша өкмөтү 1896-1905-жж. орус дыйкандарынын Түркстанга көчүп келүүсүнө тыюу салган. Ошого карабастан XX к. башында борбордук губерниялардан дыйкандардын өз бетинче көчүп келүүсү ого бетер күчөгөн. Көбүнчө Жети-Сууга оол келе башташкан. 1902-ж. гана бул облуска 2700 үй-бүлө келген эле.



*Келгин орус дыйкандары жолдо XIX к. 70-ж.*

Алардын ичинен 1200 түтүн Пишпек уездинде калган.

Биринчи орус революциясы башталганда падышачылык өкмөт орус дыйкандарынын Түркстанга көчүүсүнө кайрадан уруксат берди. Бул багытта иш жүргүзүү үчүн Жети-Суу жана Сыр-Дарыя келгиндер райондору түзүлөт. 1906-ж. карата Жети-Сууда 40 миң, Сыр-Дарыя облусунда 27 миң, Ферганада 4 миң келгин топтолгон. Кыргыздардын жерин тартып алуу айрыкча столыпиндик агрардык реформа учурунда күч алат. Жети-Суу облусунда бир гана 1907-ж. 289 миң теше жер келгиндерге бөлүштүрүлгөн. 1914-ж. карата облустун түпкү калкы 4 млн. тешеден ашык жеринен кол жууйт. Ал эми Фергана облусунда 762 миң теше жерди кыргыздардан тартып алуу белгиленген.

Падышалыктын ачыктан-ачык оторчул саясатынын натыйжасында жергиликтүү эл жеринен ажырап, жакырланды. Эгин эгип, дыйканчылык кылганга ыңгайлуу жеринен ажыраган кедей-кембагалдар өтө оор шартта орус-украин кулактарынан, казак-орустардан, манап, байлардан ижарага жер алууга мажбур болушкан. Жергиликтүү элдин мыкты жерлерин массалык түрдө тартып алуу, келгиндерге таратып берүү агрардык мамилелерди аябагандай курчутуп, падыша өкмөтүнүн саясатына нааразылыкты күчөттү.

**Алык-салыктар.** Кыргызстан Орусияга каратылгандан кийин кыргыздар орус мамлекетине алык-салыктын ар кандай түрлөрүн төлөй баштаган. Орус бийлиги кыргыздарга адегенде Кокон хандыгынын тушундагы салыктар сыяктуу салыктарды салып, кийинчерээк салык алуу жол-жобо мыйзамын жергиликтүү шартка шайкеш келтирет. Көчмөн мал чарбачылыгы менен жан баккан калк негизинен түтүн башына салык төлөгөн. Ар бир түтүн адегенде (60—70-жж.) 2 сом 75 тыйындан салык төлөгөн. Ал эми 1882-ж. тартып салыктын өлчөмү 4 сомго жеткен эле. Ар түрдүү салыктардын көлөмү жылдан-жылга көбөйө берген. Дүйнөлүк

биринчи согуш учурунда түтүнгө салынчу алык-салыктардын, натуралай төлөөлөрдүн жалпы көлөмү 15 сомго чейин өскөн.

Ал эми отурукташкан калк салыктын эки түрүн төлөчү. Эгин аянттарынан 1886-ж. чейин *хараж* аттуу салык алынып, бак-дарак, мөмө-жемиш тигилген, жашылча өстүрүлгөн жерге *танаптык салык* салынып турду. Хараж кызылдын (түшүмдүн) 10 пайызына барабар болуп, натуралай төлөнгөн. Танаптык салык акчалай алынчу. 1886-ж. салык салуу тартибине өзгөртүү киргизилет. Эми салык эгин эгилген аянтка гана салынбастан, жалпы аштык айдоого жарактуу жердин бардыгына салына турган болду. Жаңы эреже боюнча жердин иштетилгени же иштетилбегени эске алынмак эмес. Натыйжада мамлекеттин пайдасына кирчү киреше кыйла арбыды. Мисалы, Фергана облусунан гана алынчу салыктын көлөмү орто эсеп менен жылына 500 миң сомго көбөйгөн.

Алык-салыктын жогорудагыдай негизги түрлөрүнөн тышкары жергиликтүү калк орус бийлигинин талабы боюнча толгон-токой жумуштарды жасашчу. Жолдорду, көпүрөлөрдү оңдоого, арыктарды тазалоого, аскер бөлүктөрүн унаа, кире жана отун-суу менен жабдып турууга ж.б. иштерди аткарууга милдеттүү болушкан. Айылдык, болуштук бийлик өкүлдөрүнө жумшалчу чыгымдар дагы элдин эсебинен жыйналчу. Болуш, старчындарды шайлоого, падышалык чиновниктерди коноктоп сыйлоого, аларга белек тартуулоого байланыштуу чыгымдарды дагы эл көтөрчү. Чоң аш, тойлорду өткөрүү, айып, кун төлөө үчүн урук-тууган ичинде жыйналчу жардам, кошумча, журтчулук, ынтымак, союш, чыгым ж. б. салыктын өзгөчө бир түрүнө окшоп кетчү.

Падыша өкмөтүнүн алык-салык саясаты калктын турмушун оорлотуп, жакырлануусун ого бетер күчөттү. Эмгекчи эл барган сайын арбыган ар кандай салыктарды төлөй албай, карызга белчесинен баткан эле. Мындай оор абал алардын оторчул бийликке наразылыгын туудурбай коймок эмес. Ал алгач айрыкча Анжиян көтөрүлүшүнүн учурунда даана көрүндү.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Орусияга каратылгандан кийин Кыргызстан кайсы аймактык-административдик бирдиктердин карамагында турган?
2. Колониялык бийлик кыргыздарды кандайча башкарган?
3. Падыша өкмөтүнүн оторчул (колониялык) жер саясатына мүнөздөмө бергиле.
4. Падыша өкмөтү кыргыздардан салыктын кандай түрлөрүн алган?
5. Орус, украин дыйкандары эмне үчүн Кыргызстанга көчүп келишкен?
6. Аларга кандай жер үлүштөрү бөлүнүп берилген?

## § 24. Кыргызстандын Орусияга каратылгандан кийинки социалдык-экономикалык өнүгүүсү

**Чарбалык өнүгүүсү. Айыл-чарбасы. Мал чарбачылыгынын өнүгүшү**. Кыргызстан Орусиянын курамына киргизилгенден кийин деле төрт түлүк мал багуу кыргыздардын чарбасынын негизги тармагы болуп кала берди. Малдын эти менен сүтүнөн түркүн азык-түлүк, чүйгүн тамактар жасалчу. Териси менен жүнү, кылы, төөнүн чуудасы кийим-кечеге, боз үй, өргөө көтөргөнгө, үй буюмдарын ж.б. жасаганга жарачу. Жылкы, өгүз, төө унаа катары пайдаланылчу.

Жазгы көктөмдө мал көктөтөр ойдундарга, жайкысын тулаңы белден буралган жайлоолорго, күзүндө, кышында малга ыктоо кокту-колотторго бай, суусу мол кыргыз жери мал бакканга жайлуу, ыңгайлуу эле. Бирок мал чарбачылыгы экстенсивдүү мүнөздө өнүккөн. Анткени өндүргүч күчтөр жайбаракат өнүгүп, эмгек куралдарЫ жупуну, өтө жөнөкөй болчу. Ошондуктан көчмөн калк кыш оор болгондо малга кереги тийгидей жем-чөп камдап ала алышчу эмес. Төрт түлүк мал жылы бою жайытта багылып, атүгүл кышкысын дагы кар тээп оттой турган. Кар калың түшүп, кыш узакка созулган жылдары жут болуп, малдын көбү кырылып калчу. Ошого карабастан калктын көпчүлүк бөлүгү али дыйканчылык кылууга анчейин маани бербей, мал чарбачылыгы менен жан багууну уланта берди. Алсак, Пишпек уездинде түпкү калктын 84,89% ы, Каракол уездинде 80,7% ы көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө мындай көрсөткүч бир аз төмөнүрөөк болчу. Мисалы, Ош жана Кокон уезддеринде кыргыздардын 65%ынын негизги кесиби көчмөн жана жарым-жартылай көчмөн мал чарбачылыгы боло турган.

Кыргыздар негизинен кой-эчки, жылкы, уй, топоз, төө кармачу. Нечен миңдеген төрт түлүк малы бар чоң байлар эл ичинде миң жылкылуу, миң койлуу бай аталып даңаза кылынган. Бирок андай чоң байлар саналуу гана эле. Алар калктын болгону болжол менен 5—10% түзчү.

**Дыйканчылык. Отурукташуу. Кыргыз кыштактары.** XIX к. экинчи жарымында бул тарапка журт которуп ооп келген орус, украин, уйгур, дунган ж.б. элдердин таасири аркасында кыргыздардын чарбалык турмушунда айрым өзгөрүүлөр байкала баштайт. Түркүн тилде сүйлөгөн, ар түркүн динди туткан элдердин жанаша жашоосу алардын өз ара ымаласы үчүн ыңгайлуу шарт түздү. Чарбачылыкта, турмуш-тиричиликте же маданият жаатында болобу, бири-бирине оң таасир этти. Дыйканы мал баккандын, малчысы дан баккандын сырын үйрөндү. Эзелтен жердин майын чыгара эмгектенген дунгандар, алардан кем калбаган мээнеткеч орус-украин дыйкандары өзөн суу бойлой дың бузушту. Эгин, жашылча-жемиш эгип, бак-дарак тигип, жердин көркүн чыгарышты. Кезинде Чүй боорунда жүзүмзардын кеңейишинде өзбек, дунгандардан тышкары молдовандардын да эмгеги зор. Бир гана мисал. Бессарабиядан ооп келген молдовандар Пишпек уездинде 620 теше жерге жалаң жүзүм отургузушкан.

Отурукташкан калктардын таасири аркасында кыргыздар, көбүнэсе кедей-

кембагалдар дыйканчылыкка көбүрөөк тартыла баштайт. Дыйканчылык менен күн көрүүгө бел байлаган кыргыздар буудай, арпа, сулу, таруу ж.б. дан эгиндерин, өсүмдүктөрдү эгишчү. Ошондой эле түштүктө пахта, күрүч, картөшкө, коон, дарбыз, жүгөрү, тамеки ж.б. өстүрүүнү өздөштүрүшкөнү белгилүү. Акырындап кыргыздар эзелки эски, жупуну эмгек куралдарынан тышкары жаңы жана өндүрүмдүү айыл чарба шаймандарын: чалгы, орок, темир соколорду, тырмоолорду, малаларды ж.б. колдоно башташат. Бирок алардын көпчүлүк бөлүгү дыйканчылык кылуунун татаал сырларын жакшы өздөштүрө элек эле. Анын үстүнө мыкты эмгек куралдарын жетиштүү санда сатып ала алышкан эмес. Ошондуктан эмгектин өндүрүмдүүлүгү өтө төмөн болуп, түшүм аз алынчу.

Ошол эле учурда кыргыздардын отурукташкан турмушка өтүүсү күч алат. Бул өзгөчө Кыргызстандын түштүгүндө тезирээк жүргөн. Алсак, Октябрь революциясынын алдында Фергана облусунда кыргыздардын 60%га жакыны толук же жарым-жартылай отурукташууга үлгүргөн. Облуста негизинен кыргыздар жашаган 500гө жакын кыштак бар болучу.

Кыргызстандын түндүгүндө кыргыз кыштактары түштүккө салыштырганда кийинчерээк калыптанган. XX к. башында алардын саны 70тен ашкан эмес. Кыргызстанда кыргыз, өзбек кыштактарынан тышкары ошол кезде 100дөн ашуун орус жана украин, 5 немис, 3 дунган кыштагы бар эле.

Түштүктөгү ири кыштактардын катарына Ачы, Маңгыт (Араванга жакын), Ак-Терек (Караван аймагында), Жаман-Кыя (Базар-Коргондо), Кашка-Терек (Өзгөндө), Кара-Булак (Баткенде) ж.б. кирген. Алардын ар биринде 500дөн ашык киши турчу. Ал эми Баткен, Бостон, Кара-Багыш, Төлөйкөн сыяктуу өтө чоң кыштактарда 1000-2000ден киши жашачу.

Ири кыштактарда тегирмендер, өсүмдүктөн май сыгуучу чакан ишканалар курулуп, мусулман мектептери уюштурулган.

Түндүк Кыргызстанда калыптанган кыштактардын ирилери Кара-Арча, Жайылган, Үч-Коргон (Таласта), Чала-Казак, Таш-Дөбө (Чүйдө), Темир, Чоң-Өрүктү, Тепке, Дархан (Ысык-Көлдө) ж. б. эле. Аларда 100-200дөн киши жашачу. Бирок кыйла кыргыз кыштактары түптөлгөнү менен түпкү калктын басымдуу көпчүлүк бөлүгү али көчмөн жана жарым-жартылай көчмөн турмушта жашоону уланта берди.

**Өнөр жайы. Кол өнөрчүлүгү.** XIX к. аягы — XX к. башына карата Кыргызстанда өнөр жайдын өнүгүшү боюнча айрым жылыштар байкалды. Ала-Тоолуу аймакта тоо-кендерин казуу иши тездеди. Айыл чарба чийки заттарын иштетүүчү чакан ишканалар пайда болду. Бирок кыргыздардын коомдук турмушунда **патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылган ошол шарттарда өнөр жайы жакшылыктуу өнүгө алган эмес.** Өнөр жайдын өнүгүшү өтө жай жүрүп, анын жөнөкөй түрлөрү кеңири таралып, негизинен кол өнөрчүлүк өндүрүштүн деңгээлинде кала берген. Бул тарапта өнөр жайдын өнүгүшүнө падышачылыктын экономикалык саясаты да кедерги болгон. Падыша өкмөтү Кыргызстанды орус өнөр жайын чийки зат менен үзгүлтүксүз жабдып тура турган колония катары гана пайдаланууну көздөгөн.

Кыргыздардын кол өнөрчүлүгүн көнүмүш адат боюнча эки түргө: аялдардын **кол өнөрүнө** жана эркектердин **уста, зергерлигине** бөлүүгө болот. Колу эптүү, иштүү уз аялдар боз үй, ак өргөө көтөргөндө анын ички, сырткы жасалгасын көркүнө чыгарып, келиштире жасашчу. Ак элечек уздардын чебер колунан жаралган түркүн түстөгү кооз шырдактар, ала кийиздер, таарлар, ажайып кооз оюулар түшүрүлүп, кылдат чырмалган чийлер, жабык баш, желбоо, кырчоо, тизгич, чачылар ж.б. көргөндүн көз жоосун алып турчу. Алар ак калпак, көрпө, суусар тебетей, илбирс, карышкыр, түлкү ичик, баркыт, кымкап чапан, кемсел, төө чепкен, ак кементай, көйнөк, шым ж.у.с. жарашыктуу кийимдердин көптөгөн түрлөрүн тигишчү, түрдүү саймаларды сайышчу. Түштүктө уздар кыргыздарга мүнөздүү кооздуктары менен айырмаланган килемдерди токушар эле.

Ал эми усталар көбүнесе күндөлүк турмуш-тиричиликке керектүү буюм-тайымдарды жасашчу. Жыгач усталар керөге, уук, түндүк, босого, каалга, үкөк, ала бакан, такта, сандык, бешиктерди, ээрлерди, идиш-аяктарды жасаса, зергерлер сөйкө, шакек, билерик, чолпу, оймок, чач учтук, кур ж.у.с. кооздук буюмдарын, кемер курларды, ат жабдыктарын алтын, күмүш, жезден чегип жасашчу. Темир усталар курал-жарак, көчмөн турмушка керектүү ар кандай жабдыктарды, жөнөкөй айыл чарба шаймандарын жасашкан.

Кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн жасаган буюмдары негизинен чукул айылдардын калкынын талабын канааттандырып, бир аз бөлүгү гана алыскы айыл, кыштактарга, базарларга сатыкка чыгарылып турган.

Орус-украин кыштактарында, шаарларда ошол кезде **чакан ишканалар** пайда боло баштаган эле. Алсак 80-жж. Пишпекте булгаары жасоочу алгачкы чакан завод курулат. Ал эми Ош шаары кол өнөрчүлүктүн ири борборуна айланган. XX к. башына карата калаада 8 миңден ашуун кол өнөрчү узанчу. 1885-ж. Пишпек уездинде 5 тери заводу иштеп турган. Алардын үчөө кыргыз көпөстөрүнө (Мамашев, Бикеев, Өзбеков) таандык болгон. Кээ бир кыргыз бай-манаптары өсүмдүк майын сыгуучу заводдорго да ээлик кылышкан. Ош уездинде мындай ишканалардын саны XIX к. аягында 200дөн ашат.

**60-90-жж.** Кыргызстанда тоо-кен өнөр жайы калыптана баштайт. Алардын эң алгачкысы Сүлүктү аймагындагы Көк-Кене-Сай кенинде 1868-ж. көмүр казыла баштаган. Кыргызстандын тоо кендерин казууну уюштурууну колго алууга орус буржуазиясы сыяктуу эле чет өлкөлүк ишкерлер дагы умтулган. 80-жж. орус ишкерлери Таш-Көмүр, Майлы-Сай кендеринен көмүр, нефть казууну колго алышкан болучу.

**1898-ж. тартып Кызыл-Кыя** көмүр кенинде көмүр казыла баштайт. Көмүр, нефть кендери бөлөк аймактарда да ачылып, аларды иштетүү үчүн чет өлкөлүк ишкерлер ар кандай акционердик коомдорду, шериктештиктерди түзүшкөн (Антверпен, Лондон). Аталган кендер Кыргызстандын тоо-кен өнөр жайынын башатында туруп, кезинде анын өнүгүшүнө кыйла салым кошкон. Ошого карабастан өнөр жай өндүрүшү жайбаракат өнүгүп, төмөнкү деңгээлде кала берген.

Жаңыдан калыптанган өнөр жай ишканаларында, мастерскойлордо жалданма жумушчулар шаардык, айылдык

кедей-кембагалдардан, жакырланган кол өнөрчүлөрдөн куралган. Алардын эмгек шарттары өтө оор, маяналары абдан аз эле. Бул албетте, жумушчулардын нааразылыгын туудурган.

**Шаарлар жана соода-сатык.** XIX к. экинчи жарымында кыргыз жеринде бир катар шаар тибиндеги ири кыштактар пайда болот. Андай кыштактар акырындап аймактагы соода-кол өнөрчүлүк борборлоруна айланган.

Жаңы шаарлар, калкы өңчөй соодагерлик кылган кыштакчалар (орус-украин, дунган, өзбек ж.б. жашаган слободкалар) көбүнчө мурунку кокондук чептердин урандыларына жакын жерлерде түптөлгөн. **Токмок, Пишпек, Каракол** дал ошондой шаарлар болчу. Адегенде алар аскердик-административдик жана чек аралык түйүн катары негизделип, кийинчерээк гана анык шаарларга айланышкан. XX к. башы ченде **Пишпек, Ош, Каракол** сыяктуу уезддик шаарлар Орусиядан, Орто Азиянын ар тарабынан дыйкандар менен соодагер-ишкер кишилердин көчүп келишинин натыйжасында жергиликтүү соода жана жаңыдан калыптана баштаган өнөр жай борборлоруна айланат. Чөлкөмдүн коомдук-саясий жана маданий турмушунда алардын ролу уламдан-улам өскөн.

Түштүктө **Өзгөн** менен **Жалал-Абад** шаарлары кан базары кайнаган, калкы жыш, Оштон кем эмес калаалардын катарында турган. Бирок шаар калкы Кыргызстандын жалпы калкынын 7,4%ын гана түзгөн (1897-ж.). Шаар калкынын басымдуу бөлүгү кол өнөрчүлөрдөн, майда соодагерлерден, ар кандай кызматкерлерден, жалданып жан баккан кембагалдардан турган. Чүй боорундагы эң ири шаар Пишпекте XIX к. аягында 6615 киши турчу. Калаада көп улуттуу калк: кыргыздар, орустар, украиндер, өзбектер, дунгандар, татарлар, казактар жанаша жашашчу. Дунгандар шаар калкынын дээрлик жарымын түзүп, өзүнчө слободкада турушчу. Шаарда айыл чарба чийки заттарын иштетүүчү бир нече чакан ишкана болгон (пиво ачытуучу, булгаары жасоочу, тери ийлөөчү ж.б.). 1913-ж. Пишпекте 500гө жакын соода түйүндөрү (дүкөн) иштеп турган. Шаар Жети-Суу менен Батыш, Чыгыш Түркстанды байланыштырган соода жолунун боюнда жайгашып, эгин, мал сатууда, экономикалык байланыштардын күч алышында маанилүү роль ойногон.

Бул аймактагы ири соода чордондорунун бири Токмок кыштагы боло турган. Ал калк жыш жашаган өрөөндө, Верный, Пишпек, Каракол шаарлары жана Фергана, Сыр-Дарыя дубандары менен катташтырган соода жолунун таманында жайгашкан. Мында көбүнчө майда соодагерчилик, кол өнөрчүлүк менен кесиптенген орустар, өзбектер, уйгурлар, дунгандар, татарлар, кыргыздар турчу. 1905-ж. **Токмокто** жашаган калктын саны 10 миңден ашкан, 400-500дөй дүкөнчөлөр бар эле. Базарга күнүгө 5 миңдей кардар келип кетчү, жылына болжол менен 2,5 млн. сомдун тегерегинде буюм-тайым сатылчу. Токмокто тери иштетүүчү, май сыгуучу бир нече завод, тегирмендер болгон.

Ал эми түштүктөгү ири шаар **Ошто** 1914-ж. 46 миң киши жашаган. Шаарда 800дөн ашуун дүкөнчөлөр тынымсыз соода жүргүзүп турду. Ош шаары Жети-Суу, Фергана аймагынын, Орто Азиянын шаарлары, чыгыш өлкөлөрү менен соода байланышын жүргүзүүдө маанилүү роль ойногон.

XIX к. экинчи жарымында Кыргызстандын Орусия, Казакстан жана Өзбекстан менен соода байланыштары ого бетер чыңдалат. Буга Орто Азиянын Орусия курамына киргизилиши түрткү берди. Анткени чөлкөм толугу менен орус өнөр жайы үчүн чийки зат алуучу булакка жана өнөр жай товарларын сатып өткөрүүчү базарга айланган болчу.

Акчалай алынуучу салыктарды төлөө жана өнөр жай, кол өнөрчүлүк буюмдарын сатып алуу үчүн кыргыздар колунда болгон малынын, жыйган эгининин ж.б. бир бөлүгүн сатууга аргасыз болгон. Өз кезегинде бул натуралдык чарбанын бузулушуна жана түпкү калктын товардык-акча мамилелерине тартылышына өбөлгө түзгөн.

Күндөлүк жашоо-тиричиликке абдан керектүү пахтадан токулган кездемелер, булгаары жана темирден жасалган буюмдарды Кыргызстанга соодагерлер Орусиядан, Өзбекстандан ж.б. аймактардан алып келишчү. Ал эми Орусияга Түштүк Кыргызстандан пахта, жибек, кургатылган жемиштер (өрүк, мейиз, как ж.б.), жүн, терилер жөнөтүлчү. Түндүк Кыргызстандан соодагерлер негизинен мал, тери, жүн, кыл, ичеги, эгин ж.б. сатып кетип турушкан. Кыргыздар белгилүү өлчөмдө кол өнөрчүлүк буюмдарын: кийиз, шырдак, кап, аркан, жиптерди, килемдерди, боз үйдүн жыгачтарын, жыгач буюмдарын (ээр, идиш) ж.б. сатышчу. Коңшу өзбек, тажик, уйгур, дунган соодагерлерден кыргыздар — пахта, жибек кездемелерин, кийим-кече, өтүк-маасы, эмгек куралдарын, жашылча-жемиштерди, орус-украиндерден кетмен, күрөк, чалгы, орок, буурсун ж. б. сатып алышчу. Соода-сатыкта көпчүлүк учурда мал, аңтерилери, мал чарба заттары, акча ордуна колдонулчу.

Соода-сатыктын, ич ара чарбалык карым-катнаштын өнүгүшүндө базарлар менен жарманкелердин да мааниси зор болгон. Жарманкелер **Ат-Башыда** (1883-ж. тартып), **Каркырада** (1893-ж. тартып), **Караколдо** (1898-ж. тартып), **Пишпекте** (1905-ж. тартып) мезгил-мезгили менен уюштурулчу. Бирок жалпысынан алганда аймактар арасында туруктуу соода, үзгүлтүксүз экономикалык байланыштар али калыптана элек эмес. Кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү товардык-акча мамилелерине активдүү аралаша элек эле.

**Социалдык мамилелер**. XIX к. экинчи жарымындагы кыргыз калкын негизинен эки социалдык катмарга (топко) бөлгөн ылайыктуу. Алардын бири феодалдар — бай, манаптар, экинчиси кара букара — эмгекчил эл.

Феодалдардын ак сөөк төбөлдөрү — манаптар өздөрүнүн материалдык жана саясий абалы боюнча феодалдык иерархиянын эң жогорку тепкичинде турушкан. Кыргызстан Орусиянын курамына киргизилгенге чейин манап наамы, бийлиги атадан балага мураска калчу.

Ата-бабасынан бери тектүү ири манаптар адатта *чынжырлуу манап* аталчу. Манаптар өздөрүн ак сөөк тукумданбыз деп эсептешип, букара калкка текебер мамиле кылышчу.

Кыргызстанда Орусиянын үстөмдүгү орногон соң манаптардын абалында айрым өзгөрүүлөр болду. Колониялык администрация аймакты башкарууда ишеничтүү социалдык таянычка ээ болуу максатында манаптарды өзүнө тарткан. Алар болуш, старчын, бий кызматына ээ болушкан. Үлгүлүү кызмат өтөп, эмгеги сиңген чоң манаптарга падыша өкмөтү



*XX к. башындагы кыргыздын чыгаан инсандарынын тобу. Экинчи катарда сол жагынан биринчи Чоко баатыр. Ортодо Шабдан баатыр. Анын оң жагында Найзабек (ортодо, кийин «Алаш» партиясын түзүүчүлөрдүн бири). Шабдандын сол жагында Максымкожо. Биринчи катарда сол жагынан экинчи Дүр. Үчүнчү катарда сол жагынан биринчи Мамбеталы*

ар кандай сыйлыктарды, аскердик наамдарды ыйгарып турган.

Кыргыз феодалдарынын негизги катмарларынын бири байлар эле. Алардын мансап-мартабасы, мураска калчу атак-даңкы болгон эмес. Бийликтен, ар кандай кызматтардан көпчүлүк учурда четте калышчу. Бирок байлар жер жайнаган көп малга ээлик кылышчу. Иш жүзүндө жайыттын көбүн ошолор ээлешчү.

Бул учурда *бийлердин* укугу, коомдук абалы да өзгөрдү. Мурда бий кызматы мураска калса, эми ал шайлануучу кызматка айланат. Түштүк Кыргызстанда калкы отурукташкан аймактарда бийдин ордуна *казылар* шайланчу. Бий, казы кызматына негизинен манаптар, байлар шайланган. Бийлер, казылар жергиликтүү элдин ичинде соттун милдетин аткарып, ар кандай кылмыштарды, доо-талаштарды талкуулашчу жана адатка (бийлер), шариятка (казылар) таянып бүтүм чыгарышчу.

XIX к. аяк чениндe товардык-акча мамилелеринин өнүгүшүнүн, натуралдык чарбанын бузула башташынын натыйжасында кыргыз манап, байларынын арасынан тери иштетүүчү, май сыгуучу ж.у.с. чакан заводдордун ээлери калыптанат. Бирок андай ишкерлердин саны өтө аз эле. Кыргыз байлары соодагерчиликке, алыпсатарлыкка, сүткорлукка, далдалчылык кылууга көбүрөөк тартыла баштайт. Алсак, ага-ини Өзбек менен Ашыр Бошкоевдер миңдеген баш мал, айрыкча жылкы кармап, соодагерчилик кылышкан.

Карапайым эмгекчи калктын негизги бөлүгүн *кара букара* түзгөн. Алардын күндөлүк турмуш-тиричиликте керегине жарачу бир аз майда жандыгы, бирин-экин уюу, унаасы (аты) боло турган. Көпчүлүк учурда бай-манаптардын малын багып жан сакташчу.

Кедей-кембагалдар **жакырлар, жалчылар, малайлар, жатактар, чайрикерлер, мардикерлер** өңдүү ар кандай

катмарларга бөлүнүшкөн. Отурукташкан калк жашаган, дыйканчылыгы өнүккөн аймактарда жери аз, же жери, унаа-малы жок дыйкандар *чайрикерлик* кылышкан. Алар байлардан жер, үрөн, өгүз, ат жана айыл чарба шаймандарын алышчу. Алардын акысы үчүн күзүндө түшүмдүн көбүрөөк бөлүгүн кожоюнга берүүгө милдеттүү эле. Мардикерлер айыл чарба жумуштары кызыган маалда убактылуу жалданып иштешкен. Аларга эмгек акысы акчалай төлөнгөн. Өзүнүн жумушчу күчүн сатып күн көргөндөрдүн саны акырындык менен арбып бара жатты. Кедей-кембагалдардын кыйла бөлүгү орус кулактарына, казак-орустарга, өзбек байларына жалданып иштешкен. Жарытпаган маяна үчүн кээ бирөөлөрү чакан өнөр жай ишканаларында, көмүр кендеринде эмгектенүүгө аргасыз болушкан. Алсак, 1907-ж. Кызыл-Кыядагы көмүр кенинде эмгектенген 209 шахтёрдун 107си кыргыз эле. Алардын абалы өтө оор болгон.

Эмгекчи элдин абалын падышачылыктын колониялык саясаты, ар түркүн алык-салыктар, феодалдык төбөлдөрдүн элден жыйналчу ыгым-чыгымдары ого бетер начарлаткан. Албетте, бул эл ичинде колониялык бийликке каршы наразылыкты күчөтпөй койгон жок.

### ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. XIX к. аягына карата кыргыздардын чарбасында кандай өзгөрүүлөр байкалган?
2. Кыргыз кыштактарына мүнөздөмө бергиле.
3. Өнөр жайынын өнүгүшүнө эмнелер мүнөздүү эле?
4. Кол өнөрчүлүгүнүн кандай түрлөрү өнүккөн?
5. Шаарларга, соода-сатыктын өнүгүшүнө мүнөздөмө бергиле.
6. Кыргыздар кандай социалдык катмарлардан турган?

## § 25. Анжиян көтөрүлүшү

**Көтөрүлүштүн себеби жана мүнөзү.** XIX к. аягындагы Орто Азия элдеринин улуттук-боштондук күрөшүнүн ириси **Анжиян көтөрүлүшү** болуп эсептелет. Кыргыз, өзбек, тажиктер бирге чыккан бул көтөрүлүшкө падышачылыктын колониялык саясаты, улуттук эзүүнүн күчөшү, колониялык администрациянын зордук-зомбулугу, социалдык теңсиздиктин тереңдеши себеп болгон. Көтөрүлүшкө калктын ар кандай катмарлары, мусулман дин кызматкерлеринин өкүлдөрү катышкан. Атүгүл, көтөрүлүш адеп башталганда ага Маргалаң уездиндеги Миң-Дөбө кыштагынын эшени **Мадалы Дукчи (ийикчи) эшен** (1863—1898) жолбашчылык кылып, демилгени өз колуна алган. Диний мүнөздөгү ураан, чакырыктар, элдик кыймылга дин өкүлдөрүнүн катышуусу жеке эле Анжиян көтөрүлүшүнө мүнөздүү эмес. Мындай көрүнүш бөлөк элдердин боштондук күрөшүнүн тарыхынан деле көп жолугат. Андыктан, бул көтөрүлүштү реакциячыл кыймыл катары кароого эч негиз жок. Эң башкысы



*Анжиян көтөрүлүшүнүн жетекчиси Мадалы Дукчи эшен жана баштоочулар*

— көтөрүлүштүн катышуучуларынын түпкү кызыкчылыктары, мүдөө-тилектери дал келип, көтөрүлүштүн башталышына түрткү болгон. Мына ошондуктан Анжиян көтөрүлүшү — мүнөзү жагынан элдик, улуттук-боштондук кыймыл болуп эсептелет.

**Көтөрүлүштүн башталышы.** Фергана аймагында канатташ жашаган кыргыз, өзбек, кыпчак, тажиктерди кучагына алган элдик кыймылдын жаңы толкуну болгон Анжиян көтөрүлүшү **1898-ж. май айында** башталды. Көтөрүлүш башталардын алдында айыл-кыштактарда ар кандай айың кептер тарап, калк дүрбөп калган болчу. Кандайдыр бир оор окуянын белгилери байкала баштаган эле. Ушундай кырдаалда **1898-ж. 17-май** күнү кечке маал **Тажик (Миң-Дөбө)** кыштагына ар кошкон эл — өзбектер, кыргыздар жана кыпчактар жыйналып, колониялык бийликке каршы күрөшүүгө бел байлашат. Ошондо **Мадалы эшен** демилгени колго алып, чогулган элге жетекчилик кылат. Кыштакта ошол күнү көп эл топтолуп, бул тарапта жайгашкан падыша аскерлерине тез арада сокку урмай болушкан. 18-майга караган түнү көтөрүлүшкө чыккандар Анжияндагы аскер отряддарына чабуул коюшат. Көтөрүлүшчүлөр калааны бөлөк аймактар менен байланыштырган телеграф зымдарын кыркып салышкан болчу. Жолдо аларга **Кутчу, Кара-Коргон, Көл** ж.б. кыштактардын калкы кошулуп кетет. Аз убакыттын ичинде көтөрүлүшкө чыккандардын саны 2000 кишиге жеткен. Бирок күчтөр тең эмес эле.


Падышалык аскерлер кармашка даярдыгы, машыгуусу, курал-жарагы жагынан кыйла артыкчылык кылган. Көтөрүлүшчүлөр алдын ала көтөрүлүшкө жакшылап камылга көрө алышкан эмес, курал-жарагы да начар болчу. Алар болгону, айры, чалгы, найза, кылыч, союл, бир нече мылтык менен куралданышкан. Ошондуктан мыкты куралданган аскерлер көп өтпөй көтөрүлүшчүлөрдүн чабуулунун мизин майтарып жеңишке жетишет. Айыгышкан кармашта 20дан ашуун падыша аскерлери жана офицерлер көз жумган эле. Көтөрүлүшчүлөр дагы оор жоготуу-

га учурап, көбү окко учат жана жарадар болот. Аскерлер жамгырдай жаадырган октон көтөрүлүшчүлөрдүн катары суюлуп, акыры чегинүүгө мажбур болушат. Ошол кайгылуу окуядан көп узабай (20-майда) жазалоочу аскерлер Анжияндан 90 чакырым жерде Чарбак кыштагында көтөрүлүштүн жолбашчысы Мадалы эшенди туткунга түшүрүшөт. Кийинчерээк 12-июнда колониялык бийлик аны дарга асып өлтүргөн.

Көтөрүлүш зор аймакты — Фергана өрөөнүн кучагына алган. Элдик кыймылга **Анжиян, Маргалаң, Наманган** жана **Ош** уезддеринин калкы активдүү катышты. Бул көтөрүлүшкө көп улуттуулук мүнөздүү. Колониялык эзүүнүн азабын чогуу тарткан жергиликтүү элдер эркиндик үчүн күрөштө бирге болушту. Өзбектер сыяктуу эле кыргыздар дагы ажалдын отун чачкан, арбын жарагы бар, таш боор падышалык аскерлерден жалтанбай кармашышкан. Көтөрүлүшкө ноокаттык, суусамырлык кыргыздар да катышууга аракет жасашканы белгилүү.

**Ноокаттык кыргыздардын кыймылы.** Миң-дөбөлүктөр толкундай баштаган күнү Ноокат аймагындагы Ак-Терек деген жерге Ош уездине караштуу Каракол-Сай, Тамчы-Булак, Жапалак айылдарынан 300дөй киши жыйналат. Алар союл, таяк, бычактар менен куралданышып, мылтыктары жок эле. Чогулган кыргыздар Оштогу аскер гарнизонуна жана орус төрөлөрүнө кол салууга даярданышат. Ноокат аймагында көтөрүлүшкө Оморбек Алим уулу жетекчилик кылмай болгон. Бирок бул жөнүндө колониялык бийлик өкүлүнө чыккынчылар алдын ала кабар жеткирүүгө үлгүргөн эле. Ошол замат Ош уездинин акими подполковник Зайцев көтөрүлүштүн башталышына жол бербей, аны убагында басып коюу үчүн шашылыш чара көрөт. Натыйжада аскер коштогон орус төрөлөрү ноокаттык кыргыздардын жетекчиси Оморбек жана анын жакын санаалаш жолдошу Сатыбай баш болгон 20 кишини капыстан келип колго түшүрүп алышат. Көп өтпөй падышалык чиновниктер элдик кыймылдын көптөгөн катышуучуларын камакка алды. Алсак, Ноокат тарапта 50дөн ашуун киши камалган.

**Кетмен-Төбөдөгү толкундоолор.** Ал эми Суусамыр болуштугундагы Кетмен-Төбөдө көтөрүлүш баштоо үчүн топтолгон элдин башында **Шадыбек Шергазы уулу** турду. Алар Анжиян тарапта башталган көтөрүлүшкө кошулууга камынышкан. Бирок Анжиянда көтөрүлүшчүлөр падыша аскерлеринен оор жеңилүүгө учураган соң, чечкиндүү күрөш баштоого батына алышкан жок. Кетмен Төбөлүк кыргыздардын кыймылын басуу үчүн бир нече жүз аскерден, казак-орустардан турган кошуун шашылыш жөнөтүлгөн. Ал кошуун Шадыбек Шергазы уулун, 50дөн ашык кишини колго түшүрүп, Наманганга айдап келишет. Шадыбек Шергазы уулун орус бийлиги адегенде өлүм жазасына тартмай болот. Кийин өлүм жазасы өмүр бою сүргүнгө айдоо менен алмаштырылган. Ошондой эле анын жардамчылары Үмөтаалы Багышбек уулу жана Төлөбай Бешкемпир уулу жыйырма жылдык мөөнөткө сүргүнгө айдалат. Алгачкы сот чечими боюнча алар дагы өлүм жазасына тартылмак. Булардан тышкары 54 киши өлүм жазасынын ордуна жети жылга сүргүнгө айдалган. Алардын арасында касташкан душмандары тара-


XIXк. аягы - XX к. карата Кыргызстандын жана
коншулаш аймактардын административдик бөлүнүшү
Мамлекеттик чек ара
Кыргыз Республикасынын азыркы чек арасы
Облустардын, хандыктардын чек арасы
Уезддер менен бек аралык чек ара
КАЗАХСТАН
КЫРГЫЗСТАН
УЗБЕКИСТАН
ТАДЖИКИСТАН
КИТАЙ
Аулие-Атинский уезд
Пишпекий уезд
Верненский уезд
Джаркентский уезд
Пржевальский уезд
Андижанский уезд
Наманганский уезд
Ошский уезд
Скобелевский уезд
Кокандский уезд
Ходженский уезд
Самаркандский уезд
Каратегинское бекство
Верный
Кегень
Пржевальск
Токмак
Пишпек
Рыбачье
Аулие-Ата
Сарыдала
Бурное
Талас
Ачисай
Чимкент
Ташкент
Янги-Юль
Ангрен
Алмалык
Ташкумыр
Наманган
Джалал-Абад
Андижан
Нарын
Атбашы
Коканд
Маргелан
Скобелев
Ош
Ходжент
Канибадам
Исфара
Кызыл-Кия
Гульча
Суфи-Курган
Сары-Таш
Сулюкта
Дараут-Курган
Матча
оз. Иссык-Куль
оз. Кара-Куль

бынан жалган жалаа жабылган атактуу **Токтогул акын** да бар болчу.

Ушул эле мезгилде Анжиян уездиндеги кыргыздар жашаган тоолуу аймакта 1000 ден ашык киши катышкан кубаттуу толкундоолор башталат. Бирок кыймылдын жалпыга кадыр-барктуу жетекчиси жок болгондуктан, көтөрүлүшчүлөр майда топторго бөлүнүп кеткен. Алар найза, союл, бир нече мылтык, тапанча менен куралданышкан. Айланадагы айыл-кыштактардын калкы аларды азык-түлүк менен жабдып турган. Акыры бул чачкынды кыймыл да кеңири кулач жая албай, тез эле басылып калган.

**Көтөрүлүштүн жеңилиши жана мааниси.** Оторчул (колониялык) бийлик көтөрүлүшкө чыккан түпкү калкты катуу куугунтукка алып, аёосуз жазалады. Көтөрүлүштү басуу үчүн Фергана, Сыр-Дарыя, Жети-Суу облустарынан жана Ташкент шаарынан жазалоочу аскер бөлүктөрү арбын жөнөтүлгөн. Бардыгы болуп 777 киши камакка алынып, алардын 415и сот жообуна тартылган. Соттун чечимине ылайык 18 киши дарга асылып, 362 киши өлүм жазасынын ордуна узак убакытка алыска сүргүнгө айдалат. Алардын ичинде ич ара каралап, ушактоонун натыйжасында Кетмен-Төбөдөн 36 киши кармалып, Сибирге сүргүнгө жөнөтүлгөн.

Элдик кыймылдан чочуган оторчул бийлик Фергана, Сыр-Дарыя жана Самарканд облустарын күчөтүлгөн кайтаруу абалында деп жарыялап, орус кыштактарынын калкын шашылыш түрдө мылтык менен куралдандырууга киришет.

**Ошентип, алдын ала жакшылап уюшулбаган, чачкынды, начар куралданган элдик кыймыл жеңилүү менен аяктады.** Көтөрүлүш Орто Азияда Орусия үстөмдүгү толук орногондон кийинки түпкү калктардын **алгачкы ири улуттук-боштондук кыймылы** эле. Ал жылдан-жылга күчөп бараткан колониялык эзүүгө, падышалык чиновниктердин аксымдыгына каршы багытталган. Көтөрүлүшкө чыккан эл көз каранды эместикти, эркиндикти эңсеген. Анык элдик кыймыл жеңилип калганына карабастан, калайык калк кайратынан жанган эмес. Тескерисинче, эркиндикке умтулуусу ого бетер күчөп, келечектен үмүтүн үзгөн жок. Көтөрүлүш учурунда Орто Азиядагы оторчул бийликке олуттуу сокку урулду. Көтөрүлүшчүлөр менен Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарынын жергиликтүү калкы да тилектеш болуп колдоо көрсөтүшкөн. Көтөрүлүш улуттук аң-сезимдин өнүгүшүнө, колониялык бийликке наразылыктын андан ары тереңдешине жана кайрадан жаңы кубаттуу боштондук күрөшүнүн бышып жетилишине түрткү берди. Ошондогу оор окуялар элдин эсинде түбөлүккө сакталып, чечкиндүү күрөштөргө шыктандырып турду.

Кийинки элдик кыймылдын кубаттуу толкуну 1916-жылга туура келди.

?

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Көтөрүлүштүн себеби жана мүнөзү тууралуу айтып бергиле.
2. Көтөрүлүш кайда, кандайча башталган?
3. Көтөрүлүшкө ким жетекчилик кылган?
4. Ноокаттык, Кетмен-Төбөлүк кыргыздардын толкундоолору жөнүндө айтып бергиле.
5. Көтөрүлүш кандайча басылды эле?
6. Көтөрүлүштүн мааниси жана мүнөзү жөнүндө эмнелерди айта аласыңар?

# IX глава. КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫНЫН XIX к. II ЖАРЫМЫ — XX к. БАШЫНДАГЫ МАДАНИЯТЫ

## § 26. Оторчулук (колониялык) доордогу кыргыз элинин салттуу маданияты

**Кыргызстандын этностук курамы** анын Орусияга каратылышынан соң чукул өзгөргөн. Эми өлкөдө кыргыздардан жана Кокон хандыгы маалындагы тарыхый коңшулаштары болгон айрым өзбек, тажиктерден тышкары, Европадан орус, украин, немис, татар, башкырлардын өкүлдөрү, Чыгыш Түркстандан жана Ганьсу, Шэньси аттуу кытайлык вилайеттерден уйгур, дунган, сарт-калмак элдеринин өкүлдөрү көчүп келип туруп калышкан. Бул жаңы этностук кырдаал кыргыз элинин **XIX к. акыры — XX к. башындагы** маданиятынын чукул өзгөрүүлөргө учурашын шарттаган жагдайлардан болду. Кыргыз маданияты дал ушул доордо европалык (орусиялык) маданият менен жакындан алакалашып, андан ары өнүгүүгө мүмкүндүк алды. Албетте, **салттык маданияттын** өзгөчөлүктөрү да сакталып калды.

**Манасчылык** өнөрү жаңы таланттуу жомокчулар тарабынан улантылган. Алардын арасында **Акылбек, Чоңбаш (Нармантай), Назар ырчы, Тыныбек Жапый уулу** (1846-1902), **Келдибек Барыбоз уулу, Балык (Бекмурат) Кумар уулу** (1793-1873), **Чоюке Өмүр уулу** (1863-1925), **Чомо Асыран уулу** (1879-1924) сыяктуу залкарлар бар эле. Манас айтуудагы Ысык-Көл — Нарын «мектебинин» өкүлдөрүнөн таалим алган **Сагымбай Орозбак уулу** (1867-1930) саяк уруусунун мойнок уругунан чыккан. Атасы Орозбак Акжол уулу айтылуу Ормон хандын кернейчиси болгон. Сагымбай 3-4 кыш өзбек молдодон окуп, сабатын жойгон. Он алты жашынан тартып «Манас» айта баштаган. Анын варианты классикалык үлгү катары кыргыз фольклорунун алтын фондуна кирди. Арийне, 1922-1926-жж. гана К.Мифтаков, Ы.Абдыракманов тарабынан кагаз бетине Сагымбайдын айтуусунда «Манас» бөлүмү гана түшүрүлүп, анын «Семетей», «Сейтеги» жазылбай калган. Сагымбайдан кийинки залкар манасчы **Саякбай Карала уулу** (1894 -1971) совет доорунда 500 миң саптан ашуун ири көлөмдүү вариантын жаздырып, **XX кылымдын «Гомери»** даңазасына жеткен.

XIX к. экинчи жарымында «Манас» дастанынын айрым бөлүмдөрү европалык илим чөйрөсүнө дайын болгон. Казак ойчулу жана агартуучусу **Чокан Валиханов** (1835-1865) Ысык-Көл кылаасындагы кыргыздардын арасынан «Көкөтөйдүн ашын» жазып (1856-ж.), «Манас» дастанын кыргыз элинин энциклопедиясы, «талаа Илиадасы» деп жогору баалаган. Анын досу, татар окумуштуусу **Хусеин Фаизханов** (1828-1866) да «Манас» дастанына тан берген. **Василий Васильевич Радлов** (Фридрих Вильгельм Радлофф; 1837-1918) болсо, 1862-ж. жана 1869-ж. кыргыз жайлоолорун кыдырган, 1885-ж. Лейпцигде «Манастын» үзүндүсүн кыргыз жана немис тилдеринде жарыялаган. 1911-ж. мажар (венгр) чыгыштаануучу Д. Алмаши да ушул



*Тыныбек Жапый уулу (1846 — 1902)*

эле тилдерде «Манастан» үзүндүнү Будапештте жарыялаган.

1898-ж. **Тыныбек Жапый уулунун** «Семетейинен» чакан үзүндү Казань шаарында араб арибинде жарык көргөн. «Манас» дастаны орусиялык оторчулук доорунда жазма түрүндө да эл арасында окулган. Маселен, биздин күндөргө жеткен «Кысса-и Семетей бу турур» («Бул — Семетей тууралуу уламыш») аттуу араб арибиндеги кыргыз тилинде жазылган чыгарма XX к. таандык. Аны **Балык ырчынын** вариантынын негизинде **Токтогазы Жусупбек уулу** (1864-1933) жазып алган деп боолголонууда.

Сталинизм доорундагы репрессиялар маалында өрттөлгөн кол жазмалардын ичинде далай дастандык үлгүлөр болгондугу белгиленүүдө.

Төкмө акындардын жаңы толкуну оторчулук доорунда өз чыгармачылыгы менен таанылган. Алардын арасында **Жеңижок** (**Өтө Көкө уулу**; 1859-1918) тарбиялык мааниси терең, нускоочу акын, айтыштын жеңилбеген устаты, жаза жана окуй билген билимдүү адам гана болбостон, кыргыз дастандарын күндөп-түндөп айткан жомокчу катары да таанылган.

«Жер жүзүнө жайылып,
Толуп чыккан аккан суу.
Жети кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу.
Жер, Ааламдын баарысын
Багып чыккан аккан суу.
Асмандан булут кубулуп,
Жаан алган аккан суу.
Өмүр отун тутантып,
Жагып чыккан аккан суу», —

деген керемет ыр саптары аркылуу ал жаратылыштын ички күчү катары аккан сууну даңазалайт, ырларында философиялык бийик чабыттагы ойлорду чагылдырууга жетишет.

«Артынан жоо куугансып,
Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн.
Кирген суудай шаркырап
Акканын көрчү дүйнөнүн»,

— деп Жеңижок турмуштун динамикалуу өзгөрүп-өнүгүүсүнө тан берет. Жеңижоктун эркин ойлоо аракеттери кичүүрөөк замандашы **Токтогул Сатылган уулу** (1864-1933) тарабынан өнүктүрүлгөн. Акын, комузчу, обон-күү чыгарган чебер өнөрпоз жана ойчул Токтогул социалдык маанидеги (бай-манап зулумдугуна, аларга кошомат кылгандарга, элди алдап жан баккан эшен-калпаларга каршы) лирикалык ырларын, айрым дастандарын айткан. 1898-ж. Анжиян көтөрүлүшү жеңилген соң кетментөбөлүк манаптар аны жалган жерден айыпка жыктырып, сүргүнгө Сибирге айдалып кеткен. Токтогул өз доорунун далай чыгаан акындарына чыгармалары



*Токтогул Сатылган уулу (1864 — 1933)*

менен да, кеп-кеңеши, насааты менен да жол көрсөтүп берген.

Кыргыздын дидактикалык жана философиялык акындык сереси Барпы **Алыкул уулу (Парпи апыз;** 1884-1949) калтырган көөнөргүс мурас менен да байланыштуу. Ал азыркы Сузак районундагы Ачы кыштагында туулган. Сегиз жашынан байларга жалданып иштеген. Он алты жашында калайыкка акындыгы билинген. Токтогулдуку сыяктуу социалдык курч ырларынан тышкары, аалам, заман, коом тууралуу терең ой жүгүрткөн ырларын да калтырган.

«Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт», — деп,

Барпы өзгөргөн заманды да, коомдогу адилетсиз түзүлүшкө жаны ачуусун да бир эле ырдын саптарына сыйдырган. Жеңижок ырчы ага: «Акындык салтың оңунда — арыштайсың, Барпы ырчы» — деп баа берсе, Токтогул ырчы: «Кынадың терме, санатың, сен болдуң менин канатым», — деп ыраазы болгон.

Жеңижок менен Токтогулдун шакирттеринин бири **Эшмамбет Байсейит уулу** (1867-1926) да «Жер Эне» аттуу философиялык ой толгоого жык ыры жана башка көптөгөн курч ырлары, дастанчылыгы менен белгилүү.

Оторчулук доорунда кыргыздын **жазгыч акындары** Молдо Ныяздын салтын андан ары улантышкан. Алардын бири **Байымбет Абдыракман уулу (Тоголок Молдо;** 1860-1942**)** Нарындагы Куртка деген жерде туулган. Молдодон окуп, кат таанып, 14 жашынан өз ырларын жаза баштаган. 18 жашында Тыныбекке жолугуп, «Манас» дастанын үйрөнгөн. Анын ырлары, тамсилдери, санжыралык уламышы совет дооруна чейин эле кеңири тараган. Өзү жазып калтырган чыгармалары асыл нускасында сакталып, изилденүүдө.

Кыргыздын таанымал жазгыч акыны **Молдо Кылыч Шамыркан уулу** (1868-1917) айтылуу Төрөгелди манаптын небереси болгон. Ал Баян Молдо, Мам-



*Молдо Кылыч Шамыркан уулу*

бетаалы молдо, Ак молдо дегендерден таалим алган.

«Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым,
Чала чыккан башынан
Чаар китептен сабатым.
Жүрө-жүрө арбыган,
Казал жазган кагазым.
Калайыкка билинип
Катка түшкөн абазым», — деп

өзү жазгандай, кийинки билимин ал өз алдынча окуп топтогон. Жадитчилер[1] менен алака түзүп, Ысмайыл Гаспыралы чыгарган «Тержүман» гезитин, Казань татарларынын «Йулдуз» гезитин, Навои, Сопу Алдаяр, Кожо Хафиз, Бедил, Рабгузи, Кожо Акмат Йассави ж.б. жазган чыгармаларды, казак жазгыч акындарынын чыгармаларын окуйт. 1910-ж. тартып ал өзү да мугалимдик кылып, бала окуткан жайы бар. 1911-ж. Казанда анын даңазалуу **«Зилзала»** («Жер титирөө») аттуу казалдар жыйнагы жарыяланган. Бул казал эң алгачкы таш басмада жарыяланган кыргыздын поэтикалык чыгармасы болуп саналат.

Молдо Кылыч «заманчыл» акындардын бири катары эсептелип, анын мурасы 1948-1989-жж. кеңири коомчулук үчүн тыюу салынып келген. Анын «Чүй баяны», « Бүркүттүн тою», « Буудайык», «Зар заман» ж.б. чыгармалары кыргыз көркөм сөз өнөрүн кол жазма адабият деңгээлине көтөргөн көөнөргүс мурастардан болуп саналат. XX к. башындагы өз ырларын дептер түрүндө жазып тараткан жазгыч акындардын ичинен Молдо Кылыч ойчулдугу, жаңы усулчулдугу менен айырмаланган.



*Эшенаалы Арабай уулу*

**Агартуучу-илимпоздор.** Кыргызстандын Орусияга каратылышынын натыйжасында Итил (Волга) менен Уралдагы мусулмандык түрк маданиятынын чордону менен Ала-Тоо калкынын карым-катнашы болуп көрбөгөндөй күчөгөн. Татар менен башкыр агартуучулары «жаңы усул» ыкмасы менен кыргыздардын сабатын арттырууга омоктуу салымын кошкон. Кыргыздардын арасында да агартуучулук кыймылы жанданган.

Дал ошол агымдын көрүнүктүү өкүлү **Эшенаалы Арабай уулу** (1882-1938) Кочкор аймагындагы Күн батыш айылында туулган. Башталгыч билимди өз өрөөнүндө алган. 1900-1910-жж. мугалимдик кылган. 1910-1913-жж. Уфа шаарындагы Галийа медресесинде окуп билим алат. 1911-ж. К. Сарсекеев менен бирге казак жана кыргыз балдары үчүн «Алифбай йаки төте оку» («Алиппе же туура окуу») деген окуу китебин жарыялаган. Бул китеп аны окуган далай кыргыз жана казак жаштары үчүн араб арибин өздөштүрүүнү жеңилдеткен Э. Арабай уулунун башка жыйырмага жакын чыгармаларынын ичинен 1924-ж. Ташкент шаарында басылган «Кыргыз

[1] Усулу жадид – окутуунун жаңыча ыкмасы, XX к. башында п.б. Демилгечилери Исмайыл Гаспыралы ж.б. татар агартуучулары болгон.

алипбеси» да тунгуч кыргыз алиппеси катары өзгөчө сөзгө алынууга арзыйт.

Э. Арабай уулу агартуучулук менен гана чектелбестен, саясий турмушка да катышкан. 1917-ж. 8-13-декабрда Оренбург шаарында болуп өткөн «Алаш» партиясынын III курултайына делегат болуп барганда Кокон автономиясынын жаңы түзүлгөн Өкмөтүнүн төрагасы казак Мухаммеджан Тынышпай жана Кокон автономиясынын тышкы иштер министри Мустафа Чокаев менен жолуккан. Курултайдагы Алихан Бөкейхан улы башында турган автономиялуу Алаш Ордо өкмөтүн түзүү чечимин ал да жактырган. Эшенаалы Арабай уулунун автономиялык макам[1] аркылуу кыргыз мамлекеттүүлүгүн кайрадан калыптандыруу идеясы кийинчерээк Абдыкерим Сыдык уулу, Жусуп Абдыракман уулу тарабынан жүзөгө ашырылган.

Ал эми **Осмонаалы Сыдык уулу** (**Кыдык уулу;** 1875-1940) болсо кыргызча тарых эмгеги таш басма аркылуу китеп болуп жарыяланган алгачкы тарыхчы болуп саналат. Анын атасы Кыдык Кочкордогу чоң манап Абайылданын уулу, айтылуу, Төрөгелди манаптын энеси



*Осмонаалы Сыдык уулу*

[1] Макам — статус

башка бир тууганы эле. Осмонаалынын улуу агасы Жаркынбай да молдо болгон. Кийинчерээк Осмонаалы Үч-Турпандагы, Бухарадагы, Уфадагы билим борборлорунан (медреселерден) таалим алган. 1913-ж. Уфа шаарынан өзүнүн «Мухтасар тарых-и кыргызийа» («Кыскача кыргыз тарыхы») аттуу эмгегин «Каримов, Хусаинов жана К°» коому тарабынан чыгартып алат. Кийинки, 1914-ж. ал ушул эле шаардан мурдагы китебин кеңирилетип, кошумча маалымат, ырларын кошуп, «Тарых-и кыргыз шадманийа» ( «Шабданга багышталган кыргыз тарыхы» ) деген ат менен жарыялаган.

«Жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарыхты билүү керек жана (ал) — көп этибар кылынуучу бир илим», — деп тарыхка астейдил мамиле кылууга чакырган. Осмонаалы Сыдык уулу өз журтуна тек гана санжырадан, тарыхтан билгенин баяндап тим болбостон, илим менен өнөргө да чакырган:

«Илим менен пайда болгон нерселерди,
Жазайын баян кылып, тыңдасаңыз.

Бир күндө жеткиреди айлык жолго,
Деңиз үстү, темир жол от араба.

Эшитебиз кабарды бир четинен,
Электирик, телефон, тилгирем мен(ен).

Суга кайык жүргүздү кеме менен,
Илим менен ар түрдүү өнөр билген.

Дагы да асманга учту аба менен,
Кааласа кайта келип жерге түшкөн...
Телескоп дүрбү чыкты жылдыз көргөн,
Бир тарууну бир төөдөй үлкөн эткен...



*Тарыхчы Белек Солтоноев (1878 — 1938)*

Басмакана жана бар китеп баскан,
Халыктарга өнөр менен магруп
(билим) чачкан,

Кезит, журнал маалымат ар тараптан,
Шолор менен калкыбыз көзүн ачкан.
Өнөр менен ушуларды адам тапкан
Жалгыз-ак казак-кыргыз карап
жаткан».

Осмонаалы Сыдык уулу улуураак замандаштары Шабдан Жантай уулун жана Дүр Сооронбай уулун Кемин менен Токмок аймагында медресе салдырып, элди сабаттуулукка тартканы үчүн өзгөчө мактайт. Өзү да мугалимдик кылып жүрүп, 30-жж. башында большевиктик бейадил жазалоодон коркуп, Кытайга качкан. Чет жерде жүрүп, 1940-ж. дүйнөдөн кайткан.

Дагы бир кыргыздын ири тарыхчысы **Белек Солтонкелди уулу Солтоноев** (1878-1938) Чоң-Кемин өрөөнүнөн чыккан. Жети-сегиз жашынан кат тааныган. Караколдо үч-төрт ай орус мектебинде, кийинчерээк Бишкектеги багбанды даярдоочу кыргыз мектебинде окуган. 1895-ж. тартып кыргыз тарыхын жазуу үчүн маалымат топтоп кирген. Анын *«Кыргыз-казак тарыхы» («Кызыл Кыргыз тарыхы» )* эмгеги кол жазма түрүндө сакталып калган. Белек Солтоноев 1916-ж. Атаке болуштугунун болушу катары шайланган, Улуу Үркүн маалында Кытайга качып, 1917-ж. кайтып келген. Агартуу, илимий ж.б. кызматтарда иштеген. Жазыксыз жерден репрессияга кабылып, атылып кеткен.

Белек Солтоноев өз тарых китебин мусулмандык салттык тарыхый маалыматтарды, кыргыз санжырасын, уламыштарын, салт-каадасын европалык илимпоздордун (Бичурин, Бартольд, Радлов, Аристов, Григорьев ж.б. ысымдарын өзү санап өтөт) эмгектери менен айкалыштыруунун негизинде жазууга аракеттенген. Өз эмгегин ал болочокку кыргыз тарых илимине «түбөлүктүү материал болоор» деген үмүттө жазгандыгын, анын мазмуну эң байыркы («кыргыздын тарыхка илингенинен») замандардан 1917-ж. чейинки доорду камтырын эскертет.

Кыргызстандагы көрүнүктүү илимпоздордун бири **Мырза Фазылбек Касымбеков (1863 -1919)** болгон. Анын атасы Касымбек Бадакшандагы Шугнан аймагынын беги эле. Атасы өлгөн соң, Фазылбек Фергана аймагына көчүп келип, акыры XIX к. 90-жж. тартып Ошто туруп калат. Өзүнүн тажик тилинен башка бир нече чыгыш тилдерде (анын ичинде кыргызча) жана орусча сүйлөй алган Фазылбек 1885-ж. тартып орусиялык илимпоз саякатчылардын экспедицияларына катышкан. Тибетке, Такла-Макан чөлүнө, Гиндукуштагы Кафиристан өлкөсүнө, Кашкарга, кийинчерээк Осмон султандыгына саякатка катышкан. Фазы-

лбек орус-жергиликтүү мектебинде жана өзү Ошто негиздеген «жаңы усулдук» мусулман мектебинде сабак берген.

Анын илимий салымы — 1808-ж. окуялар менен бүткөрүлгөн **Мырза Саң Мухаммед Бадахшинин «Тарих-и Бадахшан» («Бадахшан тарыхы»)** эмгегин XX к. башына чейинки окуяларды кошуп, улап жазганында болуп саналат. Айтылуу башкыр чыгышпозу **Ахмед Зеки Велиди Тоган** (1890-1970) өзүнүн 1913-ж. илимий экспедициясынын маалында Ош шаарындагы Фазылбектин үйүндө болуп, «Тарих-и Шахрухи» ж.б. сейрек чыгыш кол жазмаларынын анда сакталып жатканын көргөн. Фазылбек жарандык согуш маалында басмачы кыймылынын өкүлдөрү тарабынан өлтүрүлгөн. Мырза Фазылбектин мурасы кыргыз элинин маданий казынасынан татыктуу орун ээледи.

Европалык илимпоз-саякатчылар менен байсалдуу иштешип, кийинчерээк да илимий чөйрөгө салымын кошкон кыргыз саякатчысы жана табият таануучусу — **Садырбек Абдыбек уулу** (1871-1950) Ысык-Көлдүн Тору-Айгыр болуштугунан чыккан. Мажар (венгр) Дьердь Алмаши (1900), Г. Мерцбахер, Д. Принц, С. И. Абрамов, В. Н. Шнитников ж.б. жетектеген табият таануу экспедицияларына тилмеч, жол баштоочу, эксперт катары катышкан. Москва, Петербург, Дрезден, Гамбург, Лондон шаарларындагы музейлерге анын фауна (жаныбарлар) боюнча коллекциялары жиберилген.

Кыргыздын музыка өнөрүн оторчулук доорунда өнүктүргөн устаттардын арасында **Күрөңкөй Белек уулу** (1826-1907), **Ныязаалы Борош уулу** (1856-1944), **Мурataалы Күрөңкөй уулу** (1860-1949), **Карамолдо Ороз уулу** (1883-1960), **Бурулча Осмонбек кызы** (1863-1916), **Тойкожо Бучук уулу** (1840-1912), акын жана обончу **Боогачы Жакыпбек уулу** (1866-1935), **Ыбырай Туман уулу** (1885 -1967) сыяктуу ар кыл музыкалык жанрдын чеберлери бар эле. Алардын мурасы азыркы кыргыз өнөрү үчүн байыркы салттарды сактаган көпүрө кызматын аткарды.

Жалпысынан, кыргыз элинин салттык маданияты оторчулук мезгилинде коомдун социалдык-экономикалык, саясий жана руханий өзгөрүүлөрүнө ылайык жаңы белгилерди өзүнө камтып, ошол эле учурда кылымдар аркалаган улуттук колоритти сактаган жана байыткан.

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Манасчылык өнөрүн кимдер уланткан?
2. «Манас» дастаны европалык илим чөйрөсүнө кимдер тарабынан дайын болгон?
3. Кайсы төкмө акындарды билесиңер?
4. Жазгыч акындардын салты кайсы инсандарга байланыштуу?
5. Илимпоз-агартуучулар кимдер?
6. Кыргыз музыка өнөрүнүн оторчулук доорундагы чеберлери кимдер?

## § 27. Маданияттагы жаңы көрүнүштөр

Орусиянын оторчулугу астында калган Кыргызстандын калкы XIX к. акыры — XX к. башында маданияттагы бурулуш учурду баштан өткөрүп жатты. Борбордук азиялык жана чыгыш европалык цивилизациялар Ала-Тоо жергесинде бири-бирине тарыхый коңшу болуп калды.

***Билим берүү тармагында*** ири жылыштар окуу жайларынын сапаттык, тармактык жана сандык өсүшү менен байланыштуу болду. Кыргыздар жана башка мусулман калктар балдарын негизинен диний мектептерге жана медреселерге беришкен. 1883-ж. Ош уездинде 391 окуучусу бар 41 мектеп болсо, 1914-ж. 3170 окуучу камтылган 229 мектеп (анын ичинде — 33 кыздар үчүн) бар эле. Пишпек уездинин 21 болуштугунда 1182 бала жана 131 кыз окуган 59 мектеп аракетте болгону 1913-ж. маалыматта берилген. Каракол уездинде 2276 бала жана 42 кыз окуган 128 мектеп иштеген. Мектептеги окуучулардын саны ар кыл эле. Маселен, Токмоктогу «Ыкбал» мектебинде 1908-ж. 200 кыргыз, 36 татар, 30 өзбек, 9 дунган, 5 уйгур бала окуган. Мектептерде диний сабактар менен чектелбей, эсеп, география, тарых, табият таануу сабактарын да окутушкан. XX к. башынан тартып «жаңы усул» (жадиттик) мектептери арбып, окуучулардын жазып, окуй билүүсү тездеген.

Мусулмандык жогорку окуу жайы — *медресе* кескин көбөйгөн. 1892-ж. Түштүк Кыргызстанда 7 медресе болсо, 1914-ж. Ош уездинде 88 медресе болгон. Аларда мусулмандык укук таануу (фикх), эсеп, араб тилинин грамматикасы ж.б. сабактар өткөрүлгөн. Медресенин бүтүрүүчүсү *муфтий, казы, окутуучу (мударрис), мектеп мугалими* сыяктуу кызматтарга дайындалышы мүмкүн болгон.

XX к. башындагы мектепте тарбияланып чыккандардын арасында **Ысак Шайбеков, Абдыкалык Чоробаев, Абылкасым Жутакеев, Казыбек Мамбетимин уулу, Шамей Токтобаев** ж.б. болгон.

Орусиянын бийликтери «теги башкалар» үчүн **орус-жергиликтүү мектептерди** 1886-ж. тартып уюштура баштаган. Аларда мусулмандык билимден тышкары орус тили да үйрөтүлгөн. Падышачылык кулаар алдында 16 орус-жергиликтүү мектеп Ала-Тоо жергесинде иштеп турган. Бир чети бул — орусташтыруу саясатын көздөгөн кадам болгон, экинчи чети — орус адабиятын жана маданиятын үйрөтүп, оторчулардан нукура орус элинин маанайын бөлүп карап, кыргыздар үчүн сабаттуу болууга мүмкүндүк түзүлгөн.

Тармактык (кесиптик) мектептин алгачкы карлыгачы катары Пишпекте жана Караколдо айыл **чарба мектептери** ачылган. Мында кыргыз балдары чарбачылыктын жаңы түрлөрү менен бирге орус тили, эсеп, тарых, физика, ботаника, зоология сабактарынын элементтерин үйрөнгөн.

Орусиялык келгиндер үчүн 1870-ж. тартып секулярдык (динден тышкары) жана чиркөөлүк баштапкы окуу жайлар ачыла баштаган. 1897-ж. Бишкекте алгачкы прогимназия, 1910-ж. эркек

балдар үчүн гимназия ачылган 1911-ж. бул гимназияны **Кожомурат Сарыкулак уулу** күмүш медаль менен бүткөн. Жалпысынан, орус мектептеринде кыргыз балдары аз окушкан. 1911-ж. Караколдо да кыздар үчүн прогимназия ачылган. Бишкектеги кыздар үчүн жеке менчик окуу жай 1916-ж. кыздардын прогимназиясына кайра түзүлгөн. Анын 190 окуучусунун 11и кыргыз кыздар эле.

Оторчулук доорунда *маданий-агартуу* мекемелери (китепкана, китеп-гезит окума жайлар) түзүлө баштаган. Караколдо 1908-ж. түзүлгөн мусулман кыраатканасында (окума жайда) татарча жана орусча журналдар топтолгон. Токмокто 1912-ж. ачылган китепкананын алгачкы окурмандарынын ичинде отуздай кыргыз болгон. XX к. башында Бишкекте жалгыз гана «Эдисон» аттуу кинотеатр болгон.

1870-ж. тартып, Ташкентте чыккан «Туркестанские ведомости» («Түркстан кабарнаамалары») аттуу расмий гезит Кыргызстанга да тараган. Кыргыздар татарча, өзбекче, казакча гезит-журналдарды алып турушкан, чыгыш мусулман адабияттарынын ичинде кол жазмадагы жана 1911-ж. тартып таш басмада жарыяланган кыргызча китептер (Молдо Кылыч, Э. Арабай уулу, Осмонаалы Сыдык уулу ж.б. жазган) өзгөчө сүймөнчүлүк менен окулган.

**Саламаттыкты сактоо** тармагында да европалык салт жанданган. XIX к. 70-жж. тартып, алгачкы медициналык мекемелер (оболу — оторчул аскерлердин лазареттери, кийинчерээк — жөнөкөй адамдар үчүн фельдшердик жайлар) ачыла баштаган. 1900-ж. тартып Ошто шаардык оорукана ачылган. 1913-ж. Кыргызстанда 4 шаардык, 2 айылдык оорукана иштеген. Атайын дарыканалар да ачылган.

Кыргыз элинин саламаттыгы маселеси экинчи планда болсо да, М. В. Фрунзе, Ф. В. Поярков сыяктуу алдыңкы көз караштагы дарыгерлер кыргыздарды чечек, келте ооруларына каршы эмдеп эле жөн болушпастан, алардын Тоголок Молдо, Молдогазы Берикбай уулу сыяктуу өкүлдөрүнө да эмдөө усулдарын үйрөтүшкөн.

**Чарбачылыкта** да келгин калктардын таасири менен бир кыйла жаңылыктардын башаты ачылган. Эгерде ичкилик кыргыздары мурдатан эле отурукташкан турмушта жашаса, жарым көчмөн түндүк кыргызстандык уруулардын өкүлдөрүнүн отурукташуусу оторчулук доордо тездеген. Ал эми отурукташкан кыргыздар болсо дыйканчылыктын жаңы усулдарын, багбанчылыкты, бал аары кармоону үйрөнүп, европалыктардын кол өнөрчүлүгүн, ар кыл өнөрканаларды уюштуруусун, тегирмен, ири көпүрө, араба жол салуу усулдарын өздөштүрүшкөн. Келгиндер болсо кыргыз элинин Ала-Тоо табийгатын өздөштүрүү тажрыйбасын, жылдын ар кыл мезгилдеринде чарбачылык жүргүзүү усулдарын үйрөнгөн. Чыгыштан (уйгур, дунган) жана батыштан (орус, немис, итил-уралдык мусулман калктар) келген келгиндер менен жергиликтүү кыргыздардын чарбалык, соодалык жана руханий алакалары, алардын кийим-кечек, тамак-ашы, каада-салты ж.б. үчүн эки тараптуу таасир тийгизген.

Маселен, **кийим-кечектеги** өзгөрүүлөр Орусиянын ичкерисинен көбүрөөк келе баштаган ар кыл түрдөгү кездемелер менен да байланыштуу болгон. Кыргыз ак сөөктөрү салттык кийимдерин (баш кийимден өтүгүнө чейин) европалык кийимдерге окшоштурулган үлгүлөргө алмаштыра баштаган.

Тамак-ашы боюнча отуруктакшкан жана дыйканчылык, багбанчылык менен кесиптенген кыргыз топторунан айырмаланып, көчмөн кыргыздар өз азыктүлүгүнүн түрүн жылдын ар кыл мезгилиндеги мал чарба продукцияларына жараша өзгөртүп турган. Этнограф С.М. Абрамзондун маалыматына караганда, оторчулук мезгилде сүт жана эт акырындап экинчи даражага жылып, дан өсүмдүктөрүнүн тамак-аштагы көлөмү көбөйтүлгөн. Албетте, сөөлөттүү, бай үй-бүлөлөрдүн тамак-ашы ар түрдүүлүгү менен айырмаланган. Алардын дасторконунда Кашкардан, Анжияндан, Орусиядан келген кербендер саткан мейиз, кургатылган өрүк, курма, орус канты ж.б. азыктар береке төгүп турар эле. Кембагалдардын дасторкону бир өңчөй келип, жут маалында алар ачарчылыкка кабылышкан.

Элдик уламыштын биринде атактуу **Жантай Карабек уулу** (1794-1867) Соң-Көлдөгү көчмөн кыргыздардын ичинен Адыл кызы Ак Мөөр сулууну аялдыкка алып келгенде, сүйгөнү Болотту эңсеген Ак Мөөр эч тамак ичпей, никеге макул болбой койгондугу айтылат. Кыйылып өлөйүн деп белине кайышты бекем курчап алган Ак Мөөр Омбудан (Омскиден) келген ак кантты молдо чайга салса, анысы эрип жок болуп турганына таңданат. «Суусап турам» — деп ал айтканда, молдо чай сунат. Акын **Абдырасул Токтомушев** «Ак Мөөр» поэмасында:

«Олтурганда, Мөөркан муздак чай ичип,  
Молдо күлдү өз ичинен сүйүнө...  
— Бул эмине, ширин экен, молдоке?  
Жооп кайтарды, карап туруп түрүнө.  
— Ичип койдуң, ханга нике буюрду!  
...Бир чагым кант жетти Мөөрдүн түбүнө»,— деп элестүү жазгандай,

эзели кант көрбөгөн селки чын эле нике суу ушундай таттуу болот экен деп түшүнүп, манаптын ошол күнкү дасторкон берекесине алданып калган.

**Транспорт** жаатында да оторчулук доорунда ири өзгөрүүлөр болгон. Түштүк кыргыздар мурдатан эле эки дөңгөлөктүү ферганалык арабаларды пайдаланышкан. Ал эми түндүк жана памир кыргыздары атка, төөгө, өгүзгө, топозго жүк артып көчүп-конушкан. Анчамынча чөптөрдү чийнеге (эки бакандын учу аттын ээрине бекитилет, берки учтары жерге сүйрөлүп, алардын үстүнө жүк коюлат) салып тартышкан. XIX к. акыры — XX к. башында төрт дөңгөлөктүү орус арабалары колдонула баштаган. Алыскы сыртка чейин бул арабалар жетүүсү үчүн таштак жол салынып, атайын көпүрөлөр курулган. Түндүк Кыргызстандын Нарын сыяктуу өрөөндөрүндө солкулдабаган, бекем көпүрөлөр орусиялык бийликтер тарабынан аскердик максаттарда салынган. Көпүрө жок өзөндөрдө табигый жайык жерлер кечмелик катары пайдаланылган.

**Сооданы уюштуруу** жагынан да бир кыйла жаңы көрүнүштөр киргизилген. Эски убакта чет жердик кербендер айылма-айыл кыдырып жүрүшчү, же мал айдап Анжиян, Кашкарга чейин кетишчү. Ал эми оторчулук заманда отурукташкан келгин калктардын кыштактары өз өрөөнүндөгү соода жандуу жүргөн туруктуу базарлардын жаңы чордондоруна айланган. Маселен, Чалдыбар, Кара-Балта, Бишкек, Ош, Александровка, Токмок, Каракол, Нарын сыяктуу ири кыштак жана шаарларда базарлар жана дүкөндөр жайнап, ал түгүл айрым шаарларда жармаңкелер да ачылган. XX к. башында акчалай карыз берүү мекемелери, банк, шериктешик соодасы негизделген. Булардын баары кыргыз элинин заттык маданиятынын өзгөрүп-өнүгүшүнө, келгиндер менен этностук-маданий жана чарбалык алакаларды жаңы деңгээлде чыңдоосуна таасир тийгизген.

Кыргызстандын **коомун, табийгатын, кен-байлыктарын ар тараптуу изилдөө** иши да XIX к. экинчи жарымы —XX к. башында жаңы баскычка көтөрүлгөн. Бул доор чынында да илимий ачылыштардын мезгили болду. Кыргызстанды өз саясий чөйрөсүнө тартууга умтулган Орусия менен Улуу Британиянын атаандашуусу да бул аймакты изилдөөгө орусиялык өкмөттүн каржылоосун күчөтүү үчүн өбөлгө түзгөн.

Көптөгөн орусиялык илимий мекемелердин (Илимдер академиясы, университеттер, Орусиялык императордук география коому сыяктуу илимий коом-дор) өкүлдөрү — этнографтар жана тарыхчылар, географтар жана тоо инженерлери, ботаниктер жана зоологдор, медиктер жана ветеринарлар ж.б. адис ээлери Орусиянын аскердик мекемелеринин каржылоосунун эсебинен илимий саякаттарын жүзөгө ашырууга умтулушкан. Алардын чогулткан коллекциялары жана маалыматтары аскердик чалгын кызыкчылыгынан гана эмес, өздөрүнүн тар адистик деңгээлинен да кеңири болуп, энциклопедиялык ири натыйжаларды бергендиги менен айырмаланган.

Аскердик кошуундарга жамынып, тилмечтик да аткарып, тыңчылык да кылып, илимге да көөнөргүс салымын кошо алган Борбордук Азияны изилдөөчү — **Чокан Чыңгыс уулу Валиханов** эле. Анын маалыматтары Кыргызстандын географиясын, табият таануусун, этнографиясын, фольклорун, кыргыз элинин тарыхын, дастанчылыгын, тилин үйрөнүү үчүн чоң мааниге ээ болгон. Орус кошуунунун курамындагы топограф, картограф адистер өз баяндамаларын жазып,алар Чокондун изилдөөлөрү сыяктуу эле илимий ачылыштарга башат болгон. Алардын арасында топограф Анемподист Артемьевич Вараксин (1820-1878) болгон. Ал 1855-1860-жж. Борбордук Теңир-Тоону изилдеп, картасын чийген.

**Пётр Петрович Семёнов-Тяньшанский** (1827-1914) Теңир-Тоого, анын ичинде Ысык-Көл өрөөнүнө

илимий саякат жасап, орографиялык[1] схемасын түзгөн (1856-1857). Ал Риттер, Гумбольдт сыяктуу илимпоздордун Ысык-Көлдөн дарыя агып чыгат деген жаңылыштыгын оңдоп, так маалымат берген. Алгачкы ирет Сары-Жаздын башатына, Хан-Теңри чокусунун түбүнө келген (кыргыздар бул чокуну «Кан-Тоо» деп аташкан). Анын илимий баяндамасы Теңир-Тоо системасын изилдөөдөгү эң олуттуу башаттык ачылыш болуп калган. Ал «Теңир-Тоо вулкандардан жаралган» деген Гумбольдттун божомолун жокко чыгарган. Кийинчерээк да ал бир нече илимий экспедицияны Орусиялык Географиялык коомдун атынан уюштурууга демилгечи болгон. Бул прогрессивдүү илимпоздун эстелиги Балыкчы шаарынын жанына 1982-ж. тургузулган.

Борбордук Азияны 1870-1885-жж. төрт ирет кыдырган географ **Николай Михайлович Пржевальский** (1839-1888) бешинчи ирет саякатка аттанып жатып, келте оорусунан каза болгон жана сөөгү Каракол шаарынын жанына коюлган. Коомдук саясий көз караштары боюнча оторчул, империячыл болуп, генерал-майор чинине (1886) жеткен бул изилдөөчү Кыргызстанды башка аймактарды комплекстүү иликтөөдө чоң ролду ойногон. Каракол шаары 1889-1920, 1939-1991-жж. анын ысмын алып турган.

Орусиялык Н. А. Северцев, А. В. Каульбарс, А. П. Федченко, И. В. Мушкетов, А. М. Фетисов, Ф. В. Поярков ж.б. изилдөөчүлөр, теги чех, өзү британиялык Ф. Столичка, немистер М. Фридрихсен, Г. Мерцбахер, мажарлар (венгр) Д. Алмаши, К. Уйфальви, Д. Принц, австриялык В.Махачек, француз Г. Капю, америкалык В. М. Девис, Э. Хантингтон ж.б. изилдөөчүлөр Кыргызстандын илимий иликтенишине өз салымдарын кошкон.

Ал эми **кыргыз тарыхын иликтөөдө** оторчулук доорунда Николай Александрович Аристов (1847-ж. туулган; өлгөн жылы белгисиз), Николай Иванович Гродеков (1843-1910), Николай Михайлович Ядринцев (1842-1894), Дмитрий Александрович Клеменц (1848-1914), **Василий Владимирович Бартольд** (1869 -1930), Сергей Ефимович Малов (1880 -1937), казактар Ч. Валиханов (1835-1865), Шаакерим Кудайберди улы (1858-1931), башкырлар Ахмед Зеки Велиди Тоган жана Абубакир Диваев (1856-1933), татар Хади Атласи (1876-1938), немистер Вильгельм Шотт (1802-1880), Фридрих Вильгельм Радлофф (В.В.Радлов; 1842-1927), мажар Арминий Вамбери (1832-1913) ж. б. жүргүзгөн иликтөөлөрдүн салымдары эч көөнөргүс болду.

**Коомдук-саясий пикир.** Оторчулук доорунда орусиялык жана европалык ойчулдардын да философиялык жана коомдук-саясий ой жүгүртүүлөрү Кыргызстандын калкына жайылган. Социалдык жиктелүүнүн жаңы баскычында келгиндердин арасында социал-демократиялык, либералдык-демократиялык багыттардагы саясий түшүнүктөр кулач жайган. Аларга конституциялык монархиялык түзүлүштү жактоочулар каршы турган. Ар кандай саясий партиялардын

[1] Орография – тоолорду, жер бетин сүрөттөп жазуу.

өкүлдөрү өзгөчө XX к. башында Кыргызстандын ар кыл аймактарында коомдук пикирди өзүнө буруута аракеттенишкен.

Ал эми жергиликтүү кыргыз калкы жана мусулман калктар, бир чети, консервативдүү исламчыл чөйрөнүн, экинчи чети, европалык маданияттын таасириндеги реформаторлордун *«жадидизм»* («жаңылоо») кыймылынын өкүлдөрүнүн таасири астында болушкан. Жадидчилердин ичинен кийинчерээк демократиялык жана либералдык маанайдагы саясий уюмдарды түзүүчүлөр өсүп чыгышкан. Маселен 1917-ж. жаз-жайында «Алаш» партиясынын Бишкектеги бөлүмүн жана «Букара» союзун түзүүчүлөр кыргыз жана башка мусулман элдеринин демократиячыл маанайдагы интеллигенциясынын өкүлдөрүнөн болушкан.

Алдыңкы кыргыз зыялылары (интеллигенциясы) жана ойчулдары XX к. башында — 1917-ж. акырына чейинки доордо маркстык-большевиктик идеологияга караганда либералдык-демократиялык маанайдагы партиялардын идеологиясын, көп партиялуу системаны жактап, калайыкты илим-билимди өркүндөтүүгө, цивилизациядан артта калбоого, социалдык адилеттүүлүк үчүн демилгелүү болууга чакырган. Алардын арасындагы идеологиялык жиктелүү өзгөчө дүйнөлүк биринчи согуш маалында күчөгөн. Калайык ичинде демократтык маанайдагы кыргыз акындарынын кадыр-баркы жогору болгон.

**Корутунду.** Кыргызстандын Орусиянын курамына кирген доору кыргыз улутунун жана жалпы эле Кыргызстандын көп улуттуу калкынын маданиятынын андан ары илгерилөөсүнүн мезгили болду. Кыргызстанда европалык усулдагы шаар маданиятынын алгачкы пайдубалы түптөлдү. Чарбачылыкты экстенсивдүү усулдан интенсивдүү усулга өткөрүү үчүн алгачкы долбоорлор жүзөгө ашырылган. Колониячыл бийликтердин бир катар шовинисттик, реакциячыл саясий көз караштарынын жолтоо кылганына карабастан, Кыргызстандын калктарынын маданий жана руханий жакындашуусу күчөгөн. Европалык маданияттын алдыңкы жетишкендиктери менен жакындан тааныш болгон итил-уралдык (татар-башкыр) мусулман калктардын реформатор өкүлдөрү Орто Азияга агылып, кыргыз маданиятынын жаңыланышы үчүн, улуттук жазманын жаңы деңгээлде өркүндөтүлүшү үчүн, демократиялык ой жүгүртүүнү мусулмандык кыртышта таркатуу үчүн чоң таасир тийгизишкен.

Оторчулук доорундагы Кыргызстандын маданияты XX к. кыргыз элинин маданий өсүп-өнүгүшүнүн бир катар жаңы багыттарын аныктап берген.

?

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Билим берүү жаатындагы жаңылыктар кайсылар? Мектептердин кандай түрлөрү болгон?
2. Китепкана, басма сөз, китеп чыгаруу жаатында кандай саамалыктар болду?
3. Медициналык кандай мекемелер жаңыдан пайда болду?
4. Кокон доорунда атайын ооруканалар бар беле?
5. Чарба тармактарындагы жаңы белгилерди санап бергиле.
6. Ак Мөөр тууралуу уламыш, аңыздарды айтып бергидей болгула.
7. Кыргыздын унаасы, жолу, соодасы кандайча өзгөрүүгө дуушарланды?
8. Кыргызстанды изилдеген окумуштууларды эсиңерге туткула.
9. Калктын коомдук-саясий пикири кандай багыттарга жиктелген?

# Сөз аягы

Кымбаттуу окуучулар! Азыркы тапта Ата Мекенибиз мурда болуп көрбөгөндөй жаңылануу доорун баштан өткөрүүдө. Бул доорду салыштырмалуу түрдө **«постсоветтик ренессанс» — «кайра жаралуу»** мезгили катары да баалашууда. Арийне, бул олуттуу бааны жүзөгө ашырып, чындыкка чыгара турган муун — дал ушу силерсиңер. Ал үчүн замана талабына шайкеш болуп, ар тараптуу даярдыгы бар инсан катары эрезеге жетүүңөр керек. Силердин рухий дүйнөңөр канчалык бай болсо, ошончолук турмуш сыноолорун ийгиликтүү жеңе аласыңар.

Ата Мекен тарыхын дүйнө тарыхына айкалыштырып билүү менен дал ошол рухий казынаңар байытылышында шек жок, себеби дүйнөлүк цивилизациянын азыркы деңгээлге жетишине дүйнө жүзүндөгү бардык элдер, алардын ичинде Кыргызстандын эли да өз көөнөргүс салымын кошкон.

Автор агайларыңар даярдаган бул үч китеп эң байыркы доордон XX к. башына чейинки Кыргызстандын жана кыргыз элинин тарыхын (колуңардагы үчүнчүсү, XIX к.) үйрөтүүгө багышталган. Бул 6-7-8-класстардын окуучуларына арналган Ата мекендин тарыхы сабактарынын негизги максаттарынын бири — эң байыркы доордогу адамзаттын коомдук өнүгүү баскычтарынын Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрүн жана жалпылыктарын үйрөтүү. Дагы бир максат алгачкы көчмөн жана отурукташкан цивилизациялардын Борбордук Азиядагы очокторун жана бул очокторду жараткан тарыхый коңшулаш элдерди иликтөөгө жардамдашуу. Кыргыз элинин этностук тарыхынын негизги баскычтарын аныктоо, кыргыздарга жуурулушкан же тарыхый-маданий карым-катнаштары аркылуу алар менен өз ара таасирдеш болгон калктарды тактап берүү дагы ошондой максаттардын катарына кирет. Окуу китептери кыргыздардын жана Кыргызстандын социалдык-экономикалык, саясий, маданий өнүгүү тарыхын ырааттуу хронологиялык жана мейкиндиктик тартипте баяндоо, тарыхый процесстеги инсандардын ролун баалоого үйрөтүү ж.б. маселелерди камтыйт.

Биздин үмүтүбүз — колуңардагы бул окуу китептери силердин Ата Журттун тарыхына кызыгууңарды арттырып, өз алдыңарча билимиңерди тереңдетүүгө түрткү берсе экен. Тарых бир күндө жүзөгө ашпагандай эле, тарыхты үйрөнүү да узак убакыт тырышчаактык менен иликтөөнү талап кылат.

XX к. башы Кыргызстандын көп улуттуу калкынын тагдырындагы эң ири бурулуштардын мезгили болду. Мындай терең өзгөрүүлөр башка мамлекеттерде байырлап жаткан кыргыз топторуна да жана жалпы эле азыркы доордун адамзатына шыбагаланса да, Кыргызстан үчүн XX к. коомдук өнүгүүдөгү чоң секириктин доору болду десек жаңылышпайбыз.

1991-ж. 31-августунда Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын жарыяланышы, ошол эле жылдын соңунда СССР аттуу ири мамлекеттин тынчтык жолу менен биротоло ыдырашы, андан кийинки демократиячыл маанайдагы реформалар тегин жерден чыккан жок. Совет доорунда бул өзгөрүүлөр үчүн өбөлгө-себептер түптөлүп калганы айгинеленүүдө. Ал эми Совет доорунун өзү да, мурдагы тарыхый доорлордун ролун бөксөртүүгө канчалык аракеттер жасалып келсе да, XX к. башындагы цивилизациялык кыртыштан өнүп чыккан.

Демек, **бүгүнкү кырдаалыбызды аңдап-түшүнүүбүз үчүн эзелтеден берки тарыхыбызды таразалап үйрөнө билүүбүз абзел.**

Силерге кааларыбыз, дүйнө тарыхын, анын ичинде элибиздин, өлкөбүздүн жана коңшуларыбыздын тарыхын астейдил мамиле менен ырааттуу үйрөнгүлө. Ошондо гана силердин муун ата-баба чыйырын байсалдуу түрдө уланта алат.

# Хронологиялык жадыбал

| | |
|---|---|
| **1762-1821-жж.** | Түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгынын баш ийдирүүсү. |
| **1762-ж.** | Ош жана Өзгөн шаарларына Ирдана бийдин жортуулу. |
| **1764-ж.** | Кокон ээлигине Ажы бий жол башчылык кылган кыргыздардын чабуулу. |
| **1814, 1824-ж.** | Ысык-Көлдүк кыргыздардын элчилеринин Семейге келиши. |
| **1814 – 1816-ж.** | Чыгыш Түркстандагы Зия ад-Диндин жетекчилиги астындагы көтөрүлүшкө кыргыздардын катышуусу. |
| **1820-ж.** | Суранчы буруттун (кыргыздын) козголоңу. |
| **1820-1828-жж.** | Чыгыш Түркстандагы Жааңгер кожонун кыймылына кыргыздардын катышуусу. |
| **1821-ж.** | Кокондук аскерлердин Кетмен-Төбөгө жортуулу. |
| **1825-ж.** | Чүй өрөөнүнө кокондуктардын алгачкы жортуулу. Бишкек чебинин негизделиши. |
| **1831-ж.** | Ысык-Көлгө, Ички Теңир-Тоого кокондуктардын жортуулу. |
| **1832-ж.** | Куртка, Каракол ж.б. чептердин негизделиши. |
| **XIX к. 30-жж.** | Атантай, Тайлак баатырдын Кокон бийлигине каршы күрөшү. |
| **1842-ж.** | Шералы хандын хан көтөрүлүшү. |
| **1842-1843-ж.** | Ысык-Көлдүк кыргыздардын Кокон бийлигине каршы көтөрүлүшү. |
| **1842-ж. (1830/31)** | Ормондун хан көтөрүлүшү. |
| **1845-ж.** | Алайлык жана Ош аймагындагы кыргыздардын Кокон бийлигине каршы көтөрүлүшү. |
| **1845-ж.** | Кудаярдын хан көтөрүлүшү. |
| **1845-1847-ж.** | Хан Кененин (Кенесары Касымов) чапкыны. |
| **1847-ж.** | Май-Төбө – Текеликтин (Кекиликтин) сеңириндеги, Мыкандагы салгылашуулар. |
| **1848-ж.** | Чүй өрөөнүнө Кокон ханынын аскерлеринин жаңы жортуулу. |
| **1855-ж.** | Бугу уруусунун Орусиянын курамына өтүшү. |
| **1857-ж.** | Казак, кыргыздардын Кокон бийлигине каршы биргелешкен кыймылы. |
| **1858 – 1862-жж.** | Мала хандын бийлик кылышы. Алымбек датканын вазирлиги. |
| **1859 – 1960-жж.** | Чүй, Кемин, Ысык-Көлгө орус аскерлеринин жүрүштөрү. |
| **1860-ж.** | Токмок, Бишкек чептерин орус аскерлеринин ээлеши. |
| **1862-ж.** | Байтик баатырдын кокондуктарга каршы күрөшү. |
| **1863-ж.** | Ички Теңир-Тоого орус аскерлеринин жүрүшү. |
| **1863-ж.** | Курманжанга датка наамынын ыйгарылышы. |
| **1864-ж.** | Генерал М.Г.Черняевдин жортуулдарынын башталышы. |

| | |
|---|---|
| **1865-ж.** | Түркстан облусунун түзүлүшү. 1867-ж. Түркстан генерал-губернаторлугуна айланган. |
| **1867 – 1868-жж.** | Түндүк Кыргызстанды Орусияга толук каратуунун аякташы. |
| **XIX к. 60-жж.** | Орус, украин дыйкандарынын Кыргызстанга көчүп келе баштагы. |
| **1862-1877-жж.** | Цинь төрөлөрүнө каршы Чыгыш Түркстан элдеринин боштондук кыймылы. |
| **1866-ж.** | Сарт-калмактардын Жети-Сууга көчүп келиши. |
| **1868-ж. январы** | Кокон хандыгынын Орусияга вассалдык көз карандылыгы жөнүндө келишим. |
| **1873-1876-жж.** | Кокон көтөрүлүшү. |
| **1876-ж. 19-февралы** | Кокон хандыгынын жоюлушу, Фергана облусунун уюшулушу. |
| **1876-ж. жазы** | Жаңырык капчыгайында алайлык Абдылдабектин колу менен М. Д. Скобелевдин аскерлеринин салгылашуусу. |
| **1876-ж. июль-августу** | Падыша аскерлеринин Алай жүрүшү. |
| **1877-1884-жж.** | Дунгандар менен уйгурлардын Жети-Сууга жана Ош аймагына көчүп келиши. |
| **1898-ж. майы** | Анжиян көтөрүлүшү. |

**Окуу китебинде Кыргызстандын тарыхый маданий атласынан (түзүүчү Иманкулов М. К. ж.б. Москва 2001) айрым тарыхий карталар жана сүрөттөр пайдаланылды.**

# Класстан тышкары окуу үчүн кошумча адабияттар


1. Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX в. – начале XX в. –Ф., 1967.
2. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары: 2-китеп. –Б., 1992.
3. Аттокуров С. Тайлак баатыр. –Б., 1944.
4. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. –Б., 1995.
5. Аттокуров С. Кыргыз этнографиясынын тарыхнаамасы. –Б., 1996.
6. Газиев А. Курманжан датка, некоронованная царица Алая. –Ф., 1991.
7. Газиев Аман. Пулат-хан. Историческая повесть. –Б., 1995.
8. Галицкий В.Я. История города Пишпека. 1878-1917. –Б., 1980.
9. Галицкий В., Плоских В.М. Старинный Ош. Очерк истории. –Ф., 1987.
10. Джамгерчинов Б. Очерк политической истории Киргизии XIX в. (первая половина). –Ф., 1966.
11. Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. –М., 1959.
12. Жусуев С. Курманжан датка. –Б., 1994.
13. Закиров С. Кыргыз санжырасы. –Б., 1996.
14. История Киргизской ССР. Т.1. –Ф., 1984, т.2. –Ф., 1986.
15. Касымбеков Т. Сынган кылыч. –Ф., 1973.
16. Касымбеков Т. Келкел: Тарыхый роман. –Ф., 1986.
17. Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт / Түзүүчү К.Жусупов. 1-2-китептер, -Б., 1991, 3-том, -Б., 1995.
18. Кыргыз ССР тарыхы. Т.1. –Ф., 1973.
19. Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. –Б., 1994.
20. Медетбеков Э. Кызыл жалын. –Ф.,
21. Молдо Кылыч (Шамырканов М.) Казалдар /түзүүчү О.Сooронов/. –Ф., 1991.
22. Молдо Нияз. Санат дигарастар. –Б., 1993.
23. Мурас: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Женижок, Токтогул жана башкалар. /Түзгөн: М.К.Абдылдаев/. –Ф., 1990.
24. Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы. –Б., 1993.
25. Осмоналиев К. Ыйык жер.
26. Плоских В.М. Киргизы и Кокандское ханство. –Ф., 1978.
27. Сапарбаев К. Азалуу жылдыздар. /Жаңыл Мырза/. Поэма. –Б., 1993.
28. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер. 1,2-китептер. –Б., 1993.
29. Сыдыков О. Тарих кыргыз Шадмания санжырасы. –Ф., 1990.
30. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. –Ф., 1989.
31. Токтоналиев Ж. Хан Ормон. I бөлүк. –Б., 2000.
32. Токтоналиев Ж. Хан Ормон. II бөлүк. –Б., 2001.
33. Усенбаев К.У. Восстание 1916 г. В Киргизии. –Ф., 1967.
34. Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов /вторая половина XIX – нач. XX вв./ -Ф., 1980.
35. Усенбаев К.У. Ормон хан. –Б., 2000.
36. Урстанбеков Б., Чороев Т. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. Мектеп окуучулары үчүн. –Ф., 1990.
37. Хасанов А.Х. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-х гг.XIX в. –Ф., 1961.
38. Хасанов А.Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства. –М., 1977.
39. Чоробаев А. Тайлак батыр. –Ф., 1959.
40. Шабдан Баатыр. –Б., 1992.
41. 1916-жылкы Кыргызстандагы көтөрүлүш. Л.В.Лесная жыйнаган. Документтер жана материлдар. Эскертүүлөр. (Которгон Т.Абдылдабеков, Түз. П.Ш.Казыбаев). –Б., 1996.

Редактору А Элебесова
Корректору А. Узакова
Көркөм редактору Ю. А. Ким
Техн. редактору Ю. Балингер
Компьютердик калыпка салуучу Е. Лапшин

Версткага 30.09.09. берилди.
Басууга 30.09.09. кол коюлду.
Кагаз форматы 70x90/1/16. Көлөмү 11,0 б.т.
Заказ № К 0906005 Нускасы 69000
«Aditi» басмасы
720020 Бишкек ш., Огонбаев көчөсү, 222

«Continent Print» ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1.
тел.: (0312) 65 55 56
e-mail: postmaster@continent.kg